// Жаңы Ала-Тоо

*2013, 7 (51)*

АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖУРНАЛ
кыргыз жана орус тилдеринде

**Директор, башкы редактор Тилек МУРАТАЛИЕВ**

## РЕДАКЦИЯЛЫК ЖАМААТ:

**Айдарбек САРМАНБЕТОВ** – башкы редактордун орун басары
**Алым ТОКТОМУШЕВ –** редактор
**Жакин ТЕҢИРБЕРГЕНОВА** – корректор
**Рахим ТӨЛӨБЕКОВ** – дизайнер
**Салтанат ҮРКҮМБАЕВА** – оператор-дизайнер

**РЕДАКЦИЯНЫН ДАРЕГИ:**

720031, Бишкек шаары, М. Горький көч. – 1, тел: 53-08-84.

e-mail: Jany.alatoo@gmail.com

Күбөлүк: № 1510

*Кол жазмаларга пикир айтылбайт жана кайтарылып берилбейт. Редакция бардык авторлор жана заказчылар (китеп, жарнама, плакат, буклет ж. б.) менен кызматташууга дайыма кызыкдар. Журнал редакциянын басма-компьютердик борборунда даярдалды.*

---

## УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!

**БАРДЫК ПОЧТА ТҮЙҮНДӨРҮНДӨ «ЖАҢЫ АЛА-ТОО» ЖУРНАЛЫНА 2013-ЖЫЛ ҮЧҮН ЖАЗЫЛУУ ЖҮРҮП ЖАТАТ.**

**Жазылуу индекси – 77324**

**3 айга – 240 сом (редакциялык баа)**

---

***«Жаңы Ала-Тоо» журналын биринчи санынан баштап окуйм деген окурмандар аларды редакциядан алышса болот.***

Терүүгө 27.06.2012-ж. берилди. Басууга 19.07.2013-ж. кол коюлду. Форматы 70x100 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 14 б. т. Заказ № 1092. Нускасы 2000.

## Бул санда

**Тойчубай СУБАНБЕКОВ**
Камчысын койнуна
катпагандар ............................ 3

**Рамис РЫСКУЛОВ**
Ырлар ................................... 49

**Манас КАЗАКБАЕВ**
Классном ............................... 53
Борбаш................................... 58
Түшүнүк.................................. 64

**Ильгиз ТАЛИП**
Ырлар ................................... 68

**Абдыкерим МУРАТОВ**
Ак Саткын .............................. 72
Тешебайдын теректери ............ 83

**Аида ЭГЕМБЕРДИЕВА**
Ырлар ................................... 88

**Жылкычы ЖАПИЕВ**
Махабат баяны ....................... 94

**Мухтар АУЭЗОВ**
Көк жал..............................136

**Давид МАРКИШ**
Один ....................................158

**Андрей РЯБЧЕНКО**
Исход ...................................170

Огузнаме ..............................191

**Дөөлөтбек САПАРАЛИЕВ**
Боронбай Бекмурат уулу
жана ал мезгилдеги урунттуу
учурлар ...............................205

**Эрнест ХЕМИНГУЭЙ**
Чыгармачылыгы жөнүндө.......216

*Баарын билгим келет*............220

*Адабият жаңылыктары*.........223

Мукабанын биринчи бетинде
Кыргыз Эл акыны **Төлөгөн МАМЕЕВ – 75 жашта.**

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., М. Горький к. – 1. Телефону: 53-08-89; Факс: 53-08-91.



## Тойчубай СУБАНБЕКОВ

*Кетмен-Төбө өрөөнүндө 1953-жылы туулган. КМУнун журналистика бөлүмүн бүтүргөндөн кийин «Мугалимдер» газетасында иштеген. Ушул учурда «Кырчын» журналында эмгектенет. «Барсбек кагандын көрөр көзү», «Жээренче чечендин акыркы күндөрү», «Күнбосун ажо», «Ак өргөөгө кут түшкөндө» деген романдардын автору.*

*Проза*

# КАМЧЫСЫН КОЙНУНА КАТПАГАНДАР

**(Романдан)**

«Ары айкөл, ары билге, ары эр Барсбек каган кызыл кыргында, сары сүргүндө баатыр бабалардын жоокердик салтын бузуп, эзелки өчү барлардай кычыраган кыштын темир аяздуу мезгилинде түн катып, каракчылардай уурданып келип, ач бөрүлөрдөй чап салышкан, боз үйлөрдө уктап жатышкан жигиттерди өлтүрүшкөн Капаган[1] кагандын мустапа[2] чериктеринин далайын найза менен ат үстүнөн көмөлөтө сайып, далайын чокмор менен оройго чаап сулатып, далайын айбалта менен далыга дүп эттире уруп жыгып, үрөйдү учура кыйкырып, далайын жексен кылып, далайын жарадар кылып, акырында өзү кайып болуп кеткенден кийин айтылуу Миң-Өзөндөгү, Энесайдагы, Алтайдагы, Каңгайдагы кыргыз урууларынын ыкыбалы кыйла бөксөрө түшкөн[3]. Арадан беш-алты жыл өткөндөн кийин дал үстүнөн кудурети күчтүү Көкө теңир колдоп, дал астынан касиеттүү Жер теңири колдоп, оң-солунан,

[1] *Капаган* – экинчи Чыгыш Түрк каганатынын каардуу, амалдуу каганы.

[2] *Мустапа* – тандалган, ылгап алынган деген мааниде.

[3] Бул биздин замандын VIII кылымында, 711-жылдын кышында болгон.

алды-артынан Тоо теңири колдоп, ыптасынан Суу теңири колдоп, Кыргыз Атанын, Кыргыз Эненин даргөйү жаман бөлүнгөн, кабырга сөөгү сөгүлгөн, көзүнөн жашы төгүлгөн кулундары кайрадан чыйралып, кайрадан белди бекем бууп, кайрадан кайраттанып, кайрадан намысты колго алып, кайрадан биригип, киндиктеш урууламдын башчылары баатыр бабалардан таберик болуп калган касиеттүү Көк туусунун, Кызыл туусунун алдында кошулуп, бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып, бөлүнүп-жарылып турбай, бирдиктүү экенин көрсөтө турган болушту. Ыраактан эле ак булуттай ажайып көрүнгөндөй болгон ордосу Көгөмөндүн көк жайыгында кайрадан көтөрүлүп, жыйырма канат ак өргөөсүнө кут түштү. Ала-Тоонун кабыланындай кайраттуу, Теңир-Тоонун он эки кулач айдагарындай айбаттуу, Керме-Тоонун жолборсундай кең төштүү, Саян-Тоонун бүркүтүндөй кыраан Кутулук Билгени ак кийизге салышып, төрт бурчунан эр жигиттерге көтөртүшүп, жашыл кымкаптай кулпунган тулаңда жүрөгү көлдөй толкуган карыларды, асыл энелерди, ырыстуу айымдарды, өрттөн кайра тартпаган берендерди, өлүмдөн кайра качпаган эрендерди, коңур чечендерди, эр эгиздерди, даңазалуу улакчыларды, айтылуу жайчыларды, айтылуу саяпкерлерди, мүнүшкөрлөрдү, айтылуу комузчулар менен чоорчуларды, айтылуу тилмерлер менен саятчыларды, кадыр-барктуу манасчылар менен жамакчыларды тогуз жолу, жылдыздуу жаштарды, балдарды жети жолу айлантышып, алардын алдында ант бердиртип, башына жээги алтын менен аземделип кыюуланган, төбөсү шуштуйган ак калпак кийгизип, белине алтын кемер курчап, кынга салса кыскарган, суурул алса узарган кылыч байлап, бутуна ак жеке кийгизип, үстүнө ак күбө жаап, кайып болуп кеткен Барсбек кагандын алтын тагына олтургузушуп, өздөрүнө журт башы кылып алышты.[1] Кутулук Билге кагандын айланасына күмүшүнөн алтыны көптөрдүн, чобурунан күлүктөрү көптөрдүн, шайысынан жибеги, берметинен асыл ташы көптөрдүн, алсыздарынан алдуулары көптөрдүн, өңү серттеринен сулуулары көптөрдүн, кой-эчкилеринен уйлары менен төөлөрү көптөрдүн азгырыгына азгырылбаган көк жалдар, сырттандар, кыраандар, арстандар, жолборстор, шумкарлар алыскы аймактардан келишип, асыл муратты көздөшүп топтоло баштады. «Энесайдын, Абакандын, Эртыштын өзү болбосок да булагыбыз, акылдуу баштын өзү болбосок да кулагыбыз» дегендер буларга кошула турган болушту.

Шондон улам арадан күн өткөн сайын эр азаматтардын катары көбөйө берди. Умай бектердин, адил бийлердин, эр эгиздердин, намыстуу мырзалардын башына кайрадан күн тууп, бөксөргөн ыкыбалы

---

[1] А бул болсо 715–716-жылдар эле.

кайрадан толо түшкөндөй, ити чөп жегендей боло түштү. Кутулук Билге каган шертинде туруп, антын бузбай, убадасынан тайбай, бал тилге салгандардын кебин үжөт кылбай, чырым этип уктабай, чыканактап жатпай, касын тиккенден, кыянаттык кылгандан, жамандык каалагандан кордук көрүп калбайын, далдада туруп жаа тарткандын сыр жебесинен өлүп калбайын, ор казгандын терең оруна түшүп, азап тартып калбайын деп жүрөкзаада болбой, ат бороюн салдырып, ашуу ашып, агыны катуу суу кечип, ийри-буйру жол басып, коёнунан түлкүсү көп кокту-колотторду, бугусунан багышы көп жылга-жыбыттарды, аркарынан, кулжасынан эчки-текеси көп төштөрдү артка калтырып, алыскы аймактарды кыдырды. Коңур чечендердин, абройлуу аксакалдардын, карып калган мергендердин, баатырлардын, калыс бектердин, адил бийлердин, айтылуу жамакчылар менен комузчулардын, эр эгиздердин, жүрөгүндө жалы бар, көзүндө оту бар, көкүрөгүндө куту бар жылкычы жигиттердин, балбан билек, жолборс жүрөк найзакерлердин, бөрү көздүү, арстан жалдуу, илбирс жолдуу айбалта чабарлардын, туу жыгаар мырзалардын, кайраты толук, заары күч шерлердин, ырыска шерик айымдардын, нарктуу байбичелердин, даңазалуу жайчылардын, саяпкерлердин таасирдүү кебин угуп, айтылуу чоорчулардын күүсүн, ак таңдайлардын ырын угуп, кыйла күндөн кийин Көгмөндүн көк жайыгындагы ордосуна кайтып келди. Ордодогу аттуу-баштуулар, кайраттуу чоролор кучак жайып тосуп алышты. Эр каган алтын тагына кыраандыгы ченде жок бүркүттөй кымпыйып олтуруп, аларга көңүлү чалкып кайтканын айтып берди да, инабаттуу жакшылардын, кыраан чоролордун да канаттуу кептерин берилип эшитти. Нарктуулугун, кашкөйлүгүн көрсөтүп, ордунан козголуп койбоду. Аттуу-баштуулар, эр чоролор көйкашка кагандын ушунусуна ыраазы болушту. Анан жай-жайына тарашты. Эки-үч күн тыным алгандан кийин Кутулук Билге каган ойго чөмүлбөй, жаай турган күндөй түнөрбөй, кабагын карыш салбай, Алтын-Көлдүн жээгинде ит агытып, куш салбай, черин таратпай, шерлер менен, чоролор менен кеңешип, жортуулга аттануу үчүн камылга көрүүгө киришти. Бул бат эле бүтпөй, эки-үч аптага эмес, төрт-беш айга эмес, жылга созулуп кеткендей болду. Шашкан шайтандын иши эмеспи. Шондон уламбы, Кутулук Билге каган шашылган жок. Ар кандай имишти айткандар, оозуна келгенди оттогондор да болбоду. Баарынан ушул жакшы болгондой. Камылга толук көрүлүп бүткөндөн соң Кутулук Билге каган күндү карап, жылуу нуруна жүзүн тосуп, күн нурунан кубат алып, Күн теңирине сыйынды. Анан тоону карап, тоодон кубат алып, Тоо теңирине сыйынды. Көйкашка шерлер менен кыраан чоролор да ошентип табынышты. Жаачылар, найзакерчилер, кылычкерлер, айбалта чабарлар да ошентип табынышты. Кайгуулдар, сакчылар, жесекчи-

лер да ошентип табынышты. Боз тайдын, боз байталдын, боз бээнин көкүлүнөн, кулагынан карматышып, ай туягынан чалдырышып, ата-бабалардын арбактарына сыйынышты. Кызыл Тууну көкөлөтө көтөрүштү. Казатка, жортуулга аттанышардын алдында баатыр бабалардын салты ушундай эле. Булар да ошону кайталашты. Ошонун эртеси Кутулук Билге каган жибек жалы жайылып, кыл куйругу суудай төгүлгөн, бугудай моюн бураган, буудан сындуу боз тулпарын минип, алтын кемерине айбалта кыстарып, карыга калкан илип, колуна сыр найза алып, жонуна жаа, жебе толгон саадак асынып, Кыргыз Атанын касиеттүү Кызыл Туусун Туу башына көтөртүп, өлүмдөн качпаган, өрттөн кайра тартпаган берендерди, эрендерди, илбирстей чамынган найзакерлерди, бука моюн, буура сан айбалта чабаларды, балбан билек, жолборс жүрөк кылычкерлерди, көк жал жаачыларды, жалындан жалтанбаган жигиттерди баштап, теги бирге, түбү бирге экенин унутушкандай болуп, кыянаттык кылышып, алпейимди ала бергендерден, жайыттагы үйүр-үйүр жылкыга тийип, сары таман аттарды, күлүктүгү манжууда жок аргымактарды, азоо тайларды, байталдарды айдап кеткендерден, алгыр тайгандарды, кыраан бүркүттөрдү тартып алгандардан, кыз-келиндерди ыйлатып, чал-кемпирлерди сыздатып, балдарды чыркыратып, мүлктү тоноп, боз үйлөрдү кыйратып тургандардан өч алуу үчүн, кан күсөгөн карышкырлардай чап салгандардын кабырга сөөгүн сындырып, кара көзүн кашайтып, чымындай жанын чыркыратып, сазайын берүү үчүн жортуулга жөнөдү. Эгерде аларың мындай кылбаганда, кабырганы кайыштырбаганда, зээнди кейитпегенде, минтип жортуулга аттанбайт эле. Жортуул деген жортуул да. Казат деген казат да. Аёо деген болбойт. Ылым саноо деген болбойт. Боор ооруу деген болбойт. Сыр жебе зыркырап, каршы-терши учуп, чекелерге шак эте кадалып, айбалталар айдалыга дүп эте урулуп, чокморлор оройго чабылып, кылычтар башты шылый шилтенип, күрү-күү күчөп, кызыл кыргын, сары сүргүн болуп, кан суудай агып, ат өлүгү зоо болуп, жоокер өлүгү тоо болуп калат. Эстери ооп эңгиреп, шайы кетип шалдырап, көздөрү алактап, жер кучактап далдайып, ошол жерден туралбай калгандар сайдын ташындай жайнап калат. Мына ушуну билип туруп эле аттанды да. Суу жүрөктүк кылса аттанбайт эле. Көкө Теңир колдоп, ата-бабалардын арбактары колдоп, жолу болду. Күн теңири колдоп, Тоо теңири колдоп, айыгышкан айкаштарда астын болбой, үстүн болду. Камандай күркүрөгөндөрдүн, желмогуздай кыйкыргандардын далайын жексен кылып, тизелүүнү тизеге чаап бүгүлтүп, баштууну ийилтип, оолукканды озондотуп, жинденгендин жинин кагып, олжого карк болду. Мына ошентип, кас душмандардай кордук көрсөтүшкөндөрдөн, кан төккөндөрдөн, жүрөктү сыздаткандардан өч алып, жеңишке жетип, кут түшкөн ордого кыраандыгы ченде жок

бүркүттөй шаңшып кайтты. Биримдик бекем болсо, эрк майышпаса, көз өткүр, жүрөк калтаарыбас болсо ушул экен да. Чыккынчылар менен коркоктор болбосо, алтын башын, кара жанын аман алып калууну ойлобогондор, душманга колтук ачкандар болбосо, өр таянып качкандар, токойго кирип, ошо бойдон чыкпай койгондор болбосо ушул экен да.

Ошол тапта бийлер адил, бектер калыс эле, мырзалар билге, баатырлар менен шерлер ынтымактуу эле. Ошол тапта уздар сарамжалдуу, байбичелер ырыстуу, нарктуу эле. Ошол тапта жигиттер, боз уландар намыстуу, күйүмдүү, кайраттуу эле, карыялар барктуу, акылдуу эле, чериктер кыр-кырларда желип-жортуп жүргөн карышкырлардын көк жалдарындай жүрөктүү эле. Ошол тапта ырыстуу айымдар менен ажардуу, нурдуу келиндер күндөй мээримдүү эле, беш көкүл кыздар ыйбаалуу, эстүү эле. Ошол тапта малдуу-жандуулар жоомарт, жетим-жесирлерге, жарды-жалчыларга кайрымдуу эле, отунчулар, ээрчилер, жол кайгыган кайгуулдар, сакчылар ток эле, аттуу-баштуулар багар-көрөрү жокторго, жортуулда, казатта, чабышта курман болгондордун үй-бүлөсүнө, кул-кутандарга, кедей-кембагалдарга, ата-энелеринен ажырап калгандарга күйүмдүү эле, журт бузарлар, кастарын тиккендер менен табакташ болгондор жок эле. Жумурай журттун башына күн тууп, ити чөп жеп, тайгандары алгыр, шумкарлары менен бүркүттөрү кыраан, тайлары күлүк, балдары чыйрак, бышык боло турган.

Күндөр билинбей өтүп, апталар айларга толуп, айлар жылдарды дөңгөлөтүп далай мезгилдер алмашып, далай суулар акты. Кутулук Билге каган шоораты далайга жеткен Барсбек кагандын жолун жолдоп, учугун улап, кең пейилдик, кашкөйлүк, адилдик, айкөлдүк кылып, сезими тоо суусундай тунук, дили ак бектери, акылга бай бийлери, кабылындай кайраттуу шерлери, кыраан чоролору, инабаттуу жакшылары, сандыргалуу аксакалдары, нускалуу байбичелери, жышааналуу жигиттери, беделдүү кеңешчилери, ыба караган мырзалары, айтылуу комузчулары, жайчылары, саяпкерлери, мүнүшкөрлөрү, көзгө атаар мергендери, чоорчулары, ак таңдайлары, коңур чечендери, колунан көөрү төгүлгөн усталары, сарамжалдуу уздары, төлгөчүлөрү менен чечиле сүйлөшүп, ашуулардын түбүнө сакчыларды койдуруп, алардын жатак үйүн өзүнчө, эт-майы, отуну сакталчу үйүн өзүнчө тиктирип, камкордугун көрсөттү. Саятчыларды, тилмерлерди, эмчи-домчуларды, куучуларды, бакшыларды, тайганчыларды канатына калкалады. Кол башчылардын, эрендердин, берендердин, киндиктеш уруулардын зардалдарынын мартабасын арттырып, золобосун көтөрүп, жол кайгыган кайгуулдардын айыл четин жесешкен жесекчилердин, читте турган чериктердин үй-бүлөсүн айран-сүттөн, оокат-аштан өксү кылдырбады. Казынаны сан

байлыктарга толтуруп, каганаттын аймагына кастарын тиккендерди жолотпой, журт бузарлар менен душманга колтук ачкандарды билип калса, аларды дароо терең орго салдырып, каганатты оожалтууга жетишти. Эр каган да! Айкөл каган да! Бөтөндөрдүн журт бийлеген элтеберлери, таркандары, тутуктары, кандары, кагандары менен алака түзүлүп, карым-катнаш күчөй баштады[1]. Бул эмнегедир бөтөндөрдүн, каны бөлөктөрдүн төбөлдөрүнө, кол башчыларына, кагандарына эле эмес, түбү биргелердин, теги биргелердин бир тобунун таркандарына, тутуктарына, кандарына, элтеберлерине, баатырларына жакса, бир тобуна жаккан жок. Айтор, ошондонбу, ушундайлардын айланасына алдыртан азуусун айга жангандар, ичинде кара кылы айланбагандар, өзүн өзгөлөрдөн өйдө койгондор, тымызын тамызгы таштамакчы болгондор, тишин шакылдаткандар топтоло баштагандай болду, буларга: «Эгерде энесайлык, миңөзөндүк, алтайлык, төбөйлүк, чоң-жылдыздык, кичи-жылдыздык кыргыз урууларын тынч койсок, алардын кулачы узарып, койну кеңейип, арстандай айбаттуу болуп кетчүдөй түрү бар. Эгерде булардын эркине койсок, жолборстой күркүрөп, илбирстей чамынып, бүт бардыгыбызга сез көрсөтчүдөй. Эгерде буларды ушундайында тизеге чаап, тез арада бүгүлтүп койбосок, айдагардай оп тартып, бүт баарыбызды жутуп коё тургандай» дегендер кошулду жана да: «Кылычы кандуу, аты күлүк, жигиттери өткүр, жоокерлери жүрөктүү, эрендери, берендери кайраттуу, мырзалары акылдуу, бийлери барктуу кыргыздардын ушундай кезинде эбин таап, ордосун ойрон кылып, эр каганын өлтүрүп, көйкашка шерлерин жексен кылып, чоролорун, көк жалдарын, кыраандарын катуу тепкилеп, кабыргасын сындырып, баатырлары менен балбандарынын сөөгүн какшатып чагып таштабасак, буларың Тарбагатайдын, Текестин ары жагындагы, Кебез-Тоонун бери жагындагы, Жети-Өзөн, Алай, Арпа, Чатыр-Көл, Какшаал, Ак-Буура, Каркыра, Үзөңгү-Кууш тараптагы, Сары-Челек, Соң-Көл жактагы, Сок, Козу-Баглан, Чаткал, Талас, тогуз куймалуу Курагаты Чүй, Нарын, Ак-Суу дайраларынын бойлорундагы, ырыскы көктөн куюлган Ысык-Көлдүн кылаасындагы

---

[1] Мына ушуну кыргыздардын канзуулар менен соода сатык жүргүзүшүп, сары таман аттарын алардын жибегине, шайысына, кымкабына жана башка керектүү буюм-тайымдарына алмаштырып турганы тастыктагандай. Ушундай алака канзуулардын каганы (императору) Сюань-цзундун (712–742-жылдары), Тянь-баонун (742–755-жылдары) бийлик жүргүзүп турган убагына дейре токтогон эмес. Атурсун 722–723-жылдары кыргыздардын элчилери канзуулардын каганы турган ак сарайга барып келген экен... Элчилер тобун жетектеп баргандардын алгачкы эки башчысына аскердик чин ыйгарылыптыр. Дегинкиси, белек-бечкек тартуулоо менен коштолгон элчилик байланыш адатта жылдын баш жагында, же жылдын аягында өтүлүүчү салтанаттын убагына туш болгондой. Мындай учурда элчилер сый-урмат көрүшүп, сыйлык алышкандай.

киндиктештери, кандаштары менен биригип, Улуу Тоо менен Улуу Талаанын ээси болуп калышчудай», – дешип көралбастык кылгандар кошул-ташыл болушту. Мына ошентип тукургандар менен көкүткөндөр көбөйгөндөн көбөйө берди. Ынтымакта болууну, тынч жашоону каалашпаса, үстөмдүк кылууну эңсешсе, от менен ойношсо, кылдан кыйкым табышса ушул экен да. Куду ушундай кырдаалдан койкулардын элтеберлери, таркандары, тутуктары пайдаланып калышмакчы болушту. Ошондон улам эзелки өчү бар, кетпес кеги бар кастардан бетер кудуңдашып, туш-тарапка чабармандарын чаптырышып, кара кытайлар менен ширбилердин жана өздөрүнө баш ийген дагы бир топ уруулардын эр азаматтарын да өздөрүнүн черүүсүнө кошуп, баатыр бабалардын жоокердик салтын бузушуп, талаанын жалгыз ээси болууну эңсешип, көкүткөндөр менен тукургандардын тилине киришип, баарынан жаа, жебе, калкан, чокмор, кылыч, найза, соот-чопкутту арбын алышып, сары таман аттарды, жалданма жасоолдорду, азык-түлүктү мол алышып, жоокерлерин көбөйтүшүп, жөө туман түшүп турганда Миң-Өзөндү басып киришти. Уй түгүндөй көптөрдүн, курал-жарактары мыктылардын айгайлаган чуу менен каптаганы ай! Көптүк кылышып, жан аянбай каршылык көрсөтүшкөн миң-өзөндүктөрдү өлтүрүшүп, карып калган ажону сулатышып, ак өргөөлөрдү өрттөшүп, катын-калачтарды ыйлатышып, балдарды чыркыратышып, айылдардын будуң-чаңын чыгарышып, жарды-жалчылардын конуштарын азан-казан түшүрүп, айдай сулуу кыз-келиндерди, боз уландарды, өспүрүмдөрдү туткундашып, мал-мүлктү талап-тоношуп, үйүр-үйүр жылкыны, короо-короо койэчкини айдап кетишти.[1]

Бул миң-өзөндүк кыргыз уруулары үчүн чоң жоготуу, оор кайгы эле. Жоо чапкан журт каралуу, бөрү тарткан мал жаралуу да. Кызыл кыргындан, сары сүргүндөн аман калгандардын бир тобу туш-тарапка көчүп кетишкендей болду. Ал эми Миң-Өзөндөн эч кайда көчүп кетпегендер мүңкүрөп калышпай, жүрөксүп калтаарышпай, кайрадан чыйралашып, жалтактап жалтанышпай тике карашып, койкуларын коюп кетишкен таркандарына баш ийишпей, өздөрүнчө моюн толгошуп, баатыр бабалардын жоокердик салтын бузушканын, арбактарды нааразы кылышкандарын, Теңирдин каргышына калышканын айтышып, кыр көрсөтүшүп, алардын барманын аткарышпай, билгендерин жасай беришти. Таркандар жинденишип, балбан билек, таш жүрөк жан-жөкөрлөрүн көбөйтүшүп, ар кандай айла-амалды колдонуп көрүштү. Ошентсе да булардын белин мертинтип, эркин майтарыша алышкан жок. Кантсе да түптүү журттун, уюткулуу журттун, жоокер журттун урпактары эмеспи. Кыйын

[1] Бул 758-жылы эле.

кезеңде курчуган, түгөнгөн сайын түтөгөн, түбүнөн кайра күчөгөн кыргыздын өмүр көчүн уланта беришти. Анткен менен чөлгө кеткендердин, тереңге түшкөндөрдүн, токойго киргендердин айрымдары кайрылып келишсе, айрымдары кайтып келишпеди. Мына ушулардын балдары берен аталарындай, эрен агаларындай болбоду, мына ушулардын кыздары ак көрпө жайыл апаларындай, уз эжелериндей болбоду. Мына ушулардын үкөлөрү эр көкүрөк акелерин тартпады, байкелери баатыр абаларындай болбоду. Үрөйү учуп, жүрөгү түшүп калгандай... Жан сактоонун амалын издеп, каны бөлөктөрдөн келин алып, теги башкаларга кыз берип намыстанышпай, ойлонушпай, кайраттанышпай, ошолордун ырын ырдашып, бөдөнөлөрдөй бөйпөңдөшүп өлбөстүн отун жагышты. Азап тартышса, кордук көрүшсө, капкайдагыны угушса, азыткыдай азгыргандардын тилине киришсе, арданышпаса, асыл мuratты көздөшпөсө ушундай болушат да. Бөтөн жерде, бөтөн элде жүрүшсө, эптеп өлбөстүн күнүн көрүшкөнүнө кайыл болушса, ата журтуна кайтып барууну ойлоп коюшпаса, анан ушундай болушат да.

Ал эми өз журтунда, өз ата-конушунда калгандар биротоло мажүрөө тартып калбады, сайда саны жок, кумда изи жок болуп кетпеди. Жоокерлери сайдын ташындай көптөрдүн, кошуундары арбындардын, сакчылары жайнагандардын арасына аралашып, биротоло аларга дилин, дитин берип койгон жок. Кадимкидей эле күн нурунан кубат алып, Күн теңирине сыйынган, кадимкидей эле тоону карап, тоодон кубат алып, Тоо теңирине сыйынган Кыргыз Атанын, Кыргыз Эненин урпагы экенин, башына оор мүшкүл түшкөндө чөгүп кетпегенин көрсөтүшүп, санжыргалуу аксакалдардын айтканы менен болушуп, бөтөндөрдөн келин алышпай, бөтөндөргө кыз беришпей, жакшылыктын шамы кайрадан күйөрүнөн үмүт үзүшпөй, нарктуу байбичеси, намыстуу жигити, ыйбаалуу келини, эстүү беш көкүл кызы, зээндүү боз уланы, ала жипти аттабаган айымы, чыгаан саяпкери, чыгаан мүнүшкөрү, колунан көөрү төгүлгөн устасы, сарамжалдуу узу, айтылуу комузчусу, чоорчусу, коңур чечени, көңүлү тетик, акылы жетик мырзасы, көзгө атаар мергени, даңазалуу тайганчысы, бүкчүйгөн чал-кемпири, оор басырыктуу төөчүсү, салкын кандуу уйчусу, момун койчусу бөтөндөргө, кастарга, залимдерге, жасоолдорго, таркандарга, тутуктарга билдирбей, өздөн чыккан жаттарга угузбай: «О, кудурети күчтүү Көкө теңир! Бу жоокерчилик заманда ай күн менен жакшы, эр эл менен жакшы. Биз убагында арбашкан менен алышкан, кагышкан менен кармашкан журт элек. Биз убагында кегин ичине, камчысын койнуна катпаган, эч кимге кулдук кылбаган журт элек. Биз убагында уюткулуу, түптүү журт элек. Далайлар азууларын көрсөтүшкөндөрдөн качып келишип, биздин меймандос журтубуздун арасында турушуп, бала-бакыралуу, малдуу болушуп,

абдан тыңыгандан кийин кайтып кетишти эле. Эми арабыздан айкөл Манас баатырдай эр чыкса экен, Семетейдей шер чыкса, Сейтектей кыраан чыкса экен. Каныкейдей, Айчүрөктөй, Кенжекедей жез оймоктун эптүүсү, аялзаттын мыктысы чыкса экен. Кошой атадай, Бакай бабадай даанышман чыкса экен. Тай качырбас боз айгырдай, боз шумкардай болгон Барсбек кагандай, Кутулук Билге кагандай журт башы чыкса экен. Акылы жетик, көңүлү тетик, кайраты толук Умай бектердей көйкашкалар, адилдер чыкса экен. Эрен-Улугдай, Эзгене-ичергидей, Тексин-иналдай, Күлчордой көйкашка кол башчылар чыкса экен. Умай бийдей, Түмөн бийдей, Көл Жасак бийдей акылдуу, кайраттуу, барктуу, намыстуу бийлер чыкса экен. Ийри-буйру жол басып, ийри-буйру суу кечип, ашуусу бийик тоону ашса экен, тар капчыгайдан, тайгак жолдон, жаман кыядан өтсө экен. Ой-тоону кыдырып, кол курай баштаса экен. Эр ажону өлтүргөндөрдөн, ак өргөөлөрдү өрттөгөндөрдөн, боз үйлөрдү кыйраткандардан, кыз-келиндерди ыйлаткандардан, чал-кемпирлерди сыздаткандардан, аталар менен апаларды кайгы-муңга батыргандардан өч алып, өчкөн отту тамызып, чөккөн көңүлдү Байкөлдөй чалкытса, канаган жүрөктү Ысык-Көлдөй толкутса экен», – дешип өздөрүнчө акырын сүйлөшө, акырын тилеше турган болушту. Айтор, ошондонбу, шоокуму алда кайдан угулган Энесайдын, Абакандын, Эртыштын, Иленин, Текестин, Каштын, Жаркендин, Какшаалдын, Ак-Суунун, Үзөңгү-Кууштун, Каркыранын, Улук-Чаттын, Нарындын, Чүйдүн, тогуз куймалуу Курагатынын, Таластын, Чаткалдын, Көкарттын, Кызыл-Суунун, Козу-Багландын, Соктун, Ак-Бууранын, Чычкандын, Узун-Акматтын бойлорунда көчүп-конуп жүрүшкөн кыргыз урууларынын ити чөп жеп, кайрадан аларды Көкө теңир үстүнөн колдоп, кайрадан Жер теңири астынан колдоп, төрт тарабынан Тоо теңири колдоп, ыптасынан Суу теңири колдоп, кайрадан баарына жакшылык ыроолоп, ырыскы чача баштады. Кайрадан шерлердин, кыраандардын, көк жалдардын ташы өргө кулап, кайрадан жылдызы жанып, башына күн тууй турган болду. Уюткулуу журттун, түптүү журттун кырк канат ордосу көтөрүлүп, ак булуттай ажайып көрүнгөн ак өргөөсүнүн түндүгүнөн кут түштү[1].

Опол-тоодой заңкайган, кыраан бүркүттөй кымпыйган, кабыландай керилген Эр Жагылакар кан алтын такка олтуруп, эки тизгин бир чылбырды колуна алды. Бул дүңк эле дей түштү. Туш-тарапка чагылгандай тез тарады. Буга кубангандар болду, буга жини келгендер болду, буга кайдыгер карагандар болду. Ыраактан эле ак дөбөдөй даңкайып көрүнгөн ак өргөөдө Эр Жагылакар мына ушуну сезип, кан жамбаштап жатпай, коңурукту кош тартып уктабай, салкын төрдө

[1] Бул б.з. IX кылымында болгон эле.

сайран курбай, ажайып кооз капчыгайда айдай сулуу канышасы менен кучакташып жыргалга батпай, көл жээгинде сейилдебей, күндөй нурдуулар, ай-чырайлуулар менен дуулдап көңүл ачууну ойлобой, азыткыдай азгырмакчы болгондордун, алтын-күмүштү, күлүктүгү манжуулары жок тулпарларды, түрмөк-түрмөк шайыны, түрмөк-түрмөк жибекти, алгыр шумкаларларды, кыраан бүркүттөрдү берип, торго түшүрүүгө аракет кылгандардын бал тилине эрибей, көйкашкалыгы менен нарктуулугун көрсөтүп, булардын шагын сындырды. Кара жанын карч уруп, чабылганды, чачылганды жыйып, үзүлгөндү улап, өчкөн отту тамызып, өлгөн жанды тиргизди. Айбугу чоро, Тану Алп, Ургу Алп, Төлөш Алп, Чугу Алп, Тутук Ынанчы кабыландай кайраттуулугун, арстандай айбаттуулугун эле эмес, акылга дыйкандыгын, жоонун сырын билгендигин, өлүмдөн качпастыгын, өрттөн кайра тартпастыгын көрсөтүшүп, шертинен тайбай, убадага бектигин, ээк астында элди ойлогондугун көрсөтүшүп, айланасына эр жүрөк жигиттерди, эр көкүрөк боз уландарды, намыстуу, кайрымдуу мырзаларды топтошуп, Эр Жагылакар кандын өйдөдө өбөгү, ылдыйда жөлөгү болду, көкөлөп учаарына канат, кайкып конooруна куйрук болду. Эби менен иш бүтүрүшүп, кеби менен сөз бүтүрүштү. Бири-бирине арка-бел болсо, тирек болсо ушул тура. Арасынан кыл өтпөсө, асыл муратты көздөсө ушул тура. Сайдын ташындай жайнаган черүүсү барлардын, казынасында алтыны, күмүшү, бермети, асыл ташы, жибеги, шайысы, кымкабы молдордун, короосунда жылкысы, төөсү, кой-эчкиси көптөрдүн дүнүйөсүнө азгырылбаса кастык отун жаккандарга колтук ачпаса, койнунда котур ташы барлардын бал тилине кирбесе, өздөн чыккан жаттарды катуу жазаласа, адилдиктен тайбаса ушул тура. Асыл муратты көздөсө, ээк астында жумурай журтту ойлосо, намысты колдон алдырбаса, текебердүүлөр менен тең ата болсо, арасынан кыл өтпөсө ушул тура. Касиеттүү Кыргыз Атанын, айкөл Манас шердин кулундарынын, урпактарынын таалайына жаралышканын айкындап коюшту.

А бирок дагы туш-туштан жоо чыгып, кастарын тиккендер жакадан, карышкырлар этектен ала баштады. Буларга каршы турбаса да болбойт эмеспи. Үрпөйүп кылыч көтөрбөсөң, найза сунбасаң жеп коюшчудай, мойнуңду толгоп, колуңду кайрып, көргүлүктү көрсөтүп, койдой айдап, аттай минип өгүздөй жүк жүктөп алыша тургандай, казынаңды талап-тоноп кетишчүдөй, ордоңду ойрон кылышчудай. Бул баарынан жаман, баарынан коркунучтуу, жеткен кордук эмеспи. Мындайга чыдоо дегеле мүмкүн эмес. Азап тартып, кор болуп жашагандан көрө кармашып өлгөн артык эмеспи. Шондуктан карсылдашкан кармашуу, чартылдашкан чабышуу, айыгышкан айкаш кыйла мезгилге созулуп кетти. Төрө-Көл тарапта, Төбө өрөөнүндө кызыл кыргын, сары сүргүн күчөп, кан суудай акты, киши өлүгү

дөбөдөй үйүлдү, ат өлүгү сайдын ташындай жайнап калды. Боз үйлөр өрттөлүп, өргөөлөр кыйрап, журтта катуудан тулга, жумшактан күл калды. Анткен менен кыраандар, көк жалдар, азаматтар, шерлер, эрендер, берендер майышкан жок, жышка жашынышкан жок. Шондон улам чөлгө кеткендер болбоду, тереңге түшкөндөр болбоду, деңиз тарапка көчкөндөр болбоду, эреңге бозгондор болбоду. Кулагынан үрккөндөр, жүрөксүп калтаарыгандар болбоду. Күн теңирине сыйынышты, Тоо теңирине сыйынышты, Суу теңирине сыйынышты, От теңирине сыйынышты, Жер теңирине сыйынышты, ата-бабалардын арбактарына сыйынышты. Көкө теңирден тилек кылышты. «Жакшы тилек – жарым ырыс» эмеспи.

Эр Жагылакар кан, Айбугу чоро, Тану Алп, Ургу Алп, Төлөш Алп, Чугу Алп, Тутук Ынанчы жылдызын жерге түшүрбөй, ындынын өчүрбөй, «Борбаштар канчалык кыраан болсо да, боз торгойлордой алы жок. Ач бөрүлөр арык экенин билгизбей, иттерге жүнүн үрпөйтүшүп, тиштерин шакылдатышат. Биз ач бөрүлөр да, борбаштар да эмеспиз. Найза сунганга калкан тособуз, союл камдаганга токмок көтөрөбүз. Чап салганга кылыч шилтейбиз. Өздөрү катылышууда. Биз аларга катылган жокпуз. Кудурети күчтүү Көкө теңир баарын көрүп турат, баарын билип турат. Биздин чериктерибизди Көкө теңир колдосун!» – дешип шерденишти, ат бороюн салдырышып, жер кыдырышты, эл аралашып, кайрадан кол курганга киришти. Антишпесе тигилер кырга чыгып алышчудай. Кыргыздардын кыраандарынын ушунусун угуп калгандардын, ушунусун көрүп калгандардын, ушунусун билип калгандардын куйкасы курушту, итатайы тутулду. Ал эми ыраактагы киндиктеш уруулардын, киндиктеш уруктардын, мындан кабардар болгондорунун жүрөктөрүндө кадимкидей кайрат жаралып, намысы курчуду. Ойдогулар менен чөлдөгүлөр тайгак жолду басышып, тар капчыгайды өрдөшсө арсактерсек аскалардын арасындагыларга барышса, тоодогулар ойго, чөлгө түшүп, кайрадан Кыргыз Атанын, айкөл Манас баатырдын касиеттүү Көк Туусунун, Кызыл Туусунун алдында биригишип, кайрадан бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарышып, ынтымакта болуу керектигин какшап айтышты, торгойдой таңшып айтышты, жамгырдай төгүп айтышты, муңайым муңканып айтышты, буурадай буркулдап айтышты, бүркүттөй шаңшып айтышты, коңур чечендей жаагын жанып айтышты, даңазалуу жамакчыдай куюлуштуруп айтышты. Ушинтишкени ырас болуптур. Мындай көрүнүш айдагардай айбаттуу Эр Жагылакар кандын, көйкашка кол башчылардын, кара кашка тынарлардын, кызыл кашка тынарлардын, көк жалдардын, сырттандардын, эр жүрөк берендердин, эр көкүрөк эрендердин, туу жыгар жигиттердин күчүнө күч кошуп койгондой болду. Күн теңири колдоп, Тоо теңири колдоп, ата-бабалардын арбактары колдоп, Көкө

теңир тилегин кабыл кылгандай болду. Кошуундар көбөйүп, жоокерлер көбөйүп, азаматтар көк жалдардай болуп калышты. Кызыл кыргында, сары сүргүндө «Өлтүргөн сайын өрчүгөн кыргыздардын, түгөнгөн сайын түтөгөн кыргыздардын казандарын көмкөрөлү, өргөөлөрүн кыйраталы, күлүн көккө сапыралы, ордосун ойрондойлу, кыз-келиндерин күң, уландарын кул кылалы» дегендердин жер жайнаган черүүсү жеңилип, өздөрүнүн ордосу ойрондолуп, айкаштан аман калгандары, кулагынан үрккөндөрү тоону карай качышты, көлдү карай качышты, жышты карай качышты, камышты, бадалды карай качышты, Улуу сепилди карай качышты, Сары-Сууну карай качышты, чөлдү карай качышты[1]. Бай-Көлдөн тартып, Улуу сепилге, Улуу Талаага чейинки аймактар кайрадан уюткулуу журтубуздуку болуп калды. Улуу кыргыз каганаты түзүлүп, тону жоктор тондуу, өтүгү жоктор өтүктүү, малы жоктор малдуу, төөсү жоктор төөлүү, боз үйү жоктор боз үйлүү, тайганы жоктор тайгандуу кушу жоктор куштуу, күлүгү жоктор күлүктүү болуп калышты. Жумурай журттун каны айкөл, адил, кол башчылары көйкашка, бийлери менен бектери калыс, билге болсо, жигиттери жалындан жалтанбаган, эрендери менен берендери өрттөн кайра тартпаган, боз уландары болоттой курч болсо, аксакалдары санжыргалуу, байбичелери нарктуу, айымдары ырыстуу, уздары сарамжалдуу, келиндери ыйбаалуу, мырзалары намыстуу болсо, мүнүшкөрлөрүнүн, саяпкерлеринин, усталарынын, жайчыларынын, табыптарынын, бакшыларынын, мергендеринин арасынан кыл өтпөсө, бирин-бири колдоп турушса, байлары берешен, кыздары дилбар, эстүү, жароокер, өспүрүмдөрү чыйрак, бышык болсо ушул экен да. Шерлер шертин бузбаса, чоролор убададан тайбаса, уялаш урууулардын башчылары ат башындай алтынга, түрмөк-түрмөк шайыга, түрмөк-түрмөк жибекке, буудан чалыш күлүктөргө, алгыр шумкарларга, айдай сулууларга, күндөй нурдууларга, асыл таштарга азгырылбаса ушул экен да. Инабаттуу жакшылары, эр эгиздери, баатырлары бабалардын керээзин аткарышса, өздөн жат чыкпаса, өзөктөн өрт чыкпаса ушул экен да. Ордодогулар ээк астында жумурай журтту ойлосо, өнөрлүүнү канатына калкалап турса, намыска жарагандардын кадырын билсе ушул экен да. Ушундай абал бөлөктүн, достуктун, туугандыктын, куда-сөөктүктүн, жээн-тай акеликтин алакасын жакшыртып, биримдикти абдан бекемдегендей. Жыргалга жык толгон жылдар да өттү, көңүл кунак тартып, мал-жан көбөйгөн, мемиреген мезгилдер да өттү, жүрөктү толкуткан, сыймыктанууну жараткан, сезимди курчуткан күндөр, апталар, айлар да өттү[2]. Шондон улам кайрадан

---

[1] *Сары-Суу* – Хуанхэ дайрасы. Бул 839-жылы эле.

[2] Мындай ажайып көрүнүш, мындай сонун мезгил, мындай алтын доор Улуу кыргыз каганатынын тушунда,тогузунчу-онунчу кылымдарда болгон.

кары дебей, жылкычы дебей, саяпкер дебей, уз дебей, жаш дебей, уул дебей, кыз дебей, бүт баарыбыз тилек тилөөбүз, Көкө теңирге сыйынуубуз керек, бөбөктөрүбүзгө күндөй мээрим төгүүбүз керек, балдарыбызга баатырлардын эрдиктерин айтып туруубуз керек. Болгондо да, кан Кошой атабыздай, кан Бакай бабабыздай даанышман бактыбызга жаралса экен деп тилешебиз керек. Болгондо да, Эр Төштүктөй, Эр Чубактай, Эр Сыргактай шерлер бактыбызга жаралса экен деп тилешибиз керек. Болгондо да, айкөл Манас баатырдай, Семетейдей, Сейитектей эр бактыбызга жаралса экен деп тилешибиз керек. Болгондо да, Барсбек кагандай, Кутулук Билге кагандай, Умай бийдей, Түмөн бийдей, Көл Жасак бийдей, Умай бектердей, Күлчородой, Тексин-иналдай, Эрен-Улугдай, Эзгене-ичергидей кыраандар таалайыбызга жаралса экен деп тилешибиз керек. Болгондо да, Эр Жагылакар кандай, Айбугу чородой, Тану Алптай, Ургу Алптай, Төлөш Алптай, Чугу Алптай, Тутук Ынанчыдай көйкашка кол башчылар, көйкашка элчилер таалайыбызга жаралса экен деп тилешибиз керек. Тагай бийдей, Курманбек баатырдай, Жалдуу Кабадай, Эр Табылдыдай, Эр Элдиярдай, Эр Эрмектей, эңчегер бойлуу Эр Эшимдей, Көкүм бийдей, Манап бийдей жүрөгүндө жалы бар, көзүндө оту бар, көкүрөгүндө куту бар сырттандар жаралса экен деп тилешибиз керек. Болгондо да, Жээренче чечендей кара жаак жез таңдайлар, сары таман аттарды таптоонун купуя сырын билген Толубай сынчыдай саяпкерлер, жер кадырын билген, эч кимге жамандык кылбаган, эч кимге ор казбаган, карыга да, жашка да, балага да жакшылык ыроологон Асан кайгыдай олуя заадалар жаралса экен деп тилешибиз керек. Акылы жетик, сезими тунук, көңүлү тетик Акыл Карачачтай зирапалар жаралса экен деп тилешибиз керек. Эгерде минтип тилек кылбай турган болсок, туш-тарапка чилдей тарагандар, башка жактарга тентип кеткендер арбып, кошоматка кой эмес, а тай сойгондор, кастарынан тиккендерге колтук ачкандар, кылычы кандууларга баш ийгендер, Чокчолой баатырга окшогондор менен табакташ болгондор көбөйүп, өз көмөчүнө күл тарткандар буларга кошулуп, чоң атасынан күздөөсүн, таятасынын кыштоосун, абасынын жайлоосун, агасынын жаздоосун алтынга, мол дүнүйөгө сатып жибергендер чыгып, ушуларды жактагандар болуп, мына ушундайлардын токонаалаты койдон момундарга, жылкыдан торуларга тийип, теңирдин каргышына калчудайбыз. Эгерде минтип тилек кылбай турган болсок, пейилибиз оңолбой, муң-зардан арылбай, арман кылып, азап тартып, көрүнгөндөн кордук көрүп жүрө берчүдөйбүз. Эгерде минтип тилек кылбай турган болсок, кайрадан сыймыктануу сезимибиз жаралбай, ишенимибиз жоголуп, үмүтүбүз өчүп, шордон арылбай, зулумдарга, жаттарга жем болуп жүрө берчүдөйбүз. Эгерде минтип тилек кылбай турган болсок, кайрадан бириге, кайрадан

намыстана, кайрадан кайраттана, кайрадан баш көтөрө албачудайбыз. Эгерде минтип тилек кылбай турган болсок, кайрадан дайрадай ташкындай, кайрадан көлдөй толкуй албачудайбыз. Эгерде минтип тилек кылбай турган болсок, урпактарыбыз суу жүрөк, мажүрөө, күнкарама болуп кала тургандайбыз. Эгерде минтип тилек кылбай турган болсок, баатыр бабалардан калган жайыттарыбыздан, салкын төрлөрүбүздөн, адырларыбыздан, тектирлерибизден, өзөндөрүбүздөн ажырап калчудайбыз. Теңирим ак калпак кыргыз кулундарын, асыл кыргыз урууларын ушундай болуп калуудан сактасын! Теңирим тилегибизди кабыл кылып, жакшылыгын ыроолосун!»

* * *

Жаш, абдан жаш болсо да, кээде далайды көргөн шерден бетер чыканактап жатпай, чырым этип албай, ат үстүнөн түшпөй, кырдан кыр ашып, белден бел ашып, жаман тумшукту, коркунучтуу кыяны артка калтырып, кастык отун жаккандардын жылкысына тийген, кээде чартылдашкан чабышта өлгөндөрдүн кунун кууп, кан төгүп, жунгарлардын каардуу ноёндоруна, зайсандарына, баатырларына, жүз башыларына, нөкөрлөрүнө, жасоолдоруна, кайгуулдарына, сакчыларына, жылкычыларына тынчтык бербеген, бирерде ачык асман алдында тердигин астына салып, ээрин башына жазданып, көрпөчөсүн үстүнө жамынып жаткан, бирерде башындагы туулгасы, үстүндөгү чынжыры илелүү сооту, чапталуу чарайнасы, белиндеги күмүш кемери, кындуу кылычы, карыга илген калканы, жонуна асынган жаасы, саадагы, колундагы найзасы шыңга боюна, москоол денесине, шумкар кабагына куп жарашып, ары сүрдүү, ары салкын кандуу, ары кайраттуу экенин көрсөтүп турганын өзү да туйбаган, бала баатыр аталган Эр Садыр мына ушундай сезимди ойготкон, намысты курчуткан, жүрөктү шерденткен дил-туюмду, турна чакырыкты, изги тилекти Ничке-Сай тараптан келишип, таштан ташка урунуп, таш үстүнөн ала салып, эзелки шоокумунан жанбай агып жаткан Коңур-Өгүз өзөнүнүн боюнда кымыз ичип, Улуу сөздөн кеп салып олтурушкан тогуз-торолук, кетмен-төбөлүк санжыргалуу аксакалдардын оозунан уккан. Куду ушуну башта эмес, куйрук улаш кеткен тоолордун ортосундагы айтылуу Суусамыр жайлоосунда, шоокум сала туйлап аккан Суусамыр өзөнүнүн боюнда өзүнчө ойго батып, жалгыз турганында эстегенин... Ала-Бел жактан бартылдап сүйлөшүп, карс-карс күлүшүп келатышкан жаракчан жаш жигиттерди, жаракчан боз уландарды карап койду: алар чеңгээли суук ажалдан, азуулуу жырткычтан да, айдагардай айбаттуу жоодон да коркпогон, качып кетүүнү ойлоп койбогон, айыгышкан айкаштарда курман болгон күйөөлөрүн жоктоп ыйлаганын токтоткон, же-

тимдеринин бирин өңөргөн, бирин учкаштырган, кыйынчылыкта кабыргасы кайышса да, кыйын кезеңге моюн сунбаган, мына ошентип боз үйдө эне, тышта жоокер боло кайраттуу, күйүмдүү, муңдуу жесирлерди коргогон, буларга калкан болуп берген, жортуулдан кайтпаган берендердин балдарын, кыздарын медер кылган, эл четинде, жоо бетиндегилердин туяктарын канаттарына калкалоону моюндарына алышкан абышкалардын азамат уулдары, өзүнүн үркөрдөй кошуунундагы жаш көк жалдар эле. Мына ушул жаш көк жалдарга балтыр эти толо элек, боконо сөөгү бекий элек чагында санжыргалуу аксакалдардан уккан ушул дил-туюмду, ушул турна чакырыкты, ушул изги тилекти айтып берип, аларды кадимкидей шерденткен, баатыр бабалардын арбактарына табынткан. Баары аман болсун! Кызыл чаар жолборстой жүрөктүү болсун! Сырттандай кайраттуу болсун! Тоонун асман тиреген чокусундай бийик болсун! Ниетинде ушинтип да, туйлап аккан, шоокуму алда кайда угулган Суусамыр өзөнүнүн боюндагы жашыл тукабадай кулпунган туланда күмүш жалы жайылып, кыл куйругу суудай төгүлгөн тобурчагынын маңдайынан өөп, соорусунан сылап койду. Биртикеден кийин күн нуруна жүзүн тосуп, күн нурунан кубат алып, «Асыл аксакалдар ай! Акылга дыйкандар ай! Кептин жаагын айрыган чечендердей болгондор ай! Кеменгерлер ай! Даанышмандар ай! Сырттандар ай! Арстандар ай! Күндөй мээрим төккөнүңөрдөн айланайын! Эрдик кылууга, шердик кылууга бүлөгөнүңөрдөн айланайын! Көрөңгөлүү кебиңерден айланайын! Изги тилегиңерден айланайын! Оту өчкөн көзүңөрдөн айланайын! Көк кал баскан колуңардан айланайын! Өзүңөрдөн айланайын!» – деди ичинен.

А бирок эмнегедир жүрөгү сыздап, карегин жаш чая бергендей болду. Ордунан жылбады. Кыйладан кийин чыйралгандай болуп, акырын басып, кайра токтоду да, найзасы менен калканын шырдактай ажайып кооз жерге коюп, акырын керилип чоюлду. Ары бетегелүү, ары ак, сары, көк, кызыл гүлдүү, ары шиберлүү Суусамыр жайлоосунун таза абасынан кериле дем алып, туптунук суусунан кочуштап ичти. Кантсе да, Кайып колдогон, Кыдыр жылоологон Жалдуу Кабанын урпагынан болгон Качканак бийдин небереси эмеспи. Бир паста колу да, тиши да какшап кетти. Эки колун колтугуна кысып, ары-бери баспай турду. Дал үстүнөн чүрөктөр, өрдөктөр учуп өтүштү. Аларды карап койбоду. Куш өмүрдүн жашыл белестеринин далайын аша элек болсо да, аскар тоодой заңкайган, намысты алдырбаган, жүрөксүп калтаарууну билбеген, сайдын ташындай жайнаган жоонун көкөйүнө көк таштай тийген, «Жаш илбирстер! Жаш көк жалдар! Жаш кыраандар! Башыңарды жерге салбай, өйдө көтөрүп тургула. Тоону карагыла. Өзөндү карагыла. Кайың-талды карагыла. Арчаны, карагайды карагыла. Караган черди карагыла. Карагайлуу

кырды карагыла. Арчалуу төштү карагыла. Бул кыргыздын тоосу. Бул кыргыздын өзөнү. Бул кыргыздын кайың-талы. Бул кыргыздын арчалуу төшү. Бул кыргыздын карагайлуу кыры. Ушундай жерди найзакери көп, кылычкери көп, жаачысы көп, айбалта чабары көп жунгарларга берүүгө болобу? Болбойт! Эл – эне, жер – ата! Жумурай журтка шер кымбат болсо, шерге эл менен жер кымбат болот. Шер деген шер. Балким, шер эли-жерин коргоп, ач бел, куу жондо өлөөр. Балким, шер үйүр-үйүр жылкыны айдап кеткен, айылды чаап, кыз-келинди олжолоп кеткен жоону кууп, өчүн алып, туткундарды бошотуп, малын түгөл кайтарып, көңүлү чалкып, жүрөгү толкуп келер. Бу силер да куду ушундай шерлерден болосуңар, өмүрү кылычтын мизинде, найзанын учунда болсо да, кас душмандан коркпогон, кабыландай качырып кирген, кыйласын кайсап жиберген Арзымат бийдей, Кошой бийдей көйкашка болосуңар. Бирок абайлагыла, эрдемсине эдиреңдебегиле. Абдан сак болгула. Жунгарлар оңой жоо эмес, манжуулар менен кармашкан, канзуулар менен чабышкан. Ушуну билип койгула. Манжуулар да, канзуулар да бизден көп. Ошолордон коркпогон жунгарлар жоокер журт. Алды-артыңарды карап жүргүлө. Бири-бириңерге өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болгула. Силерди баатыр бабалардын арбактары колдоп жүрсүн, – деп жаш берендерди кайраттандырган, шарденткен Эр Солтоной баатырдын ибаратын өспүрүм кезинде алгандык кылып, жаш кыраан бүркүттөй кымпыйып, ак булуттуу асманды карап койду. Анан алакан жайып, кудурети күчтүү Көкө теңирге табынды:

– О, Көкө теңир! Куш өмүрдүн далай бел-белесин ашып, туу чокусуна чыгаарына аз калышса да, Теңир-Тоонун кыраан бүркүттөрүндөй шаңшыган, боз торгойлорундай таңшыган, булбулдарындай сайраган санжыргалуу аксакалдардын изги тилегин кабыл кыла көр! Шоораты далайга жеткен Эр Солтонойдун изги тилегин кабыл кыла көр! Кайратыма кайрат кошо көр! Күчүмө күч кошо көр! Жортуулга аттанганда колдой көр! Бөрү жолдуу, арстан жалдуу жигиттерди колдой көр! Жалындан жалтанбаган боз уландарды колдой көр! Каңырыкты түтөткан, көздөн жашты төктүргөн, кайгы-муңга батырган кас душмандарга каршы күрөшкөндөрдүн жүрөктөрүн эрдик менен ширете көр!

* * *

Чаркаргалардай чаркылдашып, кара каргалардай каркылдашып, кузгундардай куркулдашып, катарларынан бөлүнүшпөй, артта калып калышпай, чекир жыландардай[1] ийрелеңдешип, Иленин ары жагынан берилешип, Буурул түндүн сазынан, Каркыранын

[1] *Чекир жыландардай* – кобралардай.

башынан уй түгүндөй көп жунгарлардын кылкылдаган калың колу жол түшө элек жон ашып, ашуусу бийик тоону ашып, тынч жаткан элдин канын төккөндөрдүн аягы шор, өздөрү акыры кор болорун сезишпей, Талгардагылардын айылдарын селдей капташып, ач карышкырлардай качырып киришип, азан-казан түшүрүшүп, такыр чаап кыйратышып, мол дүнүйөгө, олжого карк болушса да, кара бодону, кара майда жандыкты, күтүрөгөн сан жылкыны айдап кете беришпей жулкунушуп, жутунушуп, көл башында турган кыргыздардын өрттөн кайра тартпаган, өлүмдөн кайра качпаган жигиттери, берендери, эрендери менен чабышып, айыгышкан айкашта, карсылдашкан кармашта үстүн боло алышпай, бирде күйбөгөн жери күл болуп, бирде ичинен кан өтүп, бирде намыстанып, ызырына зиркилдешкен. Кыйладан кийин түлкүдөй кууланышып, абдан амалданыша чартылдашкан чабышууну, карсылдашкан кармашууну, кызыл кыргындуу чабуулду убактылуу токтотушуп, жарадар болгондорун оругуна жөнөтүшүп, талаадагы, адырдагы, төштүн этегиндеги, калың бадалдын четиндеги малдын семизинен тандап союшуп, ичеги-карынын ыргытышып, от жагышып, отко этти кактап бышырып жешип, курсактарын тойгузушуп, уйкусун кандырышкан. Шонтип амалкөйлүк кыла артка кайтып кетишпей, тыныгып алышкандан кийин, өлгөндөрдүн ордун толукташкандан кийин, кайрадан кайра-кайра чап салышып, үрөйдү учура кыйкырышып, жапырыгын күчөтүшүп, ак калпак кыргыз кулундарын, асыл бугу уруусун, булардын арасындагы кызыл аяктарды, кесектерди, тейиттерди, жоокесектерди, наймандарды, кыдыршааларды, кангылыларды, бостондорду, дагы бир топ курама уруктарды батышты карай сүрүшкөн. Мына ошентип көптүк кылышып, каршылык көрсөткөндөрдү алсыратышып, аман калгандарды качууга мажбур кылышып, ырыскы көктөн куюлган Ысык-Көлдүн кылаасын басып алышкан. Ушуга каниет кылышпай, бууралардай буркулдашып, ач бөрүлөрдөй желип-жортушуп, Боомдун капчыгайын, Кочкорду, Орто-Токойду көздөй атырыла жөнөшүп, катуу урулган соккуларга, жоготууларга учураганына карашпай, сары таман аттардын өлүгү тоо болгонуна, жоокерлердин өлүгү зоо болгонуна, жарадарлардын көбөйгөнүнө карап коюшпай, «Буруттардын бука моюн, буура сан баатырларынын кара көзүн кашайтып, канын суудай агызгыла! Буруттардын болоттой курч жигиттеринин кар жилигин сындырып, кара жерге каккыла! Буруттардын кыйынсынган кыраандарын муунтуп, сыйрытмак салып тарткыла! Буруттардын кыйкырып найза сунгандарынын төшүн жарып, жүрөгүн сууруп алгыла да, дөбөттөргө таштап салгыла! Буруттардын баш ийип бергиси келбеген кыраандарынын кабыргасын сындырып, көздөрүн оюп таштагыла! Моюн сунуп бергиси келбеген байларынын курсагын жарып, иче-

гисин чубалткыла! Эч кимисин аябагыла!» – дешип суурдун айгырындай аңкыштап кыйкырышкан. Уялаш урууларды, уялаш уруктардын ак өргөөлөрүн, боз үйлөрүн кыйратышып, кереге-ууктарын өрттөшүп, мүлкүн талап-тоношуп, ак тамагы мүлкүлдөгөн, ак жибектей үлпүлдөгөн сулууларды зордукташып, боюнда бар аялдардын ичтерин жара тилишип, бели бекчейген, көзү чекчейген чал-кемпирлердин жүрөгүн сыздатышып, көз жашын көлдөтүшүп, колго түшкөн кер мурут жигиттерди, боз уландарды койлордой көгөнгө байлашып, көрүнгөн кербен башыга сатышкан. Бешиктеги ымыркайды да аяшпай бөлө чабышып, журтта катуудан тулга, жумшактан күл калтырышкан. Далай жайытты, далай тектирди, далай жылганы, далай сайды, далай адырды, далай төштү, далай коктуну, далай талааны, далай калың кырчынды, далай кырды, далай шабырлуу көлмөнү, далай булакты, далай өзөндү ээлеп алышып, ажардуу айымдарды тул, ай-чырайлуу кыз-келиндерди күң, боз уландарды кул кылышып, малын бактырышып, отунун алдырышып, отун жактырышып, көчүп кетүүгө үлгүрүшпөй калгандардын шорун шорподой кайнатышкан. Шондон улам кыргыздардын жүлүнү сыздап, жүрөгү тилинип, каңырыгы түтөгөн. Жоо чапкан журт каралуу, бөрү тарткан мал жаралуу деген ушул да. Куду ошондо кайың ыйлап, тал ыйлап, карагай чердин баары ыйлап, капталдан соккон жел ыйлап, кайгыга баткан эл ыйлап, казак журтунун кыйласы ачкалыктан кайың сааганга, кыргыз урууларынын бир тобу Ысарды, Көлөптү карай көчүүгө мажбур болгон[1].

* * *

Эр өлтүрсө кун төлөбөгөн, ат өлтүрсө пул бербеген, зулумдары менен ээнбаштары, тентектери менен зөөкүрлөрү көбөйгөн жунгарлардын курдурган бир эмес, бир нече чептери боло турган. Ошол чептердин экөөсү абдан чоң, абдан бекем эле. Айтор, ошондонбу, мына ошол эки чепте аксым ноёндор, ач көз нөкөрлөр, жалоондой жасоолдор, лөкүйгөн сакчылар, бөрк ал десе баш алган желдеттер, жаракчан жоокерлер көбүрөөктөй, балбан билек, таш жүрөк найзакерлер, алп мүчөлүү баатырлар, көзгө атар мергендер көбүрөөктөй… Мунун бирөө малга жайлуу, жанга жагымдуу Жумгал менен Кочкордун ортосунда, Кызарттын белинин күн батыш тарабындагы

[1] Бул 1723–1725-жылдарда, күч-кубаты дайрадай ташкындаган жунгарлардын үчүнчү «чоң казаты» мезгилиндеги кызыл кыргын, сары сүргүн учурунда болгон эле. Жунгарлар ичкери жылышып, Балкаш көлүнүн түштүк тараптарын, Сайрам, Түркстан, Ташкен жактарды да басып алышкан. Буга чейин биринчи чоң казаты 1635–1636-жылдары болуп, кыргыздардын он эки миң түтүнү Кара-Тегинди карай көчкөн экен. А бул жакта кыргыз урууларынын бир топ уруктары жашай турган. Ал эми экинчи «чоң казаты» Үч-Алматы аймагында 1684–1685-жылдары болгон.

Узун-Булакта салынган. Бул чепте тоолуктардын канын суудай агызгандардын, малдуу, жандуу ноёндордун, нөкөрлөрдүн, кайгуулдардын бир тобу жашай турган. Ошондой эле булардын арасында лама, анын кубрактары[1], ишенимдүү кишилери да болгон. Эки өзөндүн кошулган жериндеги мына ушул чептин согуштук жактан алганда пайдалуу, ыңгайлуу жагы өзгөчөдөй... Жаракчан жоокерлер, лөкүйгөн сакчылар ноёндордун барманын аткарышып, кезек-кезеги менен белде турушуп өрүшү малга толгон эки өрөөндү көзөмөлдөшүп, ары-бери өткөндөрдү карашып, тергеп-тескешип, дегеле сактыгынан, кыраакылыгынан жанышпайт. Бирерде кылдан кыйкым табышып, өздөрүнчө жинденишип, өздөрүнчө сөгүнүшүп, жолоочулардын айрымдарын жүндөй сабашып, айрымдарынын минген атын, өгүзүн тартып алышып, байкуштарды жөө калтырышат. Бирерде ызырына зиркилдешип, белден өткөрүшпөй, куржундагы этин жешип, чаначтагы кымызын ичип коюшат. Бирерде мунусу аз келгенсип мазакташа күлүшүп, кыйлага кармашып, бир оокумда коё беришет. Айтор, ошондонбу, жолоочулар булардан коркушуп, алардын чоңуна да, кичинесине да, жакшынысына да, жаманына да тике карашпайт, каяша айтышпайт. Эгерде минтишпестен теше тиктей, корс-корс этип корсулдай турган болсо, алардын каарына калышат. Эч ырайым кылышпай, кийиздей тепкилешип, кордук көрсөтүшөт. Атурсун өлтүрүп да коюшат. Шондон улам күңк-мыңк этише алышпайт да. Экинчи чеп да ушундай болуп, абдан чыңдалып коюлган. Бирок бул жерге жакын эмес, кыйла эле ыраакта, ара өзөн Чүйдүн баш жагында, Кемин тарапта. Мында коңтайчинин төрөлөрү, ноёндору, ат кошчулары, ат токуурлары, башчылары, кечилдери, жайчылары, төлгөчүлөрү, тыңчылары, баканоздору, кумар көздөрү, сакчылары көбүрөөктөй...

* * *

Текелердин туяктары токтобогон, теңир урган зоокалардын арасын байыр алган жаш илбирстей чамынган, кээде көк тиреген карагайлардын арасынан чыга калган жаш кабыландай атырылган, кээде айлакердик кыла качымыш болуп, артынан адырaңдап куугандар, каар сала кыйкыргандар жакындап калганда тизгинди тартпай, андай-мындай дегиче, ачып көзду-жумгуча чапчаңдык, шамдагайлык кылып, жерден шапа-шупа муштумдай, жылкынын тезегиндей болгон таштарды ала коюп, кастык отун жаккандардын бир тобун тизеге уруп, ат үстүнөн кулатып, карматпай кете берген, кээде жонундагы жааны шапа-шупа алып, чалмага сыр жебени шапа-шупа салып, мээлей тарта зыркырата учуруп, куугунчулар-

[1] *Кубрактары* – ламанын окуучулары, дин угуучулары деген мааниде.

дын маңдайына, көкүрөгүнө чап эттире жабыштырып, жыга чапкан немедей кулатып, куйрук үзүп кеткен Эр Садыр башчылык кылган кыргыздардын үркөрдөй кошуунундагы эр жүрөк жигиттер, эр көкүрөк боз уландар мына ушуну башкаларга караганда жакшы билише турган. Шондон улам касапчыга мал кайгы, кара эчкиге жан кайгы болгондой, өздөрүнчө муңканып муңдуу ырдашпастан, муңканып муңдуу сүйлөшпөстөн, булуттуу асманда чабыттап учкан алгыр шумкарлардай кымпыйышып, бороондо алдастап калышпай, буйткага ыкташпай, төштөрүн тосушуп, кандай гана кыйынчылык, кандай гана тоскоолдук болбосун, тоолук кыргыз урууларынын башына кара түн түшүрүп, кайгы-муңга батырып, каңырыгын түтөткөн жунгарлардын мына ушул эки чебин талкалап, аердеги бөрк ал десе баш алган, айдап кел десе байлап келген желдеттерден, зулум ноёндордон, ач көз нөкөрлөрдөн, бүлүк салганга маш, чабыштыргынга маш, жашыруун сырды ачканга маш тыңчылардан, кеп ташыган бакаaccount бакаоздордон, таш боор жоокерлерден, аксым зардалдардан, жалоондой жасоолдордон, залим зайсандардан, бука моюн буура сан сакчылардан өч алууну, кара башын калкалап, кара жанын сактап, кас душмандар тарапка өтө качкандардын, киндиктеш уруулардын, киндиктеш уруктардын көчүнө кошулуп көчпөй кала беришип, оторчулар менен тил табышып, камыр-жумур болуп кетишкендердин да сазайын берүүнү күчөтүү керектигин ойлой турган болушту. Эки анжы болушпай, оюнда бекем турушту. Баш көбөйсө ырыс экенин, кас көбөйсө уруш экенин билген, айтканынан кайтпаган, ажалдан башын тартпаган, азуулуу менен арбашкан, алдуу менен кармашкан Кошой бийдин, кыраандардан күлүк атын аябаган, жоого кыргыйдай тийген, тизелеп жашагандан көрө, тик туруп өлгөндү артык көргөн, таасирдүү, орундуу сүйлөгөн Арзымат бийдин, эби менен иш бүтүргөн, кеби менен сөз бүтүргөн, адилдиктен тайбаган, намысты колдон алдырбаган Туума бийдин, сыйрыганды сыйра жүргөн, эңкейгенге эңкейген, кайратынан жанбаган Түлкү баатырдын эле эмес, Теңир-Тоонун коён жатагына чейин билген кары мергендердин, кыраан бүркүттөй кымпыйган найзакерлердин, кылычкерлердин, жаачылардын, Качыке баатырдын, Кедей баатырдын, дөөдөй болгон Түркмөн улуунун да жүйөлүү кептерин угушуп, жаш арстандай айбаттуу Эр Садырдын айтканын аткарышып, кезкезде аркар-кулжанын туяктары токтобогон, теңир урган аскалардын, улар учкан зоокалардын арасынан чыгышып, көк жалдардай, сырттандардай кокту-колотто, жел ойногон жондо желип-жортушуп, шаркырап аккан өзөндү бойлошуп, жаман тумшуктан өтүшүп, коркунучтуу кыяны артка калтырышып, жортуулга бара турган болушту. Кароолдо тургандардын кабырга сөөктөрүн сындырышып, жылкы четинде көрөңгөлүү кептин кызыгына батышкан жылкычы-

лардын жүрөгүн түшүрө сабашып, капталдан кылыч шилтегендер менен чабышып, калың кырчындан камандай күркүрөп көрүнгөндөр менен карсылдаша кармашып, алардын бир тобун өлтүрүшүп, бир тобун жарадар кылышып, күлүк аттарын тартып алышып, качып жөнөгөндөрдү каар сала бакырып куушпай, айкырып найза сунушпай, керилип жаа тартышпай: «Көкө теңирдин каргышына калгырлар! Эми өлгөндөрүңөрдү, жарадар болгонуңарды карап алгыла», – дешип шамалдай сызышып, шумкарлардай учушуп, куйрук улаш кеткен тоолордун арасына житип, издерин таптырбай кете турган болушту. Кез-кезде мындай айла-амалын өзгөртүшүп, катылгандардын катыгын берген баатыр бабалардын «кол байлоо» ыкмасына[1] салышып, оңой олжого карк болгусу келген кас душмандардын өз ара бөлүнө, кароолдору көрүнбөгөн айылдарды талап-тоноп алууга жанталашкан нөкөрлөрүн, чериктерин жексен кылып, алардын аттарын айдап кетише турган болушту.

***

Сайдын ташындай жайнаган жунгарлардын каардуу ноёндорунун, зардалдарынын, баатырларынын, төрөлөрүнүн, жүз башыларынын, найзакерлеринин каны шакардай кайнап, Эр Садырдын үркөрдөй кошуунундагы өрттөн кайра тартпаган, өлүмдөн кайра качпаган жаш жигиттерди, жалындан жалтанбаган, болоттой курч боз уландарды жок кылуу үчүн балбан билек,таш жүрөк кылычкерлердин, чериктердин, мергендердин, айбалта чабарлардын, кайгуулдардын, нөкөрлөрдүн, жаачылардын бир тобун далай жолу жөнөтүштү. Жөнөтүшкөнү менен булары муратына жетишпей, көкөйүнө көк

[1] Бул «кол байлоо» ыкмасы баатыр бабалардын байыртан колдонуп келаткан согуштук амалдарынын бири болгон. Көйкашка кол башчы, көйкашка баатыр, акылдуу аксакал жөө тумандай каптап келаткан жоонун уй түгүндөй көптүгүн билгенден кийин өздөрүнчө кеңешип, алардын жолун тосууга аттанышпай эле, үч-төрт айылда арык-торук кой-эчкилерди, аксак-тескек уйларды, чобур аттарды, кырчаңгы тайларды, картаң төөлөрдү калтырып кете турган. Жөө тумандай каптап келатышкан жоо мына ушуну билбей, кароосуз калган айылдарды карай бөлүнө жөнөшкөн да, мал-мүлктү талоого алаксып жатышкан кезде, буктурмадагы берендер менен эрендер чыгышып, чачыраган тигилерди талкалап таштаган. Кээде мындай кылбастан, ары узун, ары чоң кокту-колотторду карашып, ошолордун жер шартынын ыңгайлуусун тандап алышкан. Мына ушундай эки-үч кокту-колотко алачыктарды, боз үйлөрдү бири-биринен алысыраак тиге салышкан. Ал эми ошол кокту-колоттордун ооз жактарына чабыр малды байлап коюшкан. Булар кадимки эле айылдардай болуп калган. Шондуктан душмандар тобун бузуп, эки-үч жакты карай атырыла жөнөп калышканда, олжо алууну ойлоп, бир паста алаксый түшкөндө, буктурмада бугуп жатышкан эр жигиттер чыгышып, буларды кыргынга учуратышкан. Минтишпесе сайдын ташындай жайнаган жоо менен урушуу өтө кыйын боло турган.

таштай тийген эр жүрөк жигиттерди, эр көкүрөк боз уландарды жексен кыла алышпай, алардын кайратына кайрат кошуп турган Актери баатыр менен Бозтери баатырды, Арзымат бий менен Кошой бийди колго түшүрө алышпай, далай жолу ичтери өрт менен жалын болуп кайтышты, болгондо да кыйла жоготууга учурап кайтышты.

* * *

Кийинки жылдын көктөмүнүн акыркы аптасында нөшөрлөп төккөн жамгыр таң куланөөктө басылып, тоо ылдый шамал жүрүп, асмандагы кара булутту удургутуп кайдадыр көчүрө баштады. Тар капчыгайдагы үңкүрдөн чыккан Актери баатыр менен Бозтери баатыр асманды,аркайган аскаларды карабай,төмөн жактан угулган улардын ышкырыгын тыңшабай, эки колун колтугуна кысып үшүгөндөй бүрүштү да, биртикеден кийин далайды көргөн, далайды билген Түлкү баатырды, алп мүчөлүү Түркмөн улууну, акылы тунук Туума бийди, көк дөбөдөй даңкайган ноокендик найзакерди, жаш болсо да көк жалдай кайраттуу кызыл-үңкүрлүк жаачыны, арстандай айбаттуу Кедей баатырды, кыраан бүркүттөй кымпыйган Сейит шерди, Бекболот азаматты, Календер баатырды, Байдөөлөт кыраанды узатып коюшту. Кыйладан кийин үңкүргө кайрадан кирип, түпсүз деңиздей терең ойго чөмүлгөн Эр Садырдын жанына олтурушуп, чырагданда бүлбүлдөп күйгөн шамды карашпай, оор улутунуп коюшту. Эр Садыр ордунан козголуп койбоду, анткен менен ызаат кылып, жоонун сырын билген асыл ой, канаттуу кеп айтып, жүрөгүн шердентип турган эки абасын теше тиктеген жок.

– Пенде жарык дүйнөдө кабыргасы кайышуу, азап тартуу, сагынуу, мүңкүрөө үчүн жаралган эмес да, – деди Бозтери баатыр коңур үнүн бийик чыгарып. Актери баатыр анын кебин коштоп койду. Эр Садыр үн каткан жок. Эмнегедир ойдон арыла албагандай.

– Эр Садыр, – деди Бостери баатыр оор басырыктуу, – бу сен ойго чөмүлбөй башыңды көтөргүн. Пенде кыйналуу, убайымга батуу, заманасы куурулуу, арман кылуу, жүрөгүн сыздатуу, өксүп ыйлоо үчүн жаралган эмес.

Актери баатыр кайрадан анын кебин коштоп койду. Эр Садыр дагы эле үн каткан жок. Бирок көйкашка эки баатырга башындагы бөркүндөй эле ишенет. Тике карабаганы да, корс-корс этип корсулдабаганы да ошондон. Алардын жүйөлүү кебин, кеңешин бериле угат. Казыр да ошенткени шуу үшкүрүп, кежигесин кашылап койду.

– Пенде жарык дүйнөдө куса болуу, кордук көрүү, күтүү, жол кароо үчүн эмес, баш ийүү, кулдун кейпин кийүү, жалгыз калуу, кан ичерлердин сабына кошулуу үчүн эмес, – деди Бозтери баатыр кайрадан, – бирөөнүн байлыгын тартып алуу, байдын жылкысын ай-

дап кетүү, бөтөндөрдүн жерин тепсеп кирүү, башкалардын карысын да, жашын да эзүү үчүн эмес, саткын болуу, бакаңоздун кешигин ичүү, от менен ойноо үчүн эмес, журт бузарлык, каракчылык кылуу үчүн эмес, а өз элин, өз жерин, ата-конушун коргоо үчүн, эне сүтүн актоо үчүн, ата-журттун керегине жароо үчүн, тукум улоо үчүн жаралган да.

–Андай болсо, эмне үчүн таш жүрөк Калдан Серендин ары зулум, ары ырайымсыз жан-жөкөрлөрлөрү, ноёндору, таш боор кол башчылары, ырайымсыз нөкөрлөрү, баатырлары неге ушуну сезишпегендей, ушуну билишпегендей, ач калган көк жалдардай, ач калган чөөлөрдөй чап салышкандарын токтотушпайт? – деп Актери баатыр суроолуу карады.

– Ай катаалы айда жаайт, күн катаалы күндө жаайт, – деди Эр Садыр ойлуу. Анан экөөнү теше тиктебей, буларды кошумчалап койду: – Бу жунгарлар да куду ушундай болушууда. Дегеле кас душмандардын баары ушундай.

– Неге, баатыр, неге?

– Арстандын жаалы көзүнөн билинсе, баатырдын каары сөзүнөн билинет. Жунгарлардын найзакерлеринин, кылычкерлеринин, жаачыларынын кандай экени, алардын кандуу жортуулдарынан, айылдарды азан-казан түшүрүүсүнөн билинди го. Буларга кыштоо керек, жаздоо керек, күздөө керек, жайлоо керек, жайыт керек. Буларга үйүр-үйүр жылкы керек, тайлактуу төөлөр керек, музоолуу уйлар керек, козулуу койлор керек. Буларга айдай сулуулар керек, күндөй нурдуулар керек жана да күлүк аттар керек, алгыр тайгандар керек, кыраан куштар керек, алтын-күмүш керек, карышкыр ичик керек, түлкү малакай керек, киш тон керек, кундуз тебетей керек. Жана да жарак-жабдык керек, муну жасаганга усталар керек, мал бакканга малчылар керек, отун алганга отунчулар керек, сарамжалдуу уздар керек.

– Ай, кан кускурлар ай! – Актери баатыр менен Бозтери баатыр кейиштүү башын чайкап коюшту. – Өздөрүнүн жеринде жүрө беришкенинде эмне?! Ой, анда бизге да жакшы болмок, өздөрүнө да жакшы болмок. Берендер, эрендер өлмөк эмес. Найзакерлер, жаачылар өлмөк эмес.

– Жунгарлар эми өздөрүнүн ата-конуштарына бара алышпайт.

– Эмне үчүн? – деп сурады Актери баатыр.

– Ошол жакта ойроттордун башка урууларЫ бар. Жана да манжуулар менен канзуулар бар.

– Мына ошолор менен чабыша беришпейби…

– Алар менен да чабышкан. Эми болсо чабыша алышпайт.

– Бизге кыргыйдай тийишет го.

– Манжуулар менен канзуулар көп, абдан көп да. А биз аз элебиз.

Анын үстүнө бир топ урууларыбыз, бир топ уруктарыбыз Улуу Тоонун ары жагында.

– Кан ичерлер ушуну билишет го.

– Билишкени үчүн кутурушууда. Бир балааны көрөрүндө ушинтип кутурган карышкырлардай, кутурган чөөлөрдөй көздөрүн кызартышып, тиштерин шакылдатып калышат. Бу силер убайым жебегиле, зээниңерди кейитпегиле. Кылычыбыз колубузда, мизи мокой элек. Көкө Теңир колдоп, Шамшыкал-Ата колдоп калгысы бардыр. Алты саныбыз аман болсо, дени-кардыбыз соо болсо, өңгөлөр чөгөлөсө да, биз чөгөлөбөйбүз. Чап салышкандардын далайынын белин мертинтебиз, далайынын кабыргасын сындырабыз. Акылга көнбөгөндөр, ашкере адыраңдагандар, ашкере атырылгандар, кан төгө бергендер акыры азап тартышат, акыры кордук көрүшөт. Белиңерди бекем бууп, башыңарды жерге салбай, а бийик көтөргүлө. Кайратыңарга кайрат кошкула. Баарыбызды кудурети күчтүү Теңир жараткан. Үнүбүздү, тилегибизди Теңир угуп калаар.

Актери баатыр менен Бозтери баатыр Арзымат бийдин жаш көк жалына бирдеме айтмакчы болуп, кайта үн катпай калышты. Анткен менен шердегендей компоюп коюшту. Кыйладан кийин үчөө түндөгүдөн калган этти кесип жешип, кардын кампайтышып, үңкүрдөн акырын чыгышты. Асман шаңкайып ачылып, арсак-терсек аскаларга, кыр-кырларга, карагайлардын, арчалардын, кайыңталдардын кылда учтарына күн нуру тийип калыптыр.

***

Каны шакардай кайнаган жунгарлардын чал-кемпирлеринин айрымдары: «Түгөнгөн сайын түтөгөн буруттар, түбүнөн кайра күчөгөн буруттар, кырылган сайын кычаган буруттар ач белде, куу жондо калгыла! Өлтүргөн сайын өрчүгөн буруттар, бели мертинген сайын бекиген буруттар ылайым эле оңбой калгыла, бөрүлөрдөй улуп калгыла», – дешип каргашса, айрымдары: «Оңбогур буруттардын эр жигиттери кырылып, катын-калачтары түндүк көтөрүп калышсын!» – дешип каргай турган болушту. Баатырларынын, кол башчыларынын көздөрүнөн чаары чыгып, ызырына зиркилдешкени ай! Ноёндорунун, залдалдарынын итатайы тутулуп, буурадай буркулдашкан ай, камандай күркүрөшкөнү ай! Чептегилердин, аң уулоодон кайткандардын, сайран куруп жүргөндөрдүн суурдун айгырындай аңкыштап кыйкырышканы, карышкырдын көк жалындай тишин шакылдатышканы ай! Анан өздөрүнчө масилеттешип, өлгөн жасоолдордун, өлгөн жоокерлердин, өлгөн сакчылардын, өлгөн нөкөрлөрдүн, жарадар болгондордун ордуларын толукташып, кайрадан кошуундарын көбөйтүшүп, кыраакылыкты баштагыга ка-

раганда кыйла күчөтүштү. Чокуларына булут түнөгөн, зоокаларына бүркүт, шумкар уялаган, аскаларынан улар учкан тоолордун коркунучтуу төр жактарына көчүп кетишкен кыргыздардын үркөрдөй өч алуучуларынын терисин тескери сыйрый турган, ошентип эр жигиттеринин жылдызын жерге түшүрө, ындынын өчүрө турган болушту. Непада мындай кылбай турган болсо, кегин ичине катпаган, камчысын койнуна катпаган тоолуктардын кыраандары алпейимди алып, тынч жашатчудай эмес.

Булардын эрдиги талаадагы казактардын, чөлдөгү өзбектердин, Арал деңизи тараптагы кара калпактардын, Чыгыш Түркстан жактагы уйгурлардын азаматтарынын жүрөктөрүн шердентип, кайратына кайрат кошуп коё тургандай. Шондуктан көк жалдардай күтүүсүздөн чап салышып, кара чаар кабыландардай аралап уруш салышып, чериктердин бир тобун жексендешип, бир тобун жарадар кылышып, күлүктөрдү айдашып, колго түшпөй, куйрук үзүп кетишкен тоолук кыргыздардын эрендеринин, берендеринин тамырын кыркып таштоону, биротоло жок кылып салууну көздөшүп, мындан таптакыр кайтпай турган болуп калышты. Айыгышкан айкаштарда эрдик көрсөтүшкөн баатырларын, жаачыларын, найзакерлерин, кылычкерлерин, айбалта чабарларын күндүн ысыгына, суугуна карабай, нөшөрдүн төккөнүнө, шамалдын ыркыраганына, кардын жааганына, бороон-чапкындын болгонуна, тумандын түшкөнүнө карабай жөнөтүп турушту. Жөнөтүп турушканы менен, алар жапжаш болсо да далайды билген шердей болгон, Кара-Мойнок, Сандык, Үкөк, Карагаты, Кызарт, Киндик, Жумгал, Ой-Кайың, Суусамыр, Муз-Төр, Шамшыкал-Ата, Жаныш, Шай, Узун-Акмат, Ат-Ойнок тоолорунун, Күрөң-Уй, Чоң-Чычкан, Ала-Тай, Кула-Тай, Торкен, Тоскоол, Борду-Кыя, Кабак капчыгайларынын коён жатагына чейин билген, калың кошуундан коркпогон, намыска жараган Эр Садырдын арчалуу төшкө, бадалдуу жылгага, карагайлуу кырга, тар капчыгайга, караган черлүү кокту-колотко, калың камышка, калың чийге, калың чычырканак, калың жылгын, калың жийде арасына, коркунучтуу үңкүргө кирип кетишкен көйкашка шериктерин, эр жүрөк жигиттерин, эр көкүрөк боз уландарын, балбан билек, жолборс төш баатырларын табалышпай, кан жутушуп, далай жолу сабыры суз, маанайы пас болуп, башын шылкыйтышып чепке кайтышты. Айтор, ошондонбу, чокулары асман мелжиген тоолордун койнунда, аркайган аскалардын арасында, тар капчыгайларда, күркүрөп-шаркырап аккан өзөндөрдүн бойлорунда, калың бадалдуу төштүн этегинде чеке жылытаарлык согушту жүргүзө алышпай, көздөгөнүнө жете алышпай кан жутушуп, санаасы санга бөлүнүп, ою он талаа болушту. Атурсун шоораты далайга жеткен, айла-амалдуу Калдан Серендин балтыр эти толуп, боконо сөөгү бекиген, күч-кубаты дайрадай

ташкындап турган кол башчылары бирде жаш камандай күркүрөп, бирде жаш буурадай буркулдап, бирде жаш илбирстей чамынып, бирде жаш көк жалдай атырылып, өздөрүнүн москоол денелүү, ноочa бойлуу, бөрү көздүү жоокерлери менен адегенде Ала-Буга аркалуу, андан соң Кабак аркалуу жүрүштөрдү жасап да көрүштү. Ошентишкени менен деле Эр Садырдын үркөрдөй кошуунундагылардын катуу соккуларына туш болуп, текебердүү шериктеринин, каардуу жан-жөкөрлөрүнүн, балбан билек, таш жүрөк жоокерлеринин көбүнөн айрылып, Жумгал менен Кочкордун ортосундагы чепке ичтери өрт менен жалын болуп кайтууга мажбур болушту[1]. Ач көз нөкөрлөрдүн, зулум ноёндордун ичтеринен кан өткөнү ай! Каардуу коңтайчинин эле эмес, анын кеңешчилеринин да туталанышканы ай! Дардайган сакчыларынын, көк жал кайгуулдарынын, жалоондой жасоолдорунун, камчысын чапкандарынын да жинденишкени ай! Шондуктан булардын бүт бардыгы тоолуктардын ары жаш, ары жүрөгүндө сырттандай мол кайраты бар, ары өрттөн кайра тартпаган, ары өлүмдөн кайра качпаган Эр Садырынын өткүрлүгү ченде жок шериктерин, кабыландай кайраттуу, кара быжыгыр сакалдуу Жалдуу Кабанын жанында жүрүп, далай жыл кебин угуп, эрдигин көрүп, анын ибаратын алган көк жалдардан жортуулга баруунун, жоого сокку уруунун, куугунчулардан куйрук үзүп кетүүнүн сырын үйрөнүп калган кыраандардын туяктарынын сезимди курчуткан сөзүн өспүрүм кезинде, боз улан курагында эшиткен, карсылдаша кармашуусун өздөштүргөн Айты берендин даңазалуу уулу Түлкү баатырды, алп мүчөлүү Түркмөн улууну, ач арстандай атырылган Кедей баатырды, ары айбаттуу, ары жүрөктүү Качыке баатырды, кабыландай кайраттуу Бозтери баатырды, акылга дыйкан Кошой бийди, Арзымат бийди, Тоймат бийди, Бозайгыр уулу Туума бийди, ар ишке кабыл Актери баатырды, жаш көк жалдай болгон Жайылды, жалындан жалтанбаган жигиттерди, болоттой курч боз уландарды, айбалта чабарларды, жаачыларды, көзгө атаар мергендерди жок кылууну көздөштү. Эгерде ушинтишсе, үркөрдөй кошуунду жок кылышканы дей бер! Бирок көздөшкөнү менен тигилердей болуп булар деле муратына жете алышкан жок. Ичтери өрт менен жалын болуп кайтышты далай жолу.

* * *

Боз үйдөй болгон ак таштын үстүндө чоң илбирс касиеттүү жер өңүтүн аңдабай, эки жакты шектүү карабай, өзүнчө эле «кыр-кыр» этип, көзүн кээде ачып, кээде жумуп, абдан балбырап, абдан эсинен, эч козголуп койбой үргүлөп жата берди. Тим эле жашыл тукабадай

[1] Бул 1730–1731-жылдар эле.

кулпунган шиберде жаткандай дүйнө капар. Бул чөлкөмдө эч ким алпейимин албай турганына чындап эле ишенгендей. Жел ойногон бийик жолдо теребелди карап турган Эр Садыр менен Байдөөлөт кыраанды көргөн жок, Непада аларды көрүп калган болсо, «кыр-кыр» этип үргүлөгөнүн токтотуп, кыжыры келгендей карап коймок да, биртикеден кийин туруп, чоң таштын үстүнөн секирип түшүп, ары жактагы арчалуу бетти карай жылып жөнөмөк. Азырынча анте тургандай түрү жок. Бир маалда Байдөөлөт кыраан үн катпай эле, жонуна асылган саадактагы жебеден бирди алып, жаасынын чалмасына шапа-шупа салып, кериле дем алып, кериле чоё тартып, кайра эле шуу эттире коё бермекчи болгондо, кабагын бүркөгөн Эр Садыр:
– Эй, кыраан! – деди бурк этип. – Бу сен биртике бардаш кыла тур. Ак өргөөгө окшогон таштын үстүндө жыргалга батып үргүлөгөн илбирстин алпейимин алба. Бул илбирстин дөбөтү экен. Чоң ак таштын үстүндө үргүлөп жата берсин.

– Неге? – Байдөөлөт кыраан жактырбагандай болду.

– Бул дөбөттүн түгөйү бар. Түгөйү карагай-арчанын арасында жүргөн болсо керек.

– Жүрө берсин. Мага эмне? Баары бир да. Илбирстин терисинен сонун ичик болот.

– Сен антпегин. Ичик табылат. Түгөйлүүнү түгөйүнөн ажыратууга болбойт. Анын үстүнө илбирс деген илбирс да. Кыргыздардын асман мелжиген тоолорунун ээси илбирс болот. Баба дыйкан колдогон, Кыдыр жылоологон абам сага муну айткан эмес окшойт. Билбесең, эми билип алгын. Касиеттүү тоонун ээсин атууга болбойт. Байдөөлөт кыраан улутунуп койду. Бирок үн каткан жок. Жаа тартпай, акырын жебени чалмадан алды да эки жакты карабай, кайрадан саадагына салып койду. Мурдун шыр тартып, кайрадан жааны асынды.

– Байдөөлөт, бу сенин менин тилимди алып, тоонун ээсин атпаганың абдан жакшы болду, – деди Эр Садыр ойлуу. – Эгерде менин тилимди албай, чоң илбирсти атсаң, жарадар кылсаң, же өлтүрүп койсоң, кыргыз тоолорунун пири Өтүкен капа болмок. Сенин колуңдан өлгөн илбирсти жоктомок. Мени таңыркап караба. Өтүкен кайгырмак. А турсун ыйламак. Шондуктан кыргыз тоолорунун пири Өтүкенди кайгыртууга, кападар кылууга, ыйлатууга болбойт.

«О, кудай! Ошондой кылуудан сактаган экенсиң да», – деди Байдөөлөт кыраан ичинен. Биртикеден кийин асманды карап: «О, кудай! Мындан ары мен кыргыз тоолорунун пири Өтүкенди кайгыртпай калайын», – деп койду. Эр Садыр бартылдай сүйлөп, анын жүрөгүн жылытты. Анан экөө жондон түшүп, кошуунду карай жөнөдү. А боз үйдөй болгон ак таштын үстүндө үргүлөп жаткан чоң илбирс буларды дагы эле көргөн жок.

* * *

Теңир-тоолук, ала-тоолук кыргыздардын үркөрдөй кошуунундагылар алпейими кетип, тынчтык болбогондон кийин жер ооду кылган көк жалдардан бетер Жумгалдан, Кетмен-Төбөдөн эми Тогуз-Торого ооп, ошол жакты байыр алып калышкан. Жунгарлардын аттуу-баштуулары, баатырлары, миң башылары, жүз башылары ноёндору, баканооздору, кайгуулдары, бука моюн, буура сан найзакерлери ошол тарап, булардын кудуреттүү Көкө теңир тартуулаган бийик коргонуна, бийик чебине айланып калганын сезишкендей болушту. Өздөрүнчө кыйынсынышканын, бири-бирине тыңдысынышканын токтотушуп, кер-мур айтышпай кеңешип, мына ушул бийик коргонду, мына ушул бийик чепти кантип алуунун, аердеги буруттардын бир топ уруусунун, бир топ уругунун инабаттуу жакшыларын, аттуу-баштууларын, акылдуу аксакалдарын, колунан көөрү төгүлгөн усталарын, жамакчыларын, комузчуларын, чоорчуларын, кары мергендерин, акылдуу мырзаларын кантип тындым кылып таштоонун, намысы жокторун, дүнүйөкорлорун өздөрү тарапка кантип тартуунун жолун, айласын издей баштады. Тынч жүрүшпөй, тынч жатышпай, аракет кылышса да, айла-амалды колдонушса да, эмнегедир малдуу-жандуу ноёндордун, мол дүнүйөлүү төбөлдөрдүн, жашы улгайып калган баатырлардын, башынан далайды өткөргөн карыялардын айрымдары буга кайдыгер карашкандай болушту, айрымдары жаттардай сыртын салып коюшту, дагы бир тобу антишпей эле кайгуулдарды, баканооздорду, найзакерлерди, көзгө атаар мергендерди, нөкөрлөрдү, жасоолдорду, сакчыларды, жоокерлерди көбөйтүүнү, булардын жоо-жарактарын шай кылууну жакшылап кароону, ошондон соң селдей каптап кирүүнү каршылык көрсөткөндөрдү кырып таштоону, чөгөлөп моюн сунгандарды, жансоогалагандарды өлтүрбөөнү, мына ушуларды камчысын чапкандардын катарына кошуп салууну, мал бактырууну, отун алдырууну баса көктөп айтышты. Муну жактагандары болду, жактабагандары болду. Ачуусу менен ызаасын төөчүлөрдөн, уйчулардан, койчулардан отунчулардан от жаккандардан, олжо катындардан, кул-кутандардан, жарды-жалчылардан чыгаргандары да болду. Көпчүлүк да, беш манжа бирдей эмес да. Шондон улам кер-мур айтыша кеткендер да чыкты, кызыл чеке болуп мушташкандары да болбой койбоду, алды-артын карап, кийинкини ойлогондору, жаны кыйналгандай оор улутунгандары да болду. Даңазалуу коңтайчи кер-мур айтыша кеткендерди, талашып-тартышып зиркилдешкендерди, кызыл чеке болгондорду жазалаткан жок. Каарына алгандай кыйкырган да жок. Сиркеси суу көтөрбөй калганда, көңүлүнө жакпай калганда ушинтип кала турган. Казыр да ошентти. Анткен менен арадан эки-үч апта

өтпөй эле, жер жайнаган жоокерлерин баштап, казактарын айылдарына жортуулга жөнөй турган болуп калды. Жанындагылардын бир тобу өздөрүнчө ой толгоп, оор улутунуп коюшту, бир тобу антишкен деле жок. Калдайган калың кошуундардын артында чаң, болгондо да уюлгуган чаң.

* * *

Алп мүчөлүү Түлкү баатыр, нооча бойлуу, москоол денелүү, шумкар кабак Актери баатыр, арстандай айбаттуу Кедей баатыр жакшылык өмүр шамы экенин, чөккөн көңүлдү чалкытарын, өчкөн отту тамызарын, жумурай журт менен көргөнгө кабак салбай, кайрат кылуу керектигин көп айткан Таймат бийди узаткандан кийин эле, жоонун сырын билген, кептин баркын билген, кастык отун жаккандар менен карсылдаша кармашкан Арзымат бийдин келип кеткенин жана да анын: «Бу жалган дүйнөдө үч нерсени сатып алуу дегеле мүмкүн эмес: тагдырды, абийирди, намысты. Шондуктан ар дайым өзүңдүн тагдырыңды эле эмес, жумурай журттун да тагдырын ойлоо керек, абийирдүү болуу керек, намысты колдон алдырбоо керек» дегенин үркөрдөй кошуундагы эр жүрөк жигиттерге, эр көкүрөк боз уландарга айтышты да, анан аттанып кетишти. Булар кала беришти.

Биртикеден кийин булардын бир тобу куш уйкусун салышса, бир тобу кыр жактан кыргоол, кекилик атып келишти. Адегенде кыргоолдордун, кекиликтердин жүнүн жулушуп, ичин жарып тазалашып, анан от жагышты. Бажырандай сүйлөшүп карс-карс күлүшүп, жыгачтан шиш жасай коюшту. Ошол шиштерге кыргоолдор менен кекиликтерди тепчий сайышып, отко кармашты. Семиз кыргоолдордун, семиз кекиликтердин майы сызгырылып, тамып, куу чырпыктын чогу «чыз» этип, от май жыттана баштады. Куш уйкусун салышкандар ойгонушуп, акырын турушуп, акырын керилип-чоюлушуп, дарылдай сүйлөшүп, кыргоол менен кекиликти отко кактай бышырып жатышкандарды мактап калышты. Дегеле эс алганды да, кас душмандар менен кантип урушканды да, жол кайгыганды да, курсакты тойгузганды да билишет. Кыйладан кийин бардыгы ай тегерек олтурушуп, шишкебекти чогуу жешти да, булактын суусунан кочуштап ичишти…

* * *

Кийинки аптада жамгыр дыбыр-дыбыр этип жаай баштады эле, боз чымчыктар менен таранчылар дүрүлдөп учушпай, сагызгандар шакылыкташпай, каргалар каркылдашпай, кептерлер, бабыргандар, бактектер үн салышпай, сары айгырлар, кекиликтер, бөдөнөлөр сайрашпай шилби, четин, караган, долоно, чычырканак, бадал ара-

сына корголошсо, чөкө таандар менен көк каргалар жар боорундагы тешиктерге кирип кетишти, ошо бойдон чыгышкан жок. Уялары ошоер эмеспи. Койдой жайылган тоодактар, безбелдектер калың шыбактын, ала батанын, эрмендин, кара куурайдын, сүттүгөндүн, мыянын арасына киришип, бир паста көрүнбөй калышты. Булар ушулардын түбүнө жумурткалашып, ушулардын түбүндө балапандарын чыгарышып, ушулардын түбүндө көбөйүшөт. Кыргоолдор, кекиликтер, камандар карагандын, талдын, камыштын, балгындын, долононун, сары жыгачтын арасында толуп, суурлар, кашкулактар ийиндерине, түлкүлөр калың чийге, коёндор жылгын, чычырканак арасына кирип, тигилердей эле булар да алам заматта көрүнбөй калышты. Карышкырлар үңкүрлөрдө шиш тумшуктарын мамыктай төшөлгөн чөпкө коюп жатышпай, жон-жондо желип-жортуп жүрүштү. Булардын азыгы жолдон да.

Ал эми өздөрүнүн киндик кан тамган жеринде, болгондо да атаконушта мал багып, аштыгын айдап, эгинин сугарып, күнүн көрүп, калдайган калың кошуундарын читке жайгаштырып, тынч жашай беришпестен жаалдана келишип, канды суудай агызышып, ак калпак кыргыз кулундарынын, асыл солто, бугу, сарыбагыш, кара чоро, азык, саруу, кытай, багыш, саяк, моңолдор, жетиген, мундуз, кушчу, басыз, кара багыш урууларынын, дагы бир топ курама уруктардын кыйласынын жайыттарын тартып алышып, конуштарынан сүрүп чыгаргандарга кыргыйдай тийүүнү, көк жалдай чап салууну, аларды кабыландай качырып кирүүнү ойлогон, мына ошентип жунгарлардын алпейимин ала берүүнү, тынчын кетирүүнү күчөтүүнү заманасын кууруп жиберүүнү ойлогон, санаасын санга бөлүүнү, көңүлүн уйгу-туйгу кылууну, жүрөгүн үшүтүүнү, ушинтип өч алууну ойлогон, ата-бабанын жерин, ата-бабанын тоосун, ата-бабанын көлүн кас душмандан бошотууну, кастарын тиккендерди кууп чыгууну ойлогон Эр Садыр дыбыр-дыбыр этип жааган жамгырдын басылышын, асмандын шаңкайып ачылышын күтүп олтурбай, кароолдо турушкан жигиттерге барып, булар менен сүйлөшүп, бүт баарынын дүргөйүн көтөрүп кайтты. Ээк астында жумурай журтту ойлогон шер да. Андай болбосо, ак көрпө жайыл зайыбынын кашында, ыба караган тууганынын, бармактайдан бирге өскөн тели-теңтушунун, аң уулоонун сырын билген мергендин, күлүк таптаган саяпкердин, намыска жараган найзакердин, алгыр тайганды табына келтирген тайганчынын, акылдуу, кайраттуу атасынын, нарктуу, сарамжалдуу, эстүү апасынын жанында олтуруп, далай канаттуу кепти укмак. Кулагынын курчу канып, жүрөгү толкуп, көңүлү чалкып, ак өргөөдөн чыкмак эмес. Шоораты далайга жеткен контайчинин канатташ казактардын жерин карай аттана турганын, бегеттердин, кайдуулаттардын, кутунайлардын, шыкмаматтардын, кулжу-

гачтардын, курманкожолордун, түнкатарлардын, түнтөйлөрдүн, боргемиктердин, молойлордун аксакалдарынын бир тобунан угуп, көңүлү уйгу-туйгу боло түштү. Аксакалы жайкалган, акылдын түбүн байкаган аксакалдар көптү көргөндөр да, көптү билгендер да. Баарын байкап турушат, баарын сезип турушат. Эр Садырдын көңүлүнүн уйгу-туйгусу басылбады. Түндөсү кирпик какпай, түпсүз деңиздей терең ойго батып, таң атыргандай болду. Дыбыр-дыбыр этип жааган жамгыр байып, күн чайыттай ачылганда пайитин таап, адегенде кастык отун жаккандардын сырын жакшы билген Бозтери баатырдын омоктуу оюн эшиткендей болду. Ушундан кийин: «Айланайын, Эр Садыр! Кагылайын, кыраан Садыр! Бу сен жаш болсоң да, мен сага башымдагы бөркүмдөй эле ишенем. Аргымагым арып калганда, мага аргымак жеткирип бере көр! Ниети кара жунгарлардын сүйрү башын жарайын. Пейили бузук жунгарлардын чымындай жанын чыркыратайын. Тайраңдаган жунгарлардын ичегисин чубалтайын. Кыянаттык кылган жунгарлардын кабыргасын сындырайын. Кагылайын, кыраан Садыр! Айланайын, Эр Садыр! Тонум тосуп калганда, мага тон жеткирип бере көр! Бууралай буркулдаган жунгарлардын төшүн жарып, жүрөгүн сууруп алайын. Карышкырдай чап салган жунгарлардын кара кушун жарып, мээсин чачыратайын», – деп каар сала күпүлдөбөй, көкөйгө көк таштай тийгендердин жаракчан жоокерлеринин кандай экенин жакшы билгендигин акырын айтып, жүрөктү эрдик менен бүлөгөн Түлкү баатыр, Бозтери баатыр менен кеңешип көрдү. Андан соң ыңгайлуу учурдун пайда боло турганын сезип, мындай учурду текке кетирбей пайдаланып калууну көздөп, караңгыда жол тапкан, капилеттен сөз тапкан Кошой бий, жоонун сырын билген Туума бий, кайраты толук, заары күч Кедей баатыр, өрттөн кайра тартпаган Качыке баатыр, алп мүчөлүү Түркмөн улуу, калдайган калың колдон коркпогон Актери баатыр, акылы жетик, жаш көк жалдай кайраттуу Жайыл менен масилеттешти, эр жүрөк жигиттер, эр көкүрөк боз уландар менен да сүйлөштү. Булар моюн толгошпой, күңк-мыңк этишпей, өздөрүнүн ойлорун ачык айтышып, анын жүйөлүү кебин үжөт кылышаарын, жортуулга аттанууга даяр турушканын билдиришти. Торгой таңшыган, булбул сайраган, улар учкан, бүркүт уялаган, шумкар шаңшыган, кайберен байыр алган, ителги чабыттаган, тоодактар, безбелдектер койдой чубаган, койдой жайылган, карышкыр желип-жортуп жүргөн, түлкү шимшилеген, сүлөөсүн керилип жаткан, илбирс чамынган, жолборс күркүрөгөн кыргыз жери үчүн, булут түнөгөн, асман мелжиген кыргыз тоосу үчүн, ымыркайын арча бешикке бөлөгөн, ак сүтүн берген, түн уйкусун бөлүп арча бешикти терметкен кыргыз эне үчүн, жайкысын муздак, кышкысын жылуу болгон кыргыз булагы үчүн, каз-өрдөктөр, ак куулар, ак чардактар толгон кыргыз көлү үчүн кара жанын

аябагандар да. Бар болушсун! Аман болушсун! Теңир колдосун! Атабабанын арбагы колдосун! Шамшыкал-Ата колдосун! Ушинткендей болду Эр Садыр ниетинде.

* * *

«Кара калмактар кашта, капкан бута касын тиккендер тушта» болуп турган учурга карабай айтылуу Аксы, Чаткал тараптан, калың бадалдуу, жаңгактуу, кокту-колоттуу, токойлуу Көкарт өрөөнүндөгү Кара-Алма, Кызыл-Суу, Үрүмбаш, Жошо-Орток капчыгайлары жактан, Ноокендин тоо тарабынан мырзалар, инабаттуу жакшылар, өткүр жигиттер келишип. Эр Садырдын үркөрдөй кошуунундагыларлын арасында болушуп, алардын кайратына кайрат кошуп, бөрчүсүн беришип, эки-үч күндөн кийин кайтып кетишти. Боор толгошсо ушул да. Үркөрдөй кошуундагылар кубанып, шерденип калышты. Эр Садырдын жүрөгү жылып, өткүр көзү бакырайып, жылдызы жангандай балбылдап, ыраңы нурданды. «Бу жашоодо ит төрөсү Кумайык, куш төрөсү Буудайык дешкен бабалар. Баатыр бабалар абдан туура айтышкандай. Журт бийлеген бий мына ошол Буудайыктай болушу керек. Антпей турган болсо, аның алдуу-күчтүүлөрдүн, айбаттуулардын алдында, өздөрүн өзгөлөрдөн өйдө койгондордун алдында, чериктери, жан-жөкөрлөрү көптөрдүн алдында, коңур чечендердей болгондордун алдында алсыз, коркок тартып, бөдөнөдөй бөйпөңдөп, өзүнүн оюн ачык айталбай калат. Кудурети күчтүү Көкө теңир мына ушундай журт башыдан сактасын! Куш төрөсү Буудайыктай болгон журт башынын жанында акылы жетик, сезими тунук жигиттер, болоттой курч мырзалар, көй-кашка шерлердин ибаратын алган азаматтар, эби менен иш бүтүргөн, кеби менен сөз бүтүргөн инабаттуу жакшылар жүрсүн!» – деген Сейит шер, Байдөөлөт «кыраанды, Бекболот азаматты, Календер баатырды ээрчитип келип, үркөрдөй кошуундагылардын демине дем кошуп, бир аптадан кийин кайтып кетти. Баары кудуңдай кубанып, ыраазы болуп калышты.

* * *

Качан гана ары амалдуу, ары даңазалуу, ары каардуу коңтайчи нөкөрлөрүн, жалоондой жасоолдорун, сакчыларын, таш жүрөк жоокерлерин, баатырларын, найзакерлерин, балбан билек кылычкерлерин, алп мүчөлүү жаачыларын баштап, артынан чаңын буратып, казактардын учу-кыйырына көз жетпеген талаасын карай жөнөгөнүн билгенден кийин Эр Садыр көк жалдары менен ийри олтуруп, түз кеңешип, үркөрдөй кошуундагылардын бир тобун Тогуз-Тородо калтырып, бир тобунун алдына түшүп, үй түгүндөй көп жунгарлар-

дын котондоруна, самондоруна[1] айгайлаган чуу менен кол салып, каршылык көрсөткөндөрдүн кабыргасын сындырып, баш ийгиси келбегендердин, желмогуздай кыйкыргандардын сазайын берип, айрымдарын кан куздуруп, ок жыландай окторулгандарды оройго чаап сулатып, алачыктарын кыйратып, чатырларын өрттөп, союл ала чуркагандарын өкүртө сабап, жайыттагы жандыгын, талаадагы уюн, өрүштөгү жылкысын айдап кайтууну күчөттү.

Мындай бүлгүн салып, талап-тоноп кайтууга Жайыл да катышып жүрдү. Бышыктыгын, чапчаңдыгын, чыдамкайлыгын, өткүрлүгүн көрсөтүп, үркөрдөй кошуундагылардын сүймөнчүгү болуп калды. Мына ошентип ушундай жортуулдарда жаш көк жал Жайыл кадимкидей такшала баштады...

* * *

Билинбей эле аптаптуу жайдын, жамгырлуу күздүн, ызгаардуу боз кыроонун, ары бурганактуу, ары темир аяздуу кыштын күдөрү өтүп кеткендей болду. Буга ноёндор, миң башылар, баатырлар, төрөлөр, улуктар кейишкен деле жок. Калдан Серендин[2] калдайган калың кошуундарында жалаң гана бука моюн, буура сан жоокерлерден турган урма топтогулар бар эле. Мына ушулардын бир тобу акылы терең, салкын кандуу, күйүмдүү, убадага бек, сөз төркүнүн билген, куулук-шумдугу жок, калыстыктан тайбаган, башынан далайды, болгондо да жамандыкты, жакшылыкты өткөргөн кары баатырдын, кары ноёндун, кары зайсаңдын: «Арбашкандар алышат, кармашкандар кагышат. Биз да далай жылдан бери алышып

---

[1] *Котондоруна* – конуштарына, *самондоруна* – аймактарына деген мааниде.

[2] Ары кайраттуу, ары амалдуу, ары сүрдүү Калдан Серен үй-бүлөсү, жанжөкөрлөрү, кеңешчилери, баатырлары, тууган-туушкандары, ыба карагандары, ат токуурлары, ат кошчулары, кул-кутандары, сакчылары, нөкөрлөрү менен адегенде Иле дайрасынын төмөнкү агымы жактагы аймакта болуп, анан улам жогору көчүп, май айына чейин Көжүгөрдө турчу экен. Кийинчерээк жазында Көжүгөр өзөнүнөн ылдый карай Илени бойлоп көчүп, айтылуу Кеген, Каркыра, Темирлик, Текес тарапта болуп, коңур күздөн баштап, кыш мезгилинде Иленин жакасында байыр алчу экен. «Асман каганатынын» төбөлдөрүнө, төрөлөрүнө, кол башчыларына мына ушул амалдуу, кайраттуу, сүрдүү Калдан Серендин 1727-жылы Суаң Араптан өлгөндөн кийин эле бүткүл бийликти колуна алып, бүткүл байлыктын ээси болуп, көздөгөнүнө жетүү үчүн батылдык, чечкиндүүлүк менен күч-кубатын жумшай баштаганынан улам, анын эч качан баш ийип берүү абалына барбай турганы айдан ачык белгилүү болуп калыптыр. Андыктан каган Уянчен (Юнчжэн) эртеби-кечпи, акыры Жунгария каганатын жоготууну алдыга милдет кылып коюптур. Өзү көчмөн болуп турса да, сайдын ташындай жайнаган жоокерлерин туш-тарапка, көчмөндөрдүн талаасына жортуулга жөнөтүп турган Калдан Серен куду ушуну билген эместей. Бул О.В. Зотовдун «Кытай жана Чыгыш Түркстан XV–XVIII кылымдарда (мамлекеттер аралык мамиледе)» деген эмгегинде үстүртөн көрсөтүлүп кеткен.

эле, кармашып эле, кагышып эле келатабыз. Мындан эмне пайда таптык? Мындан эмне жоготтук? Ошону ойлобой жатабыз. Төрт сан ойрот элек. Арабыздан жарака кетип, бул бүтөлбөстөн, жыл өткөн сайын чоңоюп, туш-тарапка тарагандай болдук. Бузулуу деген, чачылуу деген ушул эмеспи. Мындай болбостон, төрт сан ойроттун улуктары, кол башчылары, төрөлөрү, ноёндору, баатырлары акылдуулук, намыстуулук, кайраттуулук, батылдык кылышып, өз ара араздашканын, өз ара тирешкенин, өз ара чабышканын, бөлүнүп-жарылып турушканын кан буугандай токтотушуп, Лубзан-Данжинге кол сунуп, көмөк көрсөтүшкөндө эмне?! Ой, анда Күкүнор аймагы[1]

---

[1] Көк-Көлдүн (Күкүнордун) аймагында байыр алып, кыйла тыңыгандан кийин Куши-кан 1635–1656-жылдары өзүнө караган чөлкөмдү эки канатка оңго, солго бөлүп, он уулун башчылык кылып койгон. Кең аймакта хошоуттар, тыргооттор, хоёттор, жунгарлар ж.б. майда көчмөн уруулар жашаган. Куши-кан өлгөндөн кийин Чың (Цин) каганатынын черүүсү берилей жылып, хошоуттардын читине жакыныраак жайгашкан. Кийинчерээк каардуу Калдан Бошокту (1670–1697-жылдары) өзүнүн бийлигин чыңдап, каршылаштарын кыйраткандан соң бүткүл ойротторду бийлигине баш ийдирүүнү каалап, ушинтүүгө аракет кылган. Көк-Көл аймагын Жунгарияга кошуп алууну ойлогон. Бирок көк-көлдүк хошоуттардын жерин басып кирүүгө батынбаган. Анткени бул учурда Чың каганатынын азар түмөн черүүсү Көк-Көл чөлкөмүнүн четинде турган.Эгерде айгайлаган чуу менен каптап кире турган болсо, чоң чатак чыкмак. Чың каганатынын читине, жакын жердеги черүүсү хошоуттардын ноёндорунун нөкөрлөрүнө улуктарынын чериктерине жардам беришмек. Ортодо от күйүп, кан суудай аккан. Ошону сезген, анын үстүнө жүрөксүп калтаарыган хошоуттардын коңтайчиси жашыруун сүйлөшүп, Калдан Бошокту менен куда болууну чечкен. Калдан Бошокту буга макул болуп, өзүнүн айдай сулуу кызын хошоуттардын коңтайчисинин уулуна берген. Шонтип кан төгүлбөй калган. Анткен менен далай мезгил алмашкандан кийин, далай жыл өткөн соң аердегилер Чың каганатынын колдоосуна ээ болгон хошоуттардын үстөмдүгүнө наараазы боло баштаган. Чың каганатынын төрөлөрүнүн ички иштерге кийлигише берүүсү да кыжырды келтирип, наараазылыкты ого бетер күчөткөн. Бул 1722–1723-жылдары көтөрүлүштү жараткан. Көк-көлдүктөрдүн көтөрүлүшүнө Куши-кандын небереси Лубузан-Данжи жетекчилик кылган. Бирок бул эр жүрөк, өрттөн кайра тартпаган, өз журтунун эркиндиги үчүн каны-жанын аябаган Лубузан-Данжиге каршы Саган-Данжин, Эрдене-Эрке-Тоготай өңдүү байманасы ашып ташыган ак сөөктөр башында турган топ күрөшкөн. Карсылдашып кармашканы менен жеңишке жетише алган эмес. Лубузан-Данжинин айланасына топтолгондордон жеңилип калышкан. Өз кызыкчылыктарын көздөшкөндөр ачуу менен ызага жеңдиришип, Чың каганатынын каганына жардам берүүнү өтүнүшүп кайрылышкан. Булардын өтүнүчү орундалып, Ганьсу менен Сычуань аймагынан черүү жөнөтүлгөн. Айыгышкан айкаштар, кандуу жүрүштөр бир жылга созулган. Көтөрүлүшкөндөрдүн топтору баатырдык менен урушуп, эрдиктерди көрсөтүшкөн. Бирок күч теңдешсиз болгон. Лубузан-Данжин жетекчилик кылган көтөрүлүшчүлөрдүн урушу ырайымсыздык менен басылган, кан суудай агылган. Бул 1723-жылдын акыры, 1724-жылдын баш жагы эле. Даши баатырдын эр жүрөк уулу Лубузан-Данжин кыргындан аман калган азыраак тобу менен Жунгарияны карай качкан.Чың каганатынын төбөлдөрү буларды кайтарып берүүнү талап кылышкан. Күч-кубаттуу Жунгариянын улуктары моюн толгошуп, алардын талабын аткарышкан эмес. А бирок ушундан кийин бул чөлкөмдөгү

канзууларга карап калбайт эле. Бу силер адырандабай, кан төгө бербей, биртике бардаш кылып, алды-артыңарды карап койсоңор боло, керсейгендердин, текеберчилик кылгандардын акыры шору болоорун, өздөрү акыры кор болоорун туйсаңар боло. Балдардын тагдырын, элибиздин тагдырын ойлосоңор боло», дегенинен улам өздөрүнчө ой толгошуп, боор толгошуп, ызырына зиркилдешпей калышса, бир тобу антишпестен эле, түгөнгөн сайын түтөгөн буруттардын жеринин кап ортосу Кетмен-Төбө өрөөнү экенин, бул өрөөндүн туш-тарабы куйрук улаш кеткен тоолор менен курчалганын, ордо куруууга ыңгайлуу, малга жайлуу, жанга жагымдуу экенин, туйлап аккан көк кашка өзөндөрүндө балыктар мол экенин, жайында муздак, кышында жылуу булактарга бай экенин, көлмөлөрүндө казөрдөк, ак куу, чүрөк, камышында, чийинде кыргоол, чил, түлкү, кашкулак, мадыл, каман, адырында суур, арыс чычкан, бадалында сүлөөсүн, коён, элик, куран кокту-колотунда карышкыр, чөө, талаасында каркыра-турна, кайың-талдуу сайында суусар, кундуз, калың черинде жолборс, аюу, илбирс, төшүндө аркар-кулжа, тектиринде тоодак, безбелдек, аска-зоокасында эчки-теке, токоюнда марал, бугу көп экенин билген, айтор, ошондонбу, ушул аймакты ээлеп алууну ойлогон кээ бир улуктардын, кээ бир төрөлөрдүн, кээ бир ноёндордун тилине киришип, буларды жактаган жүз башылардын, элүү башылардын кебин сүйлөшүп, өздөрүнчө жинденишип, буркан-шаркан түшүп, көкөйгө көк таштай тийгендердин сазайын колуна берүү үчүн Төө-Ашууну ашып, Ала-Белди ашып, Чычкан капчыгайындагы калың бадалды аралап, өрөөндү карай жортуул жасай турган болушту. Бул алгач ирет жасалып жаткан жортуул эмес эле. Буга чейин көп эле жолу жортуул жасалган. Ошонун биринде үстүн болушуп, айтылуу Алайга чейин, Тоолуу Бадакшанга чейин кандуу жүрүш жасашып, капчыгайларга, аркайган аскалардын, асман тиреген зоокалардын койнуна, калың арчанын, калың кайың-талдын, калың кылгындын, калың караган чердин, карагайдын арасына кирип кеталышпай калгандардын боз үйлөрүн кыйратышып, мал-

---

тыргооттор, жунгарлар, хоёттор хошоуттардын ноёндоруна баш ийип тургандан бошотулуп, Чың каганатынын курамына биротоло каратылган. Ошентип Лубузан-Данжиндин жетекчилиги астында көтөрүлгөндөрдүн жеңилиши менен Көк-Көл аймагы «Асман каганатына» кошулуп, чек арасы Жунгариянын түштүк-чыгыш чегине жакындап калган. Акылдуу, күчтүү, калыс кары баатырдын, кары ноёндун, кары зайсандын кабыргасы кайышып, каңырыгы түтөп айтканы ошондон болсо керек. Бул кайгылуу көрүнүш П. Санчировдун «Илэтхэл Шастир» ойроттордун тарыхы боюнча булактар деген змгегинде көрсөтүлгөн.

мүлкүн талап-тоношуп, конуштарда кыз-келиндерин ыйлатышып, каршылык көрсөтүшкөндөрдүн бети-башын көк ала кылышып, кабыргасын сындырышып, катуудан тулга, жумшактан күл калтырышып, олжого карк болушуп кайтышкан, калганында жылдызы жерге түшүп жеңишке жетише алышкан эмес. Чал-кемпирлер, кыз- келиндер, кош бойлуу аялдардын, балдардын, байбичелердин, айымдардын көбү аркайган аскалардын, токойдун арасына кирип, тар капчыгайлардын төрүнө жашынып калышкан. Тоо этегинде, чийлүү талаанын, калың камыштын, калың бадалдын четинде мал кароосуз кала берген. Сайдын ташындай жайнаган жунгарлардын эркек каргалардай чокчоңдошкон жоокерлери ошол малды четинен союп, отко бышырып жешкен. Бирок тоолордон түшүп келишкен кетмен-төбөлүк эр жигиттердин чап салуусуна, катуу каршылык көрсөтүүсүнө кабылып, көп жоготууга учурап, ооздон көк түтүнү бурап, ындыны өчүп кайтышкан. Айтор, ошондонбу, ары амалдуу, ары кайраттуу, ары каардуу Калдан Серен көйкашка баатырлары, көйкашка миң башылары, койкашка жүз башылары менен ийри олтуруп, түз кеңешкен да, андайга эми туш болуп калбоонун аракетин көрүп, урма топтогуларды жөнөткөндөй. Булар орукта, чепте калгандардан өлсө өлүгү артыктар эле, өңчөй бөрү жалдуулар эле, тоолуктардын көк жалдары, илбирстери, сырттандары менен салгылашуунун сырын билгендер эле. Ошондой болсо да чийлүү талаанын, калың камыштын четинде, жылгындуу дайранын жээгинде жүрөгүндө сырттандай мол кайраты бар Арзымат бийдин, балбан билек, жолборс төш Балбак баатырдын жалындан жалтанбаган жигиттеринин, Узун Акмат өзөнүндөй ташкындаган шериктеринин, Карагер-Аттын капталы, Кара-Күңгөй, Ак-Тектир, Ак-Байтал жактагы багыштардын, саруулардын, кара багыштардын, адигинелердин, жетигендердин, саяктардын, кытайлардын, кушчулардын өлүмдөн качпаган, өрттөн кайра тартпаган эрендеринин, берендеринин жана жардамга шумкарлардай учуп келишкен азаматтардын туш-туштан урган соккуларына кабылышып, алар менен кыл чайнашып кармашса да, чабышса да, жаалданып сайышса да, буларды жексен кыла алышпай коюшту. Буга чейин мындай болгон эмес. Каар сала бакырышып, кан күсөгөн бөрүлөрдөй чап салышып, бир тобун кылычтап, бир тобун найзалап, бир тобун чокмор менен башка чаап сулатышып, жаа тартышып, дагы кыйласынын чекесине, жонуна, көкүрөгүнө жебени кадалтышып, үстүн боло турушкан, олжого карк боло турушкан. Эмнегедир бул жолу Теңир жүзүн буруп кеткендей, ошондой боло тургандай эмес. Чеңгели кандуу, чеңгели суук ажал ортодо ойноп, жунгарлардын урма топтогуларына өлүм каалагандай, Арзымат бий менен Балбак баатырдын жигиттерине шериктерине, багыш-

тардын, саруулардын, жетигендердин, кытайлардын, саяктардын, кара багыштардын, адигинелердин, кушчулардын берендерине, эрендерине жеңиш каалагандай. Буларың кайраттуу экен, айбаттуу экен. Аралап салгылашканга, ит урушун салып урушканга маш экен. Ат үстүнөн кулап түшкөнү, колу сынганы, башы жарылганы, чекесине жебе чып эте кадалганы, кыйкырганга дарманы келбей жан бергени болсо да, карсылдашкан кармашты, чартылдашкан чабышты токтотушкан жок, айыгышкан айкашты уланта беришти. Айтор, ошондонбу, жунгарлардын урма тобундагыларынын каны шакардай кайнаганы, камандай күркүрөгөнү, карышкырдай атырылганы менен а бара-бара мизи кайта баштады, кыйладан кийин чегинүүгө мажбур болушту. Күрү-күү... Чак-чук... Карс-карс... Бир тобу өлүп, бир тобу жарадар болуп, аман калгандары өр таяна качып кутулушту[1]. Бирок мына ушулар өлбөй калганына шүгүр кылышпай, арадан бир-эки ай өткөндөн кийин эле, кайрадан бука моюн, буура сан найзакерлер, балбан билек, жолборс жүрөк кылычкерлер менен келишип, өткөндөгүнүн өчүн ала турган болушканда, кабыландай керилген, көрөңгөлүү кеп айтып, кыраандардын көөнүн эриткен, катылганды катыгын берген Сейит шердин, Бекболот азаматтын кыштын кычыраган чилдесинде арпа берип баккан, үстүнө аземдеп жабуу жапкан, ырымдап мойнуна тумар таккан, шонтип ардактап асыраган тулпар чалыш тобурчагынын көкүлүн түйүп, кыл куйругун шүйүп, кабагына кар жаадырбай, үрөйдү учурбай, шып эте минип кымпыйган, башында туулгасы калкылдап, белинде кылычы кыңгырап, колунда найзасы солкулдап, айбалтасы жанында шыңгырап, жылкыга тийгендерди кууп жетип сулаткан, тутканын какшатып сөөгүн чаккан, мына ушинтип Баба дыйкан колдогон, Кыдыр жылоологон атасы Асандын даңкын чыгарган Байдөөлөт кыраандын, казан аштууларга да, колунда жокторго да жакшылык ыроологон, анткен менен кастык отун жаккандарга кыргыйдай тий-

[1] А бул 1733–1734-жылдары эле. Балбак баатыр кийинчерээк Текестеги черик уруусун жунгарлар чапканда, ошол тарапка да барып, кыпчак уруусунун эр жүрөк берендерине, эр көкүрөк эрендерине азамат жигиттерин кошуп, чериктерге жардам берип, кас душмандардын канын төккөн. Бул 1748-жылы болуптур. Жортуулдан олжолуу кайтып келатып, жунгардын сулуу кызын өзүнө кошуп алыптыр. Ушул сулуу кызды Балбак баатыр нике кыйдырып, өзү алган экен. Байдөөлөт кыраан да жунгарлардан олжолоп келген нурдуу кызды өзүнө нике кыйдырып, ал эми Жамантыктын уулу Календер өзүнүн баатырдыгы менен эле эмес, ээк астында журтун ойлоп, кара жанын карч уруп, арык каздыргандыгы аркылуу да жумурай журтка таанылган. Кишен суусунан Шайдын үстүнө арык каздырып, суу чыгартып, дан багарларды кубанткан. Торкендеги Кичи-Арык, Чоң-Арык өстөндөрүн да каздырган. Ошондой эле абдан бийик коо жасатып, Чоң-Дөбө жактагы Салманын арыгын да каздырган экен.

ген Календер баатырдын күч-кайраты бирде Кишендин өзөнүндөй, бирде Көөдүлдүн суусундай ташкындаган жигиттери, киндиктеш уруулардын, киндиктеш уруктардын көк жалдары, кыраандары менен бирдикте катуу сокку урушту. Ошентип, мына ушулар кан күсөгөндөрдүн далайын жексен кылышып, тилегин таш каптырышкандай болушту. Өлбөй калгандары бозуп кетишти.

* * *

Жеңилүү ызасын тартышып, араңдан зорго качып кутулушкан бозгундар өздөрүнүн турган жайына илкип, арып- ачып баргандан кийин ченге кирип кетишпеген. Кызыл кыргындан, сары сүргүндөн аман калганын эстеринен чыгарып коюшкандай, суудан тайыз, чөптөн жапыз болуп калышпаган. Кетпес кеги, өчпөс өчү барлардын бөрүлөрү да. Ата-конуштарын таштап, төрт түлүгүн айдап көчө качышпай, чокулары асман тиреген тоолордун арсак-терсек аскаларынын арасында, тар капчыгайлардын төрлөрүндө кала беришкен саяктардын, басыздардын, чериктердин, моңолдордун, багыштардын, кытайлардын, жетигендердин, саруулардын, адигинелердин, кара багыштардын кыраандарынан, көк жалдарынан, эр жүрөк жигиттеринен, эр көкүрөк боз уландарынан өч алууну кайрадан ойлошуп, көздөгөнүнө жетүү үчүн камылга көрө баштаган. Кийинчерээк каардуу коңтайчинин казактардын талаасына жыйырма миңдей черикти, Теңир-Тоонун койнуна он миңдей жоокерди жөнөтө турганын угушуп, өздөрүнчө кудуң-кудуң этип кубанышкан, атүгүл «ушул жолу жеңишке жетишип, буруттардын бука моюн, буура сан кыраандарынын кара көзүн кашайтып, кара жанын чыркыратып, кар жилигин сындырып, кара жерге кагабыз» деген ойдо болушкан. Бул оюнда бекем турушуп, сай ташындай жайнаган жоокерлерге кошулуп, теңир-тоолуктардын талпагын ташка жайып, жайыттарын басып алуу үчүн жөнөшкөн. Бирок бул мертебе да ойлогону оңунан чыкпай, тилеги кабыл болбой калган. Эр Садырдын үркөрдөй кошуунундагы болоттой курч жигиттер, жалындан жалтанбаган боз уландар төрт топко бөлүнүшүп, буларга кытайлардын, саяктардын, саруулардын, мундуздардын кара чоролордун, кара багыштардын, солтолордун, жетигендердин, азыктардын, багыштардын эр жүрөк берендери, эр көкүрөк эрендери кошулуп, жунгарлардын жоокерлерине төрт жактан күтүүсүздөн кол салышып, кыйласын жексен кылышып, кайра эле калың кайың-талдын, калың карагай-арчанын арасына, тар капчыгайга, балгындуу камышка кирип, дайнын таптырбай, изин жашырып кетише турган болушту, анткен менен пайитин таап, кайрадан көк жалдардай, илбирстердей, сырттандардай, кабыландардай чыга калышып, кайрадан чап салышып, кайрадан

кез келгенин кайсашып, кайрадан куйрук үзүп кетип жатышты. Шонтип кастарын тиккендердин алпейимин алышып, кабыргасын кайыштырып, заманасын куурушуп, ичинен кан өткөрүштү. Шонтип алардын тилегин таш каптырышып, курман болбой калгандарын кайтып кетүүгө аргасыз кылышты[1].

* * *

Кошой бий куурайды бирден сындырмак оңой экенин, тобу менен сындырмак кыйын болоорун, куш жемине, эр жумурай журтуна кайрыларын билген, калыстыктан тайбаган Тоймат бийди узаткандан соң тынч олтурбай эртеси Бала-Чычкан тарапка барып, казан-аштуу, кайраттуу, акылдуу Арзымат бийге жолугуп, сыйлуу конок болуп, өткөн-кеткенден кеп салгандан, ак дилден жарыла баарлашкандан кийин Коңур-Өгүздөгү өргөөсүнө кайтып келди. Бирок жай алып олтура албады, дүйнөкапар жата албады. Шондон улам тулпар чалыш тору кашка атын минип, жанына кеп кадырын, эр кадырын билген аксакалды, ары эстүү, ары жүрөктүү, ары намыстуу мырзаны, Кетмен-Төбөнүн коён жатагына чейин билген өткүр жигитти кошуп алып, Тогуз-Торону карай жөнөдү. Бирде тору кашка аттын шайбырын катуулатып, бирде жайлатып, кайың-талды, карагай-арчаны, шилбини, четинди, караганды, калың чийди, балгындуу камышты, жылгынды аралатып, койдой жайылган тоодактарды, койдой чубаган безбелдектерди, чаарчыктарын ээрчиткен эликтерди, чаркылдашкан суурларды, салаа-салаа кырлардан текелерди, эчкилерди, аркар-кулжаларды көрүп, бирде мергендер менен мүнүшкөрлөрдөн башкалар чыкпаган чокулардан ылдыйлап, таштан ташка урунуп аккан суудан ичкени түшө баштаган уларларды үйдөй таштын үстүндө комдонуп жаткан илбирсти, үйүрүн баштап бараткан көк жалды көрүп, сары айгырлардын, боз чымчыктардын, кекиликтердин сайраганын, торгойлордун таңшыганын, бөдөнөлөрдүн үн салганын тыңшап, салкын, таза абада көңүлүн сергитип, жанга жагымдуу желге жүзүн аймалатып, кээде жыпар жыты аңкыган тоо гүлдөрүнө, ышкындын, кымыздыктын, балтыркандын, мөлтүр булактын көптүгүнө суктанып, дүргөйү чалкып, жүрөгү толкуп, кээде аксакалдын, мырзанын, эр жигиттин канаттуу кептерин эшитип, кээде түпсүз деңиздей терең ойго чөмүлүп, мына ошентип, эч жерге токтобой, эч жакка кайрылбай, жондон-жон ашып, белестен белес ашып, коркунучтуу кыядан өтүп, тар капчыгайды өрдөп шоо-

---

[1] А бул 1735–1736-жылдары болуптур. Ушул эле мезгилде Улуу жүз, Орто Азиянын бир топ аймагы жунгарлардын улуктарына кайрадан карап калган. Улуу жүздүн ак сөөктөрү жунгарлардын ордосуна жыл сайын аманат жиберип турууга мажбур болушкан.

куму алда кайда угулган өзөндөрдү кечип, жаман тумшукту арта калтырып, кегин ичине, камчысын койнуна катпагандардын бийик чебине, бийик коргонуна айланып калган Тогуз-Торого барды. Аксакалдар, байбичелер, инабаттуу жакшылар жайдары тосуп алышты. Кошой бий баары менен ырайлашкандан кийин ак өргөөдө мандаш токунуп олтурду да, казы-картадан кыя кесип жеп, кымыз ичип, санжыргалуу аксакалдардын, нускалуу байбичелердин ширелүү кебине кулак төшөп, кез-кезде өзү да көөндү эриткен сөз айтып, кыйладан соң сыртка чыкты да, ошо бойдон ичкери кирбей, үркөрдөй кошуундагы эр жүрөк жигиттердин, эр көкүрөк боз уландардын арасында болуп, алардын сары таман аттарын, жоо-жарактарын көрүп, жүрөгү жылыды. Эл-жерди коргоочулардын кебин, оюн угуп, кубангандай күлүмсүрөп койду, анан: «Айланайындар, бу силер чыдамкай болгула. Булактай тунук болгула. Сабырдуу болгула. Мен эрдигиңерге таазим этип, ыраактан атайы келдим. Бул акылдуу аксакал да, бул кайраты толук, сезими тунук мырза да жүрөгү жылып, ичинен силерге ыраазы болуп келди. Өмүрүңөр Теңирден, ырыскыңар өзүңөрдөн. Жунгарлардын улуктары, ноёндору, кол башчылары, баатырлары эртеңкисин ойлошпой жатышат. Төрөлөр, төбөлдөр адашса, жаңылса, каардуу болсо карапайым пенделердин эле шору, азабы. Эгерде мындай болбосо, өздөрү келип катылгандардын каны төгүлбөйт эле», – деп муңкангандай болду. Биртикеден кийин ырыскы көктөн куюлган Ысык-Көл, Каркыра, Үч-Алматы, Чүй, Талас бейиштегидей жер экенин, мына ушул бейиштегидей болгон жактардагы туйлап аккан, шоокуму алда кайдан угулган көк кашка өзөндөрдүн бойлору калың кырчын, калың кайың-тал, кадимки эле токой боло турганын, калың чийдин, калың балгындуу камыштын, калың бадалдын арасында өрдөк, каз, ак куу, көк кытан, ак кытан, каркыра-турна, тоодак, безбелдек, кекилик, кыргоол, чил, коён, түлкү, кашкулак, калтар, карышкыр, сүлөөсүн, суусар, суур, каман, мадыл, бугу, марал, элик, бөкөн, кулан, ач күзөн, аюу, ителги, кыргый, турумтай, ылаачын, чүйлүү, үкү көп болоорун айтып, тайган агытып, куш салып, аң уулоонун кызыгына батканга ыңгайлуу экенин, бирок ушундай ажайып кооз аймактарды жунгарлардын басып алышканын, кандай гана болбосун алардан бошотуп, ата-бабалардын конуштарына көчүп баруу керектигин айтып, ошонун эртеси: «Кагылайын, жаш кыраандар! Ынтымактуу болгула, намыстуу болгула. Кайраттуу болгула. Күйүмдүү болгула. Эттин аз экенине карабай тең бөлүшүп жегиле, кымыздын, бозонун, максымдын, жарманын аз экенине карабай тең бөлүшүп ичкиле. Тең бөлүшкөндү Теңирим да сүйөт экен. Баатыр бабалардын арбактарына сыйынып жүргүлө. «Жаманыңарды билип алдык, кырманыңарга кирип алдык» дегендердин сазайын бере көргүлө. Ач көз, арамза

болбогула. Ачуу менен ызага жеңдирбегиле. Ичи тар, кара санатай болбогула, жаман ойлобогула. Жаман жолго түшпөгүлө. Убадага бек тургула. Шертиңерден тайбагыла. Сагызгандай сак, тайгандай алгыр, шумкардай кыраан болгула. Эр Садырды, Түлкү баатырды, Качыке баатырды, Кедей баатырды, Түркмөн улууну, Туума бийди, Актери баатырды, Бозтери баатырды сыйлап жүргүлө. Жана да көк жалдай болгон Жайылды, Байдөөлөт кыраанды, Календер баатырды кадырлап жүргүлө. Булардын таасирдүү кептерин угуп, айткандарын аткарып тургула. Кас душмандарга жаныңарды берсеңер да, сырыңарды бере көрбөгүлө. Кас душманга кекти кетиргенче, денеңерден башыңарды кетиргениңер жакшы болот. Барчылыкта көпкүлөң тартпагыла, жокчулукта чөкпөгүлө. Эр Садырдын өйдөдө өбөгү, ылдыйда жөлөгү болуп, жоонун жүрөгүн түшүргүлө. Жумурай журтубуздун шерлери, берендери, эрендери эл четинде, жоо бетинде болуп, кастык отун жаккандар менен башын канжыгалап, канын көөкөрлөп, жан аянбастан карчылдаша кармашып келген. Силер да ошентип, кордук көрсөткөн, азап тарттырган жунгарлардын жоокерлерине, ноёндоруна, зулумдарына көк жалдардай чап сала бергениңерди токтото көрбөгүлө. Кабыландардай кайсап, жоону бир четинен жок кыла бергиле. Антпесеңер үстүн боло албайсыңар. Бизге жунгарлардын жеринин, ордосунун, казынасынын кереги жок. Бизге өзүбүздүн жайытыбыз, өзүбүздүн жайлообуз, өзүбүздүн кыштообуз, өзүбүздүн жаздообуз, өзүбүздүн күздөөбүз керек. Бизге өзүбүздүн адырыбыз, өзүбүздүн көлүбүз, өзүбүздүн өзөнүбүз, өзүбүздүн дайрабыз керек. Бизге өзүбүздүн кыпчыгайыбыз, өзүбүздүн салкын төрүбүз, өзүбүздүн тектирибиз керек. Бизге жунгарлардын төрт түлүгүнүн, күлүктөрүнүн, алтын-күмүшүнүн кереги жок. Бизге өзүбүздүн малыбыз, өзүбүздүн күлүктөрүбүз, өзүбүздүн алтын-күмүшүбүз жетишет. Ата Журтубуздан жунгарларды сүрүп чыгаруу силердин парызыңар. Ушуну билип койгула. Далай азаматтар, далай шерлер, далай кыраандар миң чиркелген Улуу Тоонун ары жагында, абдан ыраак жактарда. Аман болушса, акыры алар да кайтып келишет. Теңирим силерге күч-кубат берсин! Арстандай айбаттуу, кабыландай кайраттуу шерлердин арбактары силерди колдоп жүрсүн!» – деп бүт баарынын сезимин курчутуп, кайратына кайрат кошту. Эки күндөн кийин Коңур-Өгүзгө кайтып кете турган болгондо, кайрадан бир толгоду. Андан соң, Эр Садырды чакырып аны менен кыйлага сүйлөшүп олтурду. Качыке баатыр менен жаш көк жал Жайыл жесекчилерди көргөнү, алардын кебин укканы оюн билгени кетишти. Боз үйгө сакчылар да, абышкалар да, жигиттер да, мырзалар да киришкен жок.

– Эр Садыр! – деди Кошой бий көк ала сакалын сылап. – Бу сенин кайратың да, акылың да, айбатың да бар. Туулган жердин топура-

гы алтын экенин билесиң. Киндик кан тамган жерин сагынбас эр болбойт. Мен да Сары Өзөн Чүйдү, тогуз куймалуу Курагатыны сагындым. Алайдын ары жагындагы Кашкар тараптагы Тоолуу Бадакшан жактагы Үч-Турпандын аймагындагы асыл чоң багыш, кесек, кыпчак, найман, балыкчы, тейит, итарчы, ногой, нойгут, миңкуш, чаркөө, дөөлөс, кушчу, черик, мундуз, Сары калпак урууларынын арасында күн көрүп жүргөн азаматтар да Ата Журтубузду сагынгандыр. Эр Садыр, бу сени кудурети күчтүү Көкө теңир колдосун! Жаш болсоң да, далайды башынан өткөргөн кыраандай болуп, элим деп, жерим деп жүрөсүң. Бул сенин эрдигиң, шердигиң! Мага окшогондордун жашы өйдөлөп, күч-кубаты мурдагыдай болбостон, барабара алдан тайып бараткандай. Муну да өзүң жакшы билет болушуң керек. Бу оомалуу-төкмөлүү дүйнөдө жаштык жашынып кетсе, карылык камынтпай келет экен. Шон үчүн чындап кууса карматпаган жаштык экен, чындап качса кутулбаган карылык экен. Бирок кары билет кааданы, карчыга алат сонону. Жаш да, кары да жумурай журту менен, каз-өрдөк көлү менен, ай күнү менен жакшы. Эрге эл менен жер кымбат болсо, элге эр кымбат! Бул менин накылым эмес, баатыр бабалардын, асыл аталардын, асыл апалардын накылы! Теңир сенин, менин ата-бабаларымдын, Тынай бийдин, Кашкелең баатырдын, Самансур баатырдын, Темир баатырдын, Качыке баатырдын, Бердике баатырдын, Тоймат бийдин, Болот бийдин, Акбото бийдин[1], Көкүм бийдин, Бозтери баатырдын, Байдөөлөт баатырдын, Календер баатырдын, Туума бийдин, Өмүр мырзанын, Кулубек мырзанын уулдарына, жигиттерине, ага-туугандарына, дегеле Кыргыз Атанын кулундарына чокуларына ак кар, көк муз жаткан, ак булут түнөгөн тоолорду берип коюптур. Шондуктан тоодо төрөлүп, тоодо өскөн, тоодо жетилген урпактарыбызды Көкө теңир сактап калууда. Тоо койнунда байлык да, илбээсин да мол. Тоо койнунда кайберен да, мөлтүр булак да мол. Тоо койнунда көк кашка суу да, түркүн чөп да, түркүн гүл да мол. Бул деген кемибес кенч. Кемибес кенчке көз арткандар көп болот экен. Көкө теңир буларды төбөдөн урсун! Көкө теңир сага окшогон эрлерге, шерлерге күч- кубат берсин, акыл берсин, намыс берсин! Эли-жерибизди коргоп, жоо менен сайышып, далай эрлери-

---

[1] Акбото бий саруулардын журт билген көйкашка башчысы болон, өз айланасындагы киндиктеш уруулардын кыраандарын, көк жалдарын топтоп, көчүп-конуп жүргөндөрдүн арасында бедели жогорулаган. Улуу-Кен, Төрө-Коргон,Үр-Төбөнүн акими, кушубеги (аскер башчысы) болуп турган. Бул 1701–1732- жылдары эле. Шооруk (Шайрух) бий даңазалуу Акбото бийдин жардамы аркылуу кожолордун бийлигин кулатып, тизгинди колуна алган. Акбото бий анын кызына үйлөнгөн. Ал эми Шооруk бийдин уулу Абдырахим Акбото бийдин кызына баш кошкон. Бирок ал жакшылыкты жадынан чыгарып, карөзгөйлүк кылып, жашы улгайып калган кайын атасын бийликтен четтеткен. Кийинчерээк өлтүрүп койгон. Шонтип кыргыздар көйкашка Акбото бийинен айрылган.

бизди, далай көйкашкаларыбызды, далай баатырларыбызды, далай азаматтарыбызды жоготтук. Далай эр эгиздерибиз, далай инабаттуу жакшыларыбыз курман болушту. Ушулардын арбактары колдосун! Өзүң билесиң, Эр Садыр, Сары Өзөн Чүй – ак калпак кыргыз элинин касиеттүү жеринин бир аймагы го! Сары-Токум, Иле бою, Үч-Алматы да ак калпак кыргыздын жери. Иленин Көкчө деңизине[1] куйган оң жак жээги Сары-Токум. Ошондон өйдө жаткан жер Кургак-Кум. Курту өзөнүнөн тартып, Ала-Тоого чейинки аймактар Үч-Алматы деп аталат. Бул кең чөлкөмдө көбүнчө асыл сарбагыш, багыш, кар багыш, азык, кара чоро урууларынын, булардын арасындагы курама уруктардын көп үй-бүлөсү көчүп-конуп жүрө турган. Жер жайнаган черүүсү бар жунгарлардын жапырыгынан кийин булар ар кайсы тарапка көчүп кетүүгө аргасыз болушкан.

А ушул жактагы Көкчө деңизинин ары тарабындагы түндүк жагында жайыттар жай мезгилинде күн абдан ысык болгондуктан, чөп күйүп кетет. Төрт түлүккө оттуу жер жок болуп калат. Суу да тартыш. Жунгарлардын улуктарынын бир тобу бул тараптагы ажайып кооз жерди ээлеп алууга умтулат, бир тобу ошол жактагы аймакты каратууга кызыкдар деле эместей. Ысык-Ата, Аламүдүн, Ала-Арча, Жыламыш, Ак-Суу, Кара-Балта, Ашмара, Мерке, Карагатты, Чоңор, Үч-Кайыңды өзөндөрүнүн бүт баары ылдый агат. Илгертен берки шоокумун салып аккан ушул өзөндөр Чүй дайрасына кошулат. Булардан башка Шамшы, Кегети, Бурана өзөндөрү да бар, дагы толуп жаткан кара суулар бар. Кер өзөн кең Таласка чейинки аймак ажайып кооз. Мына ушул ажайып кооз аймактагы шоокуму алда кайда угулган суулардын жээктери калың кырчын, калың бадал, калың жылгын, өзүнчө эле чытырман токойдой болуп калган. Талаасы, тектири, кокту-колоту чийлүү, камыштуу келет. Ар кайсы жерде саз да, көлмө да бар. Калың кырчындын, калың жылгындын, калың бадалдын, калың камыштын, калың чийдин арасында илбээсиндин көптүгү ай! Кекилик, чил, өрдөк, каз, каркыра-турна, ак кытан, көк кытан, кыргоол, безбелдек, тоодак, бөдөнөнүн көптүгү ай! Түлкү, коён, карышкыр, кашкулак, суур, сүлөөсүн, мадыл, суусар, каман, бөкөн, элик, куран, теке, телки, аркар, кулжанын көптүгү ай! Жолборстор жойлоп, карышкырлар желип-жортуп, чөөлөр топтолушуп жүрө турган. Куш, ылаажын, ителги, чүйлүү, кыргый, турумтай, борбаш, бүркүт, шумкар, үкү толуп жатчу. Мүнүшкөрлөр ушулардын кыраандарын кармап, таптап, тапка келтирип, аң уулоого чыгып, аңчылыктын кызыгына бата турган эле. Эми ошентиш кайда… Ыйык Сары Өзөн Чүйүбүздө, касиеттүү жерибизде жунгарлардын жоокерлери, ноёндору, төрөлөрү, сакчылары, кайгуулдары, баа-

---

[1] *Көкчө деңизи* – Балыкаш көлүнүн баштагы аты.

тырлары, кыз-келиндери, кул-кутандары, жарды-жалчылары, малчылары жайнап жүрүшөт. Теңирдин тепсендисинде калгырларды ата-конушубуздан кууп чыгарсак экен. Ата Журтубузга кайрадан көчүп барсак экен.

Бул бир чети кыраан бүркүттөй кымпыйган Эр Садырды ойго салып, кабыргасын кайыштырып каңырыгын түтөтсө, бир чети ага кадимкидей канат байлаткандай, анын жүрөгүн шерденткендей, кайратына кайрат кошкондой, акылына акыл кошкондой болду. Ушинттирген акылдуу, намыстуу, айбаттуу бийге ыраазы болуп, байистүү сүйлөп, анын көңүлүн чалкытты. Ошол күнү эле Кошой бийди жалындан жалтанбаган жигиттер тулпар чалыш тору кашкасына мингизишип, капчыгайдан өткөрүшүп, белге чейин узатып коюшту.

* * *

Бу жалган дүйнөдө токой тоонун көркү болсо, эр менен шер элдин көркү да. Бирок ушу тапта көйкашка эрлердин, көйкашка шерлердин көбү Сары Өзөн Чүйдөн, кер өзөн кең Таластан ыраакта, миң чиркелген Улуу тоонун ары жагында. Бозтери баатыр менен Актери баатыр ушуну ойлогондо жүрөгү сыздап кеткендей болду. Анткен менен анысын жанындагы жалындан жалтанбаган жаш жигиттерге билдирген жок. Бардыгы жаракчан. Алды жакта күтүрөгөн сан жылкы жунгарлардыкы. Эр Садыр, Туума бий, Түркмөн улуу, Качыке баатыр, Кедей баатыр токойдун арасында. Алар ой толгоп олтурушкандыр. А балким, күтүп жатышкандыр, а балким, антишпей эле черүү өнөрү менен шугурланышкан боз уландарды карап турушкандыр. Күтүрөгөн сан жылкынын бардыгы жунгарлардыкы. Кырсыктан тышкары кастарын тиккендердин суук көздөрүнөн оолак болуп, аркайган аскалардын арасына жетип алышса, булардын бардыгы өздөрүнүкү болду дей бер! Ошого чейин санаа тынчыбайт, көңүл тынбайт эмеспи. Шондон уламбы, биртикеден кийин Бозтери баатыр менен Актери баатыр жалындан жалтанбаган жаш жигиттерге барман берип, күтүрөгөн сан жылкыны катуураак айдатып жөнөдү. Мындай кылбаса да болбой турган. Арт жактан жунгарлардын куугунчулары жетип келиши да ыктымал. Кыйла аралык артка калгандан кийин күтүрөгөн сан жылкынын арасындагы чобурлардын айрымдары баспай калышты.

– Буларды эмне кылабыз? – дешти жигиттердин бир тобу.

– Эмне кылмак элек, таштап кете беребиз да, – дешкендей болушту дагы бир тобу.

– Бу силер башыңарды катырбай болсоңорчу. Кас душмандын куугунчулары келип калышпасын дегендери да болду.

– Коркпой эле койгула. Жунгарлардын куугунчулары келе беришсин. Чабышпай жүрдүк беле. Дагы эле чабыша беребиз. Дагы эле сайыша беребиз. – Ушинтип батылдык кылгандары да чыкты.

– Дегеле булардын шерлердей болуп калышканын. – Актери баатыр бурк этти. Бозтери баатыр негедир үн каткан жок. Анткен менен бурк эткен аны карап койду.

– Биздин жаныбызда эки-үчүңөр калгыла да, калганыңар жылкыны айдап кете бергиле, – деди Актери баатыр. – Биз ырыстын коргонундай, өрөөндөгүлөрдүн тирегиндей болгон Качканак бийдин ыкмасына салып, басууга жарабай калган чобурлардын башын кыя чаап, тумшугун талкалап коюп, артыңардан барып калабыз.

Жалындан жалтанбаган жигиттер күлүп калышты.

– Биздин ушинткенибизди жунгарлардын куугунчулары көрүшүп, бүт баарынын эстери ооп калсын. – Актери баатыр кайрадан батыл сүйлөп, жоонун сырын билген, а бирок эмнегедир үн катпаган Бозтери баатырды караган жок. Жигиттер каршы болушпай, анын айтканын аткарып жөнөп калышты. А алардан бөлүнүп калган эки-үч жигит Актери баатыр менен Бозтери баатырга кошулуп, баспай калган чобурлардын баштарын кыя чабышты да, алам заматта күтүрөгөн сан жылкыны айдап бараткан шериктерин карай аттарын чаап жөнөштү. «Жаш кыраандар ай-ай! Жаш шумкарлар ай!» – деди Бозтери баатыр ичинен. «Көкө теңир өзү кечирер», – деп койду Актери баатыр ниетинде.

* * *

Көздөрүнөн чаары чыккан, жаалы шакардай кайнаган жунгарлардын куугунчулары бийик кырдан түшүп, өзөндүн боюнда өлүп жаткан чобурларды көрүшүп, тизгиндерди тартышып, өздөрүнчө токтоп калышты. Ушул кезге чейин мындайды көрүшө элек болучу. Шондуктан жүрөктөрү шуу этип, ирендери кубарып, алеки саатта көңүлдөрү уйгу-туйгу боло түштү.

– Ой, бул эмне деген шумдук?! – дешти алардын айрымдары.

– Эмне экенин көрүп турбайсыңарбы, – дешип айрымдары аларды жактырышпагандай корсулдашты.

– Мунун эмне экенин жылкыны айдап кетишкен буруттардан сурагыла. – Бетинде тырыгы бар, дөөдөй болгон найзакер буркулдап койду.

– Биз алардан сурабай эле койдук. Кууп жетебиз да, бүт баарынын башын мына ушундай кылып, кыя чаап таштайбыз, – дешти нөкөрлөр жаалданышып.

– Бу силер буруттарды оңой ойлобогула. Алар силерге баштарын оңой эле кыя чаптыра койбойт. – Бетинде тырыгы бар найзакер кайрадан буркулдады.

– Биз баары бир аларды өлтүрөбүз.

Дөөдөй болгон найзакер башын чайкап койду.

– Бу сен башыңды чайкаба, – дешти тигилер. – Андан көрө жаман буруттардын не себептен мындай кылганын билсең, ошону бизге айтып берсең боло.

– Бу силер мени жаман көрбөгүлө. Мен буруттардын сырын силерге караганда жакшы билемин. Алардын найзакерлери менен далай жолу сайышкам. Алардын кылычкерлери менен далай жолу чабышкам. Ошондо ошолордун чыныгы найзакерлер экенин, чыныгы кылычкерлер экенин билгем. А тигинтип кетишкени: «Эй, ойроттор! Ушундайда көчүгүңөрдү кыскыла! Көчүгүңөрдү кыспай тургай болсоңор, чөөлөрдөй чап сала бере турган болсоңор, өзүңөргө эле жаман. Мобурегилердей кылып, силердин башыңарды да ушинтип кесип, ушинтип көчүгүңөргө тыгып коюп кете беребиз» дешкени эмеспи.

Далайды башынан өткөргөн найзакердин оозунан ушуларды укканда тигилердин бүткөн бойлору дүр эткендей болду. Айтор, ошондонбу, жанагыдай адыраңдашпай туруп калышты, а турсун күтүрөгөн сан жылкыны айдап кетишкен буруттардын артынан куугулары келбей да калышты, айрымдары күңк-мыңк этишти, дагы бир тобу ызырына зиркилдешти.



Поэзия

## Рамис РЫСКУЛОВ

# Жылдыздуу ырлар

## Чыгалекте уурдалган ырым

*Токтогул, Барпы, Коргоолдун*
*Ырдашынан жаралгам.*
*Кылымдардын Пушкиндей*
*Курдашынан жаралгам.*
*Апам менен атамдын*
*Жыргашынан жаралгам.*

## Тутунган тууң ким экен?

*Сакасына жараша*
*Чүкөңөр ыргыйт турбайбы.*
*Акимине жараша*
*Көп билимпоз тагдыры.*
*Заманаңын ышкысы*
*Акынына жараша*
*Куйкум сөздүн туздуусу.*
*Сулуулар дагы көбөйсө*
*Согуш, чатак аз болот.*
*Тутунган тууң болбосо*
*Алп болсоң оюң пас болот.*
*Байкап көрсөк кыргыздын*
*Жигити кыздай наз экен.*
*Ташты дагы жыргаткан*
*Жадыраган жаз экен.*

## Каалоо

*Качам жарпаң,*
*Этем барпаң.*
*Жашоо даркан*
*Буркан-шаркан.*

*Күндөр күлүк,*
*Айлар алчак.*
*Ойнойт тагдыр,*
*Көптү калчап.*

*Кандай сонун*
*Ушул бар чак.*
*Калбаса экен,*
*Турмуш чарчап.*

## Ырчачыла

*Бүт дүйнөнүн акындары*
*Келгенсийт мага конокко,*
*Омок кошуп омокко,*
*Илим доору ишентти,*
*Эч ишенбес жомокко.*

*Ырдан менин чачылам,*
*Балагандай бардыкка,*
*Бажырайып ачылам.*
*Ыр түлкүсүн качырам.*
*Дүпүрөймүн күтүрөйм,*
*Күч үрөймүн, шатырайм,*
*Асмандарды шатылайм.*

## Бүркүмө

*Үрп кошом сөздүн үрпүнө,*
*Көп ырларым бүркүмө.*
*Барабан төш ыр бапылдайт*
*Мыкчыма ырлар мыкчыят.*
*Кырчам кыртышты,*
*Бөйрөктөн шыйрак чыгарам.*
*Ыр кудайы өнөгүм*
*Берди далай көмөгүн.*

## Ырым

*Турмуш шаңын сезгенде*
*Ырым иет кишенеп,*
*Ыржаң кызга ишенет.*
*Балача кээде бакырып иет,*
*Кызыл кут киет.*
*Ырыс эмет.*
*Ырсактайт бактысына.*
*Аябай чиренет.*
*Шаттыкка киринет.*
*Балтылдайт,*
*Балтыры жоон кызга окшоп.*
*Жалтылдайт жаңы майлаган өтүктөй.*
*Жаман окуган баладай,*
*Талпылдайт, салпылдайт.*
*Жакшы кызды көргөндө*
*Сокодой шартылдайт.*
*Ыр жазып келем жан тынбайт.*
*Ырым – менин бүт дүйнөгө салган чырым.*
*Шыгым шыкытат,*
*Ышкыртат.*
*Далайларды бышкыртат.*

## Үмүт маягы

*Үмүттөрүм жарпаңдашат*
*Жаш, жаракөр кыздар мисал.*
*Назик күлүп амандашат*
*Мүнөздөрү сылык, жылмсал.*

*Жадыраңдап, шадыраңдап*
*Чоң көчөдө басып келем,*
*Кай жаккадыр беттеп жөнөп,*
*Жолугууга шашып келем.*

*Кучакташып тоолор турат*
*Мунарлашкан асман менен.*
*Сан кишини аралаймын*
*Каранамын элең, элең.*

*Эңги-деңги болуп дуулдайт*
*Дуу-дууларга кулак канып.*
*Шуулдап басам шамал мисал*
*Үмүт искейт маяк жанып.*

*Кадимкидей ой жетелеп*
*Багыт чиет максат-тилек.*

Туш-тараптан шык жиберип
Келет мага сансыз илеп.

Дос кылып берген Сашасын,
Жүрөктөш кылган Машасын!

## Жашоо каадасы

Жылдыздар жерге шыкаалап,
Жымыңдап турат шык каалап.
Жашыл ой чиркейт көңүлгө,
Жашоого жаңы ык каалап.

Каадалуу жашап адамдар,
Шилтенет эркин кадамдар.
Каркыра мисал тизилип,
Каалгып өтөт замандар.

Бүт айлана теңирсийт,
Асман узак шаң урат,
Шаңк-шаңк этип шаңгырап.

## Жашоо ыргагы

Тосом жана узатам
Тааныш эмес адамдарды
Аэропортто, вокзалда.
Албасам да
Барам ЦУМга, базарга.
Алиге көп бу дүйнөдө казарма.
Көп эл духу бул дүйнөгө
Алып келет тазарма.

## Апама

Жанын бөлгөн жарымын,
Көрсөткөн күндүн жарыгын,
Апакем менин жашасын,
Жегизген орус кашасын.

## Жанжана

Ай-чырайың көрсөтүп,
Жүрөсүң го, жанжана.
Дагы башка бирөөнү
Сүйөсүң го, жанжана
Бир кезиңди ойлоп сен,
Күлөсүң го, жанжана.
Башка журтка ал эмес,
Бүлөсүң го, жанжана.
Мени эстеп өзүңчө,
Сагынарсың, жанжана.
Тагдырыңа акыры
Багынарсың, жанжана.

## Түйдөк чач

Сен деп соккон жүрөгүм,
Билесиңби, түйдөк чач.
Түшүмө да көп ирет
Киресиң-ов, түйдөк чач.

Бийлеп, ырдап сахнага
Көп чыгасың, түйдөк чач.
Не бир алыс тарапка
Көп чыгасың түйдөк чач.

Сүйүүдөн берип сабакты,
Ачтың мендик кабакты.
Көз карашың эле көп,
Кызыктырып саматты.

Убада бердиң аябай
Ыйгарам деп жаннатты,
Мейкин самап учурдуң,
Мендеги ички канатты.



*Мурас*

# Манас КАЗАКБАЕВ

*Жарды, жалындуу, бактылуу, таланттуу жаштар эле. Көбү кетип, азы калды. Азы көч арасында жүрү, көбү жер алдында чиренип уктап жатыры. Ошондой тура, бири кетип, бири калат экен. Үрккөн таранчыдай «пыр-р» этип учуп, «дүр-р» этип ушул жерге конуп калгандай жандар эле. Ушул жер дегенибиз – азыркы Орто-Сай базарынын күн батыш ыптасы. Азыр тогуз кабат үйлөр турбайбы, ташказанын салаңдатып. Ошолордун ордуна бир кезде, алаңгар 60-жылдын акыр чөнинде ийреңдеген-мийреңдеген көчө түшкөн. Бири-биринен кыйынсып, кырданып моюн созгон үй жок, топурактан салынып, толь менен жабылган, колхоздун койлорундай окшош кепе тамдардан ийреңдеген түтүн булачу. Кыпкызыл кыргыздар жашачу. Шатыра-шатман жашачу. Андагы Фрунзе, мындагы Бишектен азыркыдай эле жер басып, үй салып алгандар болучу. Жалаң батир издеп бул шаарда жан багалбасын билгендер эле. Университеттин (о, атыңдан айланайын, университет анда бирөө эле) филфагын жаңы бүтүргөндөр жана кудай кааласа, эки-үч жылда бүтөбүз дегендердин чоң тобу ушул көчөнүн түштүк учуна конушкан. Үйлөрүн мен да салышкам. Филфактын балдары топурап топтолуп, виного нык тоюп, бир жумада эле бүтүрүп салышчу. Беганас досум мени да салып ал деп кыйнады. Салган жокмун. Белен тамакчыл берендигим жеңип кетти өңдөнөт.*

*Филфакчылардын үйү үтүрөйгөнү менен көөдөнү көктө болчу. Сөздүн кымбатын, кийимдин арзанын издегендер эле. Баары гений болом деп ойлочу. Орто-Сайга өзүнчө Монпарнас орной түшкөн. Кийин Кубатбек Жусубалиев ал көчөдө: «Көп кыргыздардын «мен», «мен» деген балдары жашайт эле» – деп жазды. Өзү ошол көчөнүн тушунан өтчү, 7-чакан райондо жашай турган.*

*Ошол «мен, «мендердин» ичинде Манас бар эле. Эсимен өчпөсө, ал жерге Манас биринчи конгон. Анан калган филфакты ээрчитип келген. Ошондой жан эле: отунду да, катынды да баарынан мурда алды. Баарынан мурда бала-чакалуу болду. Баарынан мурда 25 жашында өлдү. Негедир табышмактуу өлүм тапты. «Мен», «мендердин» бир даарын артынан ээрчите кетти: досторубуз – Беганас Сартовду 33 жашында, Табылды Муканов менен Тургунбай Эргешовду 35 жашында, Камбаралы Ботояровду 45, Аман Токтогуловду 48 жашында. О, айраңдар, кайрандар! Эмдигиче болсоңор, эмнени айтмак элеңер?!*

*Архивди аңтарсам, Манас Казакбаевден жупкадай китеп калыптыр. Аны да өлгөндөн кийин Беганас досу чыгарган экен. Ошондон «үч» дегендеги эле үч аңгемесин алдым. Окусаңар, ошол таптагы Орто-Сайда кандай талаанттуу жаштар жашаганына ынанасыңар.*

**Алым ТОКТОМУШЕВ**

# АҢГЕМЕЛЕР

## КЛАССКОМ

Жолой мектеп астанасын алгачкы ирет аттагандан баштап эле классском болуп дайындалып, бул жоопту «кызматта» үч жыл иштеди. Ал эми быйылкы окуу жылынын биринчи коңгуроосу кагылган күнү жаңы мугалим мурунку мугалимдей минтип айткан жок ага:

«Сен, Жолой, классташтарыңдын арасынан чоңураагы өңдөнөсүң, сабакты жакшы окууруңду билем, ошондуктан класскомдукка дайындайм».

Алгачкы сабак бүттү. Балдар танаписке сыртка чыгуулары керек эле, бирок антишпеди. Уюлгуган аарылардын тобундай ызылдашып, өткөн жылы кимиси кайсыл партага отургандыгын, азыр аны кимиси ээлегендигин, парталар мурунку турган ордунан башка жакка которулуп калгандыгын, иши кылып, майда-барат өзгөрүштөрдү толгон-токой сөз кылып жатышты.

Класс ичиндеги мындай тартипсиздикти Жолой жактырчу эмес. Балдарды башкарып кирди адатынча:

– Эй, бириң калбай сыртка чыккыла! Малик, сен бүгүн дежур болуп, досканын бетин тазалап кой! Эй, балдар, сыртка чыккыла дейм, силерди!

Жолойдун бул өкүм үнү заматта эле тыйылып калды. Анткени Малик досканын бетин тазаламак турсун, каяша сүйлөдү:

– Керек болсо өзүң тазалай бер! – деди ал. – Класскомдукка дайындалбагандыгыңдан кийин эмнеге эле кыйынсынасың!

Бул сөз Жолойду катуу ойго салды: «Классском ким болор экен? Эгер башка бирөө дайындалса, анда мен кантмекмин? Ар дайым өзүмө баш ийген балдар менен катар дежур болуп, досканын бетин сүртөмбү?.. А балким, Малик мен болом деп жүргөндүр? Болгон менен деле ал балдарды башкара албайт. Анткени алы жок, бою кичине. Балдар тоотот дейсиңби ошону».

Экинчи сабак бүтөр-бүткөнчө Жолойдун көңүлүнө кайдагы селсаяк ойлор келип-кетип жатты. Албетте, бул анын кабак-кашын ачпастан, маанайын чөгөрүп, ыйлагысын келтирди, ичин тарытты... Качан гана үчүнчү сабак башталганда мугалим бул маселе туурасында сөз козгоду:

– Мындан мурун ким классском болуп келген?

– Мен! – Жолой ордунан шарт тура калды.

– Биринчи класстан бери,– деди арт жакта отургандардын бирөө.

– Үч жыл катары мененби?! Классском болуппу?! Аз-за-маат! «Бешке» окуучу белең?–Мугалим Жолойго үйрүлө түштү.

– «Үч» деген бааны ала электмин, агай! – Чынында Жолой «3», «2» деген бааларды алган эмес окугандан бери. А бирок сабакка даярданбай келгенде мугалим ага: «Эмки жолу жакшы даярданып кел» – деп гана эскертчү.

– Мындан мурун дагы ким жакшы окучу эле, балдар? – Балдар эки-үч окуучунун ысымын атаашты.

– Эмесе, биз боло турган класскомду шайлап алалы, – деди мугалим.

«Мени!» – деп ойлоду Жолой.

– Бирок азыр эмес. Азыр силер көрсөткөн эки-үч окуучуну ушулар класском болууга көпчүлүк тарабынан сунуш кылынды – деп тизмеге жазалы. Бир-эки жума өткөндөн кийин атайын ушул маселе боюнча класстык чогулуш чакырып, шайлайбыз. Ал мындайча болот: ар кимиң өз алдыңарча алакандай кагазга класскомдукка көрсөтүлгөн окуучунун бирөөнүн фамилиясын жазасыңар да, аны бүктөп, мен отурган столдун үстүнө алып келесиңер. Анан бардыгыңардын көз алдыңарда иш чечилет. Кимде-ким жашыруун добушка көп ээ болсо, ал – класском. Бул иш болгонго чейин алардын кимиси тартиптүү, үлгүлүү, сабактарынан мыкты окуп силердин көңүлүңөргө толгондор, албетте, ошондо билинет. Дагы бир айта кетүүчү талап: менин да шайлоого акым бар, силер катары. Биз тизмеге жазган төрт окуучунун да акысы бар шайлоого, бирок өздөрүн-өздөрү эмес, бири-бирин…

Так ушул күндөн тартып, Жолойдун кыял-жоругу өзгөрө баштады. Үйүндө ата-энесине анча-мынча жардамдашчу эле, токтотту. Чектен ашыра ойноону тыйды. Классташтары менен болбогон жерден чатакташпай, жумшара баштады. Бар болгон зээнин сабакка бурду. Класста мугалим балдарга кандай гана суроолорду бербесин, анын колу көтөрүлбөй турчу эмес. Отурган партасынан бат-бат обдула тура калып: «Мен, агай! Мен айтып берейин, агай! Мен!.. Мен!.. Ка-ап! Доскага мени чыгарбай койдуңуз да, агай!..» – деп безбелдектей жаагы басылбайт. Мугалим: «Мындай чуру-чууга көп эле түшө бериш жарабайт, жөн гана колду көтөрүү керек» дегенин кээде Жолой унуткарып жиберип, адатын кармата калучу. Класста иштелүүчү маселе, же мисалды башкалардан мурун аткарып, же жалгыз гана өзү аткарып, көп алкоолорго татыктуу болду. Анча-мынча алакөөдөндүгүнө карабай:

– Аз-за-маат, Жолой! Азамат!..– дей берди ага ичи жылыган мугалим.

Ушул артыкча алкоого ал манчыркап кетти. Бир күнү көпчүлүк балдардын алдында: «Быйыл да классном мен боломун!» – деп жарыя кылды. Сабак учурунда окуучулардын бири минтип сурады.

– Агай, быйыл да классном Жолборсов болобу?

– Эгерде, силердин көпчүлүгүңөр класстык чогулушта Жолборсов болсун десеңер, эмнеге болбосун. Мен азыртан кайдан билем аны. Бул ишти силер чечүүңөр керек...

Жолойдун самаганындай болуп сөз мындан бөлөк козголгон жок. Болбосо, анын мактанчаактыгы билинип калат беле...

Ал өз ичинен кымыйды: «Эмне кылуу керек? Балдар менен байланышты чыңоо керек го» – деди оюнда.

Ошентип, байланышты чыңай баштады. Ал үчүн атайын бир жаңы дептер ачылып, ал шарттуу түрдө «Арифметика» деп аталып, ар бир бетине класстагы балдардын аттары жазылып чыкты. Күндөлүк сабакка керектүү окуу куралдарын гана сумкасына салбастан, өздөрүнүн апорт алмаларынан да бир нечени кошо сала келет. Ар дайым мектепке элден эртелеп барып, сабак башталгыча классташтары менен ойнойт. Оюн арасында сумкасын секин ачат да, жанындагылардын көзүн күйгүзүп, алмадан жей баштайт. Аны жардагандар чыдай албай сурашат:

– Алмаңдан берсең, дос?

– Бир эле тиштетсең? – Жалдырайт башкалары. Жолой жеңил-желпи балдардай, же «жок», же «бар», «ме» деп дароо эле бере салбайт. Алардын шилекейин агызып ого бетер эбиреп-жебиреп кирет:

– Биздин алмабыз быйыл да аябай жакшы байлады. Шактары ийилип, жерге тийип турат. Курт деген түшкөн жок. Атам аларды этияттык менен үзүп алып, кышка сактайбыз деп жатат. Мен кышында да мектепке алма алып келип жеймин. – Анан сурагандардын көңүлүн калтырбай бирден бере баштайт.

– Ме, Абдразак, сага бирди.

– Магачы? Мага да берсең, дос? – Калгандары да жамырашат.

Жолой сумкасындагы алмалары түгөнгөн соң сөз узатат:

– Ушуну менен эле биздин алма түгөнүп калат дейсиңерби? Биздин алманын көптүгүн билесиңерби?.. Ох-уу! Миң! – Ичинен компоёт. Балдарга берген алмалары желип бүткөндөн кийин:

– Ширин бекен алмабыз? – деп сурайт.

– Аябай ширин турбайбы, дос!

– Жебегендериңерге эртеге ала келем, достор! «Дос» деген сөздү жоктон табышкансып, дегеле ооздорунан түшүрүшпөйт. Бири-бирине ушунчалык ынак болуп кетишет дейсиңер... тим эле укмуш!

Жолой күндө аткарылып жаткан иштин жүрүшүп баякы «Арифметика» дептерине минтип белгилеп коёт:

«Асилге: бир чүкө, эки алма, төрт калем уч бердим.

Акимге: үч алма, бир дептер, сыя боёк бердим.

Абдразакка: эки алма, эки значок бердим.

Эшмаматка: (анын аты жазылган бет али бош, демек, аны менен али чындап дос боло элек).

Маликке: (атасы биздикинен шорпо ичкен...)».

Бир жолу Маликтин атасы Жолойдукуна иш менен кирип калып, жаңы бышырылган тооктун сорпосунун үстүнөн чыккан. Ошол замат Жолой тамагын шашып-бушуп ичип бүтүп, досуна карай «тыз» койду.

– Атаң кайда экендигин билесиңби?

– Кайда?

– Биздикинде, сорпо ичип жатат, досум!.. – Ошентип, аны да өз тарабына тартып алды.

Жолой атасына асылып жатып кызыл-тазыл топтуу болду. Ал анын ээси гана аталып, бирок көп берилип ойногон жок. Кайсы бир баланын колунан тешилип калды. «Мейли, тешилсе жаңысын алдырып алам» – деди күнөкөр менен чатакташпай.

Акыркы күндөрдө начар окугандардын да күнү тууп, арифметика сабагынан баш оорутуп, кыйналбай турган болушту. Жолойдун эсеп дептери – алардын илим кени. Көчүрө коюшат.

Арадан эки жумадан көбүрөөк убакыт өттү. Бир күнү мугалим эң акыркы сабак учурунда боло турган класстык чогулуш жөнүндө эскертти.

– Кимди шайлайбыз? – Бардыгынын алдындагы орчундуу суроо ушул эле.

– Абдразакты.

– Жок, Акимди. – Талашты башкалары.

– Маликтичи? Ал дагы алдыңкы окуучу. – Бул көпчүлүк кыздардын пикири.

Жогорудагы аты аталган окуучулар ырым үчүн болгонсуп эскертилип гана өттү.

– Жолой класском болсун! –Бир добуштан жактырышты.

– Туура!

– Анын кызылала тобун жарып салганда да мага эч нерсе айткан эмес,– деди Эшмамат. – Жолой болсун!

– Ошол үчүн элеби? – Жолой калп эле анткорсунду. Бирок тобун кимден жаңылатып аларын билип алды.

–Азыртан минтип макулдашуу жарабайт. Мугалим ушинтип айтты беле? – деп Жолой анткордугун дагы жылдырды.

Күткөн күн да келди. Ооба, Жолой зарыгып күткөн күн. Ал класскомдукка шайланды. Мына, эми тизмесин чыңдап тактап жазып, өзүнөн бөлөгүн дежурлукка дайындоого каалашынча укугу бар. Анын бир кездеги: «Класском ким болор экен? Эгер башка бирөө дайындалса, анда мен кантмекмин? Ар дайым өзүмө баш ийген балдар менен катар дежур болуп, досканын бетин сүртөмбү?» деген бушайман суроолору көп көргөн түш катары унутулуп калды, эчак эле. Билинбей арадан ай өттү. Жолой бара-бара бой көтөрө баштады. Малик экөө болбогон жерден чатакташа кетишти.

– Тряпканы жакшылап суулабапсың! Карачы, досканын бети аябай кир! – деди бир жолу. Доска таза эле.

– Таза эле го,– деди Малик.

– Таза эмес! –Анан өз укугунан пайдаланып: – Сүрт деп жатам мен сени! – деп чаңырды.

– Сүртпөйм. Малайың барбы!..

– Малайсың! – Досчулук бузулду. Чекит. Арифметика сабагынын айынан достошкондор да андан көчүрүп жазышпай калышты. Досчулук бузулду. Чекит.

– Кызылала тобумду төлө! – Эшмаматка асылды Жолой.

– Мен жарган эмесмин.

Баягыда өзүң айтпадың беле мен жаргамын деп. – Канчалык актанганына карабай Жолой андан жаңы топ кайтарып алды. Досчулук бузулду. Чекит.

Алмалар гана дооланган жок. Желип калган да алар.

Биринчи чейрек аяктаар алдында арифметика сабагынан контролдук иш болду. Элден эртелеп Жолой аткарды тапшырманы. Бирок дептерин мугалимге тапшырарда чоң каталык жиберди: маселе аткарылган дептеринин ордуна, балакет басып, баякы эсеп-кысап тизмеленген «Арифметиканы» берип жибериптир, бирдемеге алагды болуп жатып. Эртеси биринчи эле сабакта мугалим аны ордунан тургузду:

– Бул эмне деген контролдук иш, Жолборсов! Эмне деп тантырагансың бул жерде!.. «Абдразакка эки алма бердим... Асилге үч алма бердим...» Мен контролдук ишти ушул «бердим» жөнүндө жаздырдым беле? Карагылачы, балдар, ишенбесеңер! – Балдар дептердеги эсеп-кысапты көрүшүп, өздөрүнүн каталыктарын түшүнүштү. Алданганда алар...

Ошол күнү кайрадан класстык чогулуш чакырылып, Жолой «бийликтен» кулады. Кырсык!

Сабак бүтөрү менен сандалып үйүн көздөй жол тартты Жолой. Өзүн өзү туюкка туш кылганын түшүндү. Бул оор абалдан арылуунун амалын издеди. Сааттын маятнигиндей тынымсыз кайталанган бул суроо жүрөгүн өйүп жатты: «Эмне кылуу керек?.. Эмне кылуу керек?..»

# БОРБАШ

Күлгө дымдалган коломтонун оттору шамалдын эпкини алдында жылтылдаган учкундарды тараткан сыяктуу, бүркүтчү Карабайдын аңгемелери Ормотойдун сезимине жаңы ой, жаңы тилек учкундарын пайда кылды. Кандай айла кылып болсо да канаты бар бир кушту тирүүлөй кармап алып, үйрөткүсү келди. «Бүркүттүн балапанын тапсам» дегенде «эки көзү төрт болду». Бирок бүркүт дегениң, тээ тоодогу зоодо болот эмеспи. Ал жакка атасы менен энеси балээни жибереби, бөөдө жем болосуң деп коркоор. Чын эле балапанына кол салсаң бүркүт карап турбас, курч тырмактарын сапсайган башына матырып алып: «Рас келипсиң, азамат олжо», – деп зоо үстүндө каалгый учуп сайран кураар. Ал тургай, тиги чыпалактай чымчык деле жаман уясына тийсең коркпой келип мурдуңду жара тээп кетет эмеспи... Мисченин баласын баксамбы? Бирок ал дан менен курт-кумурска жегенден бөлөктү билбейт. Айрыкуйрукчу, жоручу же болбосо кыргыйчы?..

Айрыкуйрук менен жоруну капкан, тузак коюп кармап алса болот. Ал эми кыргый... кыргыйды колго тийгизиш кыйын. Аткан октон тез учат эмеспи. Уча эле берет, уча эле берет. Тапкан олжосун ысуулайында бир-эки бурдайт да, кайра эле учат. Уясы кайда экенин адам билип болбойт. Тузагыңа көз кыйыгын салса деги эмне дейсиң...

Ормотойдун ындыны өчө түштү. Айласы куруганда бүркүтчү Карабайдан:

– Жору менен айрыкуйрук теке алабы?– деп үмүткөр сурады.

– Сен мактаган жору өлгөн малдын этин гана чокуйт, жоор аттын жонуна гана жармашат, андан бөлөктү билбейт,– деди бүркүтчү. – Ал эми айрыкуйругуң бүркүт эмес, бүркүтүң айрыкуйрук эмес. Сен эмне, эшигиңдеги жөжөлөрүңдү кырдырууга таптайын деп жүрөсүңбү? Атаң менен апаң «бурама конфет», «май токоч» берип койбосун, же мейлиби?

Ормотой үндөй албады.

– Укчу уулум, мен сага бир жакшы куш сунуш кылайын, ошону тап. Эң кичинекей, куштардын ичинен эр жүрөк, айлакери менимче ошол. Аны табууга өзүм да жардам берем. Багып үйрөтө баштаганыңда жол-жобосун түшүндүрөм. Анан кушуң табына келгенден кийин гана: – Омоң убакыт жетти, ууга аттансак кантет, – деймин. Азыгыңды эшегиңе артынып, кушуңду колуңа кондуруп, тоо тарапка чу коёсуң. Балким, мен да сени менен бирге барармын. Болбосо аркар-кулжаны жалгыз өзүң эшегиңе кантип артмак элең, туурабы? Ошентип, сен тоого барсаң, кушуңдун күчүн ошондо

көрөсүң. Кудай бетин салбасын, бул бир укмуш болот. Эгер укмуш болбосо, бүркүтчү абам жалганчы экен деп элге жайгын.

Ормотой бүркүтчүнү үмүткөр карады.

Сенин, уулум, ал жерде аткараар ишиң экөө гана: биринчиси, олжону көздөй тукурган кушуңду «Кля!», «Кля!», «Кля!».. «Пөө!», «Пөө!», «Пөө!», «Пөө!».. – деп кыйкырып, кайрып алмай, экинчиси, олжону өзүң терип алмай! Ха-ха!

– Ал алгыр куш кыргыекпи, же башкабы, бүркүтчү аба?

– Жок, уулум, ал – борбаш!

– Борбаш?..

Ооба, ушул эле кичинекей борбаш. Сен мага ишенбей турасың го, ээ! Илгери борбаш таптап айылды таң калтырган бир мергенчи болгон. Муштумдай болбогон борбашын колуна кондуруп алып, биздей бүркүтчүлөргө теңелип ууга барган. Бүркүтчүлөрдөн бирибиздин да жолубуз болбой, ошол олжолуу кайтып аябай уят болгонбуз. Ошолордун баары эсимде. Биз уулум, ошол акылман мергендин өнөрүн колдонобуз…

…Борбаш табылды. Канаттары телчигип жаңыдан уча баштаган сары ооз балапан, мектеп астанасын биринчи жолу аттаган шок окуучудай, адегенде Ормотойдун сабагына көңүл бурган жок. Тумшугуна такаган чегирткени таназарына албай, кайсыл тарап оюна келсе ошол тарапка колоктоп качып жөнөйт. Бирок кайда барат дейсиңер, шыйрагына байланган беш кулач жип турганда.

– Эч жакка барбайсың, – дейт Ормотой борбашына кайра-кайра эскертип, – мен сени үйрөтөм, кырааным…

Кечкурун кармалган балапан эртеси ошол маалына чейин бир да жолу даам таткан жок: таңкы ырыскысын таназарына албады, түштөнгөн жок. Мына эми тооктор түнөгүнө топтолуп жаткан кезде да өзүнүн көктүгүн карматып отурат.

Тумшугуна бекем тиштеген азыгын ана жутат, мына жутат деген үмүт менен саргарып көпкө күтөт Ормотой. А балапан болсо, жийиркенгенсип чегирткени тили менен түртөт да, качып жөнөйт. Анын бул жоругу баланы санаага салды. Өлүп калбагай эле… Ачка туруп, дегеле жаалдуулугуна эмне демексиң!

– Анда, мен сени зордоймун!– деди Ормотой борбашына ороңдоп. – Эртең менен бир чегиртке күн шашкеде бирди, түштө, түш оой жана кечкурунга чейин бардыгы болуп бешөөнү аймап салышың керек эле!

Ширеңкенин кутусундагы жаңы кармалган чегирткелердин семизирээгинен бешөөнү атайын бөлүп алды да, балапандын эркине койбой, таңдайына тыга баштады. Эгер таңдайына туруп калса, бир нерсе менен андан ары итерди.

– Бир, эки, үч! Ураа! Араандай ачылган балапандын оозуна, түкүрүгүнөн бир-эки курдай чоң-чоң тамызды. Анткени биринчиден, таңдайы катып суусабасын да, экинчиден, «түкүрүк кушка май болот» – деп бүркүтчү Карабай абасы айтпады беле.

Атасы кичинекей карындашына сатып келген тапочканын капкактуу кутусуна аны жайлаштырды да, кара мышык жетпес жерге илип койду.

Ормотойдун көңүлү эми тынгансыды. Борбашынын курсагы ток. Түнөгү тууралуу кам санабаса да болот, ыңгайлуу өмүр өткөрүшү үчүн кутунун ичине материалдан жалаяк сыяктуу кылып, төшөнчү төшөп койгон. Жылуу да, таза да. Эгер төшөнчүсүн борбашы булгап койсо, самындап жууп, кайра төшөп коёт. Түнөктүн анча деле жетишпеген маанилүү эмес бир жери бар: ал боёлбогон. Бетинде тапочканын сүрөтү бар кутучада аркар, кулжа ала турган кушту түнөтүп, шылдыңдап кор кылыш болбойт. Таң атса эле аны Ормотой, сөзсүз, эбине келтирет. Апасынын кызыл жүн боёгу кай жерде катылганын ал билет эмеспи. Уурдабай сураса деле апасы андан эч нерсе аябайт. Ал эми кара мышык маселеси чатагыраак. Өлтүрсө убал. Анын үстүнө ал чоңойгондон бери үйдө бир да чычкан калбай калды. «Мыё-оо» десе эле чычкандардын алыстан жүрөгү түшөт. Мунусу го жакшы, бирок борбашты жеп коюшу анык. Ормотой кара мышыкты өзүнүн бирден бир душманы катары эсептеди. «Кара мышык – кара жолтойлук» – деп айтпады беле бир шофёр машинасын айдап баратканда алдынан бир кара мышык кесип өтсө. Ошонун санааркаган өңү Ормотойдун көз алдынан эч кетпей койду. Себеби Ормотойдун өзү да, шофёрдон бешбетер жаман абалда эмеспи. Кечкурун тамак маалында Ормотой атасынан сурады.

– Ата, кара мышыкты жоготуп, ак мышыктын баласын бакпайлыбы?

– Алчы? Борбашымы жеп коёт деп коркуп жатасың го ээ, уулум?

Өзүнүн ички оюн атасы суратпай билгенине Ормотой кыстала түштү. Үй ичине эмгеги сиңген кара мышыкты атасы бир-эки курдай көпчүлүккө мактаганы анын эсинде эле.

– Жок, – деди Ормотой актана, – жебейт деңизчи… «Жесе оңой эле жейт», – деди ичинде. – Бирок аябай эле сапсайып, килтейип, сулуу болбой калыптыр, – деп аныктады мышыкты.

Апасы колдоп кетти:

– Чынында бул мышыктын кылганы жакшы эмес, бешиктеги баланын үстүнө жатып алмай өнөрү бар экен. Кокус тумчуктуруп коёбу деп корком. (Чынында, ушундай болгон эле.)

Эхе, кеп бар! Омокең бекеринен кичинекей ак мышыктын баласын самаган жери жок. «Кара мышык – кара жолтойлук, ак мышык – ак

жолтойлук» – деп өзүнүн сөзүн өзү ырастады. Экинчиден, кичинекей ак мышык чоңойгуча борбашка тие албайт, чоңойгончо борбашы элик-текелерди алган кыраан болуп калат. Ал кезде ак мышыгы килтеймектен милтейсе да, борбашы куйругун карматпайт.

Күтүлбөгөн жерден атасы ойлонуп туруп айтты:

– Кай жерден көрсөң сөзсүз карма аны, тээ талаага таштап келейин эртең.

– Ура!

– Апа, самын кайсы жерде?

– Эмне кыласың аны, сен ар дайым самынсыз бети-колуңду жуучу эмес белең, түшүңөн чочудуңбу?

– Жок, мына мунун...– Колундагы булганыч чүпүрөк-чапырагын көрсөттү.

– Аа! Баламдын жалаягын жубам дегин! Апенди десе...

Ормотойго ушул сөз гана жетиштүү болду. Уялганынан кулагынын учуна чейин кызарып кетти. Кайрылып экинчи эч нерсе сураган да жок. Кирди арыктагы сууга чайкады да, далдараак бир жерге илип койду.

Балапан бүгүн эмнегедир адамга ийигенсип калыптыр. Кечээкидей анчалык дыргаяктап кача бербейт. Учушу дагы начар. Салмагы оор тартып, учканда жерге чабылып конот. Бир көргөн киши али жетиле элек деп ойлойт. А Ормотой мунусун семиргенинен деп аныктады, Анткени кечээ кечкурун мыктап тойгузбады беле. Ал эми бүгүн кечке чейин он чегиртке жедириш керек. Сентябрга чейин дагы эки ай бар. Ошондуктан балапанга арбын-арбын жем берип, эртерээк чоңойтушу зарыл.

Ормотой борбашынын бутундагы узун жипти чечти. Эркиндик. Эмнеден коркмок эле. Кара мышыкты атасы талаага таштаганы алып кеткен. Эгер балапан качса баары бир алыс кете албайт. Чөп-чар, куурай-суурайдын калың жерине дегеле жолотпойт, андай жерде, кокус жоголуп кетерин билет. Мына тазаланган кепкенен эшиктин алды турбайбы, каалашынча «пөө-пөөлөп» борбашын үйрөтө берет. Жыргал!

Бүркүтчү Карабай абасы айткан колундагы жемди борбаштын тумшугуна жакындатып: «Кля!», «Кля!»–деп үн салгын, анан ал да: «Кля!», «Кля!»–деп оозун араандай ачып жооп берет, ошондо жемди оозуна салып кой, андан аркысын өзү билет. Ушул ыкманы бир нече жолу колдонгонуңдан кийин, борбаш үйрөнөт да, акырында колдогу жемди өзү тартып алуучу болот. Үнүңдү чыгарып, колуңду көтөрүп эле койсоң, сенден сөзсүз жем үмүт кылат. Оболу көнбөй кача берген немеден, учуру келгенде өзүң качып кутула албай каласың. Үйрөтүүнүн биринчи алиппеси ушул, уулум.

Үйрөтүүнүн дагы башка ыкмасы болот: эгер куш берген жемиңе көңүл бөлбөсө, күн мээ кайнаткан учурда, өзүң көлөкө жерге туруп ал да, аны бир жарым кулач өзүңдөн обочолонтуп күндүн ысыгына кактап сазайын бер. Сокур куш болсо да салкын жерге ыктайт, салкын жерге талпынат. Эскертемин: «Кля!», «Кля!» менен жемди унутпагын. Жаныңа келери менен эгер каалаunion сыйлап тур. Көпкө кайтала. Секин-секин көнө баштайт. Аралыкты аз-аздан кошуп отуруп ыраактан. Анан өзүң да ысыкка отуруп алып, ошол ишти кайтала. «Көлөкөңдөн айланайын Ормотой, кайдасың», – деп көлөкөңө ыктайт. Ошентип, уулум, борбашың өзүң турмак көлөкөңдү ээрчий турган болот.

Үчүнчү ыкмасы: көпкө кезертип ачка кой. Айласы куруганда атала берсең да ичем дейт. Ошондо чегирткеден сугунткун, түзүкпү?

Ормотой, ушул ыкмалардын бардыгы, кушка өз ээси ким экендигин таанытуунун жолу болот.

Кийинки жолу уу алдырмай жолу. Оболу чымчык эти менен жаңы союлган малдын сулп этин жедирип үйрөтүшүң керек. Эттин даамын билсин, ансыз борбашыңа аркар алдыра албайсың. Андан кийинки кезек канаттуу аттуунун кайсынысы болсун: мейли таранчыбы, мейли мисчеби, тирүүлөйүн тап. Буттарын башына бириктирип байла: анчалык бекем болбосун, башы жер караган абалда болсун. Анан коё берсең да эч жакка учуп кете албайт. Канаттарын каккылап гана бир жерде тыбырчылап жата берет. Бул кезекте борбашыңды ачкараак абалда карма да, байлалуу канаттуунун денесинин бир жеринен эти көрүнгөндөй кылып айры. Анан «пөө!» деген үн чыгарып, кушуңду тукуруп кой. Канаттуу өлгүчө аны менен жаалы чыга албай кармаша да берет, тартынбай барып, денесине кол сала берет.

Бул – кыраандыктын эң сонун ыкмасы. Борбашың балакатка жетип тапталгандан кийин, көрүнгөн чымчыкка кол салып тарпын чыгарат! Кийик, теке алдырмайдын жолу мындай: өзүңдүн эчкиңдин эки көзүнө сулп этти салаңдатып байла да, борбашыңды кондуруп кой. Анысын да жейт, мунусун да жейт. Дасыккандан кийин, көзгө асылмай өнөрдү үйрөнөт. Этият бол, айылдагы кой-эчкинин бардыгы сокур болуп калбасын,– деп тамашалады бүркүтчү. – Ал эми сокур мал жарым кадам баспай жатып калат эмеспи.

Менин сага берер акыл кеңешим, максатка адам аракет менен жетиптир. Борбашыңды кыраан кылып тапта. Андыктан, ар бир ыкманы кайтала, кайтала, кайтала!..

Сентябрь!

Окуу жылынын башталышынын бул биринчи күнү балдар үчүн өзүнчө эле чоң майрам. Майрамга карай ашып-шашып Ормотой келатат. Колунда сумкасы, далысына кондурган борбашы бар.

Мектептин спорт аянтчасына жакындады. Тигине, балдар-кыздар, окутуучу эжелер, агайлары... Бардыгы Ормотойго тигиле карап калышты.

– Кана, Ормотой, эр болсоңор борбашың экөөңөр билген өнөрүңөрдү көрсөткүлөчү! Тартынба, Ормотой, силерден чоң нерсе күтүп көпчүлүк жарданып турат!

– Бул куш үйрөтүлгөнүн көрүп турбайсыңбы?– деп жооп беришти экинчилери.

Ормотой далысындагы борбашын алаканына кондурду да: «Пөө!» – деп бир шаңшып туруп, аны көккө серпти. Жарданган көпчүлүктүн үстүнө муштумдай болгон шамдагай куштун канаттары кагылып беш-алты айлана жасады да, бийик теректин кылда учуна барып конду.

– Качып кетпегей эле,– дешти саксынышып бирөөлөрү.

– Качса качып деле кетет,– дешти экинчилери.

Качпас,– деди арсар гана, үчүнчүлөрү. Ошол кезде Ормотой экинчи ирет шаңшыды:

– Кля, кля, кля!

Ким чакырып жатканын түшүнгөн борбаш ошол замат ошондой эле үн менен жооп кайтарды: «Кля, кля, кля!»

–Пөө-пөө-пөө!– деп чакырды Ормотой кушун. Борбаш теректин учунан учуп чыкты да, чакырык үн угулган тарапты көздөй багыт алды. Ал Ормотойдун төбөсүнөн эки-үч курдай ары-бери кайып айлана учту да, сунулган колдун алаканына конуп калды.

Көпчүлүк дүр эте түшүштү...

Бир күнү бүркүтчү Карабай абасы капыстан Ормотойго мындай деди:

– Кана, Ормотой, убакыт жетти: келерки дем алышыңда ууга аттансаң кантет. Камда азыгыңды, чомдо эшегиңди, ээрчит итиңди. Түзүктөнүп даярдан, макулбу?

– Макул, аба.

Ошол күнү Ормотой жарым түнгө чейин тынган жок, жаа жасады, жебе жасады. Тоо деген тоо да! Эмнелер күтүп болбойт андан. Балакет басып алдынан карышкыр, же аюу чыгып калышы ыктымал. Так ошондой учурда жаа зарыл болот. Аз уктаганына карабай, бүркүтчүнүн «тур!» деген үнүн угары менен көздөрү чайыттай ачылды Ормотойдун.

Ал борбашын чакыра баштады. Жооп жок. Дагы, дагы... Билинбейт...

Бак тарапка чуркады. Жок... Коңшулардын короосунан үмүт кылды. Дагы эле жок. Жок, жок, жок...

Аттиң ай! Азыгы камдалып, эшеги чомдолуп, ити байланып, жаасы жайланып, баары даяр болгон мезгилде борбашынын табылбай жатканын карачы! Үч ай бою эмгектенип, теке алдырарда борбашынын жоктугун карачы! Эгер олжолуу кайтсам айылга эт салып берем деп, эч кимге айтпай купуя максат кылуучу эмес беле! Аттиң ай, кыраанынын жоктугун карачы!..

Бардык жактан үмүтү үзүлүп, Ормотой үйүнө кайтты. Балким, багым болуп табылып калар деген ой менен өздөрүнүн малканасына кирсе, илгери жоголгон кара мышыгы «шарт» этип акырдын ичинен атып чыкты да, кайдадыр житип кетти. Баланын көз алдында желгенден кийинки калган борбаштын бозоргон канат-жүндөрү бырыксып чачылып жатты. Өзүнүн эң ысык көргөн жолдошунан ажыраган кишиче ал салмактуу басып жакын келди да, өтө эле мүңкүрөгөн абалда башын шылкыйтып, жылтыраган акылдуу көздөрүнөн мончоктогон жаш чыгарып, «ыраматылык» кушуна аза күттү.

## ТҮШҮНҮК

Биздин турган колхоз колотко отурукташкан беш-алты айылды бириктирип турат. Орто аралыгында дүкөнү бар. Атам ошондо иштейт. Үйүбүз андан алыс болгондуктан, таң ата жумушуна жол тарта турган. Кээде мен да кошо ойгоном. Айылдын башына чейин бирге учкашып барып, узатып келчүмүн. Ушинткенимди жактыра турган.

«Салпактатып эмне кыласың муну?»–деп апам түшүнбөй айтып калганда:

– Тим кой баланы, сергек болсун, – дечү атам. – Таза аба көңүлүн сергитет…

Бөлөгүн айтпаганда да, менин таза абаны жутушума чейин кам көргөн атамы абдан жакшы көрөөр элем.

Үчүнчү класска көчкөн жылы дүкөнгө бир нече жолу барып, балдар менен достоштум, көп кишилердин үйүн көрдүм. Алыс эмес жерде үчөө жаңы салыныптыр. Үстүн жаап койсо эле бүтө тургандай. Мен алардын бирөөнүн ээсин жакшы билем. Ал Сабит эле. Мотоцикли бар. Биздин үйдүн тушунан көп өтө турган. Экөөбүз дүкөндө таанышканбыз. Мени: «Чоңойсоң жакшы дүкөнчү болосуң»,– деп мактаганы эсимде. Бир күнү классташ балдар биригип китеп окуп олтурсак, жогору тараптан мотоциклдин үнү чыгып калды. Жолду көздөй чуркадык. Сабит аке келе жатыптыр. Коңшубуздун тушуна токтоду. Үйгө кирер алдында минтип эскертти:

– Эй, «командир»– деди ал үй ээсинин уулуна,– эч кимге кол тийгиздирбе, мына бул жардангандарды алыс тургула де!

«Командир» жакшы бала эле, тигил кирип кеткенден кийин:

Келгиле, көрөбүз. Кармай бергиле, куубайм! – деди. Колубуздун кычуусу, көзүбүздүн моокуму канганча мотоциклдин жанында болдук. Бала бир аздан кийин себепсиз эле кароолчулугун аткарбай үйүнө кирип кетти да, муну айтып чыкты:

– Сабит аке атамдан тунуке сурап жатат. Атам макул деди. Анын акчасына арзаныраак шифер алабыз деп жүргөн.

– Бир топтон кийин үйдөгүлөр көрүндү.

– Мотоциклге мине аласыңарбы?

– Жок!

– Ээ, жаман десе, сага үйрөтүш керек экен да! Кел, учкаш. Төлкө, бекем карма.

Сабит акенин «баласаактыгынын» аркасында «командир» мотоциклге учкашып бирде айылдын этегине, бирде башына ойт берип ойноп жүрдү. Биз алардын чаңына аралашып, артынан чуркап жыргап жүрдүк. Ошондо дикилдеп чуркап жүргөн балдар менен катар мен да муну самаган элем: «Сабит акем биздикине да кирсе го»... Арадан күндөр өттү. Коңшуман сурадым:

– Сабит аке тунукеңерди алып кеттиби?

– Жок. Акча издеп жүрүптүр деп уктук.

– Мотоциклине минсең керек?

– Көрө элекмин, көрсөм го жыргайт элем!

– Эртеси аны көрдүк. Жогортон төмөн карай өтүп баратып: «Аа, азаматтар!»– деди. Төмөнтөн бат эле кайрылды. Мотоцикл токтоду. Чуркап бардык.

– А, салам кайда?– Тартына түштүк. Чоң адам бизге кичи пейилдик менен кол сунуп жаткан. Капыстан ал: – Атаңа барасыңбы?–деди.

– Барам, аке,– дедим мотоциклден көзүм өтүп.

– Учкаш,– деди эркелете. – Төлкө, бекем карма! Ии, ошондой. Аз-за-маат!

Ичимден сүйүнүп: «Минтип бизди ойноткон кандай жакшы киши Сабит акем!»– деп ойлойм...

Ийри-буйру колот арасындагы чоң жол менен зымырап баратканымда биздин артыбыздагы чаңыган топурак сур туманга окшоп жатты. Көңүлүмдө тумандуу суроо бар эле: «Неге бизди минтип ойнотот?..»

Дүкөндүн тушуна келип токтодук. Түштүм. Сабит акем андан ары жүрүп кетти. Аябай сүйүнгөн мен жылмайып, атама кирдим. Соода жүргүзүп жатыптыр. Мени байкаган жок. Бет маңдайына барып, келгенимди билгиздим.

– А сенсиңби, Султан! Кайдан учуп келдиң мында?

– Сабит акем мотоцикли менен алып келди, билдиңизби?

– Киреби мында?

– Кетти.

– Кетти... Кириңиз дебейсиңби?!

Андан кийин үч-төрт жолу дагы келдим. Адатындагыдай ал атамын үстүнө кирген жок.

– Кетти, – дейм атамын суроосуна.

– Кеттиби? Кириңиз дебейсиңби? А балам-аа!

Бир жолу ал кирип келди эле, агамдай жабыштым.

– Сабит аке!

– Кел, Сабит кел! – анан жабышкан мага карап: – Жаман үйрөнүпсүң, ээ... – Жетине албай айткан сөзү эле атамын.

Бала да көңүлү өссүн, тим коюңуз... Көпкө эркелетишти мени.

– Султан!

– Аа...

Акеңдин мотоциклине дайым эле минесиң, эми кантип сыйлайсың, өзүң айтчы? Акчаң болсо конфет алып бербейсиңби, канча тартайын, бол ылдам!..

– Акчам жок, чоңойгондо алып берем,– дедим.

– Туура айтасың!– Башыман сылады Сабит аке. Дүкөндө үчөөбүз. Атам бир бутылканын оозун ачып, мейманга стакан сунду.

– Алып кой, иничек. Султан ииңдин чоңоюп, кезеги келгенде сени да мотоциклге учкаштырышы үчүн!

– Султаным эр жетип, өмүрлүү болушу үчүн! – «Чыңк» этип үн чыгарган стакандар буга күбө болушту.

Арадан эки күн өтпөй Сабит аке бизди конокко да чакырды. Үстү жабыла элек үйдү көрдүк. Дасторкондогу табакка үймөктөлгөн палоону жеп жатканыбызда, сөз ошол тууралуу болду.

– Үйүңдү качан жабасың, Сабит?– деди атам.

– Билбейм, колдо азырынча болбой жатат. Силерге коңшу жашаган кишинин тунукеси бар экен, макулдашып койдум эле. – Ээ, эмнесин айтасың! – Үшкүрүп койду. – «Жөлөк болор адамыңды кулап кетерде көр» деген эмеспи. Досторум да, кастарым да бар эле. Туугандарым, таанышторым да бар эле, бири да ал-жайымды сурап коюуга жарабайт. Ар ким өз арабасы менен алек. –Тамак желгенден кийин муну кошту:

– Таянарым өзүңүз... Дүкөнүңүздөн беш жүз сом карыз берип турбасаңыз болбойт. Зарыктырбайм, бат эле кайтарып берем, аке?

Атам жерден башын албай:

– Ушул акча өзүмдүкү болсо... Өкмөттүн, элдин мүлкү экен, – деди.

Кечинде атка учкаштык да, үйдү көздөй жол тарттык. Атам ойлуу келе жатты. Кез-кез карт-карт күлүп, бир нерсеге таң калгандай башын чайкап, кызык түрдө эле. А менин көңүлүмдө Сабит акенин акча сураганы гана кайталанып турду.

Бир жума үйдөн жылган жокмун. Коңшум экөөбүз мотоциклге мингенибизди айтып бир кыйла аңгеме куруп жүрдүк.

– Сабит аке качан ойнотот бизди?

– Билбейм. Колу бошобой жүрөт го. Көрүнбөйт.

– Бүгүн атаңа барбайлыбы? Балким, ошол жакта жүрүп мотоциклге минип ойноп жүрбөйлү.

Бирок шеригимди атасы жибербей койду. Жалгыз жөнөдүм. Айылдан узап, колоттун ичиндеги жолдо баратам. Капыстан артымдан мотоциклдин үнү угулду. Карасам, Сабит аке! Мотоциклдин үнү эле угулса сүйкүмдүү Сабит акемин элесин эстеген жаным, кандай бактылуу болгонумду айта аламбы? Заматта ал жанымдан өтө берди. Мына азыр токтотот, анан экөөбүз учкашып жөнөйбүз деген ой оюмду көңүлүмдү гүлдөтүп жиберди.

– Сабит аке! – дедим ички жакшы көрүүмдү арнап. Бирок ал мага бөтөнчө мамиле жасады:

– Жолобо! – Чаңырды. – Энеңдин мотоцикли жок бул жерде! Жогол!

Заматта узап кетти. Менин көңүлдүү оюнум үчүн кам көргөн, стакан кагыштырар алдында атамдай узун өмүр тилеген бул адамдын алиги сөзүнө ишенбедим. Сүйкүмдүү мамилеси көңүлүмө уялап калган эле. Тигине, ал менден алыстап баратат. Жолдун уюлгуган чаңы, кичинекей сур туманга окшоду. Менин да оюм туман: эмне үчүн токтотпойт! Эмне үчүн? Жок, ал менин үнүмдү укпады же мени көрбөдү. Жок, жанагы кыйкырык аныкы эмес, тырылдаган мотоциклдин үнү!

Бардык күч-дарманымды жумшап, буттарым көзгө илешпей дикилдеп, артынан кыйкырып жөнөдүм:

– Са-би-ит а-ке! Са-би-ит а-ке-ее!..

*Поэзия*



## Ильгиз ТАЛИП

*1938-жылдын 1-январында Жаңы-Жол районунун Ак-Суу кыштагында туулган. 1961-жылы КМУнун журналистика бөлүмүн аяктаган. Көп жылдар бою мамлекеттик радио жана телевидение тармагында, «Кыргызстан маданияты» жумалыгында, «Чалкан» журналында, «Эркин-Тоо» гезитинде иштеген.*

*Бир катар аңгемелер жана ырлар жыйнактарынын автору. Көркөм котормо жаатында да эмгектенип, көптөгөн китептерди чыгарган, кинофильмдерди кыргызчалаткан.*

*«Кыргыз маданиятына эмгек сиңирген ишмер» деген ардак наамдын ээси.*

## Айыл таңы

*Алдыңда болуп жайдак ат*
*Азанда чыксаң мал карап,*
*Адамда обор козгочу*
*Айылда аткан таңдар ак.*

*Атыр жел беттен аймалап,*
*Ажайып болчу чар-тарап.*
*Өрт чалган өңдүү көрүнчү*
*Өндүрдү каптап мандалак.*

*Ыргалса гүлдөр башты ыргай*
*Ээликкен атка бастырбай –*
*Суктантып таңкы сулуулук*
*Турчумун кырда тап жылбай.*

*Атса да азыр таңдар ак*
*Минүүдөн калгам жайдак ат.*
*Таптырбай бала чагымдай*
*Таныптыр жерди мандалак.*

*Кызгалдак жапкан беттерди*
*Кыян-сел жайпап кеткенби?*
*Гүл эмес, дүйнөм күл болуп,*
*Өкүнөр эми кез келди…*

# Алла жана адам

– Аялды не койдуң Эгем,жаратып,
Кыйноо салды кылчактатып
каратып?
– Болсун дегем сени ашык!
– Бир мүүнү жок – бар мүчөсү
жарашып,
Алтын купа – кош алмасы
жанашып...
– Болсун дегем сени ашык!
– Дидарына айдын нурун
жалатып,
Кагелес бой, калтар чачта
жарашык.
– Болсун дегем сени ашык!
– Эгем, эми айтчы сырды мага
ачык,
Неге койдуң мээсин бөксө
жаратып?
– Болсун дегем сага ашык!

# Кан кудалуу болдум

Сабылып жүрүп тапкан кыз
Садага улак чапканбыз.
Умсунтуп келбей удаасы
Маңдайга бүткөн жапжалгыз.

Жат көздөн катып чоң эне
Энеси өпкөн жок эле.
Эр балага жол бербес
Эң эле ашкан шок эле.

Тон бычса бирөө сыртынан
Ток ургандай тырчыгам.
Чырагын куттуу үйүмдүн
Чыкпайт деп жүргөм ыркыман.

Көрүнүп артык каныштан
Көп эле жуучу салышкан.
Айылдан бир тең чыкпады
Арзышып жүрүп табышкан.

Окуймун десе чет элден
Азарын билбей Мекенден.
Орошон адис болор – деп,
Ой жоруптмун бекер мен.

Ак жүздөр Батыш жактагы
Кай жеринен жакпады?
Ынды кара болуптур
Оңбогон кыздын тапканы!..

Кайрылып келчү туурга
Кантип кыз жетсин уулга!
Кан кудам эми негрден
Мобуту, Чомбе, Лумумба!..

# Көл таңы

Толкундар шапар тээп куушканын,
Топурап кыйкуулаша куу учканын,
Суктана карап туруп көл жээгинде
Лаззет го тосуп алуу ууз таңын…

Камгактай жумаланып көктө
булут
Жаткансыйт таң тосууга алдас
уруп…
Көшүлтүп көл илеби магдырайсың
Көйгөйү көр турмуштун
унутулуп…

Керемет көлдүн таңы ушул чакта
Кеп эмес бейиштеги сейил бак да!
Кыялың чардак сымал чаргып учат
Бактылуу жан жок анда сенден
башка!..

## Күзгү жалбырак

*Сарманаттай жалбырак*
*Сабагында салбырап,*
*Жаалданган шамалга*
*Жан соогалайт жалдырап.*

*Сары жездей жалбырак*
*Санааларды сан кылат.*
*Жагалданган жазгы ыраң*
*Эми кайдан кайрылат?*

*Үшүк урган жалбырак*
*Үзүлөм – деп кайгырат.*
*Пендең чукул сапары*
*Үмүттөн кеч айрылат…*

## Сагынбай кантип жүрсүң дейм?

*Эстеген сайын Аксымы*
*Элестейт көзгө жаш сулуу.*
*Алгачкы сүйүүм ага арнап,*
*Акталбай арзуум – таттым уу.*

*Кетсең да кошкун дебестен*
*Өчүрөр күч жок сени эстен.*
*Сакайтчу даба табылбас,*
*Сагыныч болду мени эзген.*

*Абасы сага жактыбы,*
*Аксыдан жери жакшыбы?*
*Табышмак дале мен үчүн*
*Таптыңбы, жокпу бактыңы?*

*Тайгалтып тагдыр бактыңы*
*Тартпадың бекен запкыны?*
*Сагынбай кантип жүрсүң дейм*
*Сайран жер салкын Аксыны?*

*Тууган жер турган кут конуп,*
*Кусаң жаз, келгин куш болуп.*
*Аксынын укпай ыр-күүсүн*
*Аздың го ичке бук толуп…*

*Чет өлкө сенин Мекенби,*
*Бөтөн эл баркка жетерби?*
*Ашыглык үчүн күң болуп,*
*Ким кыят Ата Мекенди?!.*

## Эл күткөн эрен келеби?

*Жорудай жабалактап тарпка шашкан*
*Дардестер дарбып кирди так талашкан.*
*«Эл жыргап, бейиш кылам өлкөнү» – дейт*
*Мурда не жадыгөйлөр төнүп жаткан?*

*Кайтарып калк мүлкүнүн жоголгонун,*
*Ордуна коёт экен тонолгонун.*
*Барында сыйкырчылык өнөр бардай*
*Башты маң кылып койду оёндоруң.*

*Түрү жок башкаларга байге берер,*
*Биринен бири өткөн сай берендер!*
*Апсисин тыйып койчу эки ажонун*
*Суурбай кындан кылыч кайда элеңер?*

*...Ка-ап, буларды  шайлаганда баштараак,*
*Ой омкоруп, тоо томкоруп таштамак.*
*Кайырчыдай калтасы бош там сүзүп,*
*Калмак эмес экенбиз биз таш жалак.*

*Кыргыздыгын «кыргызмын» деп танбаган,*
*Кыргыз туруп, кыргыздарды алдаган.*
*Баары Абыке, Көбөш жана көз каман,*
*Кайда Манас, кайда Бакай кан бабаң?*

*Кылымдардын кыйраканы жалмаган*
*Кымкуутта абжор кыргыз калды аман.*
*Элден кембиз эгемендик тушунда*
*Эми өргө сүйрөп чыгат кай балаң?*

*Тилсимдүүлөр тынбайт эл-жер аралап,*
*Так ээлешмек аңкоолорду паралап.*
*Эсиң жыйып, көз ачпасаң калайык*
*Таразада тагдырың тур аманат!*



## Абдыкерим МУРАТОВ

*1956-жылы Ноокат районундагы Шанкол айлында туулган. 1976-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун кыргыз тили жана адабияты бөлүмүн бүтүргөн. Орто мектепте мугалим, пединститутта окутуучу, Кыргыз педагогика илим изилдөө институтунда илимий кызматкер, «Эне тили», «Ислам маданияты» газеталарында баш редактордун кеңешчиси, «Замандаш» журналында баш редактор болуп иштеген. Азыр эл аралык «Zaman Кыргызстан» газетасында баш редактордун орун басары, И.Арабаев атындагы КМУда профессор. Мектептер үчүн кыргыз адабияты боюнча окуу программаларынын, окуу китептеринин, сөздүктөрдүн, усулдук колдонмолордун автору.*

*Анын «Ак чыйыр», «Курманбек баатыр», «Ордолуу жыландар», «Бири кем дүнүйө», «Акыркы адамжапайынын арзуусу», «Рахманкул хан», «Сунулган баш... Суурулган кылыч» деген адабий китептери жарык көргөн. «Арча» адабий сыйлыгынын ээси.*

*Аңгемелер*

# АК САТКЫН

Бул жайык өрөөндүн чыгыштагы учу Көк-Белден биригет. Кут жагы болсо созулуп кете берет, кете берет. Качан токтоорун, качан жарышкан эки тоо бири-бирине учурашарын эч ким билбейт, ошол жарышкан эки тоонун бири анча бийик эмес балык жондонгон жалпак адырчалардан турат, экинчи жагы болсо дөңсөө, андан тоо болуп, тоолор ак карлуу курама зоого барып, асманга чыгып кетет. Көккө көтөрүлүүчү шаты өңдөнөт бу тоолор. Ошол жарышкан тоонун ортосунда кайыктай болуп жайык өрөөн жатат. Чалкыган көк өрөөн. Каалгыган булуттар бул өрөөндүн ичинде эркинче сүзүп, булактары менен дайрасынан, ак мөңгүлүү чокуларынын ичиндеги туптунук көлдөрүнөн канганча суу ичип, анан өрөөнгө кырдан ылдый түшүп келип, кыбыладан жүргөн шамалга туруштук бере албай уюлгуп жөнөйт да, Көк-Белге барат. «Көк-Бел өзүбүздүкү» дешет экен булуттар сүйлөшкөндө. Өзүбүздүкү дейт экен да, жамгырын төгүп кирет турбайбы. Жамгыр, жамгыр, жамгыр... Бу жердин нооруз айда тээ саратанга чейин көргөн күнү ушул. Көнөктөгөн жамгыр... Көз ачырбаган нөшөр-чапкын...

Көк-Белдин бетин лалалар басып калды. Кыпкызыл. Мала кызыл. Чымкый кызыл. Пушту. Ток кызыл. Ач кызыл. Көргөндөр өрт-жалынбы деп ойлойт, Көк-Бел эмес эле Кызыл-Бел десе жарашкыдай.

Ак Саткын кызыл лалалардын ичинде баканчалап булактан суу көтөрүп келатты. Кыздын жашы он жетиге келип, майдалап өргөн чачы далысын жаап, кымча бели буралып, сонодой узун мойну койкоюп, өзүн өзү ырастап, айдай жүзүн сулуулап, кашына осмо сүртүп, анысын кайра-кайра коюулантып жаңыртып, эндик-кына коюнуп, көргөндүн көзүн тартып, жигиттерди ичтен тамшантып турган чагы. Бир келет да бу курак, кайран курак келет да, кетет. Гүл талаада белинен өйдө жагы гана көрүнүп, кыпкызыл мухитте нокот болуп сүзгөн кемедей жол-жол каламы көйнөкчөн баканына эки сыр челек илген кыз каалгып келатты.

Ак Саткынды көздөй боз жорго минген бир жигит чыкты. Атынын басыгы чарчаңкы, өзүнүн көңүлү чөгүңкү, оюнда санаа бардай, лалазар ичиндеги жалгыз аяк жол экөөнү кезиктирди. Кыз жигитти уурданып карады. Баканын бир мүрүсүнөн бир мүрүсүнө алып жатып көз кыйыгынан жигиттин келишкен боз жорго атын, андан жогору тизгин кармаган колдорун, күмүш кемерин көрдү да, жүзүнө карап баратып чочуп кетти, көзүн ала качты, ал жакта жигиттин балбылдаган эки көзү туруптур. Унчукпай жер карап, сай талдай ичке боюн түзөп, кымча белин буралтып, чачпактарын шылдыратып өтүп баратты эле аттын көлөкөсү жанына келгенде токтоп калгандай болду. Кайра карай албады. Көзүн жолго кадады. Уят каны ичтен тээп, дидарына кызыл жүгүрдү, эндик койгон бети албырып күйүп кетти. Кайра баканды алмаштырды.

– Булагыңар ушул жактабы, таэже? – Кыз селт этти. Жигит ушинтип сурады. Саткын унчукпады. Башка эч ким жок экенин, ошондой болгондон кийин суроого жооп берүү керектигин түшүнсө да, унчуга албады. Кадамы шилтенбей токтоп калды, денесиндеги калтыракты туйду.

Жигит кыздын челегинин ичиндеги суудан өзүн көрдү, түлкү тебетейин, чырайлуу жүзүн көрдү, өзү челекте кыймылдап, токтобой турду, аны кыз токтотпой, кыздын калтырагы сууну козгоп, сууга кошо сөлөкөттү козгоп жатты.

Башка сүйлөшпөдү, ошол-ошол бойдон басып кетишти. Бири булакка кетти, бири булактан кетти...

* * *

Өргөөгө келгенде Ак Саткын алайлык жээндери Кубаттын уулу жылкы жоготуп издеп, айылга келгенин, уялчаак бала айран ич десе көнбөй, булак жакка кеткенин укту.

* * *

Үч күндөн кийин кырдан түшүп келаткан атчанды көрүп, Ак Саткын жүрөгүн дагы бир болк эттирип алды. Өргөөгө кирди, кайра чыкты, кайра кирди, кайра чыкты, оромолун оңдоп, боюн түзөдү, атчан өтүп кете берерде энеси:

– Жээн, жогуңду таптыңбы?! – деп кыйкырып калды. Жолдон өтүп бараткан жигит уялып:

– Арбаңыз, эне, – деди ыйбаа менен.

– Бар бол, балам, кел, аттан түш, айран ич. – Жигит кары кишинин сөзүн эки кылгысы келбей аттын башын бери тартты.

– Атын алгыла, о ким бар?! Балдар жокпу!? – Кемпир ат алар киши таппай калды. Эргенчи бала жок, жалгыз калган Ак Саткын кыз уялып чыгып, атчанга жакындады. Баягы жигитти тааныды. Түлкү тебетейин көрдү. Кемер ордуна бу келиште кытайдын матасынан кызыл кур тагыныптыр. Калтырап басып барды. Жигит аттан түшпөй тура берди. Кыз караса, эбегейсиз чоң Күндү жигит тосуп туруптур.

– Жээндин атын ал, Саткынай? – Чоң энеси дагы суранды. Жигит тизгинди кызга узатты. Колу тийишип кетти, тизгин колуна тийбей эле жигиттин колу урунду кызга. Селт чочуп колун тартып алды.

Колу калтырап кетти. Тоо урап түшкөндөй, ат үстүнөн жигит үзөңгү тээп жерге түштү. Күн көрүндү, аалам ээси кызга тийди, аны жылытты. Ошондо кыз эсине келгенсип, бош калган чылбырды кармады да, атты казыкка жетеледи. Атты байлап жатып жигитти абдан карады, чырайлуу жүзүн, капкара көздөрүн, карарып жаңыдан чыгып келаткан мурутун, колундагы күмүш сап камчысын, шыңга боюн көрдү да, тымызын суктанып алды, ичинен бир сезим нукуп өткөнсүп, жигиттин жылдызы өзүнө жакын сезилди.

Энеси жигиттин атын сурады. «Кулмырза» деген жообу кыздын кулагына куттай уюй түштү. «Кулмырза... Кулмырза...» – деп экиүч сыйра кайталап алды.

– Кесеге айран куюп чык, жээнге? – энеси Саткынды издеп калды. Кыз ордунан жылды, жүрөгү суудан чыккан балыктай туйлап баратты. Кытайдын кырма аягына мелт-калт айран куюп чыкты да, энесинин жанында олтурган жигитке жөнөдү, эшик-төрдөй жер күнчөлүк болуп, кыз жүдөп кетти, жете албай, жигит карап турганын билди, улам бутунан мүдүрүлүп, кесеси колдон ыргый турган болуп жигитке жетпей баратты.

– Ырахмат, таэже. – Жигиттин үнүнөн кыз чочуп кетти. Байкаса, Кулмырза кыздын колун аякка кошо кармап алыптыр. Ак Саткынды уят басты, тескери карап кетти. Жигиттин колу тийген манжалары

от болуп алоолонуп күйүп атты. Кулмырза да кыздын аппак алаканын көрдү, бир сезим бүт баденин жибитип өттү. Кыз боз үй жакка басты. Кыргыз үйдүн ичинен, кийиздин кичинекей жыртыгынан карады жигитти, уурданып карады, андан сулуулукту, күчтүүлүктү, кайраттуулукту көрдү жана өзүнө теңтуштукту, ылайыктуулукту көрдү. Жигит кармаган колуна тигилди.

– О, Саткынай, кайдасың кызым, мейманды атка мингиз? – энеси кайра кыйкырып калды. Оңдонуп-түзөлүп кыз атка барды. Атка минип баратып жигиттин сол колу Саткындын сол кабыргасынын үстүрөөгүнөн сыйпап өттү, кыз денеси дүрт этти, ал бурулуп энесин карады, энеси ийигин ийрип ийиктен көзүн албай отуруптур, сүйүнүп кетти, энесинин, деги эч кимдин көрбөгөнүнө кызарган бетин бир аз нур чайды, жаңыдан түп алып бездеген кош алмасы ысып баратты.

– Атың ким? – Кулмырза акырын үн чыгарды.

– Саткын! – Кыздын үнү дирилдеп чыкты, о бир топтон кийин чыкты.

– Саткын. – Жигит кызды карады да, анын көзүн качырып жиберди. Ошол-ошол болду, жаз айланып жай болду, жай жылып күз келди.

* * *

Ошол күздө көрүштү анан булар. Көк-белдиктер Алайдан жайлоодон кайтарда бир кызын алайчылардын бири алмак болуп чоң той берди, кыз той менен ажыраш аяк бир берилди.

Топ кыздардын ичинде Ак Саткын тойго барды, ошондо Кулмырзаны көрдү, кыз оюнда бир четте жүрүптүр.

– Келиңиз, таэже, келиңиз? – жигит Саткындын алдын тороп алды. Кыздардан бөлүнө түштү. Кыз кете албай калды, бөлүп кеткен кыздарына өтө албай, өңү манаттай кызарып, алчадай көзү жалжылдап ойноп, жаздан бери тынчын алган жигитти бир көрсөм деген тилеги келсе да, үн катпай тура берди. Ошондо топ кыздар кайра келип колунан жетелеп кетти. Алар кыз оюнга топтолушту. Кулмырза улам-улам Ак Саткынды карай берди.

Жигиттер тобунан бирден киши ырдап, кыздар тобунан бирден кыз тартып кетип атышты. Мына, бир жигит улам-улам көзүн сүзүп, көз ымдап, ары-бери эркин басып, ар кыздын жанына жойпуланып бирден келип, Маргалаңдын базарында ат тандап жүргөнсүп камчысын көккө серепчилеп ырдап атты:

*Ак мөңгүдөн тазасың,*
*Аппак айдай баласың,*
*Терип жесем анарсың,*
*Дегдетип кумар жазасың,*
*Карып калсам базарсың,*
*Капалык көөнүм жазарсың,*
*Укуруктай гез мойнуң,*
*Гүл жыттанган кең койнуң, –*

деп ырдап келип топу кийген уяң кызды өздөрүнүн тобуна тартып кетти, кыздар азайып, күлкү жаңырып кезек Кулмырзага келди. Ак Саткынды бир карап алды, ошондо экөөнүн көзү чагылыша түштү, тамагын түзөп, ырдай баштады:

*Ак жибектен тор түйүп*
*Баштап кеткен бар бекен?*
*Аз гана ойноп, чын күлүп,*
*Таштап кеткен бар бекен?*
*Ак кагазга чийилип,*
*Каттан чыккан Саткыным,*
*Ак оромол, гүл жоолук,*
*Сырттан чыккан Саткыным,*
*Паранданын паашасы*
*Булбул деймин Саткыным.*
*Айбан аттын паашасы,*
*Дулдул деймин Саткыным.*
*Теректердин паашасы*
*Чынар деймин Саткыным*
*Караңгыда мен барсам,*
*Ынар деймин Саткыным.*

Саткын жер тиктеди, бети чымырап, уятынан өзүн коёрге жер таппай калды, качып четке чыгайын десе, баары ошону карап, тизеси калтырап, жүрөктөрү ойноп ордунан козголо алчудай эмес. Жигит түлкү тебетейин баса кийип көзүн жумуп, илептерин тиштенип, бөйрөгүн таянып ырын токтотпойт.

*Ак жыгачты жошорлоп,*
*Ныл кылбасам өлөйүн,*
*Атыңдан, Саткын, мен сени,*
*Ыр кылбасам өлөйүн.*
*Көк жибектен тор түйүп*

*Баштап кеткен бар бекен?*
*Көп куунап ойноп, чын күлүп,*
*Таштап кеткен бар бекен?*
*Көйнөгүң кызыл каламы,*
*Көрмөйүнчө таркабайт,*
*Көкүрөк дарттын амалы.*
*Короолу болуп койнуңа,*
*Корголоюн Саткыным,*
*Тамчы болуп мойнуңа,*
*Шорголоюн Саткыным.*
*Алтын пайнек, жез пайнек,*
*Бычагымда болбоду.*
*Ай-чырайлуу Саткыным*
*Кучагымда болбоду...*

Саткын ырдын токтошун күттү. Кулмырза токточудай эмес, кызыгандан кызып ырдай берди. Кыздан албырган жүзү от болуп күйүп атат. Жерден көзүн албайт. Сансыз көп көз аны теше тиктеп турат. Батып бараткан Күн жылып келип так төбөсүнө орноп калгансып, бүт денесин чымыратып тер басты. Жигит дале токточудай эмес, ырдап атат:

*Күмүш пайнек, жез пайнек,*
*Бычагымда болбоду.*
*Күн чырайлуу Саткыным*
*Кучагымда болбоду.*
*Суу аласың шар жерден.*
*Бой көрсөттүң ар жерден.*
*Торала кызыл буудайым,*
*Толмоч сенин бетиңе,*
*Дос кылдырган кудайым.*
*Аппак кайрак буудайым*
*Ак ыргалдай бетиңе,*
*Ашык кылган кудайым.*
*Күзгү буудай майзасы,*
*Мен амалың болоюн.*
*Жазга буудай майзасы,*
*Мен амалың болоюн.*
*Жазында бурлап тердесең,*
*Мен шамалың болоюн.*
*Устун-устун узакка,*
*Учкулдар түшсүн тузакка.*

*Аманат жанга бир өлүм*
*Ак Саткын түшсүн кучакка.*

Кимдир бирөөлөр кыйкырып сүрөөгө алышты. Кулмырза жумулган көзүн ачты, кыздар тарапка басты, Саткынды көрдү да колун сунду, ошондо жигиттин колуна кыздын колу урунду, эки кол бири-бирине тийип, чыныдагы балдай балкып, жүрөктөр катуулап согуп, денелер чымырап ысып, жигиттин бүткөн боюнан тер кетип, кыздын айжамалы оттой кызарып, коёрго жер таппай, канттай эрип, көлкүп, ээрчишип баратышты. Кыз-жигиттердин кыйкырганы, алыстагы шаркыратманын шары, жылкылардын кишенегени, көч таңылып, кетүүгө камынып кыздарын жоктоп кыйкырып көк-белдиктердин келатканы угулган жок. Бул экөө алар менен иши жоктой, эч нерсени билбеген кишилердей.

Тоо башынан кыпкызыл табак Күн чуңкурга кулап түшүп баратты. Бул чуңкурдан кайра экинчи чыкпай тургандай, өзүндөгү бүт отту ааламга акыркы ирет чачып, көктүн бир четин бүт бойдон мала кызылга боёп турду Күн. Кулмырза да, Ак Саткын да мына ушул мала күнгө чагылды.

Көч кеч чыкты. Кыздар көчкө кошулду. Алайдын жигиттери узатып баратты. Чубалжыган көч төмөнгө жол тартты. Кыз менен жигит коштошор амалын таппай атты. Жалжылдаган элик көздөр бакырайып бири-биринен өтүп, коштошуп да, учурашып да, кайгырып да, айрылып да атты. Эми такыр көрүшпөй тургандай бүт кубатын тикирейип чыгарып, болгон отун сарптап карашып атты бу көздөр. Көздөрдө ашыглыктын илгертен келаткан айтып бүткүс сөздөрү, Лайли менен Мажнун, Тайир менен Зуура, Жусуп менен Зулайка, Олжобай менен Кишимжан, Раймалы менен Бегимай аңыздарын чыгарган улуу күчү катылып турду. Көздөрдө сөздөр, жалынычтар, тилек-максаттар, кызганычтар ташылып атты...

Көч узап баратты...

Шылтоолуу сөз биринчи Ак Саткындан чыкты:

– Нартайлак жүгү ооп калыптыр, жээн, соопчулукка оңдошуп коёр бекенсиз? – Жигит шыпылдап төөнүн жүгүн оңдоп кирди. Калп эле кайра чечип, кайра таңды, көч бир далайга барып калды, жарык менен караңгы бул дүйнөдөгү үстөмдүгүн талашып атышты, бир убак жигиттин башындагы тебетейи ыргып кетип чаңга аралашты, кыз тебетейди илип алып колу менен аяр кармап, аста күүп, жигитке сунду, жигит башын тосту, калтыраган колдору менен Ак Саткын Кулмырзанын тебетейин башына кийгизди.

Жигит кыздын ак бермет мончогун кармалады, кыз өзүн коомай тартты, албурлуу кол жыпар жыттуу колтукка тийди да, жеңил кыз-

ды аста көтөрүп нартайлакка жакын алып барды, кыздын шаанилүү күнү кийчү жалтыраган ыштанынын пайчасы жигиттин көзүнө кадалды, бу да ага башкача көрүндү.

О, бир топ узап барып кыз артына карады, өзүнөн көзүн албай турган Кулмырзаны көрдү. Күн көрүнбөй калды. Нартайлак көчкө кошулду. Көч узап кетти. Чыгыштан сынык Ай акырын каалгып көтөрүлүп келатты, ошол Ай жакта куду ошол жарым Ай сыңар жарым бакыт Кулмырза жалдырап калды.

* * *

Ошол жылы кышында Саткынды кудалап баталап кетишти, ыйлап-сыктаганына карабай, атасы улгайган күйөө баласынан мал алды, дан алды, чүпүрөк-мата алды, күздө эл жайлоодон тегиз кайтканда, кышка жуук, орозону өткөрүп төртүнчү катын кылып накта куу башка киргизип бермек болду.

* * *

Эрте жазда ашуу кичине ачылып, Көк-Белди жамгыр тынбай сабап, лалалар гунчаларын серпип, жан кире баштаганда, Кулмырза ээлигип турганда, Жумабай тагасы тойго чакыртып калды. Кулмырза токтободу, чакыруучунун артынан удаа эле тагасынан уулуна берген сүннөт тоюн шылтоолоп, Ак Саткындын айылына келди. Уурулук кылгандай коомайланып, далдоолонуп баягы булак жакка барды.

Булактан суу ичип, атын сугарып, караса, жалгыз аяк жол менен бакандап челек көтөргөн кыз келатат, баягы кыз келатат, түшүнө кирип, дайыма оюнан чыкпаган Саткыны келатат. Жигит алдынан тосо чыкты, лалалар арасында лала болуп келатыптыр Саткыны.

Бу көз ирмемди ал дайыма түшүндө көрчү, көзүн жуумп, кайра ачып, кайра жуумп, кайра ачты. Баары чын, көргөнүнүн баары ырас. Экөөнүн арасы ушунчалык алыстай, алар бири-бирине жетишпөөчүдөй сезилди. Кыздын көкүрөк тушу ээлигип, кумар оту күйүп, делебеси козголуп баратты, бир күч экөөнү бири-бирине тартып жакын кылып турду.

– Арбаңыз?! – Биринчи жигит учураашты.

– Бар болуңуз. Келиңиз! – Кыз да кадала тиктегиси келип, бирок эрки жетпей жер карап ошентти.

– Жүрчү, булак жакка, кичине сүйлөшөлүчү, мен атайы сен деп келдим. – Жигит атынан түштү.

– Коюңуз, кетиңиз, бирөөлөр көрөт. – Кыз айыл тарапка эки кадамдай басып, кайра токтоп калды. «Мени бирөөгө кудалап болуп кетти» деген сөздү айткысы келип, бирок ооздору барбай уят деген сезим жүзүн албыртып, ичиндеги келген кептерин коё бербеди.

Ошондо кыз: «Айылдан чыкпай айланып, жанымдан чыкпай байланып, ашык кылып арбадың, досум, кызыглык иши шу белем, досум, кыялымда сен деп арбалдым, досум, ышкылык жайы шубу, досум, кыз туруп сага кармалдым, досум, күн-түнү уйку качып, ыраңым өчүп чөп болду, досум, ашыглык күчү куйкалап ичти, өзүңдү эстеп өрт болду, досум» – деп айткысы келди. Айта албады. Айтам деп жүргөн, оозу барбады.

– Келчи, сууңдан ичейин, – жигит Саткындын челегин көтөрүп суу ичип кирди, – а унутуп калган турбаймынбы, атымчы? – Ал экинчи челекти аттын алдына койду, суусаган ат шимирип кирди. «Жинди го» – деп ойлоду кыз, бирок ошону өзү да жактырып турду. «Бирөө көрбөсө эле болду, кайра суу алып келип алам да».

– Лалалар да суу ичсин. – Кулмырза арткан сууну гүлдөрдүн ичине абайлап төктү да, булак тарапка эки челек көтөрүнүп басты, анын артынан Саткын ээрчиди.

Кулмырза муздак булак суусуна бетин чайкады, Ак Саткын аны карап турду. Жигиттин коюу кара чачын, өткүр көздөрүн, албырлуу колдорун көрдү, чымыр денесин сезди, ал челекти мелт-калт толтуруп суу сузуп берди. Бу суу эмес эле эңсеген, күткөн бакыт арзуусу белем, кыз аны чайпалтпай, төкпөй абайлап көтөрдү.

Алыстан Саткындын энесинин кыйкырыгы угулду, кыз шашып калды, бакандын мүрүсүнө илди да, жөнөй берди, эч нерсе сүйлөй албады, коштошкон да жок, кайра келем деген да жок. Кулмырза тигинин кетип жатканына ичи күйүп алдынан торой чыкты:

– Токточу? Кечинде тойго келчи... Ошондо сүйлөшөрбүз?..

– Мен бара албайм... Тойго барыштан калгамын... Отоолуу кыз аталгамын. – Кыз ушуну бөлүп-бөлүп, жерден башын көтөрбөй айтты да, жигитти тике бир карап туруп, анан көзүн кайра ыкчам алып, тез-тез адымдап басып кетти.

– Айтчы анда, мен сага келейин, кантип жолугушабыз?

Кыз унчукпай кете берди. Уялды. Жоопсуз калтырды. Он кадамдай баскандан кийин бир нерсесин унут калтыргандай шарт токтоду да, артына бурулду, ошондо ага тигилип сумсайып турган жигитти көрдү. Көрдү да, уятынан баарын унутуп салды, кыздык арын эстебей, башка бир боорукерлик, жакындык сезим жеңип, оозунан сөз чыгып кетти:

– Келе аласызбы? Коркпойсузбу?

– Келем! Коркпойм! – Кулмырза чуркап келди. – Жатар жеринди айт?

– Оң жак жүктүн бурчунда, арс ичигин төшөнүп, түлкү ичигин жамынып жатам... Келбей эле коюңуз. Тил алыңыз. Бейжаздым кылбаңыз... Ошентти да кыз энесинин үнү чыккан жакка, уят күчү менен аттап-аттап шагдам жөнөдү. Ал айтмакчы болгон сөздөрүн айта албай калды. «Келиңиз, сөзсүз келиңиз, күтөм, кыш бою күттүм. Тарсылдап доошу угулбасын, такалуу өтүк кийбей келиңиз, кырдан бирөө көрбөсүн, колот менен келиңиз, атты алыска колотко коюп келиңиз, кулундуу бээ минбей келиңиз, кулунун жоктоп кишенейт, үйүрлүү айгыр минбей келиңиз, үйүрүн жоктоп кишенейт» дейин деди. Уялды. Айта албады.

Жигиттин сүйүнүчтөн жүрөгү опколжуп, өзүн коёрго жер таппай, атынын мойнун кучактап кайра-кайра өпкүлөп, бир топтон кийин ээрге ыргып минип, теминген бойдон капталдан ашып кетти.

* * *

Ай аркан бою көтөрүлдү. Жылкылардын кошкуругу, иттердин чарчаңкы үргөн добушу, күкүктүн жан шеригин чакырган муңканычы угулат, алыста дайра күрүлдөйт, асман жылдызга толуп, тоолордун көлөкөсү алда кандай сүрдүү шаңкайып Кулмырза кетип аткан өрөөндү караңгы кылып турду. Болжоп олтуруп булакка барды. Мындан ары жакын эле, капталдап жүрүп отурса, туура Ак Саткындардын ак өргөөсүнө алып барат. Булакка жүзүн чайып, анан суу ичти. Жүрөгү туйлап бул жерде көп кармалгысы келбеди, лалазарды аралаган жалгыз аяк жолго түшүп аярлап келе берди. Келе берди. Ай жарыгы тийген ачыкка чыкты, корккусу келбеди. Ай аны ээрчип алды. Айыл тынч, анда-санда гана малдардын кошкуругу, койлордун бышкырганы угулат.

Кулмырза тааныш өргөөгө жакын келди. Бир аз тыңшап турду, эч ким жоктой. Анан болжоп туруп жүк жыйган туштагы капшыттан боз үйдүн кийизин көтөрдү.

– Бул ким? – Кыз чочуп кетти.

– Мен. – Акырын, дирилдеген үн угулду.

– Эмнеге келдиңиз?

– Сага.

– Кетиңиз! Уят!

– Ким бар?

– ................

– Саткын, ким бар?

– ..................

Кулмырза капшытты көтөрүп, өргөөнүн ичине кирди. Ээрчип келген Ай, иттердин, жылкылардын, кой-эчкилердин, козу-улактардын – баарынын үнү сыртта калды. Жылдыздар жымыңдап көктө күлүп турушту.

– Кырчын талым.

– Жагалмай кушум.

– Ак ала чүрөк өрдөгүм.

– Кыргыйым.

– Беш көкүлүм.

– Туйгунум.

– Чырагым.

– Бүркүтүм.

Өргөө ичинде эки гана адамдын жүрөктөрүнөн чыккан дооштору жүрөктөрүн аралап, караңгы түнгө сиңип жок болуп кетип атты.

Алар ашыглык лаззатын татып, кумар отун алоолонтуп, дене бою коргошундай көлкүтүп, өздөрүн өздөрү унутуп баратышты.

Бойлору балкып, биринен бири бөлүнө албай биригип, жупташып, башкача бир таттуу жибишип, бу дүйнөнүн эч качан мурда көрүпбилишпеген башкача бир ырахатына магдырап баратышты...

Ай-жылдызы менен көмкөрүлгөн асман, караңгы түнү, боз үй булардын сүйүүсүнө арбалып кошулуп эрип бараткансыды...

Ак Саткын чочуп кетти. Кимдир бирөөнүн бутунун шырпылдаган доошу чыккандай болду. Ал доош үйдү айланып басып жүргөндөй сезилди. Бул ушундай эле кулагына угулдубу, же чын эле чыктыбы, кыз анчейин билбей жатты. Коркуп, тыңшап туруп калды. Эч нерсе угулбайт. Көңүлү бир аз жайлангандай болду. Койнундагы Кулмырзаны ойготоюн деди, кайра кыйбады, жаш баладай жакшына болуп көшүлүп уктап жатат. Акыры качантан бери ушуну тилеп жүрбөдү беле? Кантип ошол бактысын өзү чочутуп, өзү бузуп алсын! Уктай түшсүн! Анан деле туруп, кетүүгө үлгүрөт да.

Дагы экөө басып өткөнсүдү. Каалга ачылды. Ак Саткын жүрөгү түрсүлдөп катуу какты. Кайра каалга жабылды. Кыз Кулмырзаны түрттү, анын кулагына шыбырады, алар бирине бири шыбырашып сүйлөп атышты:

– Торгойлор сайрай баштады, козголуңузчу? – деди кыз.

– Торгойлор сайраса, ач кыргыйга жем болсун!

– Тараза жылдыз батып, таң агарып, короодо койлор бышкырып атат, туруңузчу?

– Койлор короодо бышкырса, ач бөрүгө жем болсун!

– Кожо акем азан чакырат, кетиңизчи?

– Кожо акең азан чакырса, көк жөтөлгө кабылсын!

Бир убакта каалга шарт ачылды да, эки киши шарпа-шурп кирип, бири Ак Саткынды түлкү ичикке бөктөрө кармап жыгылды, бири туруугa үлгүрбөгөн Кулмырзаны бөйрөккө канжар менен эки-үч жолу матырып алды…

Асмандын кылда чокусунан бир жылдыз бүт калган жылдыздарды аралап, көз ирмемде учту да, мунарыктын тээ учуна барып сайылып түштү.

Көп өтпөй ушул таң атарда дагы бир жылдыз асман мейкининен кулап кетти. Балким, ал өзүнө өзү курч канжар матырган Ак Саткындын жылдызыдыр…

## ТЕШЕБАЙДЫН ТЕРЕКТЕРИ

…Адегенде «шуу…шуу…шуу…» деген шоокум чыгып барып, анан «карс» деген үн чыгарып, отуз жыл көк тиреп турган терек жерге жалпайып жатып калды… Жо-ок, жаны чыгып жатып калардан мурда ал күү менен кара, как жерге тийип, дагы ордуна барып тик туруп кала тургансып, көккө бир серпилип алды. Серпилип алды да, мурдагы ордуна кайра жетпестигин, кайра шамалга төш тиреп шуудурап турбастыгын билгендей жер менен жер болуп суналып жансыз денесин кыймылдата албай жатып калды…

Терек менен кошо Тешебайды да бирөө көтөрүп чапкандай, эми эле сулк кулап түшкөндөй нес болуп тик бойдон катып турду…

Акыры өмүрүнүн жарымын ушул теректердин шуудурун тыңшап, жаз алды ушул теректердин арыгын казып, акыр-чикирин тазалап, түз өссүн деп улам астыңкы бутактарын кыйып салып эрмектеп келе жатпады беле…

Туура отуз жыл болуптур. Ошондо экинчи уулу Бердибай туулган жыл. Булардын теректери тез жетилет деп Гүлбаардан эки десте калемче алып келип тамаркасынын башына тиккен. Анан калемчелеринин жарымын отургузуп атканда эргенчиге жарап калган тун уулу Эгемберди жете келип:

–Ата, ата, жүр, апам чакырып атат. Ичи ооруп атыптыр. Таэнемди айтып келет экенсиз деген.

Ошондо Тешебай ичине бирөө күлкү салып койгонсуп, ичтен кудуңдап, өзүнчө эле жолго батпай кайын энесин эрчитип келген. Кечинде Бердибайы төрөлгөн. Теректер да эгилип бүткөн. «Бердибайдын теректери» деп койчу теректер улам бой жетип, улам көзгө көрүнгөн сайын. Көзгө көрүнгөн сайын теректердин шуудураганы

көбөйүп, Тешебай эки баласы менен анын көлөкөсүндө супада жатканды, балдары биринен өтүп бири атасынан «ат» кылып мингенди адат кылып алышкан. Арыда ата менен балдардын оюнунан кызыгып, буларга чай алып келе жаткан Бүажар өзүнчө эле терисине батпай бактылуу келчү…

Бердибайы бешке чыкканда бекен, бир күн эле шок баласы терекке чыгып алыптыр, жаш терек баланы көтөрө албай сынып түшөт. Үйдөгүлөр баары ызы-чуу, аялы Бүажар ыйлап алган. Бердибайда болсо коркконгобу, же талуу жери катуу тийип калдыбы, же үн-сөз жок, же өң-алет жок сулк эле жатып калды. Атымча кемпир келип «апаптап» атат, «апаптап» атат. Тешебай болсо балтасын көтөрүп теректерди четинен кыйып таштаймын деп чамынып алган. Кошуналар кой-айга түшүп зорго кармап калды.

Бала өзүнө келгенде сүйүнө түшкөн Бүажар эрине эркелей:

Өзүңүз да, Бердибайдын теректери дей берип… Бала болсо менин теректерим деп ээлеп алып…

Ошондон кийин «Бердибайдын теректери» дегенин токтоткон Тешебай.

А эл болсо «Тешебайдын теректери» дешет. Эрте баардан тоо тарапка бир кар баскан кеч күзгө чейин бул теректердин астындагы алыштан бир байлам суу үзүлбөйт, анан күндүр-түндүр не бир парандалар байырлап, өзгөчө бир шаң-шоокумдуу жер болду.

Айылдын кыз-жигити да жолугушчу учурун «Ай чыкканда», «Ай батканда», «саат паланчада» деп алса эле болду, кайсыл жер экендигин айттырбай билишет. «Тешебайдын теректеринде» дешет. Жаштардын жолугушкандары го жакшы, анан алардын терек боорун каралап жазып кеткендери анча жага бербейт Тешебайга. Шок жигиттер өзүнүн аты менен кызынын атын жазат да ортосуна чоң кошуу белгисин тартып таштайт. Анан эле балдар аскерге кетип калат. Аскерден келсе эле өзүнүн аты турат да кызынын аты «кошуусу» менен кошо кырылып калат…

Бул кыштактыктарда «Айылда кимдин баласы менен кимдин кызы сүйлөшүп жүргөнүн Тешебайдын теректеринен билип алгыла» деген сөз бар.

Ошентип теректер да өсө берди, айыл да өсө берди. Канча адамдар теректериңди сат деп келсе да, бир-экини карызга берип тур десе да Тешебай ынабады. Ниетинде Бердибай үйлөгөндө баарын сатып, тоюн өткөрөм деп жүргөн. Тели-теңтуштан да уялып бүттү, жолуккан эле адам эркеги болобу, ургаачысы болобу «балаң качан үйлөнөт», «балаң үйлөндүбү», «палан жерде бир кыз бар, барып көрбөйсүңбү» дей берип жадатты. Баласы болсо алдаса да, урушса да болбойт, али-бери үйлөнбөйм дейт. Сиз ажыга алы-күчүңүз бар-

да барып келиңиз дейт. Ары тартышты, бери тартышты. Акыры Тешебай жеңилди. Баласы катын албай турган болду. Жок дегенде дагы үч жыл. Ал эми Тешебай карып калганча, алы-күчү барында Мекеге зыяратка барып келмек болду. Аны үчүн ушул теректерди сатса барып-келишке, анан келгенден кийин бир ноопаз союп, элге той кылып беришке да жетет экен. Эсеп-чот ушундай чыкты…

Тешебай теңселе басып, жыгылган терекке барды…

Каап, ушуну ойлобогонун кара. Бу теректерде чымчыктардын сансыз көп уялары бар эмес беле. Азыр ал уяларда сары ооз балапандар канаттарын каккылай албай жаткан кез эмес беле. Ка-ап, бир-эки апта коё турганда эмне? Ага да болбойт. Ажы башы акчасын тез төкпөсөңүз сизди тизмеден чийип таштайм, быйыл тизмеден чийилсеңиз, кийин «кара тизмеге» алынасыз да, өмүр бою ажыга барбай каласыз дебедиби. Ка-ап…

Жапжаш болсо да кара сакал коюп, аппак, узун халат кийген ажы башынын алдында ал кудай буйруса бүгүн-эртең теректеримди сатып пулун сом менен алып келем, өзүң доллар кылып аласың да, мени ажы сапарга барчуларга кошуп аласың деген убадасын эстеди. Анда теректердин башындагы кызыл эт балапандар назарга илинбептир да…

Ана дагы… дагы теректер кулап жатат. Ар бир теректен сансыз көп чымчыктын балапандары уясы менен кошо жерге түшүп, жер менен жексен болууда. Кээ биринин ичинде жумурткасы да жүрөт, кээ бир тыңыраак балапандар уядан жөргөлөп чыгып ары куласа, энелери аларга жетпей чыйпылыктайт…

Тешебайдын не кылар айласы жок, эси ооду. Балапандардын уяларын терип, тамбашына бирден ташыйт, ансайын «ушунун баары сенин кылганың» дегенсип, аны тегеренип жалдырай «чырлыйттап» чымчыктар каршы-терши учушат…

Терекчилер илгеркидей эки киши эки жактан отуруп алып тартышкан араалар менен араалабайт экен, электр араасын коё койсо, «бир», «эки» дегенче кишинин жоондугундай теректер жалп жыгылат, анан өлчөп-өлчөп үч-төрткө бөлүп таштайт. Отуз жылдык теректин өмүрү бул терекчилерге бир насбай атымга келбей тамам болот экен. Тээ мурдалары теректи эптеп жыгып коюп, анан ал кургасын деп кабыгын жегенге эшек байлап коюп, же кабык жакшы отун деп кара тамеки эккен наспуруштар алып кетишип, иши оо кыйлада бүтчү. Булары болсо бөлүнгөн теректерди көтөргүч машина менен жүк машинага ыргытып коюп, дароо эле алып кетип атат. Анан буларын эртең эле базарга алып чыгып сатып иет. Илгери усталар теректерди жыккандан кийин бир саратан жедирип, анан кийинки жылы иштетет эмес беле… Азыркыларга пул болсо болду…

Тешебайдын болсо балапандарды тергенге алы калбады. Кагыны кармап эки жыл мурда каза болуп калган Бүажары болгондо эмне. Эгембердиси болсо: «Элдин баары эле кетип атпайбы» – деп Орусиянын биргөрүнө кетип, же элдин балдарына окшоп пул салбайт, же телефон чалбайт, имиш-имиштен Сака дейби, Сакаалың дейби, айтор, бир жагына кетип, сакал коюп, бир мечиттин молдосу болуп алыптыр. Ажыга да барып келген имиш. Ошону уккандан кийин Бердибайын чок басып, «атасынан мурда баласы ажыга барат деген эмне», «атасы тирүү турса…» деп эле сүйлөнүп… Анан кылганы ушул…

Саат басып, бүгүн терекчилер келерде Бердибайынын да иши кычап: «Абдыразак кыйшыктын тамынын торсунун көтөрмөкпүз» – деп кетип калганын карабайсыңбы, болбосо гермaндын аскерлерин кыргандай теректерин четтен кырып келаткан мына бул кыйраткыч банданын балдарын жок дегенде бир жума коюп тургула дешмек…

Эми не ылаажы кыла алат? Ажы башы пул керек, пулуңузду мага дароо баарын алып келиңиз, мен Мекеде да, Мединада да өзүм керегиңчеден берип турам, мен айткандай гана сарптайсыз дебедиби? Теректердин пулу тийсе эле, бир ноопазга чактап акча алып калат да, калганын бир тыйынын коротпой ажы башыга алып барат.

Өткөндө Тешебай райборбордогу ажы башынын үйүнөн чыгып келе жатса, бирөөлөр жөргөлөк машинада он фляга бир нерсе алып келишти, «бул эмне» деп сурай койсо, мойсопут эле киши «асал» дейт. «Эмне кылат, мынча асалды» – десе, «Мекеге алып кетпейби» – дейт. Ошондо Тешебай ыраазы болду, ажы башчыга ыраазы болду, Мекеге бал алып барып, зыяратчыларга таратып берет экен деп ыраазы болду. Келип Бердибайга айтса, баласы кыткылыктап күлөт: «Ой ата, ата, ой, баласыз да, баласыз, бала эле бойдонсуз, ал деген сатат, бул жерден алганынан ал жакта он эсе кымбатка сатат» – дейт. Балээ басты. Ажы башчы чайкоочулук кылабы? Кантип эле? Жанагы пулун шаштырып атканы да ошондонбу?..

…Теректердин теңинен көбү сулап калды…

Терекчилер ак чайнектен карандай суу ичип атып эле бакылдап-шакылдап биринин сөзүн бири укпаган абалга келди. «Ичтей ачылды, ич ачышты, анабул сары эт балапандарды кууруп кел» – деди кара көк тарткан шадылуу немеси жаш жигитке жерге кулап түшкөн уясында чыйылдап аткан балапандарга карап.

«Ысылык албайт белең, старикти жакшы эле тептиң го» – деп калды дагы бири булардын чоңумун деп эсеп-чотун чыгарып жүргөн жигитти зекип…

Аны сайын жерге кулап түшкөн балапандар мээге жетер үн менен чыйылдашып, кимдир бирөөдөн жардам күтүшөт. Жардам берер

бир гана Тешебай. Кантип жардам берет, ал да алсыз да, анан калса ажыга барышы керек, колундагы уулу айткандай алы-күчтөн тайый электе мусулмандык парызын аткарышы керек? Же терекчилердин акчасын албай, баарын жолго салсабы да, калган теректерди, ал теректердеги балапандарды сактап калсабы?..

Анын көз алдына акча күткөн ажы башы тартылды, кулагына терекчилердин бака-шакасы угулуп, баарын балапандардын чыйылдаганы басып кетти…



## Аида ЭГЕМБЕРДИЕВА

*1975-жылы Ак-Талаа районундагы Дөрбөлжүн айылында туулган. КМУнун кыргыз филологиясы факультетин (1996), анын магистратурасын (1998), КР УИАнын аспирантурасын (2001) бүтүргөн. «Издеткен жарык», «Шуудурум», «Белгисиз жомок», «Үнсүз кайрыктар», «Аян» аттуу поэтикалык жана бир нече изилдөө китептеринин автору. Филология илиминин доктору, Кыргыз өкмөтүнүн Жаштар сыйлыгынын лауреаты. «Арча» адабий сыйлыгынын ээси. Учурда К.И.Скрябин атындагы КУАУнун Кыргыз жана орус тил кафедрасынын башчысы болуп иштейт.*

*Поэзия*

# Бир кеч тууралуу ыр

*Сөздөр болуп туулган күнгө айтылган,*
*Ыр окулган кечте тамак жеп атып:*
*«Таза, жапжаш, көрүнөсүң бир башка,*
*Биз да сендей болдук беле?» – деди Акын.*

*«Болгонбуз», – деп жооп беришти олтурган*
*Үстөлдөгү башка аялдар баш ийкеп,*
*Ырга гана кол шилтебес тагдырга,*
*Мезгил, турмуш – үч нерсеге баш ийген.*

*Үнүн уктум, келген жарык төр жактан*
*Күңүрт тиет. Көр тирликтен кол бошоп*
*Жакшы отурдук, кээде шарап ачканга*
*Эркек жогу билингени болбосо.*

*Конушу көп койнуң кенен кут калаа,*
*Эртең башка жолдор менен кетээр бүт.*
*Жакындардын кебин кеп деп укпаган,*
*Акыл уктум бир өмүргө жетээрлик.*

*«Бар бол!» – дешти. Көңүлдөрүн кыялбай,*
*Шарап таттым улуубу деп уялбай*
*Сүйүнгөндөн. Көңүл сүйгөн бул Акын*
*Үчүн ичтим, бийик эле кыялдай.*

*... Өз калдык деп кетиштиби бөтөндөр,*
*Ашканадан таңда тамак жеп атып:*
*«Сен да биздин өткөн жолдон өтөөрсүң,*
*Биз да сендей болгон элек», – деди Акын.*

## Өмүр

*Сүйүүгө да жолугасың –*
*Балалыктан кол жууйсуң.*
*Табасыңбы – жоготосуң,*
*Дагы нени болжойсуң?*

*Болчулардын баары болот,*
*Шашпа жүрөк, шашпа эс.*
*Көргүн көгүш бул таң дагы,*
*Чоочун эмес, башка эмес.*

*Ишенгендер жалган чыгып,*
*Чындык акыр угулат:*
*Алдыдагы келчү өмүрдөн,*
*Арткы шоола жылуураак.*

*Жарык болсун жарып маңдай,*
*Жашоо барда жалынбыз.*
*Келээр бакыт жөнү кандай,*
*Кеткен бакыт табылгыс.*

*Колдо болот, колдо баары,*
*Болот баркы билинбей.*
*Өңчөй күндөр өмүрдү алып,*
*Өтөт көптүн бириндей.*

*Ошол жолдо, ооба, ошол,*
*Кимге жагып ниетиң,*
*Кимдин орой ойлоруна*
*Жолугарың билесиң?*

*Эмнелерден дене муздап,*
*Эмнелерге калыңбыз?*
*Келээр бакыт жөнүн билбейм,*
*Кеткен бакыт табылгыс.*

## * * *

*Кездешпес көчөлөрдүн*
*Жарыгы,*
*Жакын жерде*
*Же алыста каласыңар.*
*Жашылы жашыл болуп короолордо,*
*Койкоёт тушуңарда балатылар.*

*Дүрүлдөп турмуш өтөт,*
*Дүңүнөн жүктөп алып куурактарды.*
*Ырларым жарык көргөн гезиттерден,*
*Мештерге керек болот от тамызгы.*

*Кар ак жаайт. Калың түшөт.*
*Кар күрөйт калакчандар.*
*Киши күткөн үй-бүлө тынчы кетип,*
*Кар күрөйт, калың күрөйт.*
*Кечте эмес, а таңга жуук*
*Калыңын калың топтоп,*
*Калдайган куда келет.*

*Кездешпес көчөлөр эй,*
*Жол жетпей, өмүр жетпей.*
*Жакының жакын бойдон,*
*Узагың узап кеткен.*

*Узундуу-кыскалуубу,*
*Уулдарың нускалуубу.*
*Убакыт желдей учуп,*
*Өмүрлөр кыскарууда.*

*Күтүүгө түтөсүңөр,*
*Көп учат көзүңөрдөн –*
*Жарыкты күтөсүңөр,*
*А жарык өзүңөрдө.*
*Келүүнүн жолу жакшы,*
*Кетүүнүн айбы барбы...*
*Күткөндөй жалгыз Күндү,*
*Көргөндөй жалгыз Айды –*
*Баарыбыз баарыңарга,*
*Биргебиз байланышсыз.*

*Көрүшүп, көрүшпөйбүз,*
*Тагдырга байланыштуу.*

*Кездешпес көчөлөр эй,*
*Туурасы тутам болгон.*
*Көрүшпөйм – өмүр жетпейт,*
*Көгөргөн кусам бойдо.*

## Алгачкы ыр

*Тагдырыма катаал болду ушул кыш,*
*Билбегенди билгизди бир жыл ушу.*
*Бир куттүргөн күндөр эле кыялдуу,*
*Бир кейиткен өмүрүмдүн жылышы.*

*Кагаз жазып кашында мен сыр бербей,*
*Түшүнсөм да... жолдогулар жолдогу...*
*Өткөндөрүн бүгүнкүдөн айра албай,*
*Күйөм иргеп сүрөттөрүн колдогу...*

*Желди узатып эшиктеги дарактар,*
*Күндү узатып миң түрүлгөн ой менен.*
*Түгөй турмуш башка түшсө, саналуу,*
*Капалуу да болбойм деген ойдо элем.*

*Жолукканы жолдош болор түбөлүк,*
*Ашык жанды ашыксыңар дебедим.*
*Кошуп турган ийиндеги бир өмүр,*
*Бөлгөн дагы кийин болор бир өлүм.*

*Тасмал жаям, тагдырлашка чай берем,*
*Аздан кийин кезектеги кирет кеч.*
*Баш бакканы жыйналбаган үйдү эмес,*
*Ойлоруңду кыйын экен ирettеш.*

*Элдей эрке болбосом да, энелүү,*
*Мен деле бир адам элем аталуу.*
*Сурайт элем сура десе соңку ирет,*
*Ата-энеден буюрбаган батаны.*

# Обон

*Күз баш бакса күүсү күчөп көңүлдө,*
*Бир мен гана кайрый алчу бир обон.*
*Мээрим, сүйүүм, аруу, таза көз жашым,*
*Ал обондун кайрыгына корогон.*

*Билип туруп акылымдан айныгам,*
*Көрүп туруп көзүм көрдөй жумулган...*
*Өмүрүмдүн ал опуртал саатында,*
*Алы-ыс жактан ушул обон угулган.*

*Ак дегендин баары ак эмес сыяктуу,*
*Кымбаттардын баары кымбат эместей.*
*Ийменбечү жакындардан ийменип,*
*Кеңешпечү пенделерге кеңешкем.*

*Оомал-төкмөл турмуш даамын сездирип,*
*Оо, андагы жаңылышкан учурум.*
*Оорусундай жандүйнөмдүн бүгүнкү,*
*Сыздоосундай анан жүрөк тушумун.*

*Кайрыгында ал обондун ыр жазып,*
*Жолду бастым, бүлө күттүм кыз төрөп.*
*«Бакыт» десем, «бакытың бул эмес» – деп,*
*Кайтып кайра кайгы козгоп күз келет.*

*Ушул обон уга албаган эч бир жан,*
*Жүрөк тилип, көкүрөктү канаткан...*
*Жетпей турган назик, ичке шооланы,*
*Күтсөм экен эми кайсы тараптан.*

*Кайтмак кайда-а, кайтканында ошо кез,*
*Илбериңки чечим кылып бир күндө.*
*Керек болсо тынчтыгы үчүн жүрөктүн,*
*Бир өзүңдөн баш тартмакмын, Ырдүйнө.*

# Биздин күндөр

*Бааласак да бакыт күткөн жолдордо,*
*Байлыктын баа, жашоонун кооз, аземин.*
*Буулугабыз менин ырым жазылбай,*
*«Манасыңды» угар жан жок а сенин.*

*Түптөп ушул түбү чакан бөлмөнү,*
*Түрүлтүп ой, түмөн түйшүк көргөнү.*
*Оокатыбыз оңолсо да анчейин,*
*Өнөрүбүз бир аз өйдө өрдөдү.*

*Болбой козгоп бошсураган убакта,*
*Кечээ баштап, эртең бүтпөс баянды.*
*Кезигебиз эбак өткөн күндөргө,*
*Эзилебиз эркелетип Аянды.*

*Көчөдө шаң, бүгүн жай да, эртең күз,*
*Күндөр учат жаштыгыбыз кылактап.*
*Гүл кучактап келбесең да майрамда,*
*Үйдө өстүргөн гүлдөрүңө рахмат.*

# Апама

*Жалбырагын дарак жакшы билгендей,*
*Мени дагы сенден артык билет ким.*
*Турмушумдан жаза тайган күндөрдө,*
*Убайым жеп уктабай түн күзөттүң.*

*Балдарымды беттен сүйүп турсаң да,*
*Таарынычың көкүрөктө тирелүү.*
*Тарткан санаа жана тоодой түйшүгүң,*
*Жок дегенде бөксөрттүмбү бир эли.*

*Келтирилген келме сындуу жат болуп,*
*Өзүңдү ойлоп уктап, анан ойгоном.*
*Жүрөгүмдү көзөп өтүп көп суроо,*
*Мээмди ой жейт деле жанды койбогон.*

*Жашадым деп жүрөм кыркты бет алып,*
*Жаштык деле көз ирмемче кетет бейм.*
*Маанайыңды басмырт кылган күндөрдү,*
*Жашабаган күндөрүм деп эсептейм.*

*Жалбырагын дарак жакшы билгендей,*
*Мени дагы сенден артык ким билет.*
*Жерде жаткан жалбырактай сезилем,*
*Бийиктигиңен сүрдөп турган делдирең.*



*Проза*

**Жылкычы ЖАПИЕВ**

# МАХАБАТ БАЯНЫ

## (ТУНГА)

### Повесть

**(Уландысы. Башы журналдын өткөн санында)**

Сыгандардын ишеничи мен болуп турам. Ал эми айылдыктар Алча торуну сыгандардан бөлөк эч ким алган жок деп жорушту. Буларды мурда эле кууп жибериш керек болучу, жаман көндүрүп койдук, азыр да кеч эмес дегендер чыкты.

Эки ат тең табылбады. Үч күн өтүп кетти. Өз туугандарымдын арасынан жоголгон аттарды менден шекшигендер да бар экен, Алча торуну мен чыгарып берген имишмин.

Муну атам менен апам уга элек окшойт, болбосо биздин тилибизди албай жүрүп ушуга жеттиңби дешмек. Аны мага Эркинбек айтты. Ушундай-ушундай, тигиндей экен, сыгандар менен ичкен-жегендери бир болуп сырдашып, биз билбеген далай нерселерди жасап жүрөт. Сыгандар башын тегеретип, жанагы шайтандын шапалагындай болгон кызынан бөлүнбөй калды. Алар Алымбекти жакын жолотушмак эмес, башын тегеретип туруп, ант алышат. Ал ант берип койгон экен деген имиштер чыгыптыр.Адеп укканда күлкүм келип, мындай ушак-айыңдарды кимдер чыгарат болду экен деп ойлоп койгом.

Үч күндөн кийин сыгандардын дагы бир аты жоголду. Аны да байлап койгон жеринен чечип кетишиптир. Бу жолу жоголгон атын сыгандар айылдыктардан көрдү. Кыргыздар жоготкон атынын өчүн

алып жатат кыясында болду. Ачык айтышкан жок, колунан кармап албаган соң бирөөнүн күнөөсүн көтөрө албайбыз деген болушту ооздору бош. Ал сөзүн мени же менин туугандарымды сыйлап, же терең ишеним көрсөткөндөрү эмес, чочулагандан айтышты. Чатак чыгып кеткенден коркушту. Сыгандарда да: «Эң биринчи душманың – тилиң» деген биздикиндей лакап айтылат. Эмнеси болсо да тилди ээн-эркин таштап салбай, тиштеринин ары жагында камап турганды жакшы көрүштү.

Бу жолу мен сыгандарга барган жокмун, мурдагыдай болуп мага да келишпеди. Мунун өзү биздин ортобузда ажырым пайда болгонун күбөлөп турду.

Сыгандар атчан, жөө болушуп, тоо-талаада жок издеп жүрүшөт деп уктум. Аттарын тапса эле көчүп кетебиз деп айтышыптыр.

Бир күн өтүп, айылдан дагы бир ат жоголду. Көк бөрүгө, эңишке минген аяктуу ат болучу дешти. Айыл ичи чуу түшүп калды. Аттын ээси төрт-беш жигитти ээрчитип алып, түз эле таборго барыптыр атты таап бергиле деп. Сыгандар жалынып-жалбарып, катын-балдарынан бери чуркурашып, күнөөлөрү жок экендигин какшап, нан кармап, тузга сийип берели дешиптир. Анан жоголгон аттарды айылдыктар менен сыгандар биригип издөө салышты; ой-чуңкурларды кыдырышты, тоодогу жылкыларды аралашты, жакын аралардагы базарларды аңдышты, имиш-имиш сөздөрдү тыңдашты. Анткен менен ачык айтылбаса да айылдыктар менен сыгандардын ортолору салкын тартып, ишенбөөчүлүктүн тумшугу көкүрөк ичинде кылтыйып турду.

Айылдыктар сыгандардын кемпирлерине бал ачтырышты эле алар жакынкы күндөрдө табылат, төрт ат бир жерде жүрөт дешти. Айылдыктардын бир тобу буга ишенип, мурдагыдай болбой тынчып калышты.

## VIII

Сыгандардын бир топ жаштары бий сабагын өткөрүүнү суранышып, үйгө келишиптир. Мен Тунга менен энеси Каринаны көргүм келип, шылтоо таппай жүргөм, дароо макул болуп, клубга келдим. Аерде табор башчы да бар экен. Учурашкан соң ал менин колумду коё бербей четке жетелеп барып:

–Алик, сен качпагын, биз ансыз деле жаман болуп жүрөбүз. Сен да курбуларыңды чакыргын. Айылдыктар менен ортобузга данакер болуп бергин, суранабыз, – деди.

Биздин мамилелер мурдагыдан сууй түшкөнү билинип турду. Биз, кыргыздар да, алар, сыгандар да ошол салкындыкты билдирбеске аракеттендик, бирок баары бир окшошпой койду. Музыканттар канчалык берилип ойношсо да мурдагыдай шаң байкалбады. Атүгүл Тунганын мамилеси башкача туюлду. Ал экөөбүз үч-төрт курдай бийледик, менин кулагыма мурдагыдай сонун, жагымдуу шыбыр айтпады. Баарыбыз жасалмалуулук менен алек болуп аттык.

Айылдын жаштарынан бийге эч ким келбеди. Кичинекей балдар гана жүрүштү көздөрүн тостойтуп бийчилерди тиктеп, мурундарын чукуп. Бир кезде чет жакта турган Карина экөөбүздүн көздөрүбүз чагылыша түштү. Ал күрүчтөй аппак тиштерин жарк эттире бир жылмайып алып, менин жаныма басып келди да «танго» бийинин кыймылы менен алдыма туруп калды. Мен бийге түштүм. Сыгандар бизди коштоп кол чаап турушту. Экөөбүз кучакташа түшкөндө ал:

– Бүгүн баягы бак ичинен күтөм, – деп айтты.

Табор башчысы Микола байке кетип калыптыр, карасам жок экен. Биз да андан кийин бат эле тарадык. Кетип бараткända Тунга жаныма жүгүрүп келип:

–Алик, мени сагындыңбы? – деди.

Мен эмне дээримди билбей, башымды чайкап калдым.

Тунга дагы бирдеме айтмакчы болуп, оозун таптап келаткан, токтоп калды. Өңү өзгөрүлө түштү кабагы бүркөлүп. Бул жаш кыздын шагын сындырып алганыма оңтойсузданып калдым. Жакшы, жаркын ниет менен кайрылган кызга менин мындай мамилем тайыздыгымды айгинелеп койду. Аны сезип калганым менен башыма кечигип жетти.

Ал күнү кеч кирбей койду. Убакыт өтө турган эмес. Экзаменге даярданам деген шылтоо таап, эки-үч китепти колтуктап алып, бактын ичине кирип кеттим. Бир топ жерин аралап барып, өгүнү Карина экөөбүз жолуккан дарактын түбүнө келип отурдум. Бул жер мага жакын, абдан жакын көрүндү. Жер мени күтүп жаткандай, азыр мени көрүп сүйүнгөндөй туюлду. Чөптү бутум менен жапырып, эки китепти башыма жазданып кыйшайдым.

Күн батып, демейде заматта караңгы болуп кеткен бак ичи жаркырап, жапжарык болуп туруп алды. Күн мурдагысынан кыбыр айланып калган окшойт. Көзүмдү чылк жумуп көпкө жатып, оо, бир топ убакыттан соң ачсам, күн дале баягы ордунда. Бул күүлдөпшаалдаган, чимирилип тынбаган турмушка шал тийип калыптыр. Кужулдап, демейде кулак-мээни жеген канаттуулардын үндөрүн атайылап тыңшабаттым, алар деле угулбайт.

Көз байлана Карина келди. Кучактагым келди. Дароо анткенден уялдым.

Аял жакындап келсе, түрү ыйлап сооронгондой. Мен ого бетер дендароо боло түштүм.

– Сен мени күттүңбү? – деп сурады. Үнү олуттуу чыкты, жылмайган жок.

– Ооба, – дедим башымды ийкеп.

– Жүрү тигиндей ичкериге, алыстап кетели, – деди аял мени колуман жетелеп. Алаканы жупжумушак, жылуу, жагымдуу экен. Атырдын аңкыган жыты мурдума бур-р эте түштү.

Биз дагы арылап, бактын чытырман, караңгы жагына кирип кеттик. Бир чоң кара жыгачтын түбүнө келип токтодук. Ушул тапта биз түбүндө отурган бактын бутагы шыбырт-шубурт этти. Бир канаттуу учуп кетти.

– Карга болсо керек, – деди Карина.

– Үкү, – дедим.

– Жүрөгүм түшүп калганычы…

Кайра оңтойлоп отурдук. Чочуп калган денебиз дароо калыбына келбей, көкүрөктөгү чогу өчө элек чочулоодан арыла албадык.

– Эй, силер кимсиңер? – деген үн угулду караңгынын ичинен.

Экөөбүз дымып калдык демибизди ичибизге тартып.

– Эй, силер кимсиңер дебатам? – деди алиги жоон үн. Бу жолу мурдагысынан өктөм чыкты.

– Өзүң кимсиң деп сура, – деди Карина мага шыбырап.

– Өзүң кимсиң? – дедим ордуман тура обдулуп, үнүмдү жасап, жоон чыгарып.

– Ат көрдүңбү? – деди мага таптакыр тааныш эмес үн.

– Жок.

– Кишисиңби же шайтансыңбы? – деп сурады үн.

– Кишимин, – дедим.

– Арбак болуп жүрбө…

– Өзүңчү? – дедим суроо салып.

– Жин-шайтанмын, – деди алиги.

Мен унчукпай калдым. Мас неме болсо керек деп ойлодум. Кээде бул бактын ичине дем алыш күндөрү калаадан кишилер эс алганы келишип, көбү арак менен алек болушат эки күн катары. Болбосо, айылдагы кишилерди үнүнөн түгүл жөтөлгөнүнөн тааныйм.

Аял менин колуман кармап, тескери жакка, артка жетеледи.

– Жүрү, Алик, кетебиз буерден, – деди мага акырын шыбырап.

– Сен жалгызсыңбы? – деди алиги үн.

– Биз төртөөбүз, – дедим атайылап. – Бери чык.

Тиги кайрып сөз айткан жок.

Мен да үндөбөй Каринанын жетегинде кете бердим. Көкүрөгүм бопбош болуп, денем шалдырап, коркунуч үстөмдүк кылып кетти. Корку-

нуч келгенде дененин бардык мүчөсү ага баш ийип, жаркын нерселер заматта ада болот. Эртеден бери Карина мага аял катары элестелип турса, азыр мени чоң коркунучтан алып чыгып бараткан коргоочу болуп, колуман жетелеп баратат. Апасынын этегин кармап алган кичинекей балдардай таянычым, ишеничим, опол тоом да Карина болучу.

Экөөбүз тез-тез басып, дагы ары, терең жакка кирип кеттик. Бир жерге токтоп, экөөбүз эки жерге олтуруп, көкүрөктө уюп калган коркунучту унутууга аракеттендик.

– Эй, силер кимсиңер? – деген үн жаңырды караңгынын ичинен. Аял экөөбүз тең ыргып тура калдык. Жүрөгүм лакылдап чыкты. Бул жанагы үн болуу керек, бизди аңдып чыккан неме экен. Куралчан болушу ыктымал. Анда эле тырайта атып салып басып кетсе, кимди ким көрүп, кимди ким билсин! А балким, ушул бактын ээси болуп жүрбөсүн, бактын ээси бар, кээде аял, кээде эркек болуп көрүнөт деген имиштерди айтып жүрүшчү. Мен буга ишенчү эмесмин. Азыр бизди аңдып жүргөн кишиге караганда бактын ошол ээси болуп калса жакшы болмок. Анын кишиге зыяны жок, аркы-беркини сүйлөшүп отуруп кетип калат дешчү.

– Эй, силер кимсиңер? – деди үн кайра дагы.

Биз экөөбүз тең унчукпай туруп калдык. Үн чыгаргандан корктум. Карина да демин ичине тартып, моло таш болуп катып турат. Эмне дээрибизди билбедик.

Карина болбосо, мындай коркунучка туш келбейт элем деген ой бир паска мээмен сызылып өтүп кетти. Аял – шайтан деп туура айтылыптыр. Каракчылар жалгыз эмес, эки-үчөө болуу керек. Бак ичинде жүргөндөрдү тоноп көнгөн немелерге туш келгенибизди карачы!

Мен ойлогондой эле караңгыдан эки караан суурулуп келип, экөө эки жагыма туруп, мени колуңду көтөр дешти. Жүздөрү билинбейт, беткап кийип алышыптыр.Адегенде тизелерим титиреп кетти. Анан эсиме келе түшүп, адегенде бирин ээк талаштыра кагып калдым эле, ал ордунан чимирилип барып, жерге шалак дей түштү. Кайрылып, экинчисине муш салаарды ал качып берди. Мен анын артынан кууган жокмун, жерде жатканын бутум менен эки-үч тээп калдым. Ал:

– Багындым, – деп жалынып жиберди. Мен анын жалынганына болбой дагы тепкилегенге умтулганда алиги качып бараткан тараптан «баң!» этип мылтыктын үнү жаңырды. Мен бир селт этип алып, жерге жата калдым да:

– Жат! Жашын! – дедим Каринага.

Аял менин катарыма жата калды.

Кайрадан мылтыктын үнү жаңырды. Бакта түнөгөн канаттуулар ызы-чуу түшүп, алыс уча алышпай, бактан бакка орун которушуп, түн уйкулары бузулду.

Мылтыктын үнүнөн жерге жата калганымда жыгылып жаткан киши тура калып, качып жөнөдү. Адегенде артынан кууганга обдулуп барып, кайра жатып калдым. Өйдө турсам эле беркиси мылтыгы менен атып салчудай туюлду. Кылчайып карасам, Карина жер менен жер болуп жаткан экен. Бир демге үн катпай, экөөбүз эки жерде жаттык.

Тигилердин дабышы угулбай калды. Бирок ордуман тургандан корктум. Бактын далдоосунда жашынып туруп атып коюшу ыктымал. Чындап каракчылар болсо анда алар мурда эле атып-атып салып, өз билгендерин жасамак. Балким, мастар болушу мүмкүн. Алар деле атып салмак… Анан бир кезде менин оюма Каринаны кызганган немелер болуп жүрбөсүн деген ой келди. Адегенде бул оюмду туура көрүп турдум, бирок бул ойлогонум деле натуура болуп чыкты, себеби аялды кызганган эркектер мени соо койбой, кайым айтышып отурбай, мылтыгы деги бар экен, тырайтып туруп басып кетишмек. Демек, бул жерде сыгандардын тиешеси жок, бул экөө сыган эмес. Айылга ууруга бараткан немелерге туш келип калсак керек же каракчылардын шериктери болушу мүмкүн. А балким, бактын ээсидир? Биздин мурдагы жасаган ишибизди көргөн соң азыр буерге келген максатыбызды алдын-ала билип, ошого ачуусу келип кууганд ыр… Эмнеси болсо да баш маң. Мистикалык нерселерге ишенбесем да бул жолу муну да ойлодум аргасыз.

Адегенде жерден башын көтөрүп, Карина үн катты:

– Алик, соосуңбу? – деди.

– Соомун, – дедим кыймылга келип.

– Тааныган жоксуңбу?

– Жок.

– Түнү жойлоп жүргөн бөрүлөр болсо керек, жер соргурлар…

– Билбейм. Кеттик, – дедим мен бөлөк сөз айтпай.

– Кетели, – деди аял да.

Экөөбүз үн жок, сөз жок катарлаша басып, жолго чыктык. Дүпүйгөн бактын ичин итапкан жерге аралап кетиппиз. Алиги мылтыкчан каракчылар дагы бир жерден чыга калабы деген кооптонуу турду көкүрөктө. Жолго жакындап калганыбызда:

– Дагы жакшы, тирүү калдык, – деди Карина.

Мен унчукпадым, булар ким болду экен деген ой башыман чыкпай, чакчелекей түшүп бараттым. Чын эле, тирүү калганыбыз бизге чоң олжо болду. Бир эле ок чечип коёт адамдын өмүрүн.

Ошо бойдон үй-үйгө кеттик. Алигилер жин-шайтандарбы, же адамдарбы, мага белгисиз болуп калды. Эртеси, анын эртеси деле эч шек билинбеди. Аттар табылган жок. Айылдыктар аттардын жоголгонун сыгандардан көрүп атышты, сыгандар болсо айылдыктар

алып койду деп ачык айталышпаса да ошол ойдо экендери даана билинип турду.

## IX

Үч күн өттү. Бий үйрөтүүнү Микола аба менен сүйлөшүп, убактылуу токтотуп койгонбуз. Мынтип эки тараптын аттары жоголуп, кырды бычак болуп турган мезгилде кайдагы оюн-зоок болмок эле! Айылдыктар, сыгандар да кошуна айылдарды, Кара-Балта, Ак-Суу, Ойрон, Чалдыбардын базарларына чейин кыдырышты, аттардан дайын болбоду.Эки тарап бирин бири аңдып турушту. Ырас, айылдын жигиттери бур ууч сыгандарды небак эле ур-токмокко алышып, бул айылдан түгүл, чөлкөмгө жолотпой, тээ казактардын Чусуна чейин небак кууп жиберишмек, аларды айылдын аксакал менен көксакалдары кармап турушту кой-койлоп.

Сыгандар деле жыргап атышкан жок, алар да ызы-чуусуз кетип калышмак, эми кантебиз дешип түйшүктөрү көбөйдү. Аттары жоголгону аз келгенсип, айылдыктардан коркуп отурушканы жаман болду, кары-картаңдары, жаш балдары бар. Ал эми каруу-күчкө толуп, көөп, кутуруп, урунаарга тоо таппай турган айылдын жигиттери кимисин карамак эле, самандай сапырып, күлдөй чачып жиберишет, канткен менен тукумунда канга-кан деген чакырык уялаган. Андан калса айылдыктардын гана аты жоголсо да бир жөн эле, сыгандардыкы да жоголуп сыздап отурушпайбы.

Айыл сыртынан чалкып, түйшүгү жок болуп көрүнгөн сыяктанса да сыгандар менен аңдышуу, тирешүү улам барган сайын күч ала берди. Муну сыгандар жакшы түшүнүп турду, кылт этсе күм-жам болорун билишти. Табор башчысы Микола күндө жок дегенде бир маал айыл кеңешинин төрагасынын кеңсесине келип, жагдайларын айтып, ал-ахвалды билип турду.Төраганын кеңсесинен чыгып, айылдагы бир-эки аксакалдын үйүнө кайрыла кетет.

Ошентип, арадан бир жума өтүп кетти. Аттардан дайын болбоду, көрдүк-билдик деген киши жок. Жер жарылып, жутуп кеткендей болду. Ал эми сыгандардын бал ачкан кемпири төрт ат бир жерде, чогуу, акырдан жем жеп, суу ичип турушат, багуусу жакшы деп айтыптыр. Анда аларды байлап семиртип, сатканы же союп алганы жатышса керек дешти кыргыздар.Сыгандар да ошентип ойлошту.

Ошол күндөрдүн биринде мен жогору жактагы чоң арыктан суу буруп келип, короону сугарып аткам. Корообуздагы бедеден калган жерде ар түркүн жашылчалар менен жүгөрү эккенбиз.

Сууну короонун башынан коё берсең жылжып отуруп, тегиз каптап, жарым күндө аягына чыгып калат. Короонун ортосунан арык чаап деле убара тартпайсың, жер тегиз, өң-дөңү жок. Байламтанын башында отургам. Колумда китеп бар болучу, бөлөк жасаар ишим жок болгондон кийин ара-чолодо экзаменге даярдана бергеним оң деп Шекспирдин «Ромео менен Жулетта» трагедиясындагы Гамлеттин белгилүү монологун үнүмдү жасап айтып аткам. Аңгыча так түбүмдөн:

– Алик, кой антпе, жаным! – деген Тунганын жалынычтуу үнү чыкты. Мен бурулуп карагыча кыз келип, мойнуман кучактап калды. – Антпе, жаным, кой! Мен сени сүйөм! Сен гана жалгызсың, жаным… – Кыз бетимен, мойну-башыман өпкүлөп жиберди.

Эмне дээримди билбей, колу-буту кишенделген кишиден бетер отурган жеримде отуруп калдым. Кыз мени бекем кучактап алып, ээ-жаа бербей сүйлөп атты: – Мен билгем сенин түйшүк тартып жүргөнүңдү. Мени башканы сүйөт деген калп, аны экөөбүздүн махабатыбызды көрө албагандар айтып жүрүшөт. Ага ишенбе, ишенбе…

Анан кыз кучагын бошотуп, менин дал бет маңдайыма чөгөлөп олтура калды. Карагат көзүнөн жаш мөлт-мөлт. Жашы мончоктоп тамып жатканда Тунганын көзү мурдагыдан да сулуу, татынакай көрүндү жутуп жибергим келип. Бир жагынан боорум ооруп кетти жаш немеге. Ал маңдайыма отуруп, эки алаканы менен менин эки жаагымдан сылап: – Капаланбачы, суранам… Мен билгем, баарын билем… Сен мени сүйөөрүңдү мурда эле билгем, атургай жашыруун барып бал ачтыргам. Экөөңөр баш кошуп, бактылуу турмушта жашайсыңар, төрт балаңар болот, экөө кыз, экөө эркек деген. Адегенде сенин ата-энең бир аз каршы болот, анан макул болуп, кайра экөөбүздү колдошот экен… Ушундай…

Кыздын бул айткандарынан кийин мен оңдонуп отурдум. Жашыруун бал ачтырдым дегенинен кийин менин оюма, балким, башымды тегеретекен дуба окутуп койбосун деген ой бир кылт этип кетти. Дагы бир нукум артка жылдым көчүгүм менен.

– Бул Гамлеттин монологу, ушуну даярданып аткам экзаменге. Окууга даярданыш керек, – дедим күлүп.

– Эң жакшы, кайыр тилесем да сени багып алам, Алик, ишенип кой. Сени алдап эптеп эле тийип алайын деген жокмун, менин махабатым тунук, ыйык, таза. Сени өмүр бою сүйөм, айтканыңды эки кылбайм, жаным… Менин махабатым жүрөгүмдө алоолоп, жалындап күйүп турат, каалasaң жүрөгүмдү жарып көргүн, ал сен деп согуп, сенин ысмың жазылуу…

Кыздын айткандарына мен толук ишенип турдум. Мындай нерселерди ортосаар китептерден көп эле окугам. Бирок жакшы баадагы

чыгармалардын көбүндө махабатуу окуялардын аягы трагедия менен бүтүп калчу. Аларды окугандардын ичи ачышып калат, мен да айрымдарын кайра окуган сайын окуянын аягы эмне менен бүтөрүн сопсонун билип турсам деле кайра эле ичим ачышып, бир жак өңүрүм бошой түшөт.

Кызды аяп кеттим. Анын баёолугун аядым. Өзүм деле бул кыздын кыял-жоругун жактырам, бирок анын азыр көзүнүн жашын көлдөтүп олтурганы анын балалык махабаты экенин туюп аттым. Азыр бул кыздын курагындагылардын баштарында ушинтип шамал ойной берет, алар мунусун түбөлүк деп ойлошот, үч-төрт жыл өткөндөн кийин баштарындагы ары-бери куюндаган шамалы тараганда барып эстерине келишет.

– Сен жашсың, чыныгы сүйүү деген али башыңа келелек, Тунга, – дедим.

– Сага ошондой туюлуп атса керек, Алик. Сен менин махабатыма суу сеппечи, суранам… Мен сага акмын, али бир да эркек менен мамиле түзгөнүм жок…

Тунганын сөзү улам барган сайын тереңдеп бaратканын туйдум.

– Билесиңби, – деди ал бир кезде, – сени сүйгөндөр көп…

Мен кызды карап калдым.

– Билесиңби? – деди кайра сурап.

Мен башымды чайкадым.

– Экөөбүз сүйөбүз…

Мен бу сөздү биринчи ирет угуп турганыман ийнимди куушуруп койдум эрдимди түйрүп.

– Билесиң, – деди Тунга сөөмөйүн чычайтып. – Билесиң…

– Билбейм, өлөйүн, – дедим карганып.

–Бири Зоя, – деп кыз мурдун чүйрүп койду.

– Ал ким? – дедим кызыгып.

– Ой-ой, дегеле билбей калат… билмексен болуп… – Кыз көзүн жүлжүйтүп, башын кыймылдатып эркелеп алды.

– Мен силерден Микола абаны, сени, сенин апаң Каринаны, анан… Вайда, Саша, Запыланы тааныйм, – дедим.

– Зоянычы? Зояны билбей калат дегеле… – Кыз көзүн жүлжүйттү кууланып.

– Зоя дегениң кайсы? – дедим чын эле.

– Сулууча келген немечи, бийге барып жүргөндө мен сени менен бийлегенде келип эле жаныбызда туруп калчу эмес беле, ошол да Микола акеге барып даттанган, Тунга эч кимге Аликти бергиси келбей жалгыз бийлеп жүрөт деп. Ал өзүн сулуу ойлойт, кара далы болуп он тогузга чыгып калганы менен иши жок, эми аны дагы бир карт

бойдок же катыны өлүп калган бирөө албаса, аны жөн-жай эркек карабайт, – деди.

Мен эми Зоя дегени ким экенин түшүндүм. Ал да сулуу кыз. Мүчөсү да келишкен, кыймылдары жакшы, ийкемдүү.

– А, билдим, түшүндүм, – дедим. – Ошонун аты Зоябы?

– Ох, Алик, тимеле билмексен болуп каласың сыгандардан бетер. Биз менен мамилелеш болуп үйрөнсөң керек… Бирок менин мындай жаман адатым жок, болгонун бетине айтам, Зоя ошондой… бирдемени билип турса деле талымсып калат, көп кишилерге ошонусу жакпайт…

Мен анын атын чын эле билбейм деп кызга актангым келген жок, анткен күндө деле ишенмек эмес.

– Силерде, сыгандарда кыздары бөлөк улутка тийсе чоң чатак чыгат да, – дедим көптөн бери жообун таппай чаташып жүргөн оюмду айтып.

– Антип чатак чыгарчудай менин атам же эркектен бир тууганым жок, – деди кыз. – Менин башым бош…

– А Микола акечи? Анын уруксаты болуу керек да…

– Ал киши менин тагдырыма кийгилишпейт, биз апам экөөбүз бөлөк жакта жүргөнүбүздө таборго өзү чакырган, ошондо эле бул маселени чечишип алганбыз.

– Кайсы маселе ал?

– Апам экөөбүздүн ички иштерибизге кийгилишүүгө акысы жок. Биз бүгүн кетебиз десек бүгүн, азыр кетебиз десек азыр басып кетип калабыз…

– Сен эмне, жалгыз кызсыңбы? – дедим. Атасы туурасында сураганга оозум барбай койду, кыздын көңүлүнө кетип калабы деп ойлодум, балким, айтпай турган өзүнчө сыры деле болушу мүмкүн.

– Ооба, – деди Тунга. – Жапжалгызмын. Азыр апам экөөбүз элебиз. Атамды атып кетишкен…

– Качан? Эмнеге?

– Жалаа менен… Апийим сатты деп…

– Сот өлүм жазасына кесиптирби?

– Жок, сотко жетпей калган. Сотко жеткенде тирүү калмак…

– Түшүнгөн жокмун, – деп кулагымды төшөп калдым.

– Буга он жылдан ашып калды. Мен кичекей болучум. Биз анда Казакстанда жүргөнбүз. Ээн сай бар болучу биздин табор жайгашкан жердин батыш тарабында. Атам ошол ээн сайда арабасынын бир дөңгөлөгү сынып, анысын эптеп оңдоп атса үч киши келип, атаман апийим уурдадың дептир…

– Аер апийим айдалган жер бекен?

–Билбейм, айтор, алардын катып койгон апийими барбы, уурдаган апийимди бергин дешиптир. Атам билбейт, түшүнбөйт. Тигилер атамдын чөнтөк-башынан карашат, арабаны тинтишет, эч жерден табышпайт. Атам айтат көргөн жокмун деп, а тигилер болбой эле кыйнай беришет. Сен биздин апийимди алып, бөлөк жерге катып койдуң дешип кыйнашат. Атам айтат алган жокмун, апийимиңерди билбеймин деп. Үчөөлөп аябай сабашат, акырында мына сага айтпасаң айтпай эле кой дешип атып салышыптыр…

– Анан кармаштыбы?

– Бат эле кармап алышкан, сотко акча беришиптир, сот болсо булар киши өлтүргөн эмес деп актап жиберген.

– Аларды таанычу белеңер?

– Ооба, алар деле сыгандар, ошол Казакстанда болучу. Атам жалгыз эркек экен. Өзүнөн да эркек бала жок. Болбосо, тиги сыгандарды тындым кылып таштамак. Атамдын канын кууган киши болбоду.

– Азыр алар бар бекен?

– Билбейм, – деп Тунга ийнин куушуруп койду. – Тирүү эле жүрүшсө керек. – Анан кыз бир азга үнсүз мелтиреп туруп калды да: – Эгерде мен сыган эрге тийгенде андан эркек туусам таятаңдын өчүн алгын деп тигилерди таап бермекмин. Атамдын арбагы ыраазы болуп, өзүмдүн да көксөөм суумак, – деп кошумчалады.

Мен ак да, көк да дегеним жок. Канга-кан деген бизде деле бар, бирок булардай өтө катуу кармап, сөзсүз өч алууну көздөбөйт. Көпчүлүк учурда эки тарап жарашып алышат, өлгөн киши кайра тирилип келбейт дешет, кээде убакыт өткөндө унутулуп калат. Укумдан тукумга өткөн сөөк өчтүү чанда кезигет. Тунганын айтымында буларда ага абдан маани берилсе керек. Оюма жамандык кетти: бул кыздан оолактабасам бир күнү мага атамдын өчүн алабыз, сен момундай-момундай кызмат аткарасың деши деле мүмкүн. Ошондо анык балээге кабылчудай сезилди. Сыгандан бул жаш, сулуу кызы менин оюмду окуп тургансып:

– Сен, Алик, коркпо, экөөбүз үйлөнгөндөн кийин сага атамдын өчүн алып бергин деп айтпайм. Сенин ага тиешең болбойт, атүгүл сен үчүн кечип жиберем. Көрөсүң го, ошентем. Атамды өлтүргөндөрдү издеп таап туруп, сенин көзүңчө, дагы тияктын, мен жактын өкүлдөрүнүн көзүнчө, калыстарды да чакыртамын, ушулардын бардыгынын көзүнчө атамдын канын кечтим деп жарыя айтам. Мен ошондо чынымды айтам, ушунун баарын мынабу эрим үчүн кечирдим деп сени көрсөтөм… Ишенип кой…

Эми таза балакетке калган турбаймынбы деп ойлодум. Сыгандардын өз ара ичиндеги иштерине аралашып мага эмне шам! Бул кыз эмитен мынтип атса, кийин (буга үйлөнүп калгандан кудай

сактасын!) жашоо бермек беле. Буларга бий үйрөтөм деп кайдагы кара текеге сүздүрүп алгам. Апамдын айтканы туура келмей болду, сыгандарга көп жолобогун, эмне болуп башыңдын айланып калганын өзүң сезбей каласың дегенин мен шылдыңдап койгом. Балакет басып кала электе шаарга кетип калганым оңдуу болуп турат. Шаардагы эжем менен жездем окууга өтө турган болсоң даярдан, биякка кел, китепканалар бар, консультацияга барып турасың деп айтышат.

– Мен үч-төрт күндөн кийин шаарга кетем. Окууга даярданыш керек, убакыт аз калды, – дедим.

– Менин башымды ачып коюп анан кетпейсиңби? – деди кыз.

Анын суроосуна түшүнүп турсам деле билмексенге салдым:

–Ал эмне болгон баш? – дедим кайра өзүнөн.

– Биз, сыган тукумунун кыздары бойго эрте жетилебиз. Андан калса, салт болуп калган. Бизде эрөөн-төрөөнү жок, он беш-он алты жашка чейин кыз эрге кетиш керек. Андан кечиксе кара далы аталат. Силерде кыздар он сегизден өткөндөн кийин бойго кеч жетилет экен…

– Тунга, сен сыган жигиттердин бирине эле күйөөгө чыкпайсыңбы? – дедим.

–Мага ылайык келе турган сыгандарда андай жигит жок, – деп кыз кесе айтты.

– Койчу, көп эле жүрүшпөйбү. Силердин таборуңарда жок болсо башка жерде бар да. Кантип ошолордун ичинде ылайыктуусу табылбасын…

– Сен кызык экенсиң, Алик, – деди кыз, – сен айткан ылайыктуулар толтура, ал эми махабат деген таптакыр башка экенин билбейсиңби? Адам баласына кудурети күчтүү Кудай тарабынан бир эле өмүр берилген, ошол бир өмүрүңдө өзүңдүн сүйгөн адамың менен жашап өтсөң андан өткөн бакыт жок болуу керек, чынбы?

– Оо, сен катуу кеттиң го акылдуу сөздөрдөн, – дедим тыптырмактай болуп алып мага акыл үйрөтүп турганына.

– Илгертен бери биздин сыгандардын түп атасынан бери айтылып келаткан сөз бул. Муну сыгандардын бардыгы билет.

Кызды алдыртан карап калдым.

– Сен антип караба, Алик, – деди Тунга. – Сенин көздөрүң бир сонун. Зояны ушинтип бир карап койчу, ала качып кетет, барып эр кылып алат, хи-хи-хи…

– Кетип калам да, – дедим.

– Ошент, – деди Тунга, – Зоянын өзүн уруп, сабап туруп кетип калгын, экинчи карагыс кылып көңүлүн биротоло калтыр, ага андан бөлөк эч нерсенин кереги жок. Ал сага катын болуп жыргатпайт, сага тийгенден кийин деле кийин сыган жигиттеринин бирине көзү

түшүп калса сени таштап салып, кетип калат… Ага жигиттер биринен бири жакшы көрүнө берет, ал кара далынын сүйүүсү коночоок, хи-хи- хи-хи…

Мен калптан күлдүм.Тунга мени ормоё карап калды.

– Билесиңби? – деди менден көзүн албай. Анан сөзүн улантпай токтоп калды.

– Эмнени?

– Сыгандардын ичинде атты уурдаганды сени билет деп атышат.

Мен каңырыш угуп алдымбы деп:

– Эмне дейсиң, кайра айтчы, – дедим.

– Сенин өзүңдү ууру тутушкан жок, уурдагандарды билет, бизге жашырып айтпай атат дешет…

– Эй, койчу! – деп чочуп кеттим. – Аны ким айтып жүрөт?

– Ошондой шектенүү бар. Мен сени актап, бирөөлөр менен кер-мур айтышып калдым.

–Аны ким айтты?

Тунга кимден укканын таптакыр айтпай койду. Мен чочулап калдым. Жалган жерден мени күнөөгө жыкмак болуп атышканына таң калдым. Кечээ эле мени менен жакшы мамиледе жүрүшүп, мен аларга чын жүрөгүмдөн мамиле жасап жатсам, эми мынтип каралап тургандарына ачуум келди. Сыгандарды, табор башчысы Миколаны, атүгүл жанымда туруп, ушулардын бардыгын төкпөй-чачпай өзүмө айтып берип аткан Тунганы да жек көрүп кеттим. Дегеле сыгандардын бардыгына тең ишеничим кетти бир заматта. Булардын атынын мага эмне кереги бар? Алардын мындай арам ойлору болгондон кийин эми ууруну билип калсам да айтпайм, маа десе өлүп кетишсин. Буларга ишенбегенден согуш кезинде Гитлер миңдеген сыгандарды бекер жерден кырбаса керек деген жаман ой мээмди чулгап алды.

Бул күтүлбөгөн кабарды угуп, маанайым чөгүп кетти. Сыгандардын бирин да көргүм келбей, алардын шайыр мүнөздөрү, шаңдуу ырлары, шаңкылдаган күлкүлөрү, шартылдаган бийлери, дегеле жүргөн-тургандарынын баары мага жасалма таасир берди. Буларды жаныма үйүр кылып алганыма өкүндүм.

– Ту-унга-а! – деген аялдын үнү угулду жол тараптан.

– Апаң! – дедим мен кыздан оолак боло берип.

– Аңдыганы эле мен… – Кыз жактырбагандай үн менен айтты. – Аржакка эрге тийип кетсе болот эле мага каскак болбой…

Тунганын бул сөзүн угуп, өзүмчө таң калдым, энесине мынтип айтканы жаккан жок.

– Ушинтип бура бастырбайт… – деп кыз күңкүлдөп алды.

– Карина сенин өз энеңби? – деп сурадым.

– Ооба, эмне экен? – деди Тунга.

– Жөн эле, – деп койдум эки колумду жайып. – Өзүңдүн айткандарыңды айттым да...

– Мен эмне депмин?

– Эрге тийип кетсе болот эле дегениңди айтам.

– Ачуум келгендеги сөз да, мөлтүрөп бышкан жүзүмдөй кыздар толуп жүрсө, отуздан ашып кеткен бул карыган катынды ким алмак эле, – деп койду Тунга күлүп.

– Ту-у-унга-аа! – Энеси дагы кыйкырды.

– Баратам! – деп кызы үн чыккан жакка басты. Анан мага кылчайып: – Ушинтет, – деп койду мурдун чүйрүп.

Тунга жүгүргөн бойдон кетти. Мен ишимди уланта бердим, суу короонун аягына чыгайын деп калыптыр. Аздан соң ала калган жерлерин сугарып, бардыгы бүткөндөн кийин суунун башына барып, биздин арыгыбызга чым чаап келип тосуп, сууна кайра ары жакка буруп жибердим.

Күн чыйылдап ысып кетти. Суу тосмодон он чакты кадамдай жерде чоң, карт тал бар бутактары алда кайда кетип тарбайган. Ошол талдын көлөкөсүнө көчүк басып, бир паска отурмак болдум. Кетменимди жаныма таштап коюп, отурар замат Тунганын алиги айткандары бүтүн эсиме түштү. Мени ууруларга шерик көрүп атышкан сыгандарга жиним кайнады. Көкүрөгүм алоолоп күйүп, ичиме ызам толуп чыкты. Анан өзүмдү алаксытып, башка нерселерди канчалык ойлосом деле айланып келип, Тунганын айткандары кайра эле көөдөнүмө толуп алат. Ошентип, оюм менен алышып аттым, бөлөк нерсени ойлоого аракет жасайм, а башыман кыздын айткандары чыкпай, айланып жүрдү. Ошентип отуруп бир кезде боюм талыкшып, уйкум келе баштады. Көк чөптүн үстүнө бир азга кыйшайып жатмай болуп, жаңы эле жамбаштаганда аяк жагыман:

– Алик, сенсиңби? – деген үндү эшиттим. Чочуп кетип, жалт карасам Карина экен.

– Эмне, коркуп кеттиңби? – деди күлүп.

– Корккон жокмун, чочуп кеттим, – дедим тактап.

Аял менден эки кадамча окчун отурду. Мен андан Тунгадан уккандарымды сурайын деп ойлодум. Эмнеси болсо да төгүн жерден жаманатты болуп атканымды айтайын дедим. Адеп эле мурдум менен бир тийбей, билмексен болуп сурамай болдум. Антип куулук кылбасам айтпай коюшу мүмкүн. Бул да бир оңбогон катын болсо керек кызы айткандай.

– Чарчасаң керек суу сугарып? – деди Карина. Анан менин жообумду күтпөй эле: – Тунганын келгенине көп болдубу? – деп сурады.

– Анча деле көп эмес, – дедим.

– Кыздар бойго жеткенде үй-жайына жолобой, качып калышат, – деди.

Мен мындай сөздү мурда таптакыр укпаптырмын, адеп таң калдым эмне дээримди билбей. «Эмне үчүн качат экен?» деген гана ой келди.

– Баары ошентет, мен деле ошенткем, кеткиң келет, бул турмуш мыйзамы болсо керек… адамдын эркинен тыш нерсе го деп ойлойм.

Мен эрдимди чормойтуп, далымды күүшөп билбейм дегендей жооп жасадым.

– Ал келип алып, башыңды ооруттубу көрүнгөндү айтып? – деди.

– Анткен деле жок, – дедим экөөбүздүн ортобуздагы сөздү жашырып.

– Ал ошенте берет, жаш неме… – Карина башын ийкеп койду. – Токтоло элек, ага бул дүйнөнүн бардыгы сопсонун, жыргал, жап-жашыл, оюн-күлкүдөн жаралгандай туюлат.

– Анткен деле жок, – дедим кайра дагы.

– Көп сүйлөйт дегеле, эрге тийсе башты оорутуп көп сүйлөйт экенсиң деп кайра кууп жибербесе болду, ошондон чочуйм… Сөз бербей сүйлөй бердиби адетинче, ошого көнүп алыптыр, канча айтып, кулагына куйдум, дегеле болбойт…

– Анткен деле жок, – деп дагы кайталадым. Балким, мындан бөлөк деле сөз айтмакмын, бирок ичимен Тунганын айткандарын жашырып, анан менден шектенгендерин сурасамбы, сурабасамбы деп аны да ойлоп, башым уйгу-туйгу болуп турду.

– Эмне унчукпайсың? – деп аял каш кагып койду.

Үн катпай, ийнимди күүшөп жооп узаттым.

– Кечинде жолугалы, – деди аял кыска.

– Каерден? – дедим.

– Өзүң бил.

Мен каер экенин айта албай, башыма эчтеме түшкөн жок.

– Баягы жерчи? – дедим.

– Аерден өгүнү жалккан жок белең? – деди аял күлүп.

– Билбейм, – деп койдум.

– Билбесең калың бүлдүркөн бар го, ошоякка келгин. – Аял ушуну айтты да шарт бурулуп кетип калды. Мен да кетменди ийниме арта салып үйгө жөнөдүм.

Мен күндүн батканын күтпөй, тиги айылга барам, аскерде бирге кызмат өтөгөн полктошум үйлөнүптүр, куттук айтып, кечирээк келем – деп үйдөгүлөргө жок шылтоо айтып бакка кеттим.

# X

Бактын ичи күн бата электе ажайып бир дүйнө. Көрүнүшү баягысындай эле: салкын тартып турганы менен үп, иретсиз сайраган канаттуулар, ар кими өз обонун созот, балким, түйшүктөрүн айтып аткандары деле болуу керек. Бирин бири куушуп жүргөндөрү да бар, өзгөчө таранчылар. Эркеги кууп, ургаачысы качып жүргөндөй. Анан чыркылдашып, бир-эки бутакка секиришкенден кийин экөө пырпырашып калат, анан кайра эле бири качып, бири кууп… Мен эрикпей ушул эки чымчыкты карап турдум, булар алыстап учуп кетишпеди, бир эле чоң талдын бутактарын айланып жүрүштү. Акырында алардын оюнунан жадап кеттим. Канаттуулар кандай эркин жаралган жан деп ойлодум, каалашса учуп кетишет, каалашса бутакка конуп сайрашат, куушуп ойношот, кез келгенде пырпырашат… Ал эми адамдарда канча түйшүк, жазгы, жайкы, күзгү жумуштар, кышка камынуу, тиричилик, окуу, иш, түгөнбөгөн көйгөй… Өлөөр өлгүчө адамдын жаны тынбайт, анан жалаа, көңүл калуу, кутумчулук… Менин оюмча адам баласынын эң бактылуу мезгили сүйүү болсо керек. Махабатка чалынгандарды билбейм, оорубу же кыялбы? Кудай жалгап мен андай ооруга, кыялга да чалдыга элекмин. Болгону мектепте окуп жүргөндө кошуна айылдагы бирге окуган кызга күйдүм-сүйдүм деп кат жазып, таптакыр бере албай кагазым чөнтөгүмдө жүрүп уйпаланып калган. Аны кайра жакшынакай көчүрүп жазайын деп ойлоп, партада катарлаш отурган дос балага айтсам ал: «Аның түкүнчө менен өбүшүп турганын көргөм», – деди. «А жерге кир!» – деп ичимен кызды жек көрүп, уйпаланган катты майдалап тытып туруп, ушу суу менен агып жок болсун деп ырымдап өзөнгө салып жибергем. Кийин ал кыз түкүнчөгө тийбей эле окууга кетти, ал эми түкүнчө деген (мектепти бизден эки-үч жыл мурда бүткөн) ыты-жыты жок эле башка бир кызга үйлөнүп алган. Тиги кыз болсо окуп жүрөт дешти. Бирок менин көкүрөгүмдөгү жакшы сезим ошондо эле жалп өчүп, унутулуп калган.

Карина менен болжошкон жерге эрте келдим. Чоң, карт талдын түбүнө отуруп, ардеме-бирдемелерди ээн-эркин ойлоноюн деп, буралган көк чөпкө чалкаман жата кеттим. Бактын калың бутактарынын арасынан асман көпкөк, туптунук болуп көрүндү. Адегенде көк асмандын сулуулугуна суктандым. Асман ачык кезинде жыргал болуу керек. Кылайган бүдүр булуту жок, таптаза, супсулуу, мындай кезде асман бир керемет көрүнөт! Андай кереметти көрүп, байкаган, баалаган адам кандай бактылуу! Ошол пакиза, аруу учурдун баркын билбей, ал кереметтин сыйкырын сезбеген адамдын ушул түйшүгү арбын турмушта эч качан жолу болбойт го деген ой келди мага. Мен

муну ойломок деле эмесмин, себеби ар ким ар нерсени өзүнүн көрүп-түйганына жараша баалайт да. Мен деле ошондоймун, аскерге барып келгеним болбосо, айылдын түйшүгүнөн бөлөк эчтемени билбейм. Болгону бири энеси, бири кызы эки ургаачы сыганга жагып калганымды эсепке албаганда бардык жөнөкөй пенделерден эч айырмам жок.

Күн баткандан кийин бактын ичине бат эле караңгы кирди. Түн улам коюулана берип, бактын ичин чылк басып калды. Ордуман туруп, аял келе турган тарапты утурлай жөнөдүм. Күндүзгү токой турмушундагы канаттуулардын чуру-чуусунан эчтеме жок, кээ-кээде гана «гүү-гүү» эткендери угулат.

О, далайга күттүм сыган аялды. Улам бир дарактын караанын окшоштуруп алам, жакындап барам, бараткaнда жүрөгүм түрсүлдөп, көкүрөгүмдү кан тээп чыгат, анан кайра денем сууп, токтоп калам. Ошентип отуруп, далай жерге барып калдым, бара берип, айыл тараптан келген жолго жакындадым. Эмнеси болсо да жолго жетпей, Каринаны күтөйүн деп ойлодум. Буерден бардыгы көрүнүп турат.

Айдын күңүрт жарыгынан кашка жолдон келаткан эки караанды көрдүм. Экөө эмес, бирөө эле болушу керек деп ойлодум. Балким, бөлөк немелердир бир жакка баратышкан.

Мен кийиндеп жылып, жолдон бир топ алыстап барып, бир бактын түбүнө жашынып, келаткандарды аңдып калдым. Алар үн чыгарышкан жок. Мен жашынган жерден жыйырма кадамдай жакындап келишкенде экөө тең эркек экендерин баамдадым. Анан алар жол менен кете беришип, бир кезде имерилиштен көрүнбөй калышты. Булар биздин коңшулаш айылдын кишилери же сыгандардан болуу керек. Бөлөк эч ким өтпөйт буерден. Бир кезде уурулар болуп жүрбөсүн деген ой кетти. Бирок уурулар чоң жол менен мынтип жүрүшмөк эмес. Түнүчүндө бирөө болбосо дагы бирөөлөр көрүп койбосун деп сак болушмак.

Анан алар көрүнбөй калгандан кийин кетким келди. Аял үйүнөн чыга албай калса керек. Анан калса бир жолу кызы менен пикири келишпей жүргөнүн кылтыйткан. Энеси экөөбүздүн мамилебизден шек алып, аңдып жүрөт дегени бар. Укканда буга анчалык маани бербегем, эми мынтип түн катып эсиме түшүп отурат. Кызы бура бастырбай коюшу мүмкүн, андай жорук Тунганын колунан келет.

Мен чоң жолго чыкпай бактарды аралап, үйдү көздөй бет алдым жай басып. Жолго, ачыкка чыккандан чочуладым, алиги өтүп кеткен экөө, балким, каракчылар болуп калышы мүмкүн. Буерден каррактап кеткендерди уга элекпиз, бирок кээ-кээде ушул токойдун ичинен чыр-чатактар чыгып калганын эшиткенбиз.

Бир аздан кийин сыган аялга жиним келе баштады. Мени алдаган экен да! Эгерде эртеңби, бүрсүгүнүбү, жолукканда дагы кашын кагып сүйлөй турган болсо, бетине балч эттире түкүрөм да басып кетем. Анан анын көзүнө кызы менен коюндашып, моюндашып көрүнбөсөм майнеке болоюн! Кызын өзүнө тукурам, энең мага сөз айтып, мамиле түзөлү, Тунганын акылы жок, анын көңүлүн калтыра урушуп салгын деди дейм! Шылдың кылган андай эмес, мындай болот!

Бак түгөнүп, жайдак жерге, жолдун жээгине чыктым. Ай сүттөй жарык, жерге ийне түшсө табылчудай. Тээ, капкайдан чоң жолдон бир караан көрүндү. Тездеп басып келатат. Карина экенин тааныдым. Кайра бактын ичине кайрылып, токтоп карап калдым. Жанатан бери ага келген ачуум кайда кеткенин билбей калдым, көкүрөгүмдө анын бири да калбаптыр, чар учкандай жок болду.

Караан адегенде эки жагын элеңдей карап келаткандай болгон, кийин түз эле басты. Мен бактын түбүндө бөгүп калдым, Каринаны өткөрүп жиберип, анан артынан акырын ышкырап токтотоюн дедим. Ал менин күтө берип тажап, анан бул жерге келип калганымды кайдан билсин. Сүзө качырып, алиги болжошкон жерге барат да.

Карина жакындаган сайын катуулап басты, менин күтүп калганымды сезип, аз да болсо эртелейин деп ойлоду окшойт. Он-он беш кадамдай калганда Карина эмес, эркек киши экенин баамдадым. Анан ал киши менден өтө берип, бактын ичине кирип кетти. Айдын жарыгынан карааны улам көрүнө калып, анан бат эле бактардын далдасында калды. Алиги кеткен экөө менен чогуу болуу керек деген ой келди. Артынан аңдыгандан корктум.

Мени бирөөлөр кармап алчудай эки жагымды элеңдеп карап, жолго чыктым. Алды жагыман желип-жорткон атчан көрүндү. Бактын арасына кирип кетейин деп ойлоп, кайра токтоп калдым, мени ууру экен деп артыман куушу мүмкүн деп, андан корктум.

Атчан бат эле жетип келди. Бул Саша экен, дароо тааныдым. Ал да тааныды:

– Ай, сен Аликсиңби? – деди.

– Ооба, Саша, – дедим. Саша экенине сүйүндүм. Эч нерсе ойлобой эле сүйүндүм, эмне үчүн сүйүнгөнүмдү билген жокмун.

– Кайда? – дедим Сашадан.

– Сага, сени издеп чыккам, – деди Саша.

– Эмне болду? – дедим. Бул суроо ойлонулбай эле оозуман чыкты.

– Бактын ичинен эч кимди көрбөдүңбү? – деп сурады.

– Эч кимди көрбөдүм… Бирөө келмек беле?

– Өзүң каерден келатасың? – деди Саша кайра өзүмөн сурап.

– Тиги айылдан, – деп башымда арт жакка жаңсадым.

– А… – деп койду Саша түшүндүм дегенчилик кыяста.

– Ошо, ал айылда аскерде бирге кызмат өтөгөн дос бар эле, ошол үйлөнгөн, ошояктан...

– А... – деди Саша дагы.

– Өзүң мени эмнеге издеп жүрөсүң? – дедим.

– Жолдо келатканда да эч кимди көрбөдүңбү? – деди кайра менден.

– Бирөөнү көргөм, бирок ким экенин билбейм, мен бактын ичи менен келаткам, ал ушул жол менен түз кеткен... Мени эмнеге издеп жүрөсүң? – деп дагы сурадым.

– Ошо көргөнүңдүн ким экенин сурайын дегем, – деди Саша эми атынан түшүп.

– Тааныган жокмун, тиги айылдан бул айылга каттагандар болуу керек. Андан мурда эки кишинин караанын көргөм...

– Көп болдубу? – деди Саша.

– Көп деле эмес.

– Каякка кетишти? – деди Саша.

– Сен ачыгын айтчы, мени эмнеге издеп жүрөсүң? – дедим тактап.

– Каринаны сураганы келдим, – деп айтты.

– Кызык, – деп эки колумду жайдым, – кызык, менден аны эмнеге сурайсың?

– Күндүз сени менен сүйлөшкөн турбайбы, – деди. Сашанын үнү мага өктөм угулду. Бирок ал анысын сезип калып, кайра жумшара: – Ошону сурайын дегем, – деди колу менен ээгин сылап.

– А, короону сугарып жүрсөм кызы келген, Тунгачы... Ошону издеп келип ээрчитип кеткен... Ошо... – Бөлөк сөз кошпоюн дедим.

– Азыр кайда барасың? – деди Саша.

– Кайда бармак элем жети түндө, үйгө.

Ат окуранып алды. Демек, жакын арада кишиби, айбанбы, бир жандык болуу керек деген ой кетти мага. Ары-бери жагымды карадым, эчтеме көрүнбөдү.

– Кетесиңби? – дедим бурулуп жолдун четине чыга берип. Саша артка чаап кетти. Анан он-он беш кадам узап-узабай караңгы бактын арасынан экөө чыга калды. Экөө тең түптүз эле мени качырышты. Мен качкан жокмун, кетенчиктеп барып, экөөнө каршы чабуулга даярдандым. Тигилердин биринин колунан келтекти көрүп калдым, а балким, чөнтөктөрүндө канжарлары бардыр... Булар беттерин жаап алышыптыр, сыган балдар экенин боолгодум.

– Эй, силер азыр экөө-үчөөлөп мени сабап кеткениңер менен эртеңкиңерди ойлогула! Эртең бириңер да тирүү калбайсыңар! – дедим. Үнүм калтырабай, өктөм чыкты. Качырып келатышкан экөө муну укканда тык токтошту. Мен булардын коркуп калганын сездим да ого бетер күчөдүм: – Азыр кармашсак, экөөңөрдү тең таяктап са-

лам, экөөңө алым жетет! Анан барып, айылдын жигиттерин көтөрөм, атка сүйрөтүп өлтүрөбүз!

Экөө турган жеринде катып калышты да аттап-буттап кайра бак ичине кирип кетишти. Булардын менден чочулап калгандарын сездим да үйгө жөнөдүм. Артыман жетип келип калышабы деп улам кылчайып карай бердим. Анан айылдын көчөсүнө түшкөндө денем бошоп, көкүрөгүм кенен боло түштү.

– Каш карайып калганда сыгандардын бирөө атчан келип, сени сурады, тиги айылга кеткен дедим, – деди апам үйгө кирерим менен. – Эмне жумушуңар бар эле, айтып коёюн десем унчуккан жок.

– А, Сашабы, – дедим, – жолдон жолуктум ага. Шаарга кетип кала элегиңде гитарамды оңдоп берчи деп жүрөт, – дедим жалган айтып. Антпесем, апамдын айтаары белгилүү: сен аларга жолобо, жалалуу немелер көрүнөт, дагы бир жалаасына калып жүрбөгүн дейт.

– Сен эмне, уста белең, оңдогучтарга алпарбайбы, – деп койду апам жактырбай.

– Мен да ошенттим, оңдогонду билбейм дедим…

– Туура айтыпсың, айтор, шынаарлатканыңды токтотчу, ансыз деле көргөн-билгендер уу-дуу сөз айтып жүрүшөт…

– Гитараңды оңдой албайм, билбейм дедим… – Муну атайын айттым сөздү узартпайын деп.

Ошо бойдон жатып алдым. Эртеси күн чыкпай Сашаны ээрчитип, табор башчы Микола келди. Мен эч сыр алдырбай, тигилер менен демейдегидей учураштым, эмне айтышат экен деп күттүм.

– Алик, түндө кайда болдуң? – деп сурады Микола. Анын соттон бетер мынтип сураганына тырыша түштүм да, көзүн теше карап:

– Сашадан сурасаңыз айтып берет, – дедим.

Микола жанындагы Сашаны карап калды. Саша менден да, Миколадан да көзүн ала качып:

– А, түндөбү, тиги айылдан келатам деген… – Сөзүнүн аягына чыкпай токтотту.

– Анда мага эмне үчүн айткан жоксуң? – деп Микола тигини жекире карады.

– Ошондой болгон… – Саша дагы сөзүнүн аягына чыкпай жер тиктеди.

– Силер менден жашырганыңар менен баары бир ушинтип чыгып калат! – деди табор башчы жинденип.

Саша үндөбөдү жер караган калыбында. Мен Запыла менен Вайданы көргөнүмдү, алар мага кол сала турган болуп, анан кайра токтоп калганын, Саша атына минип, артты көздөй чаап кеткенин, түндөгү окуянын бардыгын айтмак болуп камынып, кайра бир ой токтотуп калды: табор башчы өзү жиберип коюп, эми калп эле билмексен

болуп, буларды биз өзүбүз жазалайбыз деген амалдуу жолго салып жатса керек, антпесе чоң чатак чыгып, сыгандардын ташы талкан болуп кала турганын билип турат. Мен дагы бир азга сынап турмай болдум. Балким, тиги Карина деген аялды мага атайын жакындатышып, Тунганы үйрөтүшүп, алдыртан бурап турушкандыр.

Микола колундагы соп камчы менен Сашаны жонуна басып-басып алды. Саша кыңк этип үн чыгарган жок.

– Силердин чатагыңар болсо өзүңөрдүн таборуңарга барып териштиргиле, – дедим Миколага салмактуу үн менен.

– Булар иттик кылышыптыр, – деди Микола мага. – Мен четбучкагын угуп калып, өзүңөн сураганы келгем, Алик. Түндө эмне болгонун өз оозуң менен айтып берчи.

Мен болгонун болгондой, көргөнүмдү көргөндөй айтып бердим. Микола кунт коюп укту, айтып бүткүчө сөзүмдү бөлгөн жок.

– Чакыр, Вайда менен Запыланы тетиги айылдын четиндеги жерге! – деди Микола соп камчы менен Сашаны дагы бир жолу жонго басып. Бул жолу камчы катуу тийсе керек, Саша ийилип барып оңолду.

Микола экөөбүз айылдын чет жагына чыккыча түндөгү үчөө келишти ээрчишип.

– Эй, акмактар, жонуңардан кайыш алайымбы! – деди Микола ызырынып. Тигилер үн катышпады.

– Бери, мага жакын келчи! – деди табор башчы Запыланы сөөмөйү менен көргөзүп.

Запыла эч нерсени билбегендей, көзүн алактатып Миколанын алдына келди.

– Чеч көйнөгүңдү! – деди Микола каардуу үн менен. Запыла көйнөгүн чечип, ары жакка ыргытып койду.

– Түндө кайда болдуң? – деди Микола.

– Табордо түнөдүм, – деди айыптуу.

– Сенден сурап атам! – деп кыйкырды табор башчы.

– Табордо түнөдүм, – деди Запыла мурдагы айтканын кайталап.

– Түн ортосуна чейин кайда жүрдүң?! – Миколанын ачуусу келип, жаак эттери титиреп чыкты.

– Токойго барганбыз, – деди Запыла жер карап.

Табор башчы өзү кийинчерээк боло берип, соп камчыны күүлөп келип, Запыланы жонго басып калды. Жигит чөгөлөп барып оңолду.

– Сен бери кел! – деди Вайдага.

Вайда табор башчынын буйругун күтпөстөн көйнөгүн чечип, кол куушуруп туруп калды. Микола аны да жылаңач жонуна басып алды. Вайда кыңк этмек турсун көзүн да жумбады. Турган боюнча тура берди.

– Кана, кимиңер айтасыңар? – деди тобор башчы экөөнө.

Экөө тең унчуккан жок телмирип тура беришти. Миколо камчысын үйрө баштаганда Запыла чөгөлөй калып:

– Бизди Карина жиберген Аликти сабап бергиле деп…

– Анын эмне өчү бар экен? – деди Микола.

– Билбейбиз, – дешти экөө тең жарыша.

Бардыгыбыз үн катпай туруп калдык.

– Чакырып кел Карина катынды! – деп Микола соп камчысы менен Запыланы дагы бир басып калды. – Кокус чатак чыгып кетсе, силер үчөөңөрдү, Каринаны кошуп туруп төртөөңдү салып берем, өлтүрүп салышса кун жок дейм…

Мен үн катпадым.

– Эй,чакырып кел дебатам! – деп табор башчы Запыланы беттеп камчысын үйрүп калды эле Запыла таборду көздөй чымын-куюн болду.

Буерден табор көрүнбөйт. Ал киченекей дөңдүн далдоосунда калат.

Запыла жүгүрүп кеткенде табор башчы шылкыйып турушкан Саша менен Вайдага бурулуп:

– Кана, баатырлар, колуңар кычышып турса мени сабагылачы! – деп камчысын үйрүп-үйрүп койду.

Тигилер тирүүнүн өлүгү болуп жалдырап тургандан бөлөк кыймыл жок.

– Бир катындын тилине кирип, эмне, өлө албай жүрөсүңөрбү?! Эмне үчүн мага айтпадыңар?!

– Айткан жокпуз, күнөө бизде… – Саша жер карап сүйлөдү.

– Силер качандан бери өзүңөр билип калгансыңар! Көрсөтөм силерге ээнбаштык кандай болорун!

Аңгыча тердеп-кургап Запыла жүгүрүп келди, көзү алактап, шашып-бушуп:

– Кечиргейсиз, Каринаны таппадым, айлана-тегеректе жок экен, ушерде эле жүргөн дешти… таппадым, бир жакка кеткен окшойт… Балким, качып кеттиби…

– Ошо кеткен жагынан таап келгиле! Тапмайын көзүмө көрүнбөгүлө! – деди Микола каардуу.

Тиги үчөө жүгүргөн бойдон жөнөштү.

– Тапмайын келбегиле! – деди табор башчы артынан кыйкырып. Тигилердин бири бурулуп карап, башын ийкеди.

– Булардын жиндерин күүп турбаса кутуруп кетишет, – деди Микола мага. – Жанагы катындын сөзүнө кирип… акмактар…

Мен дагы эле унчуккан жокмун, унчукканда эмне демекмин. Эмне үчүн буларды Карина мага карата тукурду деген суроо башымда айланып жүрдү. Бая мурда да ал катын менен түнү бакта жүргөнүбүздө

ок чыгарып, улам бир жерден көрүнө калып жатканда да аны Карина уюштурса керек деген ой келди. Мага келип бирди айтып, анан артыман аңдытып, колдон келсе тындым кылып койгусу келип жүргөн турбайбы дедим ичимен. Эгерде азыр көрсөм ал катынды сабап салмакмын, сабаганда да майып кылып койгондон кайра тартпайт элем. Ал амалдуу катын табор башчынын чакыртарын билип алып, бир жакка качып кетсе керек…

– Карина мени эмнеге мынтти экен, аны менен аласа-бересем жок эле, – дедим.

– Ким билет, балким, булар калп айтып жаткандыр. Териштиребиз, мен мунун аягына, чындыгына чыгамын. Кими күнөөлүү болсо, аёо жок. Биздин табордун өзүнүн мыйзамдары бар, бөлөк таборлор сыяктуу . Чоң күнөө кетиргендердин аял-эркегине карабайт, керек болсо атка сүйрөтүп, караганга камап сабайбыз. Антпесе башы менен басып кеткенге даяр турушат, көзүң мындай болду дегиче бирдин ичинен чыгышат…

Бир кезде имерилиштен Запыла менен Вайданын ортосунда келаткан Каринаны көрдүм. Үчөө бирдемени кызуу сүйлөшүп келаткандай. Каринанын басышы шагдам. Мен ал аял качып, тиги экөө сүйрөп келишет го деп ойлогом эмнегедир. Мага карата уюштурган кутумун мени билбейт деп ойлосо керек, болбосо мынча шагдам жүрбөйт эле.

– Ана, келатышат, – деди Микола тигилерди эми көрүп.

Үчөө бизге жакындап калганда сөздөрүн токтотуп, жер карап басып, он-он беш кадамча оолак үчөө тең токтоп калышты.

– Бери, бери келгиле! – деди Микола сөөмөйүн чычайта чакырып.

Үчөө жакын келишти.

– Силер кете бергиле, табордо болгула, – деп Микола үч эркекке айтты. Үчөө жемеден кутулушканына сүйүнүп, тез-тез арыш таштап кетип калышты.

Биз үчөөбүз калдык. Үчөөбүз тең бири-бирибизди карап, унчукпай турдук. Мен эмне деп айтмак элем, Карина болсо табор башчы экөөбүздү карайт. Жанатан бери жинимдин келип турганы бул аялга бетме-бет келгенден кийин жумшара түштүм.

– Чакырыпсыңар, эмне сөз? – деди ал адегенде Миколага, анан мага көз чаптырып. Кимиңер чыкырттыңар эле дегендей суроо таштады.

– Тигилер айткан жокпу? – деди Микола суроосуна суроо берип.

– Тигилер кимдер? – аял да суроосуна суроо менен жооп берди.

– Сени буякка чакырышканда эмне деп айтышты? – Микола дагы суроо берди.

– А Запыла менен Вайдабы?.. – аял бир паска тыным жасап, кайра айтты. – Эмнеге чакырыптыр десем билбейбиз дейт. Экөөнүн тең

кабактары бүркөө. «Бир балээ болдубу?» – десем: «Эмне болмок эле, эмнеге чакыртканын кайдан билебиз, барганда угасың да» – дешти... Ошол, ошол боюнча келдим...

– Кечээ кечинде Запылага жолуктуң беле? – деди Микола маселени ачык коюп.

– Таборубуз бир болгондон кийин күндө эле көрүшөбүз, жашаган жерибиз бир, айла жок, көргүң келбесе да көрүшөбүз... Аны дайым эле көрөм, табордогунун баарын тең күндө, күндө эмес, саатына, мүнөтүнө көрүп турам... – аял сурооңо жообумду айтып бүттүм дегенчилик сөзүн жыйып алды.

Анан Микола мени сөөмөйү менен көрсөтүп:

– Аликте эмне өчүң бар эле? – деп сурады.

– Кандай өч? – деп аял көзүн чоң ачып, мени таң калгандай карап калды. – Алик менен сыйбыз... – Көзүн менден тартып алып, Миколаны карап калды буга эмне дейсиң деген кыяста. Анан: – Эмне болуптур? – деп кошумчалады.

– Ошо эмне болгонун сенден сурап атпаймынбы? – Миколанын үнү кекеткендей чыкты.

– Түшүнсөм өлүп кетейин, – деди аял ийнин куушуруп. – Жооткотпой айткылачы... – Антти да мага карап: – Сен, Алик, өзүң айтчы, эмне болуптур? – Кайра Миколага: – Каяктагы өчүм бар экен? – деди.

– Кечээ Запылага эмне дедиң эле? Вайда менен Саша болуп үчөөңөр Аликти сабап бергиле деген турбайсыңарбы? – Микола эми түз айтты.

Аялдын көздөрү алайып, мени бир, Миколаны бир карады:

– Жанын жешет, калп! Аликте эмне өчүм болмок эле?.. Калп! Менин бирөөдө өчүм болсо ушул шатырампайларга айтмак белем, булар же эркек эмес, же катын эмес жүргөн бир байкуштар да... – Аял катуу чычалады. – Ошолор Аликтен айланып кетишсин...

Аял ортобуздагы сырды айтып жибербесин дегенге кетти оюм. Актанып атып оозунан чыгып кетеби деп чочулай баштадым. Алик менен кандай байланышың бар эле деп сураса, балким, айтып коюшу мүмкүн. Андыктан, мен Каринаны жактап:

– Мен алардын сөздөрүнө ишенген эмесмин, – дедим. – Алар өздөрү ойлоп таап, анан күнөөсү жок аялга шылтап атышкандыр. Же бөлөк бир иш менен жүрүшкөн окшойт, анан мен көрүп калгандан кийин айтып койбосун деп кол салабыз дешсе керек...

Табор башчы эмне дээрин билбей калды.

– Кимиси чын, кимиси төгүн экенин билсем кудай урсун! – деди Микола. – Эми кайра башынан баштоо керек. – Канжасын алып күйгүздү да оозу-мурдунан түтүндү буркурата чыгарып туруп: – Баргын да буерге жанагы үчөөнү тезинен чакырып кел! – деди аялга.

– Кайсы үчөөнү? – деп сурады аял.

– Кайсы!? Кайсы!? Саша, Запыла, Вайда үчөөнү! – Миколанын ачуусу келе түштү. – Дегеле эч ким эч нерсени билбейт, эч кимдин иши жок. Келесоо, макоопес болуп калышат заматта!

– Алик менен барайын, – деди Миколага, бирок эки көзү менде болду.

Микола адатынча ийнин куушуруп:

–Аны Аликтин өзүнөн сурагын, ал тобордун кишиси эмес, – деди.

Аял мени карап калды. – Барасыңбы?

Мен жок дей албай макулдугумду билдирип, башымды ийкедим.

– Анда жүрү. – Аял алдыга түштү. Мен артынан салдым.

Карина жолдон мага бирдеме айтат окшойт. Антпесе, мени эмнеге чакырмак эле. Демек, табор башчыдан жашырган бир сыры болсо керек.

Экөөбүз унчукпай катарлай басып бараттык. Анан имерилиштен бурулганда Микола бизге көрүнбөй, аны дөңдүн тумшугу жаап калат. Ошерден өтүп баратып Карина:

– Сен кечээ эмнеге келбедиң? – деп сурады.

– Мен баргам, – дедим, – өзүң келбедиң. Сенден түңүлгөндөн кийин үйгө кетип баратып, адегенде Сашаны атчан көрдүм. Анан Вайда менен Запыланы көрдүм, алар мага кол сала турган болуп барып токтошту.

–А эмне үчүн? – деп сурады аял токтой калып.

Мен болгон окуянын бардыгын айтып бердим. Микола тиги үчөөнү чакыртканын, анан алардын сөздөрүн калтырбай айттым. Карина муну таң калуу менен укту. Угуп атып тактоо үчүн улам сурап коёт.

– Мен ал үчөөнү тең ошон үчүн келесоо дебатам, эмне, билинбейт, угулбайт деп ойлоштубу… Жеткен акылдары ушу да. Азыр табалычы, анда бөлөктү айтышат. Булар ушак дегенди али билише элек экен! – деп Карина бышкырып койду.

– Билбейм, айтор, сен жиберипсиң мени сабап бергиле деп. Ушинтип айтышты.

– Алик, мен жинди болупмунбу? Ушак!

– Өткөндөчү? – дедим эстеп.

– Кайсы өткөн?

– Бая өгүнүчү, бактын ичинен мылтык атышып, экөөбүздү аңдыгандачы?

– Алар кимдер экен? – деди Карина.

– Сенден сурап атпаймынбы? Сен билесиң да. Балким, анда да Вайда менен Запыланы акырын шилтеп койсоң керек…

– Алик! – деп кыйкырып жиберди аял. – Ушу сөз кантип оозуңан чыкты? Мен акмын! Мен ушакчы катын эмесмин…

Аял бир топко чейин актанды. Бирок мен көп деле ишенген жокмун, сыгандардын көп аялдарынын бири бул деле, жанын жеп атат деп ойлодум да ошо бойдон унчукпай калдым. Анан таборго жакындап калганда мен:

– Тиякка, таборго өзүң барып чакырып кел, – деп токтоп калдым. Аял катарынан тигилген чатырларга кирип чыкты. Анан айлана-тегерекке бир көз жүгүртүп алып:

– Жок үчөө тең, жер жутуп кетсе керек! – деди. – Качып кайда барышмак эле, акыры келишет да…

– Эч ким билбейт бекен? – деп сурадым.

– Жүргөн дешет баары тең…

– А тигилерден сурадыңбы? – дедим сырттагы эки-үчөөнү көргөзүп.

– Сурадым, эмеле көргөнбүз дешти…

Демек, бул үчөө калп эле жанын жешкен турбайбы деп ойлодум. Эгерде бул аялдын айтканы чын болсо анда мунун мойнуна коюп беришмек. Бирок табор башчы, бул аял деле маселенин түбүн билиши керек, аны жашырып аткандай шектенип турдум.

– Анда жүрү, кеттик, – дедим аялга.

Тумшуктан имериле бергенде канжасын түтөтүп отурган Миколаны көрдүк. Ал да бизди көрүп карап калды.

– Жок тигилер, качып кетишиптир, – деди аял.

– Кайда кетишиптир? – деп сурады табор башчы.

– Билбейм. Эч ким билбейт, ушерде эле жүрүшкөн дейт.

–Анда алар келгенден кийин териштирели, – деди Микола мени карап. – Эч кимиси эч нерсе билишпейт булар, баары эле ак, баары эле момун… – Сол колун бир шилтеп коюп таборду көздөй басып кетти. Карина экөөбүз турган жерибизде туруп калыптырбыз. Адегенде мен:

– Анда болуптур, тигилер келгенде териштиребиз, – деп үйдү көздөй бурулуп бастым.

– Алик, токточу, – деди аял.

Мен токтой калдым. Карина мага жетип келип:

– Сен мага таарынба, менин жамандыгым жок. Тигилердин айткандары жалган. Акыры көрөсүң го… мени жөн эле жаманатты кылып атышат… Бойдок катынга кимдин гана көзү түшпөсүн, ушулардын баары, башкалары да өчүн алалбай жүрүшөт… көп болду…

– Эми аны өзүңөр билесиңер, – дедим.

Аял сөзүнүн ушерине келгенде токтоп калды. Менин укпасымды, аны жактабай турганымды түшүндү.

– Өзүң бил, – деди аял мен кайра кадам таштаганда, бирок акыры түшүнөсүң…

## XI

Эртеси тиги үчөө келбептир таборго. Үчөөнүн эне-аталары айлана-тегеректи чабыттап издеп жүрүштү. Эч ким эч нерсе билбейт. Микола мага келип, кечээги сөздү эч кимге айтпай тургун, үчөөбүздөн бөлөк эч ким билбесин деп суранды.

Ошо бойдон Саша, Вайда, Запыла үчөө тең табордон жоголду. Сыгандар ыз-пыз түшүп, ары-бери жактан издөө салышты. Анан алар бизден, айыл тургундарынан көрүп атышыптыр. Бая жоголгон аттардын ордуна айылдыктар барымтага кармап турушуптур деген сөз чыгып кетиптир.

Мен сыгандар менен катышпай калганыма бир апта болду. Энеси Карина, кызы Тунга да жолобой калышты. Жоголгон аттардын издери чыкпай, айылдыктар менен сыгандардын ортолору сууп баратты. Бирине биринин ишеничтери кетти. Мага сыгандар жоголгон балдарын калп эле издешип аткандай көрүндү. Биздин көзүбүздү боёмолоп аткандай туюлуп туруп алды. Бирок алиги окуя жөнүндө эч кимге ооз ачпадым, четин чыгарсам эле чоң чатак чыкканы туру.

Табордун сыгандары да аркы-берки жумуш иштегендери эле жүрбөсө, алар мурдагыдай болуп айылды аралабай, таборунун жанынан чыкпай калышты. Алардын ичинде айылдыктар жоголгон үчөөнүн үстүнө дагы колго тийгендерин уурдашканы камынып атышыптыр деген сөз тарап, өзгөчө, кыз-келиндерин аябай коркутуп салышыптыр.

Ал аңгыча аттарды Казакстандын кайсы бир базарынан көргөндөр бар экен, сыгандардын үч баласы жоголбой, качпай эле ошоякка из кууп кетишиптир деген сөз чыгып кетти. Муну айылдыктар айтып жүрүшөт. Мага да ушинтип айтышты, мен билмексен болуп койгом.

Айыл тургундары менен сыгандардын карым-катыштары ошол окуядан кийин таптакыр үзүлдү. Аттарды сыгандар өздөрү уурдашып, саткандарын сатып, сатпагандарын дагы бир балээ кылып башка аттарга алмашып, эми бир түнү качканга камынып жатыптыр деген сөз айтышты. Бул ушактарга мен ишенген жокмун, иштин чоо-жайын көрүп, түшүнүп тургандан кийин тиякка да, бул тарапка да кошулбадым. Эгерде менин пикиримди сурай турган болушса, анда калыс сөзүмдү айтмакмын, бирок менден эч ким эч нерсени сурабады. Андан калса ар бир адамдын өзүнүн чындыгы бар. Башка бирөөнүн пикирине кошулганда, ал адам ошол маселе боюнча өз чындыгынан ажырап калат.

Мен өз чындыгымды издеп, алигүнчө сыгандардын үч жигити менен болгон окуяны унута албадым. Жоро-жолдошторума нечен ирет айтам деп ойлоп, бирок кайра токтоп калып аттым. Айтсам айтып эле коймокмун, табор башчысынын өтүнүчү деле мага анча таасир

эткен эмес, болгону Карина экөөбүздүн ортобуздагы окуя ачыкка чыгып, чатактын башталышы ошол болуп кетпесин деген ой кетти мага. Ошентип, менин да көчүгүм кууш болуп турду.

Короонун баш жагындагы беденин экинчи чабыгы бышып калыптыр: айрым жерлери көк баш алып, эми дагы эки-үч күн өтсө, жерге сулап, чачышып кала турган. Андай болгондо чөп кургагандан кийин упурап, берекеси болбой калат. Ага жеткирбей чаап салайын дедим. Чалгыны таптап, курчутуп, жазысы үч эли болгон узун кайракты алып, бедени көздөй кеттим.

Көк беде гүлдөп, жыты аңкыйт.Менин чалгы көтөрүп келатканымды көргөн чымчыктар топ-топ болуп жер которуп учуп кетишти. Ызылдаган аарылар жүрөт, булардын көбү жер аарылар окшоду; алар уяларын тамдын бурчуна, дарактын бутагына же куурайдын башына эмес, жерге, майда, жумшак чөптүн арасына салып, ошерге бал жыйнашат. Биздин беденин аңызынан мурдагы чабыкта эки жерден ошол аарылардын уясын көргөм. Бузган эмесмин, балын жыйнап, балдарын чоңойтуп учура берсин деп, тегерек-четиндеги эки-үч карыштай жериндеги бедесин чаппай жөн койгом. Ызылдап жүргөн ошолор окшоду.

Чалгы курч болсо чөп чапкан не деген керемет, шилтеген сайын беделер бир баш болуп катарлаша суналып сол түшүп жатып калат. Анан чабылган чөптөн бир чай кайнам убакытка жетпей салкын жыт айлананы курчап алат, андай адеми жыт чабылган чөптөн башкада болбос! Баарынан да күн бата чабылган көк бедени астыңа калыңдата салып, чалкаңан жатып алып көктү караганда бул ааламдын кеңдигин, эбегейсиз чексиз экенин сезесиң. Туш-тарабың тыптынч болуп, андан-мындан чырылдаган саратандын үндөрү бул дүйнөнүн бейпилдигин даңазалап, жандуу менен жансыздардын биримдигин, байланышын, бирисиз биринин көркү чыкпасын эсиңе салат. Ошондо көкүрөгүңө ыр батпай тээп чыгат. Ай-ааламды жаңырта ырдагың келет.

Ушундан болсо керек, менин көңүлүм ачык, маанайым жаркын. Аңыздын башынан аягына чейин эки сол чаап, чалгымды кайрап, бир паска эс алганы отурдум. Короонун баш жагындагы чаңдак жолдо беш-алты балдар ары-бери жүгүрүп ойноп жүрүшкөн. Алар актар менен кызылдар болуп эки топко бөлүнүп, желектерин ала качмай ойношот. Бул оюнду биз бала кезде ойночубуз, бизден мурдагылар да ойношчу, кайсы тарапта күлүк балдар көп болсо жеңиш ошолордуку. Ошол ойноп атышкан балдардан үчөө тердеп-кургап, мурундары дердейип, күшүлдөп-бышылдап мага чуркап келишти. Мен балдардын оюндары бүтүп, жөн эле келишкен экен деп ойлодум.

– Байке, тетиги жолдун ары жагындагы карагандардын арасында бир сыган жатат, бети-башы кан, – деди сары бала.

– Жерде да кан уюп калыптыр! – деди жанындагысы шашылып.

– Ал ким экен? – дедим. Бөлөк сөз оозума келген жок.

– Билбейбиз, таанылбайбыз, – деди сары бала эки колун жайып. – Сыган киши, ошояктан көргөм…

Чалгыны таштай салып, балдар алдыма түшүп, ошол топ караганды көздөй жүгүрдүк. Кетип баратып ар нерселер оюма келди, балким, Сашабы, Запылабы, же Вайда болуп жүрбөсүн…

Ойноп жүрүшкөн балдар элден мурда жүгүрүп караганга жетип, токтоп калышты. Мен келгенде сөөмөйлөрү менен карагандын түбүндө жаткан кишини көрсөтүштү. Эңкейип карасам Вайда экен, бети-башы кан, жашыл көйнөгү дал-дал айрылып, анысы да кан, шымынын алды жагындагы кан кургап калыптыр. Чымындар уюлгуп, учуп-конуп ызылдашат.

– Дем алып атат, тирүү экен, – деди балдардын бири.

Вайданын тирүү экенин мен адеп көргөндө эле билгем, оор дем алып жаткан.

– Жүгүргүлө, балдар, сыгандарга барып айталы, башчысына айтуу керек, – дедим.

Балдар дуу коюп сыгандардын турагын көздөй жөнөштү. Мен алардын артынан жүгүрдүм. Чаңга аралашып заматта жетип бардык. Табордогу төрт-беш сыган, арасында эркеги бар, ургаачысы бар, сыртка атып чыгышып, бизди карап калышты. Ырас, булардын ойлоруна бир жамандык кетиши да мүмкүн, элейип-элейип, кабатырланган түрлөрү бар.

Балдар таборго жеткенде бардыгы токтоп, артка кылчайып, мени күтүп калышты. Мен сыртта турган сыгандарга көңүл да бурбастан, түз эле Миколанын чатырына бурулдум. Микола мамык торлуу керебетте жатыптыр, аяк жагында бир жаш келин чагымда бутун ушалап олтургандай. Менин кабатыр болгон түрүмдү көрүп:

– Эмне болду ? Тынччылыкпы? – деп ордунан тура калды.

– Вайда… Вайда жатат, жарадар, – дедим энтигип.

– Эмне болуп… – Микола батиңкесин коңултак кийип, сыртка атып чыкты. Сыртта айылдын жаш балдары турган жардашып.

– Ушул балдар көрүп, мага айтып келишти, – дедим. Микола уктубу, уккан жокпу:

– Каерде? Кайда? – деди.

Топтошкон балдар Вайда жаткан алиги караганды көздөй жүгүрүштү, Микола экөөбүз артынан баратабыз. Биздин артыбыздан эмне болуп кеткенине түшүнбөгөн сыгандар келатышат эркек-аялы аралаш. Балдар чу койгон бойдон карагандын түбүнө келип токтоп

калышты. Артынан биз, бизге удаа калган сыгандар келишти. Карыгандары, кеселдери чуурап келатышты. Биз жеткенде тегеректеп турган балдар четке чыга беришти бизге жол бошотуп. Микола экөөбүз Вайданы коомай көтөрүп, карагандын түбүнөн сыртка алып чыкмай болуп эңкейе бергенде сыгандардын бир-эки жигити биз менен кошо кирип, төртөө-бешөөлөп ачык жерге алып чыктык. Вайданын сүйлөөгө чамасы жок, көзүн ачып карап, кайра жумуп алды, абалы оор экендигин сездик.

– Районго догдурга алып баралы, арабаны чеккиле! – деди Микола сыгандарына.

Сыгандардын эки-үч баласы арабаны айдап келгенге таборго тыз коюшту. Вайданын эжеси менен энеси жарадардын жанынан чыкпай буркурап ыйлашып, чачтары саксайып, көздөрүнүн жашы салаа-салаа. Өздөрүнүн тилинде бирдемелерди айтып атышат, бирок ал сөздөрүн ый улам жутуп коёт.

Аңгыча айылдын адамдары да аттуу-жөөлүү болуп жетип келишти. Бардыгы эле: – Эмне болуптур? – деп сурашат. Эмне болгонун билген киши жок, ар кимдин башында ар кандай туман айланып жүрдү. Ырас, сыгандар жергиликтүү кишилердин колунан келген иш болуу керек деп ойлошту. Айылдыктардын деле айрымдары ошондой деп түкшүмөлдөшү бышык. Бирок ким экенин анык билген жан жок.

– Соо бекен? – деп жаңы келгендерден үчөө-төртөө айтып жиберди. Бир жолкусунда:

– Көрүп турбайсыңбы, жарадар болуп атпайбы, – деди мурда келгендердин бирөө.

– Аны көрдүм, көзүм жок бекен! – деди жигит таарынган үн менен.

– Анда эмнесин сурап атасың көрүп турсаң? – деп берки айтты.

– Соо бекен же маспы дебатам, – деди тиги.

– Ким билиптир, барып жыттап көр, – деди берки. Ошо бойдон бул суроонун жандырмагы табылды окшойт, эч ким кайрылып үн катпай калды.

Эл бир заматта толуп кетти. Атчаны, жөөлөрү, балдардан чоң кишилер, чоңдордон балдар көп. Баары эле Вайданын кебетесин көргөндөн кийин баштарын чайкап, боор ачып турушту. Бир кезде бизге тууган Жуман деген жигит:

– Эй, буер эмне, циркпи?! Оюн көрүп аттыңар беле? Тарагыла! – деп бир кыйкырып алды. Бирок топтошкон эл анын кыйкырыгын чымын чаккандай да көргөн жок. Эч кимдин тараганга оюнда да жок эле. Жуман сыгандардын табор башчысына бурулуп: – Эй, Микола, – деп аны өзүнө каратты. Караганда: – Догдурга алып барыш керек районго. Буердин догдурунун алы жетпейт, колунан келбейт, – деди.

– Арабага кетишти, азыр келишет, – деп Микола табор тарапты карап койду.

– Араба болбойт, алып жүргүлө менин машинеме, тезинен жеткирбесе болбойт, – деди.

Үч-төрт жигит Вайданы көтөрүп, машиненин арткы олтургучуна кыйшайтып жаткырышты, Вайда көзүн жартылай ачып, онтоп жиберди, жарааты ооруп кеткендей болду. Машиненин ичине Миколага кошулуп Вайданын энеси олтурду, башка орун болбоду. Вайданы өйдөлөтсө эле онтоп жиберип атты. Жуман машинени айдап, районго жөнөп кетип, Микола экөө кечинде кайтышты, Вайданын жанында энеси калыптыр. Ооруканага жеткенде укол сайгандан кийин Вайда эсине келип, бирок сүйлөөгө чамасы жетпей, андан калса догдурлар да сүйлөткөнгө уруксат бербей коюптур. Микола менен энеси экөө Вайданы аттан жыгылып, үзөңгүдөн буту чыкпай калып, ат үркүп, тепкилеп салыптыр деп айтышып, эмне болгонун өз оозунан угалы деп сүйлөшүптүр.

Саша менен Запыладан дайын болбоду. Сыгандар туш-туштан издөө салышты. Айылдын үстүндөгү кокту-колоттон эчтеме калбады, караган-черлердин түбүн аңтарышты. Бактын ичин сыгандардын баары, бала-чака дебей эки күн кечке тинтишти, табылбады. Суу бойлоп, тосмого чейин издешти, өлүү-тириси билинбеди. Сыгандар бул окуяны айылдыктардан көрүп атышканы сезилип турду, сыртынан билдирбегени менен ичтеринен бизди жаман көрүштү. Аттарын уурдатпаганда мурда эле көчүп кетпейт белек дешти мурдагы айткандарын кайталап.

Вайдадан эмне сөз чыгат экен деп бардыгыбыз кулагыбызды түрөбүз. Андан жарыталуу эч нерсе уга албадык. Мен Миколадан эки-үч курдай сурасам ал билбеймин, Вайда жашырып айтпай атат – деп койду. Энесине да айтпаптыр деди.

Вайданын ооруканага кеткенине бир аптадан ашты, дагы эле эч нерсе дайынсыз, антти-мынтти деген сөз жок. Ал эми Саша менен Запыланы сыгандар издебей калышты, экөө Казакстанда жүрүптүр деген сөз кайра тарады. Айылдыктар менен сыгандардын аттарын уурдашкан ошол экөө экен, Вайда айтам десе, тигилер аны токмоктошуп, өлдү деп таштап кетишиптир, Вайда айтып койсом эми келип өлтүрүп салышат деп коркуп атыптыр дешти.

Деп туруп эле бир аздан соң кайра бир башка сөз чыгат: булар сыгандардын бөлөк табору менен каршылашкан жайы бар экен, аттарды да ошолор уурдап, Вайданы сабагандар да ошолор, берки экөөнү байлап туруп кулдукка алып кетишиптир дешет.Эки күндүн биринде жаңы сөз чыгат.

Бир айдан ашып, Вайда ооруканадан чыгып келди. Какыс айыгып кетпесе да баскан-турганы тың, сол колу али гипсте экен, сыныптыр. Маңдайында тырык калыптыр, баш сөөгүнүн терисин тигишиптир. Ал келгенде сыгандар турсун, айыл бир дүрбөп алды, эми окуянын анык чоо-жайы угулат деп күтүштү, бирок сурагандарга Вайда аттан жыгылдым деп айтыптыр. Башка сөз айтпайт. Сыгандар жашырып атышат, сүйлөшүп алышыптыр дешти айылдыктар.

## XII

Жай капортолоп калды. Анан бат эле күз келет. Сыгандар ошол күздө кетет. Бирок жоголгон баягы аттары да, Саша менен Запыласы да жок, жер жутуп кеткендей дайынсыз. Айылдыктардын да аттары табылбады. Эми эки тарап тең аттардан түңүлүп калышты, сатса, сойсо да жок болду деп калышты.

Сыгандар менен айылдыктардын мамилеси сууп, сыгандарды кеткиле, кетпесеңер анда чатак чыгарып кууп салабыз деп турганда сыгандардан экөө дайынсыз жоголуп, Вайда өлүп кала жаздаганда догдурга жеткирип, аман калгандан кийин айылдыктар кысым көрсөтмөк тургай, сыгандарга кошулуп жоголгон эки баласын жердин түбүнө чейин издешкен. Ошондон кийин ортолору кайра жакындай түшкөндөй болду. Деген менен баары бир эки тараптын тең көкүрөктөрүн өйүп турган бир бүдүр кетпей койду. Айылдыктар эки бирдей күлүк атынан айрылганын барып-келип сыгандарды күнөөлөшөт, сыгандар болсо бул жерге токтобой кетип калганда балакеттен оолак болмок экенбиз дешип күңк-мыңк.

Мен шаарга барып, окууга документтеримди тапшырып келгем. Экзаменге үйдө жүрүп даярданмай болдум, аскерде кызмат өтөп келгендерге жеңилдиктери бар экен, андан калса мектептен музыкалык алган билимим, аскерде да музыкалык ротада кызмат өтөгөнүмдүн чоң жардамы тийди. Документтерди кабыл алып отургандар конкурстан тышкары кабыл алынасың – деп айтышты. Көңүлүм көтөрүлүп, чочулабай калдым.

Шаарда төрт күн жүрүп келдим. Айылда эч кандай жаңылык болбоптур, бардыгы эскиче: аттар табылбаптыр, эки сыган жигит жок, Вайда болсо аттан жыгылдым деген сөзүнөн бөлөк эчтеме айтпайт. Кимдин эмне болгону туңгуюк боюнча экен.

Болгону мени бир күнү Карина издеп келиптир, аны апам айтты. Шаарга кеткен десе, биротоло кеттиби деп сураптыр, жок, окууга кагаздарын тапшырып кайра келет деп айттым – дейт.

Азыр айылда жумуш деле жок, чөп чабылган, жыйып алганбыз, короо сугарылган, эми дагы бир же эки сугарып, анан күздө жыйып алабыз. Ошо менен кышка кирип барабыз. Мен ал кезде шаарда окууда болуп калам.

Үйдө отуруп жадап кеттим, сыгандар жакка басып барып, Миколага жолугуп, ал-жайды сурап коёюн деп таборго баратсам жолуман Тунга чыкты.

– Салам, Алик! – деди кыйкырып.

– Салам, Тунга, – дедим жылмайып.

Кыз мени качырып келип, кучактап калды, оңтойсуз боло түштүм. Ал менин бетимен бир чоп эттире өөп алып:

– Өх, сагындым, – деп дагы өптү.

– Микола аке барбы? – дедим. Оозума ушул сөз келди.

– Ал жок, районго кеткен кечээ, бүгүн кечте келет. Эмне жумушуң бар эле?

– Учурашайын дегем.

– Шаардан качан келдиң? – деди кучагын жайып. Мен бир кадам артка жылдым.

– Кечээ.

– Окууга кетти дешкен сени, кайра келдиңби?

– Кайра кетем, документтеримди тапшырып келдим, эми сынак болот, ошол сынактан кийин чечилет.

– Мен сени таптакыр кеткен экен деп ойлогом. Эми окууң качан болот анда?

– Ошо сынактан кийин, сынактан өтсөм окуп калам, өтпөсөм анда дагы көрөм да…

– Эмнени көрөсүң?

– Тагдырга жазганын көрөм, – дедим.

– А мен кантем? – деди кыз.

Мен эмне дээримди билбей, оозуман сөзүм түшүп, делдейип калыптырмын. Делдейип турсам ары жактан Карина көрүндү, колунда бош баштыгы бар экен, дүкөнгө баратса керек, ал бизди көрүп, кайрылып басты.

– Кайда баратасың, дүкөнгөбү? – деп сурады кызы.

Энеси башын ийкеп койду, анан мага бурулуп:

– Көрүнбөйсүң да? – деди.

Мен шаарга барганымды, окууга кагаздарымды тапшырып келгенимди айттым.

– Жакшы болуптур, окуп алганың жакшы, – деди. Башка сөз айткан жок, жолун улап басып кетти. Ал басып баратканда:

– Миколага келдим эле учурашайын деп, жок экен, Тунга айтты, – дедим.

Карина токтоп калды жан чөнтөгүн сыйпалап:

–Акчам үйдө калыптыр, алып келе койчу, – деп кызына айтты да мага: – Районго милисага кетиптир, – деди.

– Милисагабы? – деп сурадым.

– Чакыргын үчүн кетти да, болбосо өзү ал жакка жолобой калсын, – деди Карина күлүп. Анан кызына: – Бар, барып келчи, тезирээк жөнөчү, – деди.

Тунга жүгүргөн бойдон таборго кетти.

– Сен баягы чатак жөнүндө уктуңбу? – деди мага.

– Кайсы чатак? – дедим түшүнбөй.

– Мени жаманатты кылышкан чатакчы, Запылага айтып, сени сабаттырмак болгончу…

– А, – дедим эми эстеп. – Жок, укпадым. – Кулак түрүп калдым.

– Билбейм, айтор, райондун милисасы чакыртыптыр, балким, Запыла менен Сашанын же бая жоголгон аттардын чатагыбы, эмнеси болсо да угабыз го… Бирок Алик, сен жөнүндө менин чатагым жок. Мен андай эмесмин…

– Апа, акчаң каерде эле? – деп кызы кыйкырды чатырдан башын чыгарып.

– Чөнтөгүмдө, кемселдин чөнтөгүндө! – деди апасы. – Кызы чатырга кайра кирип кеткенде Карина мага: – Ошо, Алик, эми сен окууга кетсең, биз да буерден кетебиз…

– Апа, таппай койдум! – деп кызы кайра кыйкырды сыртка чыгып.

Карина төш чөнтөгүн сыйпалап:

– Ай, келе бер, жанымда экен! – деди акчаны алып чыгып.

Кызы күңкүлдөп, мыңкылдап кайра жүгүрүп келатканда аял мага бирдеме айтмакчы болуп бурула бергенде:

– Дайым ушинтип басып жүрөсүң бирдемеңди унутуп салып! – деди кызы ачуулангандай үн менен.

– Эмне, бутуң түшүп калдыбы? – деди энеси акшыя карап. Анан баарыбыз тең үнсүз туруп калдык.

–Алик, окууга өттүм дебатасың, куттуу болсун, – деди Карина кызынын көзүнчө мени менен сыпайы мамиледе экенин көрсөтмөк болуп. – Жүрү, – деди анан кызына, – кеттик…

Карина кызын атайылап туруп дүкөнгө жумшап жибергенин баамдадым. Анан тетири бурулуп, үйдү көздөй кеткен жолго салдым, Карина менен Тунга экөө дүкөндү көздөй кетишти. Мен улам артымды кылчайып карап баратып, эки-үч жолу Тунганын, энесинин да кайрылганын көрдүм. Дүкөндүн бурулушуна жетишкенде экөө тең мени кайрылып карап калышты. Тунга колун булгалап, алаканын өөп, мени көздөй үйлөп койду.

## XIII

Микола эртеси эмес, анын эртеси келди. Милисадан келиптир деген кабар айылга дуу тарап кетти. Мен кечкурун барып жолуктум Микола акеге. Ал жарыталуу деле эчтеме айткан жок, милисадан жоголгон аттар, жоголгон балдарды сурады деди. Анан ал аерден бат эле чыгып, райондо жашаган бир досунукунда үч күн жүрүптүр. Түйшүк басып турганы кебетесинен көрүнүп турат, бир сөз айтса, ичинде он сөзү жашырылып атканы байкалды.

Ошонун эртеси айылдын үстү жагындагы жемиш бактары ушул кезге чейин сакталып калган илгерки орус көпөсүнүн чарбагынан баягы жоголгон аттар табылды. Баары тең тың, эттенип алышыптыр. Аттар жоголгондон бери жакшы багууда болсо керек, антпегенде мынчалык семиришпейт болучу. Жок издешкен айылдыктар менен сыгандар бул эски чарбактын кычык-кучугунан бери тытып карашкан болучу. Буерге түндө алып келип коё беришкен окшойт. Аттар азоо тартып, жапайы боло түшкөндөй. Аттын ээлери келип, кармап алып кетишти.

Күн бешим оой Микола келди биздикине.

– Алик, мен атайын келдим сага, мени айылдын аксакалына жолуктур, айтаар сөзүм бар, – деди.

Эмне сөз экенин сураганым жок, айылдагыларга а-бу деп ынтымыгына көз-баш боло коюп жүргөн Сабырбек деген абышка бар болучу, Микола акени ошого ээрчитип бардым. Сабырбек карыя сыртта чарбагында жүрүптүр, салам айтып жанына келдик. Сыгандардын сөзү бар экен, ошону айтканы келди дедим.

– А, Микола, – деп ал табор башчыны карап калды.

Микола эки колу менен Сабырбек карыянын оң колун коё бербей кармап турган боюнча:

– Аксакал, мен силерден кечирим сураганы келдим, кечирип койгула, – деп башын ийди.

– Эмне болду эле? – деп карыя мени карады. – Тынччылыкпы?

Мен билбейм деген кыяста ийинимди куушуруп четке бир кадам таштадым.

– Кечиргиле, – деди Микола сөзүн кайталап. – Биздин сыгандардын айрымдары атыбыз жоголгондо силерден көрүшкөнү натуура экен. Күнөөңөрдү бекер көтөрүппүз, кечиргейсиңер…

– А, ошол элеби? – деди Сабырбек карыя эми Миколаны карап. – Кечиримдүү, кечтик… Бу күнөөнү мойнуна алып, кечирим сурагандын күнөөсү жуулат… Сен да кечирип койгун, – деди Сабырбек карыя Миколанын колун силкилдетип, тике карап. – Биздин айылдагылар аттары жоголгондо сыгандардан көрүшкөн, муну

ачык айтып коёлу. Чатак чыга турган болуп барып токтогон. Ачууга алдырганда уят болмок экенбиз. Жүз көрүшпөй, ишеним кетмек. Кечирим бергин Микола, сен дагы…

Анан экөө айкалыша кучакташып, үч ирет жаак тийгизишти. Бул кечириштик деген белги эле. Сабырбек аксакал менен коштошуп, таборду көздөй бастык.

– Саша менен Запыладын дайын барбы, Микола аке? – деп сурадым.

– Жок, белгисиз, – деди ал. – Балким, бир күнү келип калаар, бу аттардан деле түңүлүп калбадык беле…

– Анда жакшы болор эле, – дедим чын пейилден. – Вайда эмне дейт? – Бул суроону айтсамбы, айтпасамбы деп туруп оозуман чыгып кетти.

Микола терең үшкүрүнүп алды. – Вайда эмне десин, аттан жыгылдым дейт. Ошо. Тиги экөөнү көргөн эмесмин дейт. Башка сөзү жок.

– Энесине да айтпаптырбы?

Микола тилин «шык» эттирип, башын чайкап койду. Мен мунусуна ишенген жокмун. Жашырып атат дедим ичимен.

– Бахия чоң эне бал ачпайбы? – дедим. – Аттар жоголгондо бал ачып, бардыгы тирүү жүрөт, таап аласыңар деген турбайбы…

– Кереги жок, эгер жаңылып калса, анда балдардын өмүрүнө зыяны тиет, кайрылбай калышат. Карта ачпагын дегем, өзү деле билет, төлгө салбайт балдарга…

Экөөнүн кайда жүргөнүн билет экен деген оюм дагы бекемделди. Чындап эле белгисиз болсо, мынтип кайдыгер сүйлөмөк эмес.

– Өзүң окууга кетип атасыңбы? – деди таборго жакындап калганда.

– Азыр эмес, күзгө чукул, – дедим кыска жооп берип.

– Бардыгы жайында болсо, аттар деги табылды, таптырбай эле өздөрү келди, – деп тактап айтты. – Эми балдар аман-эсен болсо суукка калбай, жылуу жакка жылып кетет элек.

– Жылуу болгондо каер? – деп сурадым.

– Былтыр Египетке барганбыз, быйыл билбейм…

– Алыс турбайбы, – дедим таңгалып.

– Алыс, антпесек буерде кыштын суугунда тоңуп калбайбызбы. Бала-чака, катын-калачтар бар…

Биз аркы-берки сөздөрдү айтып, дагы бир азга турдук. Аттар табылгандан кийин бирөө менин мойнумдагы жүктү алып салгандай жеңилдей түштүм. Саша менен Запыла деле бир күнү шоп этип кирип келишет деген көкүрөгүмдө бекем ишенич пайда болду. Айылдагылар да, сыгандар да аттарга сүйүнүп жүрүштү. Эмне болуп удаа-удаа жоголуп кеткенин эч ким териштирген жок. Баарынан

да сыгандардын башчысы Микола өзү келип, кыргыз айткандай улуу башын кичүү кылып, кечирим сураганына айылдыктырдын бардыгы ыраазы болуп турушту. Мурдагыдай чочуламак тургай кайра сыйлап калышты. Балдары аман-эсен келсе, бир бука союп, сыгандарды сыйлайбыз деп чечишти. Атүгүл бул сыгандардын тукуму бөлөк экен, элди алдагандар башка тукумдагы сыгандар, булар да кыргыздар мисал уруу-уруугa бөлүнүшөт турбайбы, биз анысын билбей эле сыган десе чочулап, ишенбей жүргөн экенбиз деген сөздү айтышты. Ортодогу сууп калган мамиле кайра ымалаша баштады.

Андан үч күндөн кийин китебимди алып, бактын ичине бардым да аралап жүрүп, бир жайлуу жай таап, жатып алып окусам оңтойсуз болгондон эки бутумду сунуп олтуруп алдым. Адегенде парандалардын түркүн үндөрү угулуп атты эле, бара-бара кулакка көндүм болгондон кийин алар сезилбей калды. Анан талыкшып, үргүлөп, бир кезде китепти башыма жазданып уктап алайын деп ойлоп, бирок алиги түнкү окуя эсиме түшүп, ордуман шарт турдум да уйкумду ачыш үчүн муздак сууга чөмүлгөнү өзөн бойлоп жөнөдүм. Бир кезде Тунга экөөбүз сууга түшкөн баягы жерге жетип токтодум. Суунун шапатасынан уйкум ачылып кетти. Чоң таштын үстүнө олтуруп алып китептин бетин ачсам, ар нерселер ойго түшүп, окуй ала турган эмесмин. Аркы-берки баш-аягы жок бирдемелерди ойлонуп олтура бердим.

– Эй, моряк,
Сен өтө узакка сүздүң,
Мен сени күтүп,
Акыры үмүтүм үздүм,
Ля-ля-ля-ля-а…

деген үн чыккан жакты карай салсам ойсоктоп Тунга келатыптыр, мени көрүп ырдаган экен.

– Сууга түшкөнү келдиңби? – деди.

– Ооба, – дедим.

– Мен сени аңдып жүрөм, – деди кыз күлүп. – Китепти окуй албай уйкусу келсин деп сыйкырлагам, дал ошондой болду. Анан экөөбүз сууга түшкөн жерге келсе, анда мени сүйөт экен деп төлгө салгам, бардыгы мен ойлогондой болду. Сени сыйкырлап коюш опоңой экен. – Кыз жаныма олтуруп: – Сууга түшөлүбү? – деп сурады да көйнөгүн чече баштады. Менин кыймылсыз олтурганымды көрүп: – Чечин, Алик, – деп эмчек тарткычын оңдоп, ичин ачып үстүнөн карап, мага көзүн кысып койду. Мен анысына кайдыгер болгон түр көрсөттүм.

Тунга муздак суунун жээкке жакын жай аккан жерине барып чөмүлүп-чөмүлүп алып, чоң боз таштын үстүнө келип көмкөрөсүнөн диңкийип жатып:

– Ой, ий, таштын ысыгын айтпа! – деп ташка көкүрөгүн такап, эки колун жайып кучактап жатып алды. Мен да чечинип, сууга чөмүлүп, катарындагы таштын үстүнө олтурдум. Таш чын эле ысык экен, туруп барып үстүнө суу сээп, салкындатып олтурдум.

– Эмне, Алик, күйгүзүп ала таштадыңбы? – деди кыз күлкүсүн тыя албай шылкылдап.

Анын таап айтканына мен да күлдүм.

– Күйгүзө көрбө, – деди кыз дагы эле күлүп атып, – ал экөөбүзгө тең керек, аны күйгүзүп, иштен чыгарып салсаң анда сен керегиң жок болуп калат…

– Сен жаткан таш да ысык эмеспи… – дегенимде сөзүмдү аягына чейин айттырбай Тунга:

– Ошо ысык өтсүн дебатам, – деп кайра шылкылдады.

Бул сөзүнө мен көпкө каткырып күлдүм.

– Бүгүн сенин бутаны жаза атпаган күнүң окшойт, аткан сайын он упай…

– Сүйөм деп жалынып-жалбарып канча айттым, такыр эле ийибей койбодуңбу. Сага ушундай айткан жакса керек, көңүлүң жаркып, күлүп калдың.

Бул жашабагыр артыман аңдып келгенин карабайсыңбы… Ушуларды ойлоп атканда:

– Алик! – деди кыз бир кезде чалкасынан оодарылып.

– Эмне? – дедим башымды көтөрбөй.

– Сен мени алсаң, табордон кетет элем, – деди. – Жададым. Мени табордон кутултсаң боло…

– Баары бир тобордү сагынасың, денеңде сыгандын каны ойноп турбайбы, – дедим чынын айтып.

– Сенин каның менен аралашканда меники жеңилет. Мен сени катуу сүйгөндөн кийин сага баш ийип калам. Түшүндүңбү, ошондой болот, – деди кыз ишеничтүү. Анан өйдө болуп таштын үстүнө эки бутун сунуп коюп, сандарын ушалап: – Мени албасаң биз көчүп кетип калсак өмүр бою арманда болом. Сыган болгонум үчүн үйлөнгүң келбей атат, мен аны билем…

– А эмне, мага тиейин деп жүрөсүңбү? – дедим атайын.

Кыз бул жолу акыл токтотуп сүйлөдү:

–Алик, алсаң тиймекмин, сыган болгонум үчүн албайсың да.

–Билет турбайсыңбы анда, – деп оюмдагыны айттым.

Кыз менин сөзүмдү уктубу, уккан жокпу, билбейм, унчукпай туруп калды.

– Аттар табылса көчөт элек деп жүрбөдүңөр беле, эми көчөсүңөрбү? – дедим.

– Билбейм, – деп кыз ийнин какты. Анан: – Саша менен Запыла табылгыча ушерден кетпейбиз го, – деди кошумчалап.

– А... аның туура, – деп койдум көңүлүн улап. – Аттарды ким уурдады дебатышат?

– Ага башыңды оорутуп эмне кыласың, андан көрө өзүңдүн маселеңди айткын. Жоголгон аттар табылды, аттын ээлери сүйүнүп жүрүшөт...

– Мейли, сүйүнө беришсин, табылганы жакшы, бирок мен да жаманатты болгом ушак-айың кепке калып, – дедим.

– Запыла менен Саша уурдаптыр дебатышат, мен ошону гана билем.

– Анда алар аттарды каякка катышыптыр мынча күн?

– Ошентип айтыбатышат. – Кыздын үнү кайдыгер чыкты. – Ошон үчүн экөө качып жүрүшөт дейт. Вайда мас болуп алып айтам десе тиги экөөлөп сабап туруп, өлдү деп таштап кетишиптир. – Кыз бир топко чейин унчукпай олтуруп калды, анан: – Алик, кел, экөөбүз качып кетебиз, – деди.

– Каякка? Эмнеге? – Бул айтканына чындап эле таң калдым.

– Алыс, алыс жактарга кетебиз. Экөөбүз эрди-катын болуп жашайбыз. Мен сага канча десең ошончо бала төрөп берем. Балалуу болгуң келеби?

– Келет, – дедим кыска.

–Анда болду, качып кетип, баш кошуп алабыз. Көп балдарыбыз болот. Кээ бирөөлөрдүн ичтери күйөт биздин балдарды көрүп... Салтанаттарга барганда экөөбүз бийлейбиз элдин оозун ачырып... Мен өзүм сыган болуп туруп, сыганга тийгим келбейт, сыганга тийсем табордон чыкпайм, өмүрүм табордо өтөт. Кыштыр-жайдыр көчүп-конуп жүрөсүң... Мен үй-жай күтүп жашагым келет... Экөөбүздүн балдарыбыз сулуу болот. Алардын бардыгын окутабыз, жакшы тарбия беребиз...

Кыздын үмүтү жакшы экен деп ойлодум ичимен.

– Эмне унчукпайсың? – деди кыз.

– Максатың жакшы экен, – дедим да ордуман туруп, кийинип, үйгө кетмей болдум.

– Кеттиңби? – деп сурады кыз.

– Ооба, кетем.

– Андай болсо мен да кетем, – деп кыз көйнөгүн алып, ары, бадалдын далдоосуна кетти суу болгон ич кийимдерин которгону. – Алик, токто, чогуу басалы! – деп кыйкырды.

Экөөбүз аркы-беркилерди сүйлөшүп, токойдон чыгып, мен үйгө бурулуп, ал таборуна кетти.

# XIV

Жайдын аптап мезгили өтүп, мезгил күз таяп калганы менен ысык кеткен жок. Көзүм ачылды деген билармандар быйыл кыш болбойт, жаз эрте келет деп айтып жүрүшөт. Айылдыктар мындай кабарга сүйүнүштү, ал эми сыгандар биз буерде кыштабайбыз, жылуу жакка кетебиз, бизге баары бир дешти. Бирок алар да кеч калбай, эртелеп жылып кетсек экен деп жүрүшөт. Буларды кармап турган Саша менен Запыла болду. Табор башчы Микола аке трашманкесине олтуруп, Вайдага айдатып, эки күндүн биринде районго каттап калды. Уурдалган баягы аттар менен жоголгон эки сыган балдарга сурак берип жүрүптүр деген сөз тарады. Микола акенин өзүнөн сураганга оозум барбады аңдып жүргөндөй болбой. Менин да окууга кетериме улам жакындап баратты.

Бир аптадан бери Тунга көрүнбөй калды, ал мага эки-үч күндө бир жолу ылайыгын таап жолугуп турчу. Мен ага көнө түшүпмүн, коңултуктап калдым. Энеси Карина да көрүнбөдү. Булар бир жакка кетсе керек деп ойлоп койдум. Балким, Микола аке менен чатакташа кетип, биздин башыбыз бош, таборуңа күнүбүз түшүп калыптырбы – деп басып кетиши да мүмкүн. Андай болсо Тунга мага, сөзсүз, жолукмак.

Чыдай албай Микола акеге келип, чатырына кирип учурашып, олтуруп калдым. Жөн-жай сурашып, акыры Саша менен Запыла жөнүндө сөз козгодум, анан Тунганы сурайын дедим.

Микола аке мени жакыныраак олтургун деп ишарат кылды, мен олтургучумду жылдырып, жакындап жанына келдим.

– Сенден жашыра турган эчтеме жок, Алик, – деди Микола аке мага эңкейип. Мен демимди ичиме тартып, тыңшап калдым.

– Тунга ооруканага түшүп калды, – деди Микола мени карап, – уккан жок белең?

– Жок, – деп чочуп кеттим. – Эмне болуп?

– Ошо, өлөм деп муунуп аткан жеринен көрүп калышып… дагы жакшы тирүү… ооруканадан эсине келди, энеси жанында.

– Эмне болуп? Жиндиби?.. Кантип? Эмне үчүн? – Башка сөз оозума келбеди.

– Билбейм. – Микола аке эки алаканын жайды. – Себебин эч ким билбейт. Ошо, Алик, иш ушундай…

Көкүрөгүм бопбош болуп, башым кеңгиреп кетти.

Эртеси райондун борборундагы ооруканага бардым. Догдурлар палатага кийирбей койду, энеси Карина чыкты. Мени көрүп ыйлап жиберди. Менин да көзүмөн жаш ыргып кетти.

– Ахбалы кандай? Эмне болду? – деп сурадым.

– Кимден уктуң? – деди Карина.

– Микола акеге учурашайын деп барып, ошерден, – дедим.

– Ошо… ушундай иш болуп кетти. Себебин билбейбиз, айтпайт, – деди Карина ыйламсырап.

– Палатага кирсем болбу? – дедим.

– Өзүнөн сурайын, – деп Карина ичкери кирип кетти. Анан бат эле кайра чыкты, бул жолу анын көңүлү ачык экенин байкадым. – Кир, Алик. – Каалганы кең ачты.

Тунга керебеттин үстүндө олтуруптур. Аз эле күндүн ичинде жүдөп, арыктап, жайдары мүнөзүнүн бири жок, бир нерседен корунган күнөөлүүдөй көрүндү. Заматта өзгөрүп кетиптир. Эки көзү тең шишиген. Өтө кыйналып калса керек. Мен салам айтып, чекесинен өптүм. Менин келишиме кайдыгар мамиледе экендей сезилди. Эмне болгонун оозум батып сурай албай койдум.

– Микола акеден уксаң керек? – деди мага.

Үн катпай, башымды ийкедим.

– Аликке бир ооз сөзүм бар эле, – деп энесине кайрылды. Карина тышка чыгып кетти.

Тунганын кебетесине боорум ооруп, оозун тиктеп олтура бердим.

– Алик, сен мени кечир, ушундай болуп калды, – деп ыйлап жиберди.

– Эмне үчүн анттиң өз жаныңды кыйып? – деп сурадым. – Өмүр бир эле жолу берилет деп өзүң айтпадың беле?

–Айткам, эми да айтам. – Кыз жаш толгон көзү менен мени карады. – Ал сөзүмөн айныбайм. Сен муну мени аяганың үчүн айтыбатасың, билем…

Бул сөзүнө эмне жооп кайтармак элем, кыздын жаштыгы мага аянычтуу болуп турду.

–Алик, мен сага жашырбай айтып берейин, бирок өз ичиңде болсун, эч кимге оозуңан чыгарба. Айтпайсыңбы?

Дагы башымды ийкедим үнсүз. Анан Тунга көз жашын тыя албай мага ичиндеги сырын баяндады.

Туура бир апта мурда Микола аке кызды трашманкесине салып, райондун борборуна алпарып, кулагына алтын сөйкө, колуна күмүш билерик тагып, кымбат мейманканага жатышып, аерден ичкиликке кызыткандан кийин кыз менен бир төшөккө түнөп чыгат. Кыз эртеси соолуккан соң табордон эсине келип, бактын ичине барып, бир бутакка асылган жеринен чала жан бойдон түнү менен ооруканага жеткиришиптир. Кыз катуу намыстанып калыптыр.

– Сен антип өз өмүрүңдү кыйбай сотко бергин андай акмакты, – дедим.

– Анда өз абийирим кетет, бул сырды сен, мен, Микола акеден бөлөк эч ким билбесин, Алик, суранам, – деди кыз. – Турмуш деген мен элестегендей жапжашыл, жупжумшак, таптаза эместигин түшүндүм. Адамдардын тагдыры өздөрү эңсегендей, каалагандай болбойт экен…

Анан Тунга мени энеси Каринадан кызганып, Саша менен Запылага, Вайдага айтып, мылтык атып коркутуп койгула деп түн ичинде аңдытканын айтып, менден кечирим сурады. Мен башымды ийкеп коюп үнсүз олтуруп уктум.

Кыздын турмушка көз карашы мурдагыдай болбой, бир апта ичинде таптакыр өзгөрүп кетиптир, мен ушуну байкадым.

## XV

Эртеси шаарга жөнөдүм окууга. Кетээрде атайын Тунгага барып, аны менен коштоштум. Мен ага кайраттуу болгун, турмуштан өз ырыскың үчүн күрөшө билгин, эч убакта басынбай, башыңды өйдө көтөрүп жүргүн деп көкүрөктөгү акылымды айттым. Кыз ошентем деп көз жашын жеңи менен аарчып, менин көңүлүм үчүн жылмайып койду. Бул жылмайыш мурдагыга таптакыр окшогон жок.

Ошондон эки-үч күн өтпөй, Тунга ооруканадан чыгып келип, жайында экөөбүз сууга түшкөн жерге барып, баягы кызыл ташка олтуруп, үстүнө кара боёк менен «Сүйүү + Намыс» деп жазып туруп анан бууракандап кирип жаткан дайрага боюн таштаптыр. Сөөгүн эки күндөн кийин алты-жети чакырым жерден табышыптыр.

Муну укканда денем шалдырап, көкүрөгүм туз куйгандай ачышып, ошол ачуу нерсе жаш болуп, көзүмдүн кычыктарына толуп чыкты. Бир топко нес болуп олтуруп калдым. Эртеси жакын адамым кайтыш болуптур деп окуумдан суранып, айылга келдим. Тунганы христиандардын көрүстөнүнө көмүшүптүр. Мүрзөсүнө гүл койдум да оюм чакчелекей түшүп, боз топуракты тиктеп олтурдум. Чакчелекей түшкөн ойдон Тунганын элесин бөлүп ала албадым. Ошол бойдон көөдөнүм бопбош калып, үйгө кайрылбай кайра шаарга кете бердим. Жолдо келатып, Тунга кара боёк менен «Сүйүү+Намыс» деп жазган кызыл ташты мүрзөсүнүн башына алып келем деп чечтим.

Табор болсо кызды көмүшкөндөн кийин эле көчүп кетиптир. Ошентип, Тунганын айтып бергени өз ичимде сыр боюнча калды, энесине айткан жокмун, ал деле такып сурабады. Кээ бирөөлөр Алик үйлөнбөй койгону үчүн жанын кыйыптыр деп сөз чыгарышты. Энеси деле ошол ойдо калгандай болду.

**2012**



*Казак классикасынан*

**Мухтар АУЭЗОВ**

# КӨК ЖАЛ

**(Аңгеме)**

Кара-Адырга жакынкы чоң жар элсиз, ээн, бирок бул жар ошол айылдын чет жакасында жашаган ар бир койчуга аттын кашкасындай белгилүү боло турган. Анткени ал жар көп кайгылуу кырсыктарга себепкер болчу.

Кара-Адыр бүт жапырап өскөн караган-шактарга жана тобулгуга чүмкөнүп тургандыктан, баалуу аң терисинен жасалган тебетейге окшоп кетчү. Караган-шактардын уч жагы саргайыңкы тартып, назик көктөп, анан бүр ача турган. Жардын айланасына бүт бойдон ит мурун өсчү. Ошол үстү жагы сеңселген тикендүү караган-шак карышкырдын ийнин көрсөтпөй жаап кала турган.

Жар жактан соккон май айынын сыдырым шамалы бул аймактагы жаш чөптүн жана тоо пияздын аңкыган жытын алыска таратар эле. Калың бадалдар шыбырашкандай кургак шуудурап, түнт гана аркы-терки термелет.

Жаз аяктап калган кезде, ошол жардагы эски ийинге бир дөбөт, бир канчык карышкыр келди. Эски ийиндин ооз жагын суу жууп кеткендиктен, киши ийинге оңой эле сойлоп кирүүгө болор эле. Ошондуктан карышкырлар эски ийинге жанаша жаңы, мурдагыга караганда ооз жагын тарыраак ийин казды, эки ийиндин төр жагын кошуп, бириктирип алды.

Жаңы казылган топуракты эки карышкыр аркы-терки өтүп, бат эле жигин билдирбей таптап салды. Ошентип канчык карышкыр толук түлөпбүтөэлекте, бул жерге бозомук түстүү көк карышкыр пайда болду.

Эртең мененки жымжырттык, канчык карышкыр шыпыргы сыяктуу бийик өсүмдүктүн түбүндөгү калың ат кулактын үстүндө күнөстөп жаткан. Бул жер шамал тийбес буйга болгондуктан, күндүн ысыгы аны ныксыратып жиберди. Жырткыч үргүлөгөн калыбында кез-кезде тунарган көзүн ачып, эки жагын кулак түрө карап коёт. Бир жак бөйрөгү ичине тартылып, сүт толгон желиндери тирсиет. Жон териси дирт эте калып, желини тынымсыз бүлкүлдөйт.

Аңгыча бадал жактан акырын шытыраган дабыш угулду. Канчык карышкыр түлөгөн жүнүн сапырылтып, жаткан ордунан секирип турду. Азууларын арсайтып, күңүрт үн чыгарып, айбаттуу ырылдады. Бөлтүрүктөрү болсо төрт бутунун ортосунда чабалактады.

Ошол замат тосмо дубал сыяктуу жаш бадалдын арасынан чала-жан жаш козу учуп келип канчык карышкырдын алдына былч дейт түштү. Артынан удаалаш куйругун чатына кыпчып, чоң дөбөт карышкыр шек билдирбей чыга келди. Кызылала кан болгон тумшугун күнөөлүү немедей салаңдатып, канчыкты жыттады, а канчык болсо ушунчалык ач көздөнө анын кан болгон жаактарын жалап-жуктап жиберди.

Козу али чала жан болчу. Дөбөт карышкыр канчыгы экөө көз ачып-жумгуча аны жара тартып, үзүп-жулкуп, жаш этти бурчамга келтирбей бүкүлү бойдон сугунуп коюшту. Каардуу көк жашыл көздөрүнөн от жана түштү.

Козу этинин эч нерсесин калтырбай жалмап, жутуп, анан экөө топ кууралдын үстүнө боюн сулк таштап жата кетишти. Бир аздан кийин экөө жеген эттерин алмак-салмак кулгуп жатты.

Бөлтүрүктөр бирин бири жөөлөшө этке карай боортоктоп, бирин-бири түрткүлөшө ырылдашып, туш-туштан тыткылап киришти. Эң кийин туулган эки бөлтүрүк али көзүн ача элек болгондуктан, аларды энеси бооруна тартып, желинине жакындатып койду.

Эртеси чак түштө канчык карышкыр аттуу адамдардын дүбүртүн, туяктан чыккан табышты алыстан эле билди. Ошол замат бөлтүрүктөрүн ийинге бекитип, өзү жашынуу үчүн бадалга кирип кетти.

Адамдардын сүйлөшкөнү, аттардын басыгы улам жакындап келатты. Аттуу кишилер ийиндин так өзүнө чейин келишип, аттарынан секирип түшүштү. Койчулардын узун союлунун учу жерге тийген сайын дүкүлдөгөн үн чыгып жатты.

Канчык карышкыр тилин салаңдатып, жардын буйга жериндеги ит мурунга далдаланып, кыймыл этkенди өз көзү менен көрүп, көз ирмебей карап турду.

Бул эки буттуу жаныбарлар караңгы ийиндин ичинен бөлтүрүктөрдү биринен сала экинчисин сыйыртмактап тартып алып жатышты. Алар беш бөлтүрүктү ошол эле замат өлтүрүп салышты. Көзүн ача элек эки бөлтүрүктүн биринин арткы бутун жанчып туруп, козунун баш сөөгү жаткан жерге таштап коюшту. Жарадар бөлтүрүк боортоктоп сойлойт, каңшылайт, анан карышкырлар башка жакка алып кетет да, бул жерге кайрылып келбейт деп ойлошту. Эң кичинекейин өздөрү менен кошо алып кетишти.

Аттардын дүбүртү басылып, жар жак тынчып калды. Карышкырлар экөө эки жактан келип, боортоктоп жабыр тарткан бөлтүрүккө ырылдаша тиктеп алып, анан бирин бири айласы кеткенсип карашты. Ошол замат канчык карышкыр бөлтүрүгүн шап тиштеп, анан өргө карай жардан алыс секирди. Дөбөт карышкыр да тике секирип аны жандай жөнөдү. Ийин ээн калды.

Айылда Курмаш деген бала бар эле. Көзүн ача элек бөлтүрүк анын колуна тийди. Улгайган кишилер ал жөнүндө: «Көк бөлтүрүк көзүн ача электе адам колуна келди, мүмкүн, багууга көнүп кетер» – дешти.

Курмаш эртели-кеч бөлтүрүктүн жанынан карыш чыкпайт. Ага тамак куйчу таза ит аяк даярдады, мойнуна кайыштан каргы такты.

Бөлтүрүк айылга келгенден эки күндөн кийин көзүн ачты. Боз үйдө ага даярдап койгон эч нерсе жок, сырттан иттердин үргөнү угулуп, мурдуна кандайдыр буруксуган жыт келет. Түнкүсүн болсо Курмаш бөлтүрүгүн койнуна алып жатат. Ушул бөлтүрүгү үчүн жанындай жакшы көргөн чоң энесинен бөлүнүп, өзүнчө башка жата турган болду.

Көгүш түстөгү тиши курч, өзү араңжан бул жырткычты жалгыз чоң энеси гана өчү бардай жактырбайт.

– Карасаң, жерден боорун көтөрө электе кулагын тикчийтет. Бул али жетиле элек, жетилгенде азуулуунун өнөрүн көрүп ал, – дейт чоң энеси.

Бул сөзгө бала териге түшөт.

Жай ортологондо бөлтүрүк чоңоюп, күчтөнүп, айылдагы өзү теңдүү күчүктөрдөн эч айырмаланбай калды. Болгону жүнү үрпөйүңкү келип, бөрүбасардын эле өзүнө окшош. Ошентсе да айылда жашоо ал үчүн жеңил болгон жок. Курмаштын чоң энеси сыяктуу эле айылдагы бардык иттер аны менен келише алган жок. Үйдөн кичине эле алыстаса болду, арсылдаган кабаган иттер качан болсо тосуп чыгып, туш-туштан талап кирет. Курмаш ага болушуп, иттерди уруп ажыратканда короочу иттер ага наразы болгондой аргасыз четке чыга беришет. Ал эми бөлтүрүккө болсо айыл ичи түрмө сыяктуу кысылып, демигип кетет. Ал ээн талааны, жыты аңкыган көп түрдүү жапайы чөптөрдү, кең мейкиндикти эңсейт.

Бир күнү чоң үйдүн килейген кара дөбөтү Курмаш жокто бөлтүрүктү кууп жетип, көтөрө чаап көпкө чейин уйпалап тургузбай талады. Анысы аз келгенсип айылдын башка иттери да жетип келип, туш келди бутунан, капталынан тарткылап, жөн эле жүндөй тыткылашты. Туш-туштан жүгүрүп келген балдар, чоң кишилер араң ажыратышты. Уйпаланган, кордук көргөн байкуш бөлтүрүк, үй четине барып тескери карап турган калыбында азуу тиштерин арсайтып, бир нерсеге катуу ызырынгандай болду.

– Тигини, дудук… Кекирейген байкуш! – деди кишилер таңдана. – Бу күчүк азыр колунан келсе жерди тиши менен көсөп калбыр кылгысы бар.

Аялдар аны кубаттап кетти:

Ууру! Ошондуктан унчукпайт.

Бул да чындык эле. Бөлтүрүктүн соргоктугу Курмашты да таң калтырып, тынчсыздандыра турган. Курмаш дайым аны жакшы көрүп, тамакты айылдагы башка иттерге караганда көбүрөөк куя турган. А бөлтүрүк болсо эч качан тоё тамак жебегендей, өзүн ачкадай сезчү.

Аны айылдагы иттердин күн ысыкта да эшикте жүгүрүп жүргөнү көбүрөөк таң калтырар эле. Бөлтүрүктүн эки бөйрөгү, төш жагы чымырынан келип, кежигеси кадимкидей өсө түштү. Ал дайым ачка калгансып үй ичин жыттагылап, жылма кара тумшугун жерден алчу эмес.

Киши карап турганда ал тамакка тийбейт, дайым тескери бурулуп кетет. Киши мындай басары менен алдындагы тамакты заматта жалмап бүтүп, эч нерсе ичпеген немедей ит аягын каранып туруп калчу. Бир нерсени сугалактык менен жалмап, жутканы кимди да болсо таң калтырар эле. Бирде бышкан этти ашканадан чала бекиткен жеринен таап жесе, бир туруп казандагы эжигейге башын салат, же жаңы союлган малдын терисин керегеге илген жеринен тыткылап кирет. Ушулардын баарын ага арнап коюп койгондой сезет.

Көп убакта уурулугунун үстүнөн кармалып калар эле. Андайда аны тоголото чаап, эч ким аёочу эмес. Ал үбөлүктүн башына «каңк» этип тийгени да, абаны жара ышкырып келип тийген камчыны да «татып», баарын өз башынан өткөрдү. Мындайда ал тез буйтап качат да, анан үнсүз гана тиштерин арсайтып айбат кылган болот. Катуу таяк жесе да, бир да жолу каңшылаган учуру болгон эмес.

Айылда бөлтүрүк жөнүндө көп эле сөздөр айтылат, ал түнкүсүн иттерге байкатпай короодогу койлорго кирип, козулардын куйругун жыттагылап, койлорду үркүтө берет имиш. Кимдир бирөө анын жашынып талаага качып баратканын да көрүптүр.

Курмаш айылдагы мындай сөздөрдү укса да, укмаксан болду. Бөлтүрүктү Курмаш канча жолу тарбиялап үйрөтүүгө аракеттенсе

да, ал уурулук менен ээси өзү берген оокаттын айырмасын ажырата түшүнбөй койду.

Көксерек Курмаштан коркчу эмес, анын көзүнчө тартынбай берген тамагын ичүүчү. Качан Курмаш бөлтүрүккө эт сунганда ал албай, четинен тиштеп үзүп ала турган. Курмаш бир да жолу бөлтүрүгүн башка иттерге окшотуп уруп көрө элек. Бала бөлтүрүктүн эч кимге жагынбаганын, кашкөйлүгүн, күн санап өсүп, желке жүнү карайып сүрдүү көрүнө баштаганын өз ичинен жактырар эле, өзүнүн бул сүйгүнчүгүн Көксерек деп атоочу.

Жай ортологондо Көксерек айылдагы иттерге анча-мынча гана окшоп калды. Шыйрагы торпоктукундай узун, мойну өгүздүкүндөй быкжыгый келип, баарынан чоң. Баарынан да итке окшоп куйругун көтөрбөй түшүрүп жүргөнү аны ого бетер бийик көрсөтүп, жону, кежигеси дүңкүйүп жааны элестетет.

Азыр ал карала дөбөттөн коркпой калгандыктан, айылдагы башка иттер да коркуп, ага даай албай калышкан. Ал араң бурулат да, таштай катуу көк тумшугун тырыштыра, азуусун көрсөтүп ырсайганда, иттер алды-алдынан тарап жок болот. Эгер иттер Көксеректи алыстан көрүп калса, бир коркунучту сезгендей баары чогула түшөт. Алар дайым бири-бирине сактануу менен мамиле кылышат.

Карышкырдын айыл ичинде ойногонун ушул убакка чейин эч ким көрө да, байкай да элек. Ал эң жакын кишиси Курмаш менен да ойнобойт. Өз атын жакшы билет, ошондо да Курмаш же анын чоң энеси чакырса гана жүгүрүп келет. Бирок жүгүргөндө түк шашылбастан, эрингенден жортуп келет да, куйругун эч убакта шыйпаңдатып, ээсине кошоматтанып жагынбайт.

Иттерге өзү атайлап тийишпейт, ага үрүп жатса көңүл бурбайт, ошондой эле качкан иттин да артынан куубайт. Дайым жашылданган көзүн көңүлсүз жумуп, кулагын тикчийтип, үйдүн көлөкөсүндө жатканы жаткан.

Курмаш коңшуларынын ити Көксерек тап бергенде корккондунан катуу качам деп мүдүрүлүп жер сүзгөнүн көргөндө, өзүнчө көңүлдүү каткырып, жашыл көздүү, унчукпас жырткычы менен сыймыктанып калар эле. Чынын айтканда, Курмаш ошол кезде Көксеректен өзү да корко турган, бирок бул сырын ичине сактап, сүйүктүү чоң энесинен да жашыруучу.

Карала дөбөттүн ээси минтип мактанчу: – Ушу сенин салпаң куйрук күчүгүңдү мага угузбачы! Эгер менин Караламдын колуна тийсинчи, бир булккандан чыкмак эмес. Адамдар ажыратып койбосо, сенин Көксерегиңди капкачан муунтуп өлтүрмөк.

Ал ошентти да кызыкчылык үчүн байкап көргүсү келип, Караланы тукуруп койду. Тиги ит ошону гана күтүп тургансып ырылдап,

атырылган бойдон бир тийип, далысынан тиштеп туруп булкуп өттү. Дагы кайрылып моюндан бурдамакчы болуп жаза тиштеп калды. Карышкыр да буйт берип, ит кайрылып тиш салгыча жанына жуутпай силкип жиберип, артынан секирип барып желкеден алды да, бурчамга келтирбей жерге чапты. Килейген дөбөт чала мууздалган койдой дөңдөн ары ала салып, тоголонуп кетти. Көксерек экинчи жолу бурдаганда чала сермеп калды, болбосо шордуу Караланын кекиртегин жулуп алмак.

Курмаш жүгүрүп барып Көксеректи өзүнө чакырып алды, ээси болсо караланы кууп жиберди.

Каш карайып, түн киргенде эки карышкыр күтүүсүздөн айылдын жака-белинде жуушап жаткан койлорго тийди.

Чабан болсо чуу көтөрүп, кыйкырып, ышкырып жатты. Айыл ичи дүрбөп, тестиер балдар, чоң кишилер атка мине чапкылап жөнөштү. Айылдагы иттер да бардыгы бир добуштан чуу көтөрө үрүп, атчандарга кошулду. Алардан калбай Көксерек да кетти.

Карышкырлар талааны карай жеткирбей качып кетишти. Эч ким алардын артынан кууп жете алган жок. Кыр түбүндөгү дөңсөөгө жеткенде атчандар да, иттер да токтоду. Тиги Кара-Адырдын кырынан кылактап көгүш эки караан ашып кетти. Тиги эки карышкырдын изи менен тумшугун жерден албай, желип-жортуп Көксерек да баратканын көптүн ичинен жалгыз Курмаш гана байкап калды.

Курмаш элден кийин өзү жалгыз калып, коркпостон Кара-Адырдын так түбүнө чейин барды да, көпкө чейин үнүн созо: – Көксерек, Көксерек! – деп чакырды. Бирок Көксерек баланын чакырыгына кайрылып келген жок.

Түн кирип, эл жатар маал болгондо Көксерек айылга кайтып келди. Бирок үйгө келбей обочо, көрүнөө жерге туруп алып, кайта-кайта буту менен жер чаңытып, жинденет. Кез-кез жылдыз толгон асманды карап, күздүн салкын абасына тумшугун тосуп, Кара-Адыр жактан бир нерсенин жытын алгандай искегилейт.

Ошентип, Көксерек күндүз керели-кечке айылда болуп, түнкүсүн дагы талаага өзү жалгыз кетти. Ошол бойдон күнү-түнү үч күн дайынсыз жоголуп, кийинки күнү кайтып келди. Карды ачкалыктанбы, эки бөйрөгү шимирилип, шапайып арыктай түшкөн. Мойнундагы каргысы жок, мурдагыдай эле эч нерсеге көңүлсүз, түнт. Качан Курмаш аны өзүнө чакырганда, ал бир коркунучту сезгендей, башын салаңдатып жай басып келди. Курмаш сүйүнгөндөн жетине албай, карышкырынын кыска, бирок булчуңдуу, чымыр мойнунан эркелете булкуп, булкуп койду. Көксерек Курмаштын тамашасын жактырбагандай мойнун булкуп алып, эки кулагын жапырып сүрдүү

тикчийтти. Бул жолу Курмаштын чоң энеси да Көксеректи каргапшилеген жок, алдына аш куюп кубана тосуп алды.

Анын тамак ичкени да мурдагыдай эмес, коркунучтуу болгондуктан Курмаш да сестене четке чыга берди.

– Түү! Дагы асыл тукум имиш, – деди Курмаштын атасы. – Көзүн кара, жапжашыл болуп күйүп кетиптир. Кой балам, эми муну өлтүрүп, терисин сыйрып албаса болбойт.

Курмаштын чындап айласы кетти, чоң кишилер карышкырымды өлтүрүп, терисин сыйрып алат го? – деп аябай коркуп кетти.

Көксерек өзү жөнүндөгү сөзгө түшүнгөн сыяктанды. Кишилер бурулуп кайра артын карагыча, заматта көздөн кайым болду. Айылдан качан, кантип кеткенин эч ким билбей калды.

Курмаш көпкө чейин үмүтүн үзбөй, караган-шактарды, өскүлөң чийлерди аралап бекер эле убара болуп жүрдү. Көксеректи коркута үнүн катуу чыгарып да, эркелетип да чакырып көрдү. Эч натыйжа чыккан жок. Күз өтүп, анын артынан мейкин талааны ак тонуна чүмкөп, каардуу кыш келди. Көксерек ошол кеткен бойдон кайрылып келген жок.

Ал кеч күзгө чейин талаада коёндун бөжөгүн жеп, эч нерседен жийиркенбей көнүп кетти. Суурдун эти семиз болгондуктан, ал ага түлкү сыяктуу кызыгып алды. Калың жааган кар, ачкалык аны айылдагы кой короолорго, мал жайыттарга барууга аргасыз кылды.

Эми ал айылга мурдагыдай эмес, жашынып келди. Эгер адамды кокусунан көрүп калса жүнү үрпөйө түшөт.

Күн сайын айылды айланчыктап, белден белге жортот, таман астында кар чаңыйт. Бырыштуу көк тумшугунан буу буркурайт. Ал токтой калат да, тумшугун желге тосот, мурдуна кан менен короодогу малдын буруксуган жыты келет, кулагына иттердин тынымсыз үргөнү угулат. Ансайын Көксеректин тиштери каардана шакылдайт.

Эл кызуу уйкуга киргенде короого акырын жакындады. Бирок короочу иттер анын кайдан келерин билгендей байкап калышты. Кара дөбөт баш болгон бүт айылдын иттери кубалап, айылга жакын жолотпой койду.

Шамал басылып, аяз катуулады. Таманынан өткөн ызгаар суук шыйрагын какшатып, тумшугу тоңо баштады, ачкалык бир жагынан жанына батты. Акырын жортуп адырга чыкты. Ай сүттөй жарык болгондуктан, кар чаңкая агарат. Көксерек башын көктү каратып, биринчи жолу аргасы түгөнгөндөй оозун ачып күчүркөнө ычкынып, узакка улуду.

Ошол убакта айылда иттердин үргөнү ого бетер күчөдү.

Көксерек улуганын токтоткон жок. Кара-Адыр жактан кокусунан эле өзүнүн үнүнө окшогон үн угулду. Карышкыр сактангандай жыйрыла түштү. Кимдир бирөө аны өзүнө чакыргансыды. Ал чакырыкты угуп, жыт улап ага утурлап жөнөдү.

Чоң жардан чыга беришке жеткенде сактанган түрдө, катуу чыйрыга селт эте түштү. Кара-Адыр жактан аны көздөй кар чаңыта ак карышкыр тик ылдый жүгүрүп келе жаткан.

Көксерек тигини өзүнө жакын жууткан жок. Канчык карышкыр чукул жакындаганда тиши менен катуу кагып жиберип, айбат кыла кулагын жапырды. Бирок, таштап кете албады, Канчык карышкыр Көксеректин артынан ээрчип, изин жыттады, бирин-бири жыттарынан таанышты. Канчык карышкыр оюн сала качты. Көксерек аны кууп жетип, жаагынан эркелете жалады.

Алар жубунан ажырашпай өргө карай жүгүрүп, анан жардын ачык жеринен өттү да, түз эле айылга карай бет алышты. Кырга чыгып жон менен туптуура жарым саат чарчоону билбей жүгүрүштү, артына кош из калтырып, таман алдында кар кычырайт. Айылдын үстүнө жеткенде алар мурунтан макулдашып алгандай, тик ылдый жарыша жүгүрдү.

Ай баткан. Айыл ичи кызуу уйкуда эле. Көксерек ак карышкыр экөө желдей сызып айылга жакын чоң жарга жеткен кезде, экөө тең касабанын ары жагындагы кой короо жактан бүт айылга чуу салып, апсайган дөбөт баш болгон бир топ ит жүгүрүп келе жатканын көрүп калды. Бул, албетте, Көксерекке таанымал кара дөбөттүн өзү болчу.

Карышкырлар артка карай катуу качышты. Кара дөбөт да арсылдап, карышкырлардын артынан сая түшүп, кууп келе жатты. Анын артынан чубаган айыл иттери да бириндеп, азая баштады. Ушуну күткөнсүп Көксерек да чуркашын жайлатып, үргөн иттерге кулагын тосту. Кара дөбөт ансайын жарылып кетчүдөй каарданды.

Топ ит коктуга жакындаганда токтоду. Муну көрүп кара дөбөт да токтоп, анан топ иттерге карай артына качып жөнөдү. Канчык карышкыр биринчи болуп дөбөттүн артынан кууп жөнөдү.

Ээн талаада иттин карышкырлардан качып кутулуусу кыйын. Бирок кара дөбөт өзү жалгыз калса да корккон жок. Ал карышкырлар менен бетме-бет чыгып, жекеме-жеке кармашуу үчүн жашап жүргөндөй, канчык карышкыр жетип тиш салганда чечкиндүүлүк мекен тикелеше кармашып калды. Ошол убакта Көксерек жетти да, күү менен секирген бойдон кара дөбөттү бурдап басып калды. Канчык карышкыр ачуу ырылдап барып кара дөбөттү тамактан алды.

Арадан көп өтпөй чоң кара дөбөттүн ар кайсы жерде чачылган жүнү, куйругу менен баш сөөгүнөн башка эч нерсе калган жок. Эки карышкыр сугалактык менен кан чачыраган карды да сугунуп коюшту.

Жеп бүтүп Кара-Адырга жеткенде, жар түбүндөгү карга оонап жата кетти.

Ошол түндөн баштап алар ажырашкан жок. Бирге серүүндөп чыкканда ал аймакты кырсык каптап жатты.

Кара-Адырдын жака-белинен, кээде алыскы кыштоолорго барып, эки карышкыр ар кайсы жерден койлорду жара тартып, уй менен аттарды тамактап, төөнү жыгып жеп, короочу иттерди өлтүрүп, бирок колго түшпөй кутулуп кетип жүрдү.

Бул дүрбөлөңдүү кабар айылдан-айылга тез эле тарап кетти,

– Алар тобу менен жүрөт, көк шайтандардын артында көзү барчылап киши жанына баргыча качпайт. Адамдан коркмок турсун сестенип да койбойт. Алардын жол башчысы көк жал карышкыр экен, чоңдугу тай торпокчо бар, ушунчалык сак, көрөгөч... Союл жете турган аралыкка барганыңча качпайт, кол салуудан коркосуң. Топ карышкыр тигил жактан койго тийгенде, чабан ошол жакка итин айдактап жүгүрөт, ошондо карышкырлардын жол башчысы башка жагынан келип көтөрө качат деген сөздөр айыл арасына желдей тарады.

Карышкырлар бир жерге көп токтобойт. Эгер аларды бүгүн Кара-Адыр жактан көрсөң, эртеси ал жерден он, жыйырма, кээде отуз чакырым түштүк жакка, же чыгыш тарабына жортуулдап кеткенин көрөсүң. Баса, элде: «Аларды чарчоону билбеген буту тойгузат» – деген сөз бар эмеспи.

Талаанын тиги жагы ойдуңдуу, жардуу келип, өскүлөң бадалдарга жыш. Кара-Адырдан туруп алды жактан бир нерсени көрүү өтө эле кыйынга турат: бороондон кийин катуу толкуган деңиз сыяктуу бийик көтөрүлүп, кырдана көбүктөнүп кайнап жаткансыйт. Мындай жер карышкырларга жайлуу болгону менен койчуларга тынчсыз эле. Бадалдын арасы менен көрүнбөй жайыттагы малга оңой жетип, артта калганын аңдып туруп бөлүп калуу оңой боло турган. Ал эми көк карышкырлардын кай тараптан жылт берип чыга каларын алдын-ала билүү кыйын болчу. Кышкысын кар барда изине түшкөнү менен карышкырлар жеткирбей кетчү. Себеби калың күрткүнүн үстүнөн карышкырлар өтүп кетчү да, артынан кууган атчандар калың карда алыска жүгүрө албай, күрткүгө жеткенде ат-маты менен ала салчу.

Чоң жардагы карышкырдын ийни бар жерлерге уу кошкон эт таштап да көрүштү, бирок эч жардам берген жок. Карышкырлар куулук кылып, уу кошкон этти жебей, айланып өтүп жатышты. Анын ордуна айылдын жашыраак, тажрыйбасы жок иттери таап жеп алып, ит өлөт тийгендей кырылып жатты, карышкырлар тоңуп жаткан иттин этине да караган жок.

Ошол кышта карышкырлар аябай ток болушту. Көксерек күн өткөн сайын өсүп, салмагы да жогорулады, ошентсе да мурдагыдай эле эт менен канга өчтүгү күчөгөндөн күчөй берди.

Жаз башталары менен ал ачкалыкты унутуп, аны бир аз күн болсо да башка нерсе көңүлүн алагды кылды.

Талаадагы карлар суюлуп, жер карая баштады. Дөңсөөдө кара тактар көбөйүп, жер ала-була тартып, ылай бутка жабышат.

Көксерек болсо мурдагыдай эмес, өтө эле оюнкараак болуп кетти. Жаны тынбай канчыкка айланчыктап, жүгүргөнү-жүгүргөн, кээ бирде жөн эле күчүк сыяктуу тегеректеп, айланчыктап, эч жакка кетпейт. Канчык эс алгысы келип жатып алса, Көксерек тескерисинче, карды куюндата чаңытып ойнойт, анан башынан аша секирип, төшү менен жөөлөйт, таманы, тумшугу менен түрткүлөйт. Канчык карышкыр ачууланып ырылдаса, Көксерек шап моюндап туруп, жерге ныктай кайра коё берет. Кээде көпкө чейин желкеден ала уйпалап, тургузбай да коёт. Канчык тажаалдана каңшылап, Көксеректи тиштейт да, кайра бат эле аны кечиргендей жыттагылап, эркелете жалап кирет.

Кара-Адырдын чыгыш жагы бүт бойдон баткактуу чөлмөк, чөлмөк туздуу көл боло турган. Анын айланасына камыш аралаш бадал өсчү. Жер ээн болгондуктан канаттуулар ушул жерге келип түнөшөр эле. Көлдүн айланасы көгөрүп, кулпурган жаздын бир күнүндө ак канчык Көксеректи ушул жерге баштап келди.

Эми Көксерек өзү турган жерден алыскы айылдын малына барып жүрдү. Канчык карышкыр болсо ийинден алыстабай канаттуулардын жумурткасын таап жеп, ошону менен тамактанды.

Күндөрдүн биринде Көксерек койдун куйругун көтөрүп келгенде, канчыгы алдынан демейдегидей тосуп чыккан жок. Көксерек тынчсыздана буту менен жерди аткып-аткып ыргытканда гана канчыгы ийинден сүйрөлүп араң эле чыкты.

Ийинден буруксуган тааныш эмес жытты сезди, Көксерек ошол замат айбаттуу ырылдап, ийинге башын салып жаңы туулган бөлтүрүктү тиштеп ийинден сууруп чыкты. Канчык карышкыр тап берип, каршылык көрсөтсө да, бөлтүрүгүн ажырата алган жок. Көксерек көзүн ача элек кичине бөлтүрүктү бир силкип жерге чаап, булкуп ыргытып, тоголок кесектей томолотуп, анан жийиркенгендей башынан ашыра ыргытып жиберди.

Бурулуп карап, ийиндин жанында жаткан канчыгын көрдү, ийинден энесине карай башка бөлтүрүктөр боортоктоп келип, желинин сыйпалап соро баштады. Көксерек бөлтүрүктөрдү көрдү да көңүлсүз жаланып коюп, обочо барып көз айрыбай карап жатты.

Арадан күндөр өтүп, бара-бара канчыгы да аңчылыкка бирге чыкчу болду, бирок мурдагы калыбына келе албай, оорусунуп, кээде ийнине жарым жолдон кайтып кетип жүрдү. Көп убактарда ийинге Көксерек куружалак кайткан кезде, адаттан тышкары бөлтүрүктөргө сугун арта карап калат, канчык аны тиштегилеп, ийинге жолотпой кубалайт.

Апрель айынын күндөрүнүн бири болуучу, бөлтүрүктөр чоңоюп калган. Көксерек менен ак канчык таң ата көл жээктеп балдарына жүгүрүп келе жаткан. Ак карышкыр алдыга жол бербей жүгүрөт, артынан куйрук улаш Көксерек келе жаткан. Экөө капысынан эле кишилер бар экенин жытынан сезе койду. Канаттуулар уясынан жабыла учуп, анан аттардын туягынан чыккан үн, койчулардын таягынын тыкылдагы утулду… Айлана тынчыганча карышкырлар камышка жашынды. Ийинге келсе буту жанчылган бир эле бөлтүрүк жатат.

Бир нече күн канчык карышкыр шек билдирбей, кишилер башка бөлтүрүктөрүн алып кеткен тараптагы айылды тегеректеп, аңдып жүрдү. Көксерек ээн талааны жаңырта улуп, аны бекер эле өзүнө чакырып убараланды. Канчык кайрылып келген жок, бул экөөн адамдар байкап калышты.

Жер кулпуруп, түркүн гүл ачты. Аттар жаздын ширелүү отуна тоюнуп, тез оңоло баштады. Күн чайыттай ачык күндөрдүн биринде, бул эки карышкыр артынан катуу куугун келе жатканын угуп калды. Үч жигит курч күлүк аттары менен Кара-Адыр жактагы чоң жар жактан карышкырларды көрө артынан катуу кууп жөнөштү.

Көксерек куугунду көрө жөн эле жаанын огундай сызып баратты. Канчык карышкыр болсо биринчи жүгүргөндө эле Көксерекке жетпей калган. Желининин сүтү али тартылып бүтө элек болгондуктан, ага катуу жүгүрүү кыйын болду. Көксерек артын бир карап коюп, канчык карышкырга жардамга келди. Арт жагына өтө, анан жандай жүгүрүп, капталынан тиштей сүрөөгө алды. Канчык болсо алы кетип, аргасы түгөнгөндөй. Көксеректи качып кутулуп кет дегендей ырылдап ишара кылды. Көксерек бурулуп, арт жакта кууп келе жаткан атчандарды карады да, коркунуч жакындап келе жатканын сезип, канчыкты таштай бардык күчү менен алдыга умтулду.

Жардан чыгары менен Көксерек чукул бурулуп, өтө ийкемдүүлүк, шамдагайлык менен эчкидей секирип жардын кырына чыкты да, карагандын арасына кирип көрүнбөй калды.

Ошентип, Көксерек караган-шактарга жашынып, кутулуп кетти. Ак карышкыр болсо бурулууга чамасы келбей түз эле жайык талааны көздөй качты. А жигиттер болсо ач кыйкырыкты салып, ак канчыкты катуу таскактата кууп баратты.

Түн киргенде Көксерек акырын бышкырып коюп, тумшугун жерден албай, ак карышкырдын изин кууп жөнөдү. Чөбү өскүлөң алыскы бир коктудан ал кургап, так болуп калган канды тапты. Адегенде жыттагылап-жыттагылап, анан жалап да көрдү. Ак карышкыр ушул жерге келип жыгылган, мындан ары жыт да жок.

Көксерек кара күрөң желкесин бүкүрөйтүп, төшүн шамалга тосо бир ордунан жылбай ай чыкканча отурду. Ай чыгары менен ал үнүн муңдуу чыгара көпкө чейин улуду.

Көксерек колотто таштай каткан калыбында таң атканча отурду. Таң таштаганда гана ордунан калчылдап араң козголду. Ачкалык аны чыйрыктырып жиберди.

Бүт жай ичи ал короодогу малга, бүт айылга коркунуч туудуруп, бир да тыным алган жок. Түнкүсүн тыным жок, койчулар да чарчап суй жыгылышты. Бирде Кара-Адыр жактан, бирде туздуу көлдүн жанынан чыга калып, көгүш-күрөң карышкыр жалгыз өзү бүт аймакка чуу салды. Ошол эле жайда элүүдөй козу менен музоону жара тартып жеп кетти. Анын сорголтугуна, ач көздүгүнө чек жок.

Эки жолу жигиттер айылдагы мыкты аттары жана шамдагай иттери менен кууп көрүштү, эки жолу тең качып кутулуп кетти. Ушундай соргок, күрсүйүп чоң болуп туруп, каракчы карышкырдын кутулуп кеткенине таң калышты. Айылдын жигиттерин уятка калтырыш үчүн карышкырга канат бүтүп, качпай эле учуп кеткенсийт.

Күндүз адам өтө алгыс калың камыштын арасына же көлдүн баткактуу сазына барып жашынат. Түнкүсүн аны эч ким токтото албайт, адамдардын кыйкырыгы, иттердин үргөнү, мылтыктын тарсылдап атылганы ага кеп эмес. Чабандар эч пайдасыз үнү бүткүчө кыйкырып, бекер эле күңүрт көлөкөгө ок артынан ок коротуп жатты. Карышкыр эч зыянсыз, жаткан жерине түн тынчтыгын бузган жаңырык тынчыганда гана кайтат.

Ошол жайда Көксерек аябай семирди. Калың жүнү кирпинин найзасындай тикчийип, эки бөйрөгү тартыла бою да өстү, бирок ток болсо да бир саат тыныгууну билбейт.

Эми ал үйүрлүү жылкыга да тийчү болду. Бир жолу уурданып жакын барып, секирип барып бир тайды куйруктан тиштеп туруп чирене тартты эле, тай бир ордунда чиренип туруп калды. Тай бардык күчү менен чиренип тартынганда карышкыр коё берди, тай күү менен оңкосунан кетип аласалып жыгылганда, ач карышкыр баса калып тамактап таштады.

Күз да тез өтүп, жаан-чачын, күн-түн борошологон кардуу бороондун мезгили келди.

Аяздуу күндөрдүн биринде Көксерек ачык талаадагы адырда күтүүсүздөн топ карышкырлар менен карп-күрп беттешип калды. Кар тозоңун куюндата чаңытып, топ карышкыр жүгүрүп келип тегеректеп калды. Көксерек топ баштаган көк жал карышкыр менен эшик төрдөй аралыктан бетме-бет чыкты, азуусу арсайып, оозунан буу чыгат.

Бирок топ карышкыр бул жолу өздөрүнө жем болчу жаныбарга эмес, ушул жерди мекендеген көк жалга жолукканын биринчи эле беттешкенде сезишти. Көксерек куйругун чатына кыпчыган калыбында жаалдана, бирин да жакын жуутпай, болоттой курч азуусу менен качырып келгенин кагып жиберет. Көксерек көк жалдан эки эсе жаш болгону менен бою жагынан да, салмагы жагынан да тең болчу. Ал эми тулку, сырткы көрүнүшү жагынан топ карышкырдын ичинде буга теңдеш бирөө да жок эле.

Канчык карышкырлар биринчи болуп Көксеректи жытташты. Жашыраак дөбөт карышкырлар сактана ага жакындады. Бир гана көк жалга ал өзүн жыттаткан жок, тиги да Көксеректи өзүнө жакын жуутпады. Топ карышкыр карга оонап-оонап, тоң кардан сугунуп-сугунуп алышты. Көксерек да ошентти. Арадан көп өтпөй Көксерек топ карышкырлардын алды жагында көк жал менен катарлаш бара жатты.

Таң эрте Көксерек топ карышкырды баштап жайыттагы жылкыга тийди. Бир бээни бөлүп алып, кууп отуруп күрткүгө камап жыгып алды да, кара дөбөттөй жара тартты. Тегеректеп турган карышкырлар туш-туштан жанталаша тиш салды. Көксерек үйрөнгөн адаты боюнча бээнин көөдөнүнө тумшугун тыгып жеп киргенде желкесине тийген азуунун соккусунан улам башын тартып алды. Жанында жаалдана азуусун арсайтып көк жал турат: так ушул жери көк жалга тийиштүү боло турганын ал билген эмес.

Булоологон жаңы этке алаксып, Көксерек көк жал менен укук талашкан жок. Экөө тең кайрадан этке кирди. Жашыраактары тайдын кардына башын тыгып жиберип, үзүп-жулка жеп жатты. Карышкырлар бирин бири жөөлөшө, ырылдаша үзүп-жулкуп жанталашат.

Жалгыз арткы саны калганда Көксерек менен көк жал калды. Башкалары бул экөөнө жол бошотуп чыга берип, бутуна башын жазданып, бээнин этин сөөгү менен кошо үзүп-жулкуп жеп жатканын көз айырбай карап турушту. Жеп бүтүп, көзүнө чейин кан болгон эки көк жал оор дем алып, бирин бири каардана тиктеп, экөө эки жакка басып кетти.

Анан топ карышкырдын ортосунда бири-биринен бөлүнүп, алыс жатты. Канчык карышкырлар көбүнчө Көксерекке жакындагысы келип, айланчыктайт. Көксерек сактана каардуу көк жалдан көзүн албайт.

Ошентип, экөө бирин бири аңдыша далай күн топ карышкырды баштап жүрдү. Экөө жупташа жортсо да, жүгүрсө да тең жүгүрөт, эгер бирөө биринен карыш эле озуп кетсе, ошол замат же буттан, же капталдан тиштеп токтотот.

Ай жарык болгону менен шамал жок, тынч, тишке илинер эч нерсе жок, баары ачка. Көксеректин каары кайнайт.

Топ карышкыр экөөнөн алыс, артта эле. Ошол убакта эки көк жалга жакын эле жерден бир коён катуу секирип, жанталаша качып жөнөдү. Көк жал, Көксерек экөө тең жарыша коёнго жетип, жара тартып эки бөлүп кетишти. Экөө оозуна тийгенин бүкүлү бойдон ач көздөнө сугунуп жиберип, анан өчүккөн эмелер бирине-бири тап койду. Төрт бутунун алдында кар тозоңу сапырылып, азуусу тийген жерлерин карсылдата үзүп ыргытышты. Кагышкан курч азуулар талаа тынчтыгын бузду.

Эки көк жал ыркыраша арткы буттары менен тик тура калышып, баскан жерлери оюла тирелишет. Көз ирмемче экөө ажыраша түштү. Кары көк жал Көксеректин омурткасын жара чайнап, күм-жам кылууга эми чындап умтулду. Бирок Көксерек андан чапчаңдык кылды, кадимки айылдык иттердин ыкмасына салып, шап тигини кулак түптөн алды. Ошол бойдон мойнун кыса толгоп барып көк жалды басып алды. Кычкачтай карышкан тиштери матаган бойдон мойнун сындырды.

Картаң көк жал аргасыздан тишин арсайтып, кар үстүнө бир жак капталынан жатып калды. Ошол убакта жетип келген аркадагы топ карышкыр, тигини заматта талаша үзүп-жулкуп жеп, сөөгүнө чейин сугунуп коюшту. Жарадар болуп жаткан карышкыр чоочунбу, же чоочун эмеспи, жаткан жеринен бири-бирин жеп кете берүү – алардын салты.

Жылкычылар күн-түнү аттан түшпөй кайтарса да, эч жардам болгон жок. Буга чейин мындай коркунучтуу кырсык Кара-Адырдын чет жакасында болгон эмес. Койчуларды каратып туруп, койлорун кырып кетет.

Көксерек топ карышкырды эми жеке өзү баштап, күн баткандан таң атканга чейин кыштоолорду бүт кыдырып, бүт айылга чуу салат. Башка карышкырлар тойгондон кийин оор тартып, эс алгысы, уктагысы келет, бирок Көксерек алардын каалаганындай эс алышына мүмкүнчүлүк бербейт. Ал кээде каарданганда канчык карышкырларды да баса калып талап коё турган. Алар болсо жаалдана ыркырап, азуусу жетиле элек жаш карышкырлардан өч алуучу. Топ карышкыр талаага бет алганда сел каптап, көчкү жүргөндөй, алдынан чыкканын мойсоп кетүүчү.

Бир жолу уюшкан топ карышкыр адамга да кол салууга батынды. Жолоочу чана чегилген ат менен жолдо жалгыз өзү кетип бараткан. Адам чубактай каттаган жолдо киши бара жатса, мындайда адатта карышкырлар батынып келе албайт, Көксерек болсо көрөрү менен көпкө карап ыргылжың болуп турбастан, кулагын жапыра артынан кууп жөнөдү.

Ат үрккөн бойдон ала качты. Топ карышкыр тигини дыргаяктата кууп отуруп, жолун тосо күрткүгө камады. Чана күрткүгө тыгылып, ат мүдүрүлүп жыгылды. Артында кууп келе жаткан карышкырлар атты тургузбай басып калышты.

Жолоочу коркконунан эс-акылын жоготуп, чанадан кулап түштү да, калың карды жиреп туш келди качып жөнөдү. Көксерек аны байкап калды да, чанадан аша секирип, качкан кишинин артынан кууп жөнөдү. Эки карышкыр көк жалга удаалаш артынан жүгүрдү.

Көксерек тамаша куруп, өзүн сынап көргүсү келдиби, алдын тосо имерилип келип, кишиге бетме-бет чыкты. Канчык карышкырлар өзү жеке коргоосуз калган бул эки буттуу кишинин артка кетчү жолун торой, оңтойлуу учурду күтүп турушту. Алар көк жал эмне кылар экен? Бул эки аяктуу кишини көк жал жыгаар бекен? – деп чыдамсыздана күтүштү. Ошол кезде жакын жерден угулган аттардын туягынан чыккан үн, адамдардын кобураганы угулуп, киши аман калды. Эки аттуу кыйкыра чуу салып, тик ылдый колотко чаап түштү.

Көксерек ошондо гана үстүнкү жаагын тырыштыра атчандарды карап коюп, аттуулар баралбас жакка тезирээк кетүүгө ашыкты. Топ карышкыр тигилерди артка таштап, ээн талаага житип кетишти.

Дагы бир жолу Көксерек ачык талаада адамга кол салууга аракеттенди.

Бул күндүз болду. Талааны чыкыроон аяз каптап турган. Асманда ак булуттар аркы-терки көчүп, күн булут арасынан канталаган каректерин көңүлсүз кызартып карап коёт. Кар тозоңу ышкырат.

Абайлап баскан карышкырлар айылга жакындаган сайын оозунан чыккан буу катуу аязда көк түтүн чыккансып буркурайт. Ошол кезде күтүүсүздөн эле кыштоо тараптан эки өркөчтүү төө чыгып, түз эле топ карышкырга карай бет алды. Эки өркөчтүн ортосунда жалгыз киши отурат. Башында орогон ак илекиси бар – бул аялга тийиштүү баш кийим экенин Көксерек билет.

Көксерек сактана тиги келе жатканга көз жүгүрттү.

Төө – ат эмес, үстүндөгү адам чабанга да, жылкычыга да окшобойт. Айыл жактан тынымсыз иттердин үргөнү угулат. Топ карышкыр өзүнө келе жаткан жемге таң кала карап турушту. Төө коркууну билбей шалпык эрдин жогору көтөрүп, түз эле топ карышкырга

бет алды. Карышкырлар бир коркунучту сезгендей, биринен сала экинчиси ээн талааны көздөй чегинип отурду.

Таң каларлык! Бул төө кайда жүгүрүп баратат? Эмне үчүн коркууну билбейт? Үстүндө келе жаткан адам да таңгаларлык – кол булгалап бир да кыйкырбайт да, ышкырбайт. Бул көрүнүш карышкырларга түшүнүксүз.

Карышкырлар артын карабай качып баратканын көрүп, Көксерек да аларга кошулуп качты. Бир кезде төө катуу бышкырынып токтоп калды. Январь айынын чыкыроон шамалы төөнүн кир болгон каптал чуудасын түргүлөйт. Өркөчүндө отурган аял да былк этип койбойт, башындагы ак илекиси шамал тийген сайын шар сыяктуу тарсаят.

Көксерек каардана жүнүн тикчийтти. Ордуна кадап койгондой тык токтоду да, тумшугун тосо жыттады.

Коркунучтуу эч нерсе деле жок... Эки буттуудан ал коркпойт, мындан кичинекей кезинде, айылдагы эки буттуулар кайра Көксеректен корко турган. Ошондуктан ээн талаада, элсиз жерде Көксеректин бул эки буттуудан корко турган эч кандай жөнү жок болуучу.

Алдыдагы топ карышкырлар төш таяна узап, аяздуу кыштагы туманга аралашып көрүнбөй калды. Бирок Көксерек төөдөн алыстап кеткен жок. Төө ордунан козголуп мойнун созо Көксерекке бет алганда, ал шашпай өр таяна куйругун чатына кыпчып баратты, төөчөндү алаксытып, айылдан алысташын күттү.

Төө токтору менен Көксерек да токтоп, куйругун төшөй отуруп калат. Эгер төө катуу желсе – ал да ошентет. Экөөнүн ортосундагы аралык улам жакындагандан жакындай берди. Көксерек оңтойлуу учурду күтүп, шашылган жок.

Ошентип кыядан өткөндө топ карышкырга жакындап, айыл көрүнбөй алыста калды. Ал ушуну күткөн эле.

Көксерек жакында эле жалгыз жүргүнчүгө кол салгандай, эми чечкиндүү аракетке өттү: төөнү имериле жүгүрүп өтүп, айылга кача турган жолун тосту. Төө да жакындап келе жаткан коркунучту сезгендей токтой калып, боздоп жиберди. Тиги топ карышкыр да адыр жактан шашыла жүгүргөнүн Көксерек көрүп турду.

Ошол убакта төөнүн үстүндө өзүнө карай жылтырак кара неме сунулуп, күнгө чагылыша кез ирмебей карап турганын ал байкабай калды.

Күтүүсүздөн катуу чыккан үн аяздуу талааны жаңыртты. Жер силкинткен көк түтүн менен кошо Көксеректин арткы санын бир нерсе куйкалап өткөндөй болду. Өмүрүндө биринчи жолу Көксерек үнүн ачуу чыгара арс эте ок тийген жерин каардана бир тиштеп алып, башы менен карга тоңкочук атып кетти. Ошол замат Көксерек шарт секирип туруп, үч буттап качып жөнөдү. Катуу аязда колу үшүп

калгандыктан, төөчөн киши мылтыгын кайра октогончо Көксерек коктуга кирип кутулуп кетти. Ошол бойдон жарадар бутунан кан тамчылатып, ал көпкө чейин качты.

Акыры Кара-Адырдагы чоң жарга өлө-тала жетип, карга жата кетти. Ок тийген жери ысып-күйүп, жөн эле чок басып алгандай сыздайт. Көксерек тумшугун чатына тыгып, ок тийген санын жалайт, минут сайын сактана кулагын түрүп, чочулап тынчы кетет...

Топ карышкыр болсо экинчи келбес болуп, Көксеректи таштап качып кетти. Карышкырлардын алыс болгондугу бир жагынан ага жакшы болду, кан чууруган изди көрбөй, жытын албай, кансырап жаткан Көксеректи артынан издеп табышкан жок, болбосо өз үйүрүндөгү топ карышкыр аны менен жакшылап эсептешмек...

Көксеректин артынан түшкөн куугун да болгон жок. Таң каларлык: төөчөн да артынан түшкөн жок, эгер төөчөн кууса деле Көксерек ага жеткирбесин билет. Ал ит ээрчиткен аттуу адамдар кууп келеби деп, ошондон гана чочулаган.

Анын бактысына айылдагы кишилер дароо эле чогула алган жок. Ызгаардуу бороон болорун сезген иттер да, айылдан алыстап жортподу.

Чыкыроон суук күчөп, шамал дагы катуулады. Аяздуу суукта кар тозоңу көккө карай сапырылат. Көксерек акырын ордунан туруп эки жакты арыта карады. Жарадар бутун этияттап, үч буттап секирип отуруп, калың камыштуу адам бара алгыс туздуу көлгө жетип алды.

Күнү-түнү тынымсыз үч сутка катуу бороон болду. Көксерек да бир ордунан кыймылдабай, буйгалуу касаба жерде үч сутка жатты. Жаратынан аккан кан аны очок сыяктуу жылытып, эки бүктөлө куйругун чатына катып жата берди. Бирок жанга баткан ачкалык аны алсыратып, айласын кетирди.

Төртүнчү күнү түндө гана касабалуу калың кардагы жаткан жылуу ордунан туруп, үч буттап катуу аксаган калыбында тумшугуна илинер бирдеме издеп ээн талаага бет алды. Жүргөндө буту бир аз басууга жараганы менен ооруган жери басылган жок.

Ошентип ал бир жумача ачкалыктын азабын тартты. Ээн талаадан эч нерсе жолуктура алган жок. Жуманын акыркы күнү гана иши оңунан чыкты: үйүрүнөн артта калган бир бээни үркүтүп отуруп, калың касабага камап жыгып алды. Түнү менен эс алууну билбей жатып, кайра туруп жеп, ачкан курсагын аябай тойгузду. Эт түгөнгүчө жанынан кеткен жок. Ошентип көз ачып-жумгуча арадан дагы бир жума өттү. Көксеректин жараты айыгып, жакшы боло баштады. Жүгүрүшү ыкчам, көңүлү көтөрүңкү. Ал дагы Кара-Адыр тарапка барууну көксөдү.

Кечке жуук өзү кичинекейинен өсүп чоңойгон айылдын кырына келип токтоду. Итиркейи келе кулагынан куйругуна чейинки жүнү тикчийди. Айыл тарапта баягы каргашалуу төө көрүнбөйт. Койчулар, жылкычылар иттерин талаага өздөрү менен кошо ээрчитип кеткендиктен айылда бир да ит жок. Кырдагы өзүнө тааныш бир таман жол менен тумшугун шамалга тосо ылдыйлап түштү.

Алыстан келген койлордун жыты аны өзүнө тартты. Көксерек тумшугун түрө жытты иреди. Тиги күн батыш тараптагы түздөн саргайыңкы болуп күнгө чагылышкан атчанды көрдү. Алдында көп чоң эмес бир короо кой жыбырайт. Чабан аларды кой короого айдап бара жаткан болсо керек.

Карышкыр буйгалуу жерди бет алып, түз эле алдын тосо кыялай жүгүрдү. Ал демейдегидей эле койго капилеттен келип тийди, бирок чабан дароо байкап калып, катуу кыйкыра чаап жөнөдү. Адам үнүн угары менен селт эте токтоп, буту менен кар чача туруп калды. Колунда кичине таягы бар атчандын бала экенин көрдү.

Бала!.. Карышкыр андан корккон жок. Атчан баланы буйтап өтүп, көп койдон семизин издегендей, үркөн койлорду кууп жөнөдү. Куйруктуу койдун чүйгүн, семиз эти, ысык булоолонгон каны көз алдына элестеп, бүт эркин бийлеп кетти. Бала да эч коркууну билбей, атын үстү-үстүнө камчылап, таягын көтөрө түз эле карышкырды кууп жөнөдү. Баланын жолун тосо чапкан тынымсыз кыйкырыгы Көксеректи дагы буйтап качууга аргасыз кылды. Баланын кыйкырыгы угулган сайын, түшүнүксүз коркунуч Көксеректин тынчын алды. Карышкыр улам буйтап качып, койго тап коёт. Бала алдын тосо чапкылап койго жакын жолотпой кубалайт. Чыйпыйы чыга келтегин булгалай:

– Ок… ерек! Ок… ерек! – деп үнүн жетишинче аптыга кыйкырат. Карышкыр тишин арс эткизе качып жөнөйт.

Бала ат чабышка жашынан көнүккөндүктөн, өтө шамдагайлык менен үстү-үстүнө камчылана катуу кууп жөнөдү. Акыры карышкыр жеткирбей койгон соң, колундагы таягы менен кууп бара жатып атып урду. Күү менен ыргыткан таяктын чокмор башы карышкырдын жаралуу бутуна тийип чыңкылдик атып кетти. Көксерек кутургандай жаалдана секирип барып, көз ирмемде азуусуна сала таякты эки бөлө сындырды. Анан кулагын жапыра, тумшугун тырыштыра каардана күлүп жаткансып, тиштерин ырсайта баланы көздөй атырылып жөнөдү. Күү менен катуу секирди да, ат үстүнөн баланын тонун өңүрүн үзүп алды. Коркуп кеткен ат кошкура катуу секиргенде, үзөңгүдөн буту тайган бала ээрден жерге учуп түшүп, жаңы жааган карга тоголонуп барып чалкасынан жатып калды. Тебетейи башынан ыргып кетти да, кериден ылдый карай тоголонду.

Бала өлөр алдында чукул качырып кирип келген карышкыр, өзү кичинесинен багып чоңойткон Көксерек экенин салпаңдаган жырык кулагынан тааныды. Ошол замат коркконунан жүрөгү жарылып өлдү. Куюндата катуу секирип келип, баланын бет сөөгүн капшыра тиштеп, катуу жулкуп өткөнүн билген жок.

Баланын өлүгүн түндө таап, сөөгүн жыйнап, айылга алып келип очоктун жанына коюшту. Жанындай көргөн чоң энеси бүк түшө баланын бутун кучактап жыгылды.

– Кулунум, кулунтайым! – дедиалжүрөксыздатазар какшап...

Бирок канчалык зар какшаса да, көз жашы какшып, начар көрүп калган көзүнөн жаш чыкпай койду...

Кезек эми ошол аймактын белгилүү жигити, тажрыйбалуу аңчы Хасен менен анын карышкыр ала турган аксаргыл тайганына келди. Хасен бул тайганды Семипалатинскиден бир атка алмашып алган эле. Тайгандын маңдайында өзгөчөлөнүп турган төрт бурчтуу агы боло турган, ошондуктан ээси аны биринчи күндөн тартып, Ак кашка коюп алган.

Аз эле күндө Ак кашка ошол аймактагы бүт элге белгилүү болду. Ал жөнүндө көп уламалар айтылып, түпкү тегин сүрүштүрүп келип, аны легендалуу ырлардагы айтылуу Бөгөлбайдын итинин тукуму имиш деп да айтышкан.

Тайган бет алган жагынан кайра тартпаган, таза кандуу, кабаган, тобурчак иттин тукумунан эле. Эт жегенде да ырылдап, үзүп-жулкуп жей турган. Ал дайым байлоодо туруучу да, Хасенден башка кишини өзүнө жакын жолотчу эмес. Айылдагы иттер Ак кашкадан коркуп жанына жакындоочу эмес, үргөндө да алыстан үрө турган. Ак кашка иттердин үргөнүнө көңүл буруп койбостон, узун тумшугун шотойгон эки алдыңкы бутуна жазданып бир ордунда көпкө чейин жата бере турган. Качан аңчылыкка чыкканда гана жалкоолугу жоголуп, шамалдай сыза ар кандай чапкан аттууга оңой эле кууп жетүүчү. Үргөндө арс эте күңгүрт добуш чыгуучу. Карышкырдыкындай көзү жанып турат, бирок карышкырдыкы жашылдана жанса, Ак кашканын көзү кызара күйүп турган эле оттун өзү.

Хасен Көксерек жөнүндө толугураак маалымат алуу үчүн жылкычылардыкында бир аз күн токтоду. Жылкычылар алачыкка отту чоң жагып, тамак асып, отту тегеректей отуруп, Курмашты өлтүргөн жалгыз карышкыр жөнүндө таң аткыча талашып-тартышты. Бирок Хасенге жаңы, керектүү эч нерсе айтып бере алышпады.

Бири карышкырды кутурган карышкыр болсо керек деди. Экинчи бирөө карышкыр эмей эле тарпка тойбос желмогуз жортуп жүргөнүн айтты. Хасен бул жомоктун эч бирине кулак салган да, ишенген да жок.

– Бул нагыз карышкырдын өзү, – деди Хасен сөзгө аралашып. – Карышкыр деген карышкыр, аны чөп берип тойгузууга болбойт!

Жылкычылар ызырына сөгүндү:

– Эх, ушул карышкыр чындап биздин колго тийчү болсо кана!..

Хасен күлүп жиберди:

– Колго түшсө эмне кылмакчысың? Терисин тескери сыйрыйт белең? – деди тамашалап.

Хасенге Курмаштын атасынын көзүнө жаш ала айткан сөзү катуу таасир этти. Ал баласынын сөөгүн мүрзөгө койгондон кийин Хасенге карап мындай деди:

– Иним, сен шамдагай, айылдагы тажрыйбалуу аңчысың... Албетте, бул айлакер жырткычтыколго түшүрүү оңой эмес. Ошондой болсо да сен аны кайдан болсо да таап өлтүрбөсөң, сен анда намыска бек жигит эмессиң, сен мага тууган да эмессиң, анда сенин да, сенин даңазалуу итиңдин да баасы эл үчүн бир тыйынга арзыбайт. Баш көтөрүп айыл аралап басып жүрбөй, көздөн далда кетип калганың оң, – деп айтканын эстеди.

Хасен жылкычыларды чогултуп карышкыр жаткан жерди курчоого алуу керек деген чечимге келди. Жылкычылар да бир ооздон Хасендин оюн туура деп табышты...

Хасен таңга жуук, карышкырга аттанар алдында тайганына эт ордуна курут аралашкан суюгураак атала берди. Ак кашка алдына койгон оокатты тез ичип бүтүп, ээсинен көз айрыбай карап турду. Ит болсо да тубаса сезгичтиги менен алдыда эң чоң, эң кыйын тапшырма турганын сезгендей болду.

– Кана, Ак кашка, – деди Хасен тынчсыздана ашыккан итине карап: – Алдыда кыйын сыноо турат, же сен аны, же ал сенин түбүңө жетиш керек, ансыз иш бүтпөйт. Курмаштын арбагы бизге ыраазы болбойт, – деди...

Ак кашка сөзгө түшүнгөндөй саргыч куйругун жай булгалап, кунт коё Хасенди карады.

Карышкырга аттанары менен Хасен денесин кызытыш үчүн тайганды бош коё берди. Ак кашка таң сүрүп келе жатканда арышын кенен таштап, кар үстүндө шашыла жүгүрүп бара жатты.

Белгиленген жерге жеткенде Хасен жигиттерди бир нече топко бөлүп, ким кайсы тарапка барарын айтты да, өзү Ак кашканы жетелеп, айлана-тегереги бүт көрүнө турган таштактуу чокуга бет алды. Ит ээрчиткен жигиттер ошол эле замат ар кимиси белгиленген жерге тез жетүүгө ашыгып, аттарын камчылана чаап бара жатты. Хасен чокуга жетери менен эки таштын ортосуна ала жүргөн кийизин жая салып Ак кашканы отургузду да, мойнундагы каргысынан кармап өзү жанаша жатты.

Ак кашка кулагын эки жакка түрө кыймылдатканы менен жулкунуп ээсинин тынчын алган жок. Эртең мененки сыдырым шамалга аралаш иттердин үргөнү, адамдардын ызы-чуусу алыстан араң угулат.

Ошол убакта Ак кашка бирдеменин жытын алгандай, күтүүсүздөн Хасенге бой бербей эки буттап секире ордунан тура калып, тынчсыздана кокту жакты карап калды. Тайгандын азыркы турушу тээ бийикте комдонуп турган бүркүттү элестетет. Бирок кокту тараптан көпкө чейин эч нерсе көрүнгөн жок, жигиттердин кыйкырыгы, иттердин үргөнү да жакындай элек. Алыска созулуп жаткан бадалдуу караган-шактын арасынан карышкыр кай тарапка качып чыгарын куугунчулар байкабай калышы мүмкүн эле. Ак кашка демейдегиден башкача, тумшугун салаңдата комдоно калды. Мүмкүн, ушул тегеректе бөгүп жаткан коён аны алагды кылып жаткандыр? Адатта тайгандар мындайды сүйөт эмеспи.

Ак кашка жаңылышкан эмес экен. Карышкыр шырп билгизбей күтүүсүз жерден Ак кашка карап турган коктудан чыкты. Мына ал, карматпас шайтан. Кар тозоңу коктуга толуп калың күрткү болгондуктан, атчан киши көрсө да артынан кубалай албасын ал билет.

Карышкыр эки жагына көз жүгүртө шашпастан жүгүрүп келе жатты. Хасен да бир минутка алдастап, итин кармаган калыбында эрдин тиштене туруп калды. Алыстан караганда карышкыр тумшуктуу, куюндаган буурул тайга окшоп кетти. Бул көрүнүшүндө ал дагы кубулуп, кутулуп кетчүдөй.

Карышкыр шамалдын агымы тараптан жүгүргөндүктөн, буйгада турган аңчы менен анын тайганынын жытын байкаган жок. Хасен жырткыч ата турган аралыкка келбесин алдын-ала сезип, тайганын бошотуп жатып: «Жөнө... Карма!» – деди да, далдада байланып турган атына жүгүрдү.

Көксерек ак саргыл тайганды биринчи эле көргөндө андан качып кутулуу мүмкүн эмес экенин байкады. Ит адыр жактан өзүнө карай көзгө илешпей учуп келе жатканын, кадимки карала дөбөттөн эки эсе чоң экенин көрүп турду. Ага удаалаш өткөндөгү төөчөндөй аралыктан колуна кара союл көтөргөн кишинин караанын кошо зымырады. Туш-тарабы курчоо. Тез качуу керек.

Ит менен карышкыр кары саяң жерде беттешти. Ит карышкырды кууп жетип бутунан тиштеп булкуп өттү да, күү менен өзү да мүдүрүлүп кетти. Экөө тең секирип туруп, бирине бири карсылдаша тиш салып, оозу кан боло ыркыраша ажырай түштү. Көксерек бир нече жолу итке качыра тиш салып, ошол замат таамай соккуга, катуу каршылыкка туш болуп жатты. Ошентсе да Көксерек ыңгайлуу учурдан пайдаланып, көк жалды жыккан ыкмасына сала Ак кашка-

ны кулак түптөн тиштеди. Ак кашка бой берген жок, Көксеректин оозуна бир тутам жүнү менен терисин калтырып, башын катуу силке бошоп кетти. Бул кармашуу тез эле бүтө койбостугун ал дароо түшүндү. Кыр ылдый чапкылаган атчан сүйүктүү Ак кашкасына күч кубат тилеп:

– Карма эле, карма! Ак каш-ка! – деп жаны калбай бакырат.

Аны көрө Көксерек арс эте тап берип, кайрылып артык карабай качып жөнөдү. Бирок Ак кашка аны узаткан жок. Экөө тикелеше түшүп, тиштери катуу кагышты дейсиң, жөн эле түн болгондо чакмак чаккандай эле учкун чачырай түшмөк. Кишинин кыйкырыгынан улам Ак кашка сактанууну унутуп, тумшугун түз эле карышкырдын каардана ачып турган оозуна салып жиберип, алдыңкы жаактан тилин кошо тиштеди. Экөө биринен бири кутулуп кетүү мүмкүн эмес эле, ит алдыңкы жаактан, көк жал үстүнкү жаактан тумшугун кошо карыштыра тиштешкен бойдон экөө тирелишип туруп калды.

Ошол убакта атын оңду-солду камчылана чапкылап, Хасен биринчи жетти. Ал мылтыгын таштап жиберип, коркпостон түз эле ээрден карышкырдын таштай катуу жонуна секирип, чоң бычагы менен карчыганын түбүнө бышып-бышып алды.

Ак кашка тишин арсайтып, титиреп жаткан карышкырдын оозунан канжалаган тумшугун бошотуп, четке чыга берди. Бир убакта туруп турган калыбында өзү да өмгөктөп жыгылды. Анын каршысында капталынан көк жал жаткан эле.

Жигиттер жакын келип, бирөө камчы сапты зор карышкырдын тишинин арасына тыгып, кара кочкул кан толгон оозун ачып карап, укмуштай чоңдугуна таң калышты.

Азезил!.. – деди жигиттердин бири андан алыстап.

Көксерек! – деди Хасен Ак кашканын жаратына кылдат көз жүгүртүп жатып тиги жигиттерге.

Көк жалдын өлүгүн айылга алып келип, Курмаштын боз үйүнө таштап коюшту. Курмаштын чоң энеси да небереси сыяктуу Көксерек экенин ага жакын келип, жырык кулагынан улам боолгоп араң тааныды.

Көксерек! – деди кемпир чоочуп кеткендиктен колу калтырай-кыйкырып. – Тукумуңа наалат… Жер жуткур. Сенин уятың кайда? Кан ичер! – деп араң шилтеген каруусу жок буту менен карышкырды тиши арсайган оозуна тээп калды.

Которгон **Мамен АРСТАНБЕКОВ**



*Проза*

**Давид**
**МАРКИШ**

# ОДИН

**(Рассказ)**

Эта яма, наполненная коричневатой прозрачной водой, зияла посреди пустыни; две или три пальмы с финиковыми серёжками под зелёными шляпами лепились к влажному обводу ямы и отбрасывали скупую тень на кряжистый камень под ними, а больше ничего здесь не было: ни животных, ни людей.

Края и нутро ямы были прилежно обмазаны глиной, так что вода не уходила в песок и не пропадала втуне. Водоём, надо думать, подпитывался каким-то источником – донным ключом, что ли, или чем-то иным. Но, глядя с берега вглубь, угадать, как держится вода в яме здесь, в синайских песках, под расплавленным солнцем, было невозможно.

Стоя в ажурной тени пальмы, я лениво раздумывал над этим вопросом, когда мимо меня проскользнул возникший как бы из ничего, из жары и марева, молодой бедуин и, не замедлив лёгкого, почти летучего шага, прыгнул в воду. Он нырнул в чём был – в белой просторной рубахе до земли, из шейной прорези которой выглядывала голова, покрытая жёсткими волосами, свёрнутыми в колечки. Лицо бедуина имело приятный оливковый оттенок. Возможно, предком этому пареньку приходился чернокожий, завезённый сюда из Африки арабами, промышлявшими работорговлей три-четыре века тому назад. Такое случается в этих местах.

*338. калган үчөө күн батыш тарапты көздөй жөнөштү. Күн, Ай,*
*339. Жылдыз көптөгөн айбан жана куштарды уулады жана*
*340. жолдон бир алтын жаа таап алышты,*
*341. табылганы атасына беришти.*

## XXXVI

*342. Огуз каган сүйүндү жана*
*343. алтын жааны үчкө бөлдү, анан минтти:*
*344. «Эй, агалар, бул жаа силерге таандык болсун,*
*345. силер жаа өңдөнүп окту көкөлөтө аткыла».*
*346. Ошондон кийин Асман, Тоо жана Деңиз*
*347. көп айбан менен куштарды уулаган соң,*
*348. жолдон үч күмүш жебе таап алышты жана аны*
*349. атасына тапшырып берди.*
*350. Огуз каган сүйүндү*

## XXXVII

*351. жана жебени үчөөнө бөлүп берип минтип айтты:*
*352. «Эй, инилер, бул жебе силерге таандык болсун,*
*353. жаа жебени түздөйт. Силер жебедей*
*354. жаага моюн сунгула. «Ошондон кийин, Огуз каган*
*355. чоң курултай чакырды.*
*356. Нөкөрлөрүн, эл-журтун чакыртты, алар келип*
*357. ой бөлүшүп отурушту. Огуз каган*

*358. чоң чатырда....*
*359. ...............( оң жагына )*

## XXXVIII

*360. кырк кулачтуу узун жыгачты орноттурду.*
*361. Анын учуна бир алтын тоокту илди,*
*362. анын түбүнө бир ак койду байлады.*
*363. Сол тарабына кырк кулачтуу узун бир жыгачты орнотту.*
*364. Анын уч жагына бир күмүш тоокту илди.*
*365. Түбүнө бир кара койду байлады.*
*366. Оң тарапта бузуктар отурду,*
*367. Сол тарапта үч октор отурду.*
*368. Кырк күн күнү-түнү той болду.*

## XXXIX

*369. Ичишти, жешти, жыргашты. Ошондон кийин*
*370. Огуз каган балдарына жерди бөлүштүрүп берди.*
*371. Минтип айтты: «Эй, уулдарым, мен көп жашадым,*
*372. көп уруштарды башыман өткөрдүм. Жаа менен көп жебени аттым,*
*373. айгыр менен көп жерлерди кездим. Душмандарды зар какшатып, досторду*
*374. сүйүнттүм. Теңиринин алдында милдетимди аткардым*
*375. Эми журтту силерге бөлүп беремин».*

**(Огуз наме. «Бежин» улуттар басмасы, 1980-жыл).**

Которгон **Абдылда КАРАСАРТ уулу**



*Кыргыз тарыхы*

**Дөөлөтбек**
**САПАРАЛИЕВ,**
тарых илимдеринин доктору

# БОРОНБАЙ БЕКМУРАТ УУЛУ ЖАНА АЛ МЕЗГИЛДЕГИ УРУНТТУУ УЧУРЛАР

Кыргыз элинин тагдырында саясий маанилүү, тарыхый бурулуштуу окуялар дал XIX кылымдын ортосуна туура келип, мезгилине жараша заман өзүнүн улуу инсандарын тарых айдыңына алып чыккан. Ал замандагы орчундуу окуялардын чордонунда Боронбай Бекмурат уулу турган. Боронбай тууралуу атайы тарыхый изилдөөлөр ушул мезгилге чейин жокко эсе, ошондой болсо да адабият жанрында көркөм чыгарма катары калемгер Эрнис Турсуновдун «Балбай» романы биринчи саамалык. Көркөм чыгармада, негизинен, замандын мүнөздүү белгилерине, тарыхый шарт-кырдаалга, социалдык-экономикалык абалга, күрдөөлдүү окуяларга, көркөм образдарга көңүл бөлүнгөндүктөн, хронологиялык даталарды, комментарийлерди жазуу калемгердин милдетине кирбей да калат. Андыктан каармандардын туулган, өлгөн жылдарынан, айрым окуялардын даталарынан маалымат берип коюуну талапка ылайык деп таптым.

1. Болжол менен 1779-жылы Ысык-Көлдүн Жууку капчыгайынын чатында, чоң манап (ал казактардагы ага султан даражасына, б.а., XVIII кылымдагы ханга тете болгон) Боронбай Бекмурат уулу туулган. 1858-жылы май айынын башында дүйнөдөн кайткан, сөөгү Жуукуга коюлган.
2. Болжол менен 1779-жылы Олжобай бий Түлөберди уулу туулган, 1852-жылы каза болгон, сөөгү Ак-Суунун Кереге-Ташына коюлган.

3. Болжол менен 1780-жылы Мураталы бий Пирназар уулу туулган. 1858-жылы 15-июнда 2-даражадагы чепкен жана алтын мөөр менен сыйланган. Болжол менен 1860-жылы өлгөн.
4. Болжол менен 1780-жылы ойчул акылман Сарт аке Доскулу уулу туулуп, 1860-жылы каза болгон, сөөгү Нарын тарапта.
5. 1780-жылы Карл Васильевич Нессельроде төрөлгөн. Граф, 1816–1856-жылдары Россия өкмөтүндө тышкы иштер министри болгон. Кыргыз-орус байланыштарына кол кабыш кылган. 1862-жылы өлгөн.
6. Болжол менен 1780-жылы белек уругунун бийи Султанкул Алыбай уулу төрөлгөн. 1858-жылдын 15-июнунда күмүш медаль жана 1864-жылдын 17-декабрында 2-даражадагы чепкен менен сыйланган. 1880-жылдары өлгөн, сөөгү Кең-Сууда.
7. 1784-жылдан мурун Алыбек Кетирекей уулу төрөлгөн. Ал Ормон Ниязбек уулунун эжесине үйлөнүп, кыргыз ханынын жездеси болгон. Ормон бийлигинде аскер башчысына дайындалган. Кийин наапазычылыктан Ысык-Көлгө көчүп кеткен. Болжолу 1857-жылы өлтүрүлгөн.
8. 1785-жылы Ысык-Көлдүн Байсоорун деген жеринде айтылуу ойчул, акын Калыгул Бай уулу туулган, 1855-жылдын аягында дүйнөдөн кайткан, сөөгү Ысык-Көлдүн Кара-Ой деген жерине коюлган.
9. 1786-жылы Семен Багданович Броневский төрөлгөн. 1823–1835-жылдары Омск областынын башчысы болгон. 1825-жылы ысык-көлдүк кыргыздардын элчилерин кабыл алган. 1835–1837-жылдары Батыш Сибирь генерал-губернатору, 1857-жылы сенатор болгон. 1858-жылы өлгөн.
10. 1790-жылы Чоң Карач Рахматов туулган. Бугу уруусунун салмаке уругунан, орус аскерлеринин хорунжий ченин алган, Станислав тасмасындагы кичи алтын медалы, Владимир тасмасындагы чоң алтын медалы жана 1-даражадагы чепкен менен сыйланган.
11. Болжол менен 1790-жылы манап Жангарач Эшкожо уулу төрөлгөн. 1864-жылы май айында каза болгон.
12. Болжол менен 1792-жылы Нарын аймагынын Кочкор өрөөнүндө, манап Ормон Ниязбек уулу туулган, 1855-жылы каза болгон, сөөгү эки Ак-Суунун ортосуна Желе-Карагайга коюлган.
13. Болжол менен 1792-жылы Ысык-Көлдүн Сары-Булак деген жеринде Балбай баатыр, Эшкожо уулу туулган, 1867-жылы Верный (Алматы) шаарында түрмөдө каза болгон, сөөгү Сары-Булакка коюлган.

14. 1793-жылы Ысык-Көлдүн Шалба деген айылында чыгаан элчи, Тилекмат Жылкыайдар уулу туулган. 1863-жылы 3-июлда 3-даражадагы чепкен менен сыйланган. 1868-жылы 18-августта дүйнөдөн өткөн, сөөгү Жети-Өгүздүн Сүттүү-Булагына коюлган.
15. 1794-жылы манап Жантай Карабек уулу туулган, 1867-жылы май айында каза болгон. 1847-жылы Георгий тасмасындагы алтын медаль менен сыйланган.
16. 1794-жылы Густов Христианович Гасфорд инфантерий генералы төрөлгөн. Ал 1851–1861-жылдары Батыш Сибирь генерал-губернатору. 1855-жылы 17-январда ысык-көлдүк кыргыздардын Россиянын кол алдына өтүшү жөнүндө ант алууну уюштурган. 1874-жылы өлгөн.
17. 1796-жылы Николай I Павлович Романов төрөлгөн. Бул адамдын Россиянын императору болгон мезгилинде (1825–1855-жж.) кыргыз-орус мамилелери өркүндөп, 17-январь 1855-жылы ысык-көлдүк кыргыздар анын кол алдына өткөнү жөнүндө ант беришкен. 1855-жылы 18-февралда өлгөн.
18. Болжол менен 1798-жылы Өмүр баатыр Чүрүм уулу туулган. 1870-жылдарда өлгөн, сөөгү Шапак айылында.
19. Болжол менен 1800-жылы Алымбек датка Асан уулу төрөлгөн. Ал түштүктөгү адыгине уругунун өкүлү. Кокон ханына таасири күчтүү болгон. Бүткүл кыргыздарды мамлекет түзүүгө аракет кылган. 1862-жылы өлгөн.
20. 1800-жылы болжолдуу Ысык-Көлдүн Ак-Суу аймагында, Жыргалаң суусунун боюнда белгилүү элчи, мамлекеттик ишмер, ага-манап Качыбек Шераалы уулу туулган. 1861-жылдын апрель айында дүйнөдөн кайткан.
21. 1800-жылы Боом капчыгайынын Желаргы деген жеринде атактуу манасчы Карбоз (Карабоз) уулу Келдибек туулган, 1870-жылдарда каза болгон, сөөгү Нарынга коюлган.
22. 1801-жылы Александр Осипович Дюгамель туулган, инфантерий генералы, 1861–1865-жылдары Батыш Сибирь генерал-губернатору жана жергиликтүү аскер күчтөрүнүн командири. 1880-жылы өлгөн.
23. 1804-жылы Андрей Леонтевич Бубенов туулган. Батыш Сибирь губерниясынын котормочусу, губернаторлуктун секретары 1818–1827-жылдарда ысык-көлдүк кыргыздарда болуп кеткен.
24. Болжол менен 1813-жылы Шапак баатыр Алдаш уулу каза болгон. Белек уруусунун бийи, ал 1740-жылы туулган.

25. 1814-жылдын башталышында Качыбек Шералы уулу (белек) жана Жакып Ниязбек уулунан (арык) турган кыргыз элчилери Россиянын Омск шаарына барган. Аларды генерал-лейтенант Григорий Иванович Глазенап кабыл алган. Ал жерде бир жарым жыл болушуп, 1813-жылдын жай мезгилинде кайтышкан. Экөө тең 1814-жылдын 20-мартында Россия министрлер Комитетинин чечимине ылайык орус аскердик капитан чени жана кылычтар менен сыйланышкан.
26. 1818-жылы Константин Петрович Кауфман I туулган, инфантерий генералы. «Жарым пааша» атагын алып жүргөн. 1867–1887-жылдары Түркстандын биринчи генерал-губернатору болуп туруп 1882-жылы өлгөн, сөөгү Ташкент шаарында.
27. 1819-жылы Герасим Алексеевич Колпаковский төрөлгөн, ал 1859–1867-жылдары казактын Улуу жүзү жана Жапайы-Тоо кыргыздарынын (бугулардын) приставы, 1867–1882-жылдары Талаа крайынын генерал-губернатору, 1896-жылы өлгөн.
28. 1820-жылы Байтик баатыр Канай уулу төрөлгөн. 1867-жылы ал солто, сарыбагыш, саяк ж. б. кыргыз урууларынын атынан Россия падышасы Александр IIнин салтанаттуу кабыл алуусунда болгон. 1874–1877-жылдары Токмок уездинин башчысынын кенже жардамчысы болгон. Орус аскердик капитан ченине татыган. 1886-жылы өлгөн.
29. 1824-жылдын аягында Ысык-Көлдөн чыгып, 5-январь 1825-жылы Омск шаарына барган Алгазы Шераалы уулу (белек), Акынбек Олжобай уулу (арык) жана Алымбек Жапалак уулу (желдең) башында турган кыргыз элчилерин Россиянын Батыш Сибирь генерал-губернатору, инфантерий генералы Павел Михайлович Капцевич (1772–1843-жж. жашаган) кабыл алган.
30. 1825-жылы Шераалы бий Шапак уулу өлгөн. Ал болжол менен 1760-жылы туулган.
31. 1825-жылы июль–август айларында Фадей Карлович Зибберштейн (1797-жылы туулган) башчылыгында хорунжий Тимофей Васильевич Нюхалов дипломатиялык миссия менен кыргыз жеринде болуп, аларды Боронбай Бекмурат уулу, Олжобай Түлөберди уулу, Качыбек Шераалы уулу, Жапалак Кутту-кожо уулу жана башка манаптар тосуп алган.
32. 1825-жылы 4-августта Ысык-Көлдүн Төргөн деген жеринде бугу уруусунун белек уругунун бийлери: Ажыба, Абылгазы, Ныша, Мусакожо, Жунус, Качыбек Шераалынын алты уулу, Эсенкожо, Нука Шапактын эки уулу, Шербек Эсен уулу, Худейменде Алдаш уулу, Боронбай Бекмурат уулунун мөөрлөрү,

колдору коюлган Омск шаарындагы орус башчыларына кызматташуу жөнүндө кат жөнөтүлгөн.

33. 1825-жылы 19-ноябрда Александр I Павлович Романов өлгөн. Ал 1777-жылы 12-декабрда төрөлгөн.
34. 1826-жылы Россиянын Омск шаарына элчиликке барып келишкен бийлер Алгазы Шераалы уулу жана Акынбек Олжобай уулу Александр тасмасындагы алтын медалдар менен сыйланышса, Алымбек Жапалак уулу Андрей тасмасындагы алтын медаль жана кылычка татыган. Ал эми орус дипломаттык миссияны өзгөчөлөнүп тоскону үчүн бий Жапалак Куттукожо уулу (желдең) Андрей тасмасындагы алтын медаль менен сыйланган.
35. 1827-жылы Садыр аке Жолболду уулу туулган. 1879-жылы 3-даражадагы чепкен менен сыйланган. 1905-жылы өлгөн, сөөгү Кожоярга коюлган.
36. 1827-жылы Петр Петрович Семенов-Тяньшанский туулган. Белгилүү орус окумуштуусу, саякатчы, Кыргызстанды изилдөөчү, 1914-жылы өлгөн.
37. 1828-жылы манасчы Назар Болот уулу (арык) туулган. 1893-жылы өлгөн.
38. 1828-жылы бугу уруусунун желдең уругунун бийи, акылман Карга аке Мендегул уулу өлгөн. Ал 1824-жылдын 6-декабрында Омск шаарындагы орус башкармачылыгына өз уругунун бийлери Жапалак Куттукожо уулу, Байтөлө Манжы уулу, Көккөз Койке уулу, Байкожо Тулебала уулу, Орозай Бектур уулу ж.б. Алымбек Жапалак уулу аркылуу кат жөнөтүшүп кол коюшкан. Карга аке болжол менен 1718-жылы төрөлгөн.
39. 1830–1840-жылдардын аралыгында сарыбагыш менен солтолордун, сарыбагыш менен саяктардын, бугу менен саяктардын уруу чабыштары уланып, кайталанып турган.
40. 1831-жылы Иван Андреевич Бардашев туулган. Ал Ала-Тоо округунун тилмечи болуп турганда 1856-жылы Ысык-Көлгө М.М. Хоментовский менен Ш. Уалихановдун аскердик жана илимий экспедициясына катышкан. 1868-жылы өлгөн.
41. 1832-жылы улуттук баатыр Тайлак Ырыскул уулу Куртка чебин коргоп, Кокон ханынын беги Хак-Кулунун колун талкалаган. Ал кыргыздардын өз алдынча мамлекет болушуна аракеттенген. Тайлак баатыр 1796-жылы туулуп, 1838-жылы набыт болгон, сөөгү ошол Ак-Талаага коюлган.
42. 1834–1838-жылдар аралыгында Байзак баатыр Жаркынбай уулу туулган. Ал 1871–1879-жылдар аралыгында Кулжыгач болостунун айыл бийи, 1879–1885-жылдарда ошол болост-

тун башчысы болуп иштеген. Станислав тасмасындагы кичи күмүш жана алтын медалдары менен сыйланган.

43. 1834-жылы Солтобай ырчы төрөлүп, 1918-жылы өлгөн, сөөгү Жуукуда.
44. 1835-жылы ноябрда казак элинин чыгаан окумуштуусу, ишмер Шокан Уалиханов төрөлгөн. Ал 1865-жылы оорудан каза болгон.
45. 1839-жылы Чыныбай Тилекмат уулу төрөлгөн. Бул абройлуу ишмер 1871–1877-жылдары Ысык-Көл уездинин башчысынын кенже жардамчысы кызматын аткарып, нечендеген сыйлыктарга ээ болгон. 1890-жылдары өлгөн, сөөгү Шалба айылына коюлган.
46. 1839-жылы май айында Ысык-Көлдүн Туюк-Булуңунда даңазалуу Шабдан баатыр Жантай уулу төрөлгөн. Орус өкмөтүнүн көптөгөн алтын, күмүш медалдары жана ордендери менен сыйланган. 1883-жылы Санкт-Петербургга Александр IIIнүн таажы кийүү үлпөтүнө катышып, аскердик кошуун старшинасы (майор) ченин алган. Ал 1812-жылы 6-апрелде каза болуп, сөөгү Кеминдеги Тар-Суу айылындагы көрүстөнгө коюлган.
47. Болжол менен 1840-жылы болжолдуу Жети-Өгүздүн Сырт жайлоосунда атактуу акын-философ, чыгаан комузчу жана ишмер (бий) Арстанбек Буйлаш уулу туулган, 1882-жылы дүйнөдөн кайткан, сөөгү Жуукунун күн чыгышындагы Таш-Кыянын бейитинде.
48. 1840-жылы Тыныбек Жапый уулу Ысык-Көлдө Кайнар айылында туулган. Манасчы, ишмер бий. 1902-жылы өлгөн, Нарында Байдылуу-Туюк айылына коюлган.
49. Болжол менен 1840-жылы кыргыз ойчулу, акылман Карач аке Мендегул уулу туулган. 1910-жылы каза болгон, сөөгү Шапак айылына коюлган.
50. 1842-жылы Тармал-Саз деген жерде Ормон Ниязбек уулу башына кызыл тебетей кийип, өзүн хан жарыялаткан.
51. 1840–1850-жылдардын аралыгында Балбай баатыр башчылык кылган кыргыздар Барскоон, Коңур-Өлөң, Каракол чептерин кокондуктардан бошоткон.
52. 1843-жылы Кыдыр аке Байсары уулу туулган. 1871–1888-жылдары Түргөн волостунун башчысы, 1-даражадагы чепкен, Станислав тасмасындагы кичи, чоң, күмүш жана чоң алтын медалдары менен сыйланган. Санкт-Петербургга Жети-Суу областынын өкүлдөрүнүн ичинде императордун кабыл алуусуна барып келген. 1926-жылы өлүп, сөөгү Кереге-Ташка коюлган.

53. 1844-жылы Россиянын букаралыгына кабыл алуусун өтүнүп, Батыш Сибирь генерал-губернатору П.Д.Горчаковго Боронбай башында турган кыргыздардын бугу уруусунун манаптарынын каты жөнөтүлгөн.
54. 1844-жылы декабрь айында Батыш Сибирь генерал губернатору Боронбайга алтын жип менен саймаланган кызыл баркыт чепкен жана күмүш кружка сыйлык жөнөткөн.
55. 1847-жылы казактардын ханы Кенесары кыргыздарга жортуулдап келип, Май-Төбөдө согуш майданында жеңилип, башы алынып генерал-губернатор П.Д. Горчаковго жеткирилген. Сөөгү Чүйдө Кызыл-Суу менен Шамшы жылгалар арасындагы Борду сайынын орто бөксөсүндөгү тоого көмүлгөн. Ал 1802-жылы туулган.
56. 1848-жылы Боронбай Ысык-Көлдө дубан (округ) уюштурулушун өтүнүп, Россия империясына кат жөнөткөн.
57. 1848-жылы Боронбайга П.Д.Горчаков дагы бир чепкен белекке жиберген.
58. 1850–1855-жылдары Улуу жүз казактары жана 1857–1858-жылдары Ала-Тоо округунун башчылыгында полковник М.Д. Перемышльский турган. 1860-жылы ал Санкт-Петербургга кеткен.
59. 1850-жылы Боронбай Батыш Сибирь генерал-губернатору П.Д.Горчаковго тилмеч Файзулла Ногоевди сыйлоо жөнүндө өтүнүч кат жолдогон. Файзулла мурда орус императорлугу Герольдия тарабынан укум-тукумуна чейин салыктан бошотулган, Тархандык грамотасы жана баалуу буюмдар менен сыйланган эле. Ушул өтүнүч боюнча 23-апрель 1855-жылы Файзулла «Эпкиндүүлүгү үчүн» деген жазуусу бар Анна тасмасында моюнга илинип жүрүүчү алтын медаль менен сыйланган.
60. Болжол менен 1851-жылы болжолдуу Бекболот баатыр Алсеит уулу туулган. 1880–1886-жылдары Барскоон волостунун башчысы (акими) болуп иштеген, 1875-жылы Кыргызстандын түштүгүнө Шабдан баатырдын кошунундагы аскер экспедициясында болгон. 1883-жылы Станислав тасмасындагы күмүш медалы менен сыйланган.
61. 1852-жылы 23-мартта Ормон хан Иле дарыясынын жээгиндеги жерлерди ээлеп алып, казак жерлерин энчисине алууга Россиянын падышасы Николай IIге кат жөнөткөн.
62. 1853-жылы Ормон Иледен кайра көчүп келип, Ысык-Көлдүн Чоң Ак-Суусуна жайланышкан.

63. 1854-жылы июль айында Омск шаарына Качыбек Шераалы уулу баш болгон ысык-көлдүк кыргыздардын өкүлчүлүгү келген.
64. 1854-жылы 28-декабрда Боронбайга орус аскердик подполковник чени ыйгарылган.
65. 1855-жылдын 17-январында Омск шаарында салтанаттуу абалда Качыбек Шераалы уулу ысык-көлдүк кыргыздардын Россия империясынын карамагына өтүшүн ырастаган ант берип, куран өпкөн.
66. 1855-жылдын 19-февралынан 1881-жылга чейин Россия империясынын императору Александр II Николаевич Романов болуп турган.
67. 1855-жылы жазында Ормон хан Ысык-Көлдөгү бугу уруусунун конуштарына жүрүшкө барып каза болгон.
68. 1855-жылы жай мезгилдеринде хорунжий Лучшев 45 аскери менен Качыбек Шераалы уулун жана Файзулла Ногоевди Ысык-Көлгө коштоп жеткирип, бул жерде 20 күнчө жүрүп, кайра Верный шаарына 14-октябрда кеткен.
69. 1855-жылдын сентябрь айынан 1857-жылдын январына чейин Михаил Михайлович Хоментовский Улуу жүз казактарына жана жапайы-тоолук (бугу) кыргыздарынын башчысы (приставы) болуп иштеген.
70. 1855–1858-жылдарда Төрөкелди менен Үмөталы Ысык-Көлдү айланып, бугу кыргыздарды кайра-кайра чапкан. Акыркы чабышта Төрөкелдинин буту сынып, колго түшкөн.
71. 1855-жылы ноябрь айында Улуу жүз казагы жана жапайы-тоолук кыргыздардын башчысы М.Д. Перемышльский губернатор Г.Х. Гасфорддун көрсөтмөсү менен Улуу жүз казагынын ага султаны Тезек Нуралиевге бугу менен сарыбагыштардын чатагына кийлигишпесин талап кылган. Тезек төрө сарыбагыш манабы Сейилхан (Ормон хандын зайыбы Уулбаладан төрөлгөн уулу) менен куда болгон. 1879-жылы 27-июнда өлгөн.
72. 1856-жылы жазында Ысык-Көлгө Михаил Михайлович Хоментовский баштаган экспедиция менен келип, Шокан Уалиханов «Манас» эпосунан «Көкөтайдын ашы» эпизодун жазып алган.
73. 1856-жылы июнь айынын ортосунда Ысык-Көлдүн батыш тарабындагы Кутмалды суусунун аймагына хорунжий Жеребятьевдин чалгындоочу кошуну келген, буларга жөнөтүлгөн почта-унаа бөлүкчөгө Шаты суусунун боюнда бугу уруусунун өкүлдөрү кол салган.
74. 1856-жылдын 10-май – 10-октябрь аралыгында Яновский баш болгон орус аскер тобу Ысык-Көлдүн чыгыш-түндүгү (Кесенгер

колоту), чыгыш-түштүгү (Сан-Таш, Каркыра, Чарын, Жууку ж.б.) жерлерин топографиялык картага түшүргөн.

75. 1856-жылы сентябрь, 1857-жылы июль айларында Ысык-Көлдү жана Тянь-Шанды изилдөөгө келген П.П.Семенов-Тяньшанский Боронбайдыкында жана Үмөталыныкында болгон, аларды жараштырууга аракет кылган. Экспедициянын мүчөсү, сүрөтчү П.М. Кашаров Боронбайдын элесин кагазга тарткан.
76. 1858-жылдын 15-июнунан 1859-жылдын 15-январы аралыгында Өмүрзак Боронбай уулу кыргыздардын бугу уруусунун ага манабынын милдетин убактылуу аткарган. Ал анда 20 жашта экен, демек, 1838-жылы төрөлгөн.
77. 1858-жылы 15-июнда Түркмөн Боронбай уулу 1-даражадагы чепкен менен сыйланган.
78. 1858-жылы Шокан Уалихановдун аскердик-стратегиялык экспедициясы кыргыз жерлери аркылуу Кашкарга өткөн.
79. 1859-жылы январда Батыш Сибирь генерал-губернатору Г.Х.Гасфорт ысык-көлдүк кыргыздарга (бугуларга) Качыбек Шераалы уулун орус аскер майор ченин берүү менен ага-манап кылып дайындаган. Ал 1-даражадагы чепкен, алтын медаль жана «1853–1856-жылдардагы согуштардын эстелигине» деген дагы бир алтын медаль менен сыйланган.
80. 1860-жылы 16-сентябрь Чоң Карач Рахматовго хорунжий чени ыйгарылган, ал эми 3-май 1863-жылы чоң алтын медалына татыган.
81. 1861-жылы 10-июнда Балбай баатыр Станислав тасмасында моюнга илип жүрүүчү чоң күмүш медалы менен сыйланган. 1863-жылы 3-даражадагы чепкен алган.
82. 1861-жылы 2-июлда Нурдөөлөт баатыр Жороп уулу орус өкмөтүнөн кылыч жана аны асынуучу (портубея) кур менен сыйланган. 1867–1876-жылдары Карай-Сарай волостунун башчысы (акими) болгон.
83. 1861-жылы Россияда императордун жарлыгы менен крепостнойлук укук жоюлуп, миллиондогон жерсиз орус дыйкандары Сибирге, Алтайга, Казакстанга, Орто Азияга көчүүгө мүмкүндүк алышкан.
84. 1862-жылы 14-апрелде Боронбайдын агасынын баласы Зарыпбек Сасыке уулу ысык-көлдүк кыргыздарга ага-манап болуп дайындалган. Ага 31-май 1862-жылы майор чени ыйгарылган.
85. 1862-жылы жай мезгилдеринде Ысык-Көлгө капитан Александр Петрович Проценконун башчылыгында орус аскердик кошуун келген. Коргон куруута жер караштырышкан.

86. 1862-жылы Сибирь корпусунун командири А.О.Дюгамель бугу кыргыздарын коргоп калууга Г.А.Колпаковскийге буйрук жөнөткөн.
87. 1862-жылы жана 1869-жылы окумуштуу Василий Васильевич Радлов Ысык-Көл, Чүй өрөөндөрүнө келип, «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү жазып алып, алгачкылардан болуп 1885-жылы басма бетине жарыялаган.
88. 1864-жылы 2-апрелде Хабибулло Файзулин мактоо баракчасы менен сыйланган.
89. 1864-жылы Ысык-Көлдө Ак-Суу орус коргону негизделген.
90. 1865-жылы 12-февралда Оренбург генерал-губернаторлугунун карамагында Түркстан областы түзүлгөн.
91. 1865-жылы 29-мартта Кылыч Кыркынов 3-даражадагы чепкен менен сыйланган.
92. 1865-жылы 25-майда Өмүрзак Боронбай уулуна, Акимбек Олжобай уулуна жана Рыскул Кырк уулуна орус аскеринин прапорщик чендери ыйгарылган.
93. 1866-жылы январда ага-манап деген даража-наам жоюлган.
94. 1867-жылы жай мезгилинде полковник Полтарацкий башчы болгон орус кошуну Нарын, Чатыр-Көл тарапка барып кайткан. Балбай, Дүраалы кармалып, Верный шаарына алып барылган.
95. 1867-жылы чыгаан манасчы Сагымбай Орозбак уулу туулган. Ал 1930-жылы өлгөн.
96. 1867-жылдын аягында Ысык-Көл уезди түзүлүп, орус башкаруучулугуна майор Томский дайындалган. Кыргыздардын маселесин тейлешүүгө ага кенже жардамчы катары прапорщик ченинде Акынбек Олжобай уулу дайындалган. Ал 1826-жылы Александр тасмасындагы алтын медаль жана 1859-жылы 15-июнда 2-даражадагы чепкен менен сыйланган.
97. 1867–1876-жылдарда Өмүрзак Боронбай уулу Жууку волостунун башчысы болуп иштеген, 1858-жылы 15-июнда 1-даражадагы чепкен, 1863-жылы 3-майда Станислав тасмасындагы чоң күмүш медаль, кийин Владимир тасмасындагы чоң алтын медалдары менен сыйланган.
98. 1869-жылы Каракол шаары негизделген.
99. 1873–1876-жылдары акын, философ Арстанбек Буйлаш уулу, Доскулу Алике уулу № 5 айылдын бийлери болуп шайланышкан.
100. 1873–1876-жылдары Батырхан Ногоев Күрмөнтү волостунун №3-айылынын бийи болуп иштеген. 1875-жылы Шабдан баатырдын кошуунунда Кыргызстандын түштүгүнө аскер экспедиция-

сында болгон. 1873–1876-жылдары Күрөнкей Жабага уулу Кең-Суу волостунун №4 айылынын бийи болуп шайланып иштеген.

101. 1876-жылы ноябрда Кең-Суу волостунун бийи Жээнбай Жакиев 3-даражадагы чепкен менен сыйланган.

102. 1876-жылы Күрмөнтү волостунун башчысы Бала Карач Ногоев Станислав тасмасындагы кичи күмүш медалы менен сыйланган, 1880-жылы 8-июлда ушул эле тасмадагы чоң күмүш, ал эми 1883-жылы чоң алтын медалдар менен сыйланган. 15-июнь 1858-жылы чепкендик кездемеге татыган.

103. 1880–1882-жылдары Сарыбай Султанкул уулу волостной управитель болуп иштеген. Ал 1880-жылы 8-июлда Станислав тасмасындагы кичи, чоң күмүш жана 1883-жылы кичи алтын медалдар менен сыйланган.

104. 1883–1886-жылдары Кең-Суу волостунун башчысы болуп Соодан-бек Рустемов шайланган.

105. 1886-жылы белгилүү манасчы Чоюке Өмүр уулу туулган, 1926-жылы дүйнөдөн өткөн.



*Мастер-классик*

**Эрнест**
**ХЕМИНГУЭЙ,**
АКШ. Нобель сыйлыгынын
лауреаты

# ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ*

Романдарымды же аңгемелеримди таң азандан баштап жазганды жактырам. Бул маалда эч ким жолтоо болбойт, күн салкын, атүгүл суук, иш кызыганда кандай ысыганыңды да билбей кетесиң. Мурда жазылгандарды кайталап окуйм, андан ары эмне болорун негизинен билем, токтогон жерден улантам. Эртеси отурар замат окуя оңутуна аралашып кетүү үчүн жазып атканымды эргүү жаналекте токтотком. Эсеби маселең, ишке эртең менен эрте киришсем, түштө же түшкө маал аяктайм. Жазып бүткөндө бир туруп таптакыр эле көңтөрүлүп калгансыйсың, бир туруп толуп-ташып тургансыйсың. Бул эми кудум ашыктык лаззатындай. Кайрадан ишке киришкенче эч ким сенин назарыңды бурбайт, эч нерсе сени алагды кылбайт. Арийне, ишти эртеңкиге калтыруу бир кыйла кыйынчылыкка турат экен.

Ар күн сайын мурда жазылгандардан бир барак оңдойм. Таптакыр бүттүм деген соң, бүт кол жазмамды кайрадан карап чыгам. Кол жазма машинкага басылгандан кийин да жакшы оңдолот. Басмакана тергенден кийин окуу – оңдоонун акыркы мүмкүнчүлүгү. Айтору, оңдоого оңтой келе калса, «жан» деп киришмей.

Шартка, түзүлгөн кырдаалга жараша оңдойм. «Кош түбөлүк, куралымдын» акырын кайра баштан жазып чыккам. Ал эми акыркы барагын жыйырма тогуз ирет жаздым.

---

* Э.Хемингуэй өмүрүнүн акыркы жылдарда өнөрканасы, чыгармачылык чеберчилиги тууралуу бир кыйла маектерди жарыялаган. Бул макала Франциянын «Ар» жумалыгынын суроолоруна берген жоопторунун (март-апрель, 1958, июль, 1959) негизинде даярдалды.

Мени форма табуу анчалык деле кыйнабайт, мен үчүн чыныгы сөз табуу тозок.

Өткөндөрдөн адабий устатым деп кимди эсептейм? Марк Твен, Флобер, Стендаль, Бах, Тургенев, Л. Толстой, Достоевский, Чехов, Эндрю Марвел, Жон Дони, Кипллинг (мыкты китептери), Торо, Мопассан, капитан Марриэт, Шекспир, Моцарт, Кеведо, Данте, Вергилий, Тинторетто, Иероним Босх, Патенье, Гойя, Сезанн, Ван Гог, Гоген, Крус, Гонгора. Дагы көптөрүн унутпай санап чыгуу үчүн бүтүндөй бир күн керек болор эле. Дегинкиси, менин турмушум менен чыгармачылыгыма таасир эткендерди суроо – айтыла берип ашмалтайы чыккан сөзгө айланат. Биринчиден, мен аны менен ашкан билимдүүлүгүмдү аныктагым келип аткандай туюлушу ыктымал. Тилекке каршы, андай билимим жок. Жок, ал суроо сиз үчүн аябай маанилүү болсо, мен албетте, чын дилимен жооп берүүгө милдеткермин. Байкасаңар керек, жогоруда келтирген узун тизмемдин ичинде художниктер да көп. Анткени алар мага жазганды жазуучулардан кем эмес үйрөттү. Кантип дээрсиз. Аны чачырата айтып берүү үчүн мага дагы бир күн керек. Ал эми жазуучу композитордон жазганды кандайча үйрөнө турганын, полифония менен контрапунктту эжелеп үйрөнүү жазуучуга эмне берерин, менимче, кең кесири кеп кылса болот.

Жогоруда аталган авторлорду качан, кандайча кайталап окуйсуз дейсиңерби? Эсеби маселең, Твенди эки же үч жылдан кийин гана кайталап окуса болот. Себеби ансыз деле жат билесиң. Шекспирди жыл сайын кайталап окуйм. «Король Лирди» милдеттүү түрдө. Анткени ал менин кайратыма кайрат кошот.

Мен кыялый окуяларды ээрчип эркин жазам, бирок аларды турмуштан алган сабактарыма тынымсыз салыштырып турам. Негедир өз көзүм менен көргөндөрдү жазганда антпейм. Көз көргөндөрдү тизмектөө көңүлгө тузу жок аштай тиет. Турмуш тажрыйбасына негизделген кыялый аңгемеде чындык алда канча акыйкат айтылат.

Окуя болгон жерди эч качан ойдон чыгарбайм. Тескерисинче, көзгө сайып көрсөткүдөй так болсо дейм. «Коңгуроо кимге кагылат» романымдагы көпүрө, капчыгай, жар – бардыгы мен жарандык согушка катышкан жерлер.

«Коңгуроо кимге кагылат» – менин эң негизги чыгармаларымдын бири, мен аны баарынан жакшы көрөм, бирок ал али бүтөлек. Мен аны граждандык согуштун аң учурган апааттары тууралуу эки жыл бою Нью-Йоркко телефон аркылуу эки колонка кабар жөнөтүп тургандан соң бир дем менен баштагам. Романдын күрүчүнөн күрмөгү көп.

Келерки жылы «Коңгуроо кимге кагылат» романы боюнча «Скрибнер» фирмасы менен түзгөн келишимимдин мөөнөтү бүтөт.

Ошондон кийин өндүрүштөн алып салсамбы деп атам. Бери дегенде, убактылуу. Анда азыр эч бир мааниге ээ эмес, адамдар түкүрүп да койбой турган нерселер бар.

Романдагы каарман аял – Пилар али тирүү. Ал азыр, албетте, карып калды, Галисияда жашайт, арийне… ал Пабло менен да, Августина менен да, Фернандо менен да эч качан жолуккан эмес, алар турмушта болбогон адамдар. Тескерисинче, Эль Сардо турмушта болгон. Ал Гвадалахарада салгылашып, кудум мен жазгандай өлгөн.

Эгер басма ээлери романды кайрадан сатып алам, кайрадан басып чыгарам десе, мен берген жаңы текстке макул болуусу шарт.

Кайсы каарманымды жакшы көрөрүмдү сурасаңар, эң узун тизмеге туш болосуңар.

Жаш жазуучунун гезитте иштешине кандай карайсыз, «Канзас Сити Стар» гезитинде иштөө сизге кандай жардам берди десеңер, гезитте иштөө кайсы жазуучуга болсун пайдадан башка зыян апкелбейт деп айтар элем. «Стар» жөнөкөй жазганды, ток этерин айтканды үйрөттү. Гезит жаш жазуучуга жардам берет, бирок бир шарт менен: ал ишти өз убагында токтото билиши керек.

Дүйнө менен таанышуу жазуучудан чоң жоопкерчиликти талап кылат, анүчүн жакшы жазуу барган сайын кыйындай баштайт. Көркөм дөөлөт болуп калар бирдеме жараткысы келсе, жазуучу күнүнө бир нече саат гана иштесе да өз өнөрүн кара жанды тынымсыз карч урдурган иш катары карашы зарыл. Жазуучуну кудукка салыштырса болот. Кудук ар түркүн болгон сыяктуу эле жазуучу да ар түркүн. Эң негизгиси, кудукта таза суу болушу шарт. Анан да кудукту бир заматта какшытып алып, дагы качан суу чыгарын күтүп отургандан көрө, аз да болсо, чөмүчтөп болсо да сузуп алып турган ийги.

… Байкагычтык – жазуучунун эң башкы куралы. Андан ажырадыңбы – жоксуң. Арийне, байкайт десе эле атайлап «шыкаалап» жатып алган жарабайт: жазуучунун көргөн-эткенинин баары эле чыгармага эш боло бербейт. Балким, анын жардамы жаңыдан жаза баштаганда тиер. Бара-бара көргөн-билгендериңдин баары кандайдыр бир касиеттүү казнага чогула баштайт. Андан алда немелер адырайып көрүнсө, мен адабият чыгармачылыгын айсберге салыштырар элем. Жетиден бир бөлүгү гана суу үстүндө, калганы суунун алдындагы муз-тоого. Демек, суунун алдына чөгө турганы чөгүүгө тийиш, канчалык терең чөксө, айсбергдин түбү ошончолук бекем болот.

… «Чал жана деңиз» повестин чоё берсем, миң барактан ашмак. Эсеби маселең, ал кыштакчада жашагандардын чоо-жайын, турмуш-шартын, кайда туулуп, кайда өскөнүн, бала-чакасынын таалим-

тарбиясын ж. б. эмне үчүн эргип кеп кылууга болбосун?! Айрым жазуучулар андайларды апыртып-жапыртып сонун сүрөттөйт. Сиз жазып жатканда акыл-эсиңиз жеткендердин айланасы менен аргасыз чектелесиз. Мен башка жол менен баруунун амалын издедим. Окурмандар повесттеги окуялар менен кошо аралашып жашагандай болсун, аны чын эле өз башынан кечирип жаткандай сезсин аракетин жасадым. Албетте, ал өтө кыйынга турду, анүчүн бел чечпей иштөөгө туура келди.

Эмнеси болсо дагы мен бу саам мурда болбогондой окурмандарга окуя менен кошо жашагандай сезим калтыра алдым деп ойлойм. Кайриет, менин бактыма мурда жазуучулар байкоос албаган кайраты таш жарган карыя менен көкүрөгү тунук бала туш келди. Карыянын кандайлыгын как өзүндөй көрсөтүүгө океан жардам берди. Кудум көктөн издегеним жерден табылгансыды. Мен окуя оңутуна сүңгүп кирип, аны окурмандарга айтып бердим. Мен бул аймактан элүүдөн ашуун кит көргөнүм бар, атүгүл бир ирет алтымыш футтан ашкан китке найза сайып коё бергем. Мен аларды повестиме кийирген жокмун, бирок балыкчылардын мен билген жана мен айталек таржымал-тарыхы – менин айсбергимдин негизин түздү.

«Эскерүүлөрүмдү» сурасаңар, башкалар мага арнаган сансыз репортаждарды бириктирген менин репортажым болот. Өзөгүн Париж менен жоголгон жаңы муун түзөт. Парижге эч бир журналистсиз, интервьюсуз, белгисиз каптал эшиктен тымызын жылып кирсем дейм. Айрым барларга барсам дейм, жаңы көргөзмөлөрдөн искусствонун эски чыгармаларын көрсөм дейм. Чуркоо аянтчасына, бокс мелдешине барып, жаңы хоккеисттерге, жаңы боксчуларга күбө болсом дейм. Арзан, чакан ресторан издесем дейм, түптүү шаарды түрө кыдырып көрсөм дейм.

… Жаңы романымда улуу Стендалды жекеме-жекеге чакыргым келип атыр. Бука менен кармашты бекер жеринен изилдегеним жок. Жан жүрөк менен сезим – бул букаларды буурakандаткан кызыл чепкен.

Орус тилинен оодарган **Алым ТОКТОМУШЕВ**

*Балдарга базарлык*

# БААРЫН БИЛГИМ КЕЛЕТ

**(Сандан санга)**

## Бир варвар баты кеткен Римди кантип бакты?

Балдар, башынан кеп кылып келатабыз, «варварды» грекчеден кыргызчага которгондо «балдырак» деген эле маани берет. Чоң энелерибиз бизди деле: «Балдырап, шалдырап жүрө берет» – деп койчу эле го? Эсиңердеби? Жакшылап түшүндүрө албай, бирдемелерди балдырап-шалдырай берсек ошентет да. Анын сыңары гректерди басып кирген башка элдин жоокерлери түшүнүксүз тилде балдырап, шалдырай берген, ошондуктан варварлар – балдырактар деп койгон. Биздин заманда өзүнүн маданияты төмөн, өзгөлөрдүн маданиятын түшүнбөгөн калктын баарын варвар атап алышты дедик.

Болбосо алгач «варварлар» деп герман урууларын айтышчу. Алар Рейн дарыясынын жээгинен чыгып, Испанияны жапырып, сапырып орун ала баштаган. Варварлардын балбан билек, жолборс жүрөк баатыр калк экенин байкаган Рим өкүмдарлары варварларды өзүнө тарткан: аларды жалданма аскер катары пайдаланып, Түндүк Африкадагы бийлигин «кыңк» эттирбей башкартмак эле. Анткени Түндүк Карфаген мамлекети калдайып сүрдүү турчу. Дүйнөнү көп жерлери сыяктуу эле Түндүк Африкада да Римдин карамагындагы аймактар арбын болгон. Аларды Карфаген сатып албасын, басып албасын, өзүнө кошуп албасын деп, Рим варварларды жалдап атпайбы. Ошол чөлкөмгө тынчтык орнотсун, Римдин карамагынан карыш жылдырбасын деп.

Варварлар бир кыйлага алган милдетин абийирдүү аткарат. Арийне ал мезгилде Рим империясы өзү ичтен ирип, сырттан чирип баштаган дешет. Аны алдыртадан аңдап, ичкериден байкаган варварлар Римге караштуу аймактарды – айтымында ал аймактар жеткен жетиштүү, ашкан бай аймак экен, кайтармак тургай өзүнө каратып, өз бийлигин орнотуп, чачкын шаарларды бириктирип, Римге баш ийбеген өз алдынча мамлекет – Варварлар королдугу деген койкоңдогон аты бар мамлекет курган.

Алмустактын (биздин заманга чейинки доорду ушинтип атайлы дебедик беле) V кылымы башталганда Рим империясынын абалы таптакыр эле аласалып бараткан дешет. Байлары байып, кедейлери кедеринен кеткенден кете баштаптыр. Кудум азыркы кыргыз заманындай. Билсеңер керек, ал кезде байларды ак сөөктөр же патрицийлер деп койчу. Калктын калың катмарын, б. а., бүт рим калкынын токсон пайызга жакын кедей-кембагарларын плейбойлор дечү. Байкап атасыңарбы, биз жашап аткан кылымда «Плейбой» аталган маалымат каражаттары көп. Бул түбү «кул-кутандар үчүн» деген түшүнүккө такалат. Анын сыңары ал мезгилде Римде кул-кутандар батпай кетиптир. Азыркы Кыргызстандагыдай эле ашкан байлар, б.а., патрицийлер жалпы калктын болжолу он-он беш пайызын түзсө керек. Ошол ойрондор оңбогондой чардап жашаган имиш. Көзүн май, көкүрөгүн дат басып, оюн-зоок, таң-тамаша, той-топурдан башканы ойлобой калыптыр, орой айтканда, ичип-жеп, сийип-чычканды гана билчү экен. Карапайым калк кадеми каткан турмушка тушугуптур.

Лев Гумилевди билесиңер. Азыр билбесеңер кийин, сөзсүз, окуйт болушуңар керек. Кечээ жакында эле көзү өттү. Улуу ойчул, тарыхчы, географ. «Күмүш доор» деп коюшкан мезгилиндеги атан төөдөй эки акындын – Н.Гумилев менен А.Ахматованын жалгыз уулу. Совет саясатынан сая куулуп, ыдык жеп, жаш өмүрүнүн теңинен көбүн түрмөдө өткөргөн. Бирок башкалар сыяктуу доомат кылган эмес, догун арткан эмес. Тек, дүйнө тарыхындагы калктар кубулушун изилдеген, мамлекет дөөлөттөрү кантип оңолуп, кантип жоголгонун китеп кылып жазган. Силер окудуңарбы, окубадыңарбы, билбейм, мен окугам, ошол кишинин айтканы бар: «Акыркы жылдары Рим согушмак түгүл коргонгонго жарабай калган, – дейт, – варварлар 455-жылы Римди бүкөнөбара талкалап кеткенде мамлекеттин май-каймактары чогулуп, шаарды кантип калыбына келтиребиз, чачылган-чабылганды кантип жыйнайбыз дебей, келерки цирк оюнун кантип уюштурабыз деген талкуу өткөргөн».

Көрдүңөрбү, бийлик башындагылар жыргалга батып алса, элди ойлобой, өз жыргалчылыгын ойлоп жатып алса ошондой болот. Ал кезде Рим императору Гонорий деген экен. Такка он бир жашында отуруптур. Өзү жаш болсо, акыл-парасаты пас болсо, ордого, албетте, ашынган шылуун-шумдар, кошоматка кой союп, пайда тапкандар толуп кетет. Өлкөнү аты бар, заты жок Гонорий падыша башкарат дегени менен иш жүзүндө Флавий Стилихон деген кыраа саясатчы, кыйын жол башчы, кол башчы башкарчу экен.

Ошентип, Рим бийлиги баш-көзсүз калып, ичинен ирий баштайт, мамлекет башына ана-мына каран түн түшөт деген күндө калат. Тутумундагы мамлекеттер бөлүнө баштайт. Римдин чыгышында жашаган готтордон – гот дегенибиз герман урууларынын бири дебедик беле, жолборс жүрөк бирөө чыгат. Аты Аларих экен. Ал өз элинен кол курап, казат жүрүп, абалы Константинополду, андан соң Македония менен Грецияны басат. Андан кийин Италияга кол салат. Ал жыл – 401-жыл

болчу. Римди айта көрбө, астым-үстүм түшүп алдастайт. Римди минтип бир кезде Карфагендин улуу кол башчысы Ганнибал гана карбаластаткан дешет. Шаарда карапайым калк, анан алсыраган аскер эле калат, калганы ыштанын булгап туш-тарапка качат. Айрыкча ашкан байлар. Көптөрү кеме жалдай салып, Сицилияга кире качат. Акчасы көп да. Байлардын жаны таттуу болот. Гонорий падышанын жаны да таттуу болчу. Таттуулугунан мамлекетти эски баштыктай таштап, коңшулаш Галлиянын этегине эптеп-септеп башын катат. Ошентип Римде ирдүүлөрдөн Стилихон эле калат. Ал үрөйү учуп, үүшү кеткен аскерлерди чогултат, аң-сезимин, ар-намысын ойготот, демине күч берип, кайратына жигер кошот. Галлия менен Британиядагы Римдин ишенимдүү аскерлерин чакыртат, алан уруусу менен алака түзүп, жоого каршы кайрайт.

Ошол мезгилде готтор Миланга жакындап, император Гонорий коңулта тапкан Асти шаарын ана алам, мына алам деп туру. Аларих албан жеңишинин урматына улуу той берип, майрам уюштурам деп калган. Анан эле Стилихон жаратынан тына элек аскерлери менен кол салып атпайбы. Катуу согуш болот, кан суудай агат. Италия аман калат. Рим жеңишин желпилдете майрамдайт. Стилихондун урматына ыр ырдалып, мактал айтылат, шарапка толгон чөйчөктөр бошойт. Колго түшкөн готторду кордоп-зордоп көчөгө тизет. Аларих колго түшпөй, качып кутулган экен, анын жыгачтан жасалган сөлөкөтүн арабага чынжыр менен таңып элге көрсөтөт.

Айтору, шарактаган шаан-шөкөт, топураган той, салтанатка тойбогон Рим калыптуу ыгына түшөт. Арийне, ал акыркы шаан-шөөкөт, той, салтанат экендигин эч ким элес албайт. Аны акылман жоокер Стилихон гана сезет. Рим империясы акырындап ирип баратканын ойлойт, аскерлери алсыз экенин билет. Тиякта Аларих али тирүү, алдуу-күчтүү, кайрадан калың кол курап, Римдин катыгын берүүгө даярданып туру. Анын алдында Рим аскерлери алсыз экендигин айттырбай билген Стилихон Аларих менен ашына-кошуналык мамиле түзүүгө умтулат. Бул убактылуу болсо да Рим империясын кулатпай сактап турмак. Ага кан ордонун буту бар, башы жок калдайларынын аңдап акылы жетмекпи, кемпай падыша Гонорийди Стилихонго каршы кайрап, бүлөй башташат. Стилихон Римдин айбатына, кайратына көлөкө түшүрүп, душман алдына чөгөлөткүсү келип атат. Бул кызылдай эле ышмян, дини бузук, каны бузук чыккынчы дешет. Кемпай падыша айрыкча каны бузук дегенге катуу ынанат. Анткени Флавий Стилихон бир кезде биз жогоруда кеп кылган варварлар тукумунан экен. Ошентип падышанын «батасы» менен Римди бир ажалдан алып калган вандал – Флавий Стилихондун башы алынат. Рим дуулдап, шуулдап майрамдай берет. Көрөр күн, ичер суусу түгөнүп баратканын эч ким көңүлгө албайт.

Флавий Стилихондун өлүмү ач арстандай жутунган Аларихка эмне өтөлгө берди? Аны эмикиде кеп кылабыз.

*Даярдаган* **Алым ТОКТОМУШЕВ**

## Адабият жаңылыктары

### Аксы, Кочкор алдыда... Ош дагы эле артта

Убакыт учуп, токтобой журналыбызга 2-жарым жылдык үчүн жазылуу да жыйынтыкталды. Окурман журттугун адаттагыдай эле Аксы, Кочкор эли дагы көрсөтүп, мол жазылышыптыр. Албетте, аларды сүрөп, журналыбызды жарнамалап, жазылууну уюштурушкан аймактык өкүлдөрүбүз Абдымомун Калбаев менен Өзүбек Абдыкалыков болду. Таласта Жаныбек Рай, Көлдө Абдыжапар Эгембердиев, Чүйдө Өмүрбек Караев сындуу таланттуу калемгер-өкүлдөрүбүз да жазылууга жакшы дем беришти. Албетте, ошол аймактардын почта түйүндөрүнүн жетекчи-адистери да бирге көмөк көрсөтүшкөнү белгилүү. Аталгандардын бардыгына терең ыраазычылыгыбызды айтабыз.

Өкүндүргөнү, ордолуу Ош шаары да, областы да болду. Республика калкынын жарымына жакын эли бар бул аймак... алакандай Нарындан, азганакай Казармандан кем жазылыптыр. Чүй, Баткенде да аз. Аларга кыргыз тилинин, адабиятынын, тарыхынын... кереги жокпу? Абадай эле керек. Тек, жазылууну уюштуруу иштери жок, жергиликтүү бийлиги да, калемгерлери да кайдыгерлик кылып коюшканы айдан ачык. Болбосо, элге кабар жетип, журналыбызды угуп-билсе колдон колго алып эле окушмак. Ош, Талас областтык, шаардык бийлик башчыларына атайын кат менен да кайрылдык элек. Кыргыз тили, маданияты жок болуп баратат деп кокуйлагандар көп, аларга чындап күйүнүп, көтөрүү, жайылтуу иштери жок...

Эске сала кетүүчү жагдай: журналыбызга жазылуу ай сайын улантыла берет, бардык почта түйүндөрү кабыл алууга милдеттүү. Ар айдын 15-числосуна чейин жазылгандар кийинки айдан тартып журналыбызды үйүнөн алып, окуй беришет. Улам 2–3 айга жазылып, жеңил жазылып алуу ыкмасы кеңири жайылып жаткандыгын да эскерте кетмекчибиз.

## Акындардан Манап барды

Түркияда 21–30-июнда өткөн тарыхый Жибек жолу өткөн мамлекеттердин акындарынын эл аралык жолугушуусуна Кыргызстандан акын Манап Алиев катышып келди. Бул иш-чара түрк мамлекеттеринин маданиятын колдоо боюнча Эл аралык ТҮРКСОЙ уюмунун уюшулгандыгынын 20 жылдыгына арналып, Анкара, Стамбул, Саланжи, Караман, Эскишехир ж.б. шаарларында өттү. Ага Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан, Түркия, Россия курамындагы (Башкортостан, Татарстан жана Кабардин-Балкар), Молдова, Украина, Балкан аймагынын акындары катышып, ырларын окуп, тарыхый-маданий жерлерди кыдырышты.

## «Манас» фальсификаторлоруна сокку

Кийинки кездери «Манас» эпосубуздун айланасында дагы да кызуу талаштын оту чыкканы белгилүү. Ошол маселеге тике байланыштуу «Улуу «Манас» жана анын фальсификаторлору» аттуу көлөмдүү жыйнак жарык көрдү. Аны журтчулугубузга жакшы таанымал адабиятчылар Садык Алахан менен Курманбек Абакиров түзүп, эл ичинде «жайсаңчылар» аталган фальсификаторлорго каршы белгилүү манас-иликтөөчүлөрдүн, жазуучулардын, журналисттердин, мамлекеттик жана коомдук ишмерлердин макалалары топтолгон.

Көлөмдүү китеп «Турар» басмасында басылган.

## Россия борборундагы жолугушуу

Кыргызстандагы Россиянын илим жана маданият борборунда чыгармачыл уюмдардын калемгерлер менен кезектеги жолугушуусу болуп өттү. Ага Баатыр акыныбыз Сооронбай Жусуев «Раззаковдун тагдыры» китебинин бетачары менен катышты. «Ковчег», мурдагы «Мозаика» адабий клубдарынын жаш акындары, жазуучулары чыгармаларынан үзүндүлөрдү окуп, китептеринин бетачарларын өткөзүштү.

## Жаңы китептер

Эшполот Өсөров «Төөлөс энциклопедиясы» аттуу китебин чыгарды. Аты эле айтып тургандай, китепте төөлөс уруусунун тарыхы, белгилүү инсандары тууралуу кеп козголот.

«Калыгул күмбөз мазары» аттуу китепти Марат Исаков басмага даярдаган. Анда айтылуу даанышман, олуя аке тууралуу тарыхый маалыматтар, кызыктуу макалалар топтолгон.